ДЖОН БИВЕР

# ШАЙТАНДЫН ТУЗАГЫ

Кечирбестиктин өлтүрө
турган тузагынан
боштондуктагы жашоо

ДЖОН БИВЕР

# ШАЙТАНДЫН ТУЗАГЫ

The Bait of Satan by John Bevere, Kyrgyz
© 2020 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as The Bait of Satan
Additional resources in Kyrgyz by John Bevere are available
for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

«Шайтандын тузагы» Джон Бивер, кыргыз тилинде
© 2020 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Биринчи жолу англис тилинде «The Bait of Satan» деген ат менен чыккан
Джон Бивердин кыргыз тилиндеги кошумча каражаттарын бул сайттан бекер жүктөп алууга болот: www.CloudLibrary.org
Автордун байланыша турган электрондук дареги: JohnBevere@ymail.com

## Менин терең ыраазычылыгым...

Теңирден кийинки эле менин экинчи досум болгон аялым Лизага. Сен чынында эле, кең пейил аялсың. Экөөбүздү күйөө жана аял кылып кошуп койгондугу үчүн мен Теңирге кылымдарга ыраазымын. Бул китепти редакциялоодо сен өзүңдү аябастан жардам бергениң үчүн, ырахмат сага.

Менин үч уулума – Эдисонго, Остинге жана Александрга, ушул долбоор ишке ашуусу үчүн өз атасы менен баарлашууга убактыларын сарптагандыктары үчүн ыраазычылыгымды билдирем! Силер менин жүрөгүмдүн кубанычы болгон балдарсыңар!

Менин мына-мына төрөлгөнү жаткан уулума же кызыма ыраазычылыгымды билдирем. Сен төрөлгөнгө чейин эле биздин үй-бүлөнүн сүйүктүү мүчөсү болуп калдың, биз сени көрө турган убакытты чыдамсыздык менен күтүп жатабыз.

Өзгөчө ыраазычылыгым Джон Мейсонго, ушул катка ишенгендиги жана мени ушул эмгекти жазып жана басып чыгарууга шыктандыргандыгы үчүн; Дебора Поулалионго, анын таланты жана редакциялоодо колдоо көрсөткөндүгү үчүн жана бүт эле «Creation House» басмасынын кызматкерлерине жана ушул долбоордо иштегендердин баарына ыраазычылыгымды билдирем.

Бирок, эң негизгиси, ушул долбоордун үстүндө иштөө убагында ишенимдүү жетектегендиги үчүн биздин Асмандагы Атабызга Анын айтылбаган белеги үчүн, биздин Теңирибиз Ыйсага Анын ырайымы, чындыгы жана сүйүүсү үчүн жана Ыйык Рухка Анын ишенимдүү түрдө жетектегендиги үчүн, чын жүрөгүмдөн ыраазычылыгымды билдирем.

# МАЗМУНУ


*АЛГЫ СӨЗ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5*

*КИРИШҮҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9*

1. МЕН ТААРЫНДЫМБЫ? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 15
2. МАССАЛЫК ТААРЫНЫЧ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
3. КАНТИП УШУЛ МЕНИ МЕНЕН БОЛУП ӨТҮШҮ МҮМКҮН? . . . . 39
4. АТАМ МЕНИН, АТАМ МЕНИН! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 53
5. РУХИЙ ТЕНТИМИШТЕР КАНТИП ПАЙДА БОЛОТ? . . . . . . . . . . 69
6. ЧЫНДЫКТАН ЖАШЫРЫНУУ МЕНЕН . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 85
7. ИШЕНИМДҮҮ НЕГИЗ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 99
8. ЭМНЕ СОЛКУЛДАШ КЕРЕК БОЛСО, СОЛКУЛДАЙТ . . . . . . . . 115
9. АЗГЫРЫК ТАШЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 135
10. БИЗ АЛАРДЫ АЗГЫРЫП АЛБАЙЛЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 155
11. КЕЧИРИМ: БЕРБЕЙСИҢЕР – АЛБАЙСЫҢАР! . . . . . . . . . . . . . 167
12. ӨЧ АЛУУ – БУЛ ТУЗАК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183
13. КАПКАНДАН КАНТИП КАЧУУ КЕРЕК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
14. БИЗДИН МАКСАТ - ЭЛДЕШҮҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 209

*ЭПИЛОГ. ПРАКТИКАЛЫК КАДАМДАР. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 221*

# АЛГЫ СӨЗ

Кудай Ал тарабынан чакырылган муундарды көтөрөт, көлүп бараткан жана жоголуп бараткан дүйнөгө Жакшы Кабар таратууга даяр турган муунду көтөрөт. Джон Бивер ушул муунга тиешелүү.

1983-жылы мен Джон менен жыйындагы кызматташым катары тааныштым. Ал жакка мени насаат айтуу үчүн чакырышкан. Бир нече жыл өткөндөн кийин Теңиранын Орландого ал биздин жыйындын штаттуу жумушчусу болуп калсын деп, менин жыйыныма алып келди. Ал Теңирдин артынан жекече ээрчүүсүндө дагы, Жакшы Кабар таратуучу кызматчы катары дагы жетилген адам болуп, кантип өсүп жатканын мен көргөм. Анда Жакшы Кабарды насааттоодо кыймылдаткыч күч болуп эсептелген чындыкка карата кызганыч жана адамдарга карата сүйүү жанып турган. Анын компромисске барбаган, Кудайдын

Сөзүн адамдар үчүн түшүнүктүү кылып насааттаган сөздөрү күнөөкөрлөрдү тобо кылууга жана ыйык жашоого чакырат.

"Шайтандын тузагы" деген китепте Джон ар бир ишенген адам үчүн потенциалдуу тузак болуп эсептелген маанилүү теманы – азгырыктар менен таарынычтарды кеп кылат. Ишенген адамдын жашоосуна азгырыктар жана таарынычтар аркылуу келе турган сыноолор менен кыйынчылыктар тап-такыр эки башка из калтырышы мүмкүн. Анын келип чыгышы бүтүндөй алып караганда, адам ага кандай таасирленет, ошого жараша болот. Эгерде ызакор жана таарынчаак боло турган болсоңор, анда Кудайдын балдары катары силердин рухий өсүүңөр жолдо жолуккан тоскоолдуктардын айынан токтоп калат. Силер өзүңөрдү аяп жана өзүңөрдү кадырлуу конок кылып, "майрам" уюштура баштайсыңар! Оюңарда силерге кандай гана адилетсиз мамиле кылышкандыгы тууралуу ойлоно берүүнүн айынан, силер өзүңөргө өзүңөр байланып каласыңар да, Теңирден назарыңарды буруп кетесиңер. Чынын айтканда, бул кандай гана чебер тузак!

Бирок, эгерде силер таарынычты азыктандырбай турган болсоңор жана анын тамырлап кетишине жол бербей турган болсоңор, бардык кырдаалды Анын колуна өткөрүп бере турган болсоңор, анда, силер Теңирдин артынан кетүүңөрдө бекемделесиңер. Жакып минтип жазат: "Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла. Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек" (Жакып 1:2-4).

Азгырыктар жана таарынычтар албетте келет. Ыйса Өзүнүн шакирттерине бул дүйнөдө азгырыктар жана таарынычтарга жолукпай жашоого мүмкүн эместигин эскерткен. Бул жерде силерге таарыныч жана азгырыктар келеби же жокпу, кеп анда эмес, бул жерде кептин баары мына мында: качан азгырык жана таарыныч келгенде мен ага кандай таасирленем?

Эгерде силер азыр кайчы жолдо турган болсоңор, бул китеп силердин алдыңарга шайтан тузак жайдыбы же жокпу ошону аныктаганга жардам берет. Шайтандын көрүнбөгөн каршылыктарын аңдап-билип жана жеңип чыгууга үйрөнгүлө. Бивердин бул китеби мен азгырык жана таарыныч менен эмне кылышым керек деген суроого библиялык жактан кароого шарт түзөт. Эсиңерде болсун, жеке өзүңөрдүн таанып-билген чындыгыңар силерди эркиндикке чыгарат! Материалдык дүйнөнүн чегинен ары карап көргүлө жана силердин чыныгы душманыңарды – шайтанды таанып-билгиле.

Бенни Хинн, кайтаруучу жана Жакшы Кабар таркатуучу.

Флорида штаты, Орландодогу машайакчылык борбор.

Апрель, 1994-жыл.

# КИРИШҮҮ

Ар бир эле адам качандыр-бир кезде жаныбарларга тузак койгон болсо, ал капкандын ийгиликтүү иштеши үчүн эки шарт талап кылынарын билет: биринчиден – капкан (тузак) жаныбар байкабай кала тургандай жашырылып жайгаштырылуу керек жана экинчиден, анда жаныбарды капкандын өлтүрө турган оозуна алып баруучу азгырык болушу керек.

Биздин жаныбыздын душманы болгон шайтан өзүнүн эң бир кызыктырган жана өлтүрө турган капканын коюуда ушул эки кайырмакты тең колдонот. Анын капканы жашырылган, билинбей турган болуп турат, бирок, азгырык көрүнүп турат.

Көптөгөн адамдар ойлогондой, шайтан жана анын түмөндөгөн жиндери анчалык эле макоо эмес. Алар митайым,

арамза жана азгырып-алдоодо абдан чебер. Шайтан акырын гана аракеттенет, ал чыгармачыл жана ойлоп чыгаргыч. Ал жарыктын периштеси катары беткап кийип алышы мүмкүн экендигин унутпагыла. Эгерде биз Кудайдын Сөзү боюнча жакшылыкты жамандыктан ажыратып караганга үйрөнбөгөн болсок, анда биз анын тузактарын байкай албайбыз.

Анан ар бир машайакчынын бет келише турган өзгөчө бир кызыктырган азгырыгы – бул таарыныч. Чынында, таарыныч капканда кала бере турган болсо, өзүнөн өзү өлтүрүп жибере турган деле нерсе эмес. Бирок, биз аны көтөрүп ала турган болсок, аны жута турган болсок жана аны жүрөгүбүзгө сиңире турган болсок, анда таарынган адам болобуз. Таарынган адамдарда буга окшогон көптөгөн түшүмдөр болот: оору, каардануу, ачуулануу, кызганыч, ажаандануу, жаңжал, ачуу-ыза, жек көрүү жана ич күйдүлүк. Таарынычты кармап, жармашып алган адамдар мындай нерселерди жыйнап алышат: кордоо, кол салуу, жарааттар, бөлүнүп-жарылуу, мамилелердин бузулушу, чыккынчылык жана баш тартып кетүү.

Көбүнчө эле таарынган адамдар өзүлөрүнүн тузакка түшүп калышканын байкабай деле калышат. Алар өзүлөрүнө өтө жаман мамиле кылышты деген ойго байланып калгандыктан, өзүлөрүнүн укмуш коркунучтуу абалда экендиктерин байкашпайт. Алар чындыктын бетине тике карагандан баш тартышат. Биздин көзүбүздүн сокур болуп калышы үчүн душмандын колдонгон эң бир натыйжалуу ыкмасы – бул адамды өзүнүн көңүлүнүн баарын өзүнө бурдурууга мажбурлоо.

Колуңарда кармап турган китеп ошол өлүмгө жеткире турган капканды талкалап жана анын калдыктарынан кантип бошонуп жана кантип эркин болууну көргөзөт. Ар бир машайакчы үчүн таарынычтан бошонуу абдан зарыл нерсе. Анткени, Ыйса бул дүйнөдө азгырыкка жана таарынычка кездешпей жашоо мүмкүн да эместигин эскерткен (Лука 17:1ди карагыла).

Мен ушул окутууну насааттаган Кошмо Штаттардагы жана башка өлкөлөрдөгү угармандардын жарымынан көбү тобо

кылууга болгон чакырыгыма үн кошушту. Үн кошкондор көп пайызды түзүшкөндүгү менен баары бир, бардыгы эмес. Бул чакырыкка туура таасирленүүгө көптөгөн адамдарга эле текебердик тоскоолдук кылат. Качан бул капкандан бошонушканда, адамдар өз сыйынууларына жооп алышып жана Ыйык Рухка толушуп, бошонушуп, айыгышкандыгын көргөм. Адатта боштондукка чыгышкандан кийин жылдар бою издеп жүргөн нерселерин бир көз ирмемде гана алышкандыктары тууралуу айтып калып жүрүшөт.

Жыйырманчы жүз жылдыктын аягында жыйындарда Кудай тууралуу илим абдан көбөйүп кетти. Бирок, буга карабастан, ишенгендердин арасында, лидерлердин жана коомдун мүчөлөрүнүн арасында мурдагыга караганда да көбүрөөк бөлүнүп-жарылуулар болуп жаткандай.

Себеби мына бул: чыныгы сүйүүнүн жоктугунан улам, таарыныч машайакчылык коомчулукка да тамырын терең жайып кирип кеткен.

«...Билим адамды текебер кылат, ал эми сүйүү адамдын акылына акыл кошот» (1 Корунттуктарга 8:1). Көптөгөн ишенгендер тузактын кызыктырган азгырыгын билишкен жана бул көрүнүш адаттагы эле жашоо образы деп эсептешет.

Бирок, Машайактын келер алдында чыныгы ишенгендер мурда болуп көрбөгөндөй, биримдиктүү болушат. Биздин заманыбыздагы сансыз адамдар таарынычтын капканынан бошонушарына ишенем. Бул бардык өлкөнү кучагына алган, ойгонуудагы негизги звенолордун бири болуп калат. Ишенбегендер мурда сүйүүнүн жоктугунан улам бизден аны көрө албай жүрүшкөн болсо, эми биздин бири-бирибизге болгон сүйүүбүздөн Ыйсаны таанып калышат.

Эптеп эле бирдеме деп жазыш үчүн китеп жазбаш керек деп эсептейм. Муну менин жүрөгүмө Кудай салган жана анын жетилген түшүм болгонун мен көрүп турамын. Мен насаат айткан бир чогулуштан кийин бир кайтаруучу мага минтип

айткан: “Бир эле жолку чогулушта ушунчалык көп адам боштондук алганын мен көрө элек болчумун”.

Кудай менин жүрөгүмө тийди жана бул башталышы гана деп айтты. Бул китепти окугандан кийин жана Ыйык Рух аларга айткан нерсени угушкандан кийин көптөгөн адамдар бошонушат, айыгышат жана калыбына келишет. Мен ишенем, окуп жаткан убагыңарда Устат жана Сооротуучу силердин жеке өзүңөргө кайрылат жана ошондо Рух аркылуу алган сөзүңөр силердин жашооңор менен кызматыңарга эбегейсиз эркиндикти алып келет.

Келгиле, китепти окуурдан мурда чогуу сыйынып алалы:

> Ата, мен Сенден Ыйсанын атынан суранам, качан мен ушул китепти окуп жатканымда, Сенин Рухуң менен Өзүңдүн сөзүңдү ачып берчи? Сага дагы да түшүмдүүрөөк кызмат кылышыма жана Сени таанышыма мага тоскоол кылып жаткан нерселердин баарын жүрөгүмдүн булуң-бурчтарын ачып, мага көргөзчү. Сага жаккан нерсени аткарышым үчүн, Сенин Рухуңдун ашкерелөөсүн жана Сенин ырайымыңды кабыл алам. Ылайым, ушул китепти окуп жатканда мен Сенин үнүңдү угайын жана Сени дагы да көбүрөөк билип калайын.

Биздин таарынычка карата
жооп берген
сыйынуубуз келечегибизди
аныктайт.

# 1

# МЕН ТААРЫНДЫМБЫ?

***Азгырык келбей койбойт.***

**– Лука 17:1**

Америка Кошмо Штаттарында саякаттап кызмат кылып жүрүп, мен душмандын абдан өлтүрө турган жана азгырган капкандарынын бирин көрдүм. Ал сансыз машайакчыларды кулчулукта кармап, алардын өз ара мамилелерин үзүп жана тосмолор менен түпкүрлөрдү кеңейтет. Бул капкан - таарыныч болуп эсептелет.

Таарыныччтын жана кордоонун айынан, көптөгөн ишенгендер өзүнүн жаралгандагы максатын ойдогудай ишке ашыра алышпай калат. Анан ушул нерсе аларга жашоодо өз потенциалдарын толук колдонууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Көпчүлүк учурларда бул ооруларды ишенгендер алып келет. Мындай учурда таарыныч чыккынчылык катары баштан кечирилет. (Забур 54:13-15) Дөөт мындай деп кейийт:

> “Анткени мени шылдыңдап жаткан адам душманым эмес, аны мен көтөрмөкмүн. Мага менменсинип жаткан адам мени жек көргөн адам эмес, андан мен качып кутулмакмын: бирок ошол сенсиң, жандай көргөн досум, жакын адамым. Сен экөөбүз чын жүрөктөн сырдашчу элек, Кудайдын үйүнө бирге барчу элек” (Забур 54:13-15).

Бул адамдар менен биз чогуу отурабыз, даңктоо ырларын чогуу ырдайбыз, же болбосо, балким, ал жыйында насаат айткан адамдыр. Алар менен биз дем алыштарды бирге өткөрөбүз, ар кандай кызматтарды чогуу кылабыз жана бир жерде иштейбиз. Же балким, бул бизге бир топ жакыныраак адамдар болот чыгаар. Биз бирге өсүп, аларга сырларыбызды ачып, алар менен катарлаш жашап жатабыз. Мамилелер канчалык жакындаган сайын, таарынычтар да оорураак болот! Эң бир күчтүү жек көрүүлөрдү, мурда качандыр бир кезде бири-бири менен эң жакын мамиледе болгон адамдардан табууга болот.

Никени бузуу процессинде иш алып барган адвокаттар, силерге көптөгөн тири-укмуш жана ырайымсыз таржымалдарды айтып беришет. Америкадагы ММК дайыма үй-бүлө мүчөлөрүнүн биринин көңүлү чөгүп турган маалдагы өлтүрүүлөр тууралуу жазып турушат. Коргош үчүн, камсыздаш үчүн, кароо үчүн болгон үй, өсө турган, биз сүйүү берип, сүйүү ала турган жер кээде биздин жарааттарыбыздын тамыры болуп калып жатат. Тарых көргөзгөндөй, эң бир кандуу согуш - бул граждандык согуш. Бир тууган бир туУганга каршы. Уул атасына каршы. Атасы уулуна каршы.

Канчалык татаал же жөнөкөй болгондугуна карабай, мамилелердин санына жараша, таарынып калуу мүмкүнчүлүгү

да ошончолук чоң болуп эсептелет. Бул чындык өзгөрүүсүз кала берет: силерге жарааттарды силер үчүн маанисиз болбогон адамдар гана алып келет. Силер аларга көптү бергендигиңерге байланыштуу, алардан да көптү күтөсүңөр. Канчалык көп күтсөңөр, ошончолук көп көңүлүңөр калат.

Биздин коомдо өзүмчүлдүк гүлдөп жатат. Бүгүнкү күндө адамдар өзүн гана ойлошот, ошол эле учурда айланадагы адамдарды ойлошпойт, аларга жараат алып келишет. Библия өтө айкын айтылып тургандай, акыркы күндөрү "...адамдар өзүн өзү сүйүүчү..." болушат (2 Тиметей 3:2). Биз ушундай эле нерсени ишенбегендерден да күтөбүз, бирок, Пабыл муну таптакыр жыйында болбогондор тууралуу жазган эмес. Ал машайакчылар тууралуу айткан. Көптөгөн адамдарга жараат келтиришкен, оору, көңүл калууларга кириптер болушкан. Алар таарынып калышкан! Алар азгырылышкан! Бирок, алар тузакка түшүп калышкандыгын байкашпайт.

Мында ким күнөөлүү? Бизби? Ыйса ачык-айкын эле айтып атат: бул дүйнөдө азгырык менен таарынычка дуушар болбой коюу мүмкүн эмес. Ошентсе да, көптөгөн машайакчылар алардын башына ушундай нерселер келгенде үйрөйлөрү учуп, таң калышып, баш-аламан болгондой эле болуп калышат. Биз туура эмес мамилеге кабылган жалгыз гана бизбиз деп эсептейбиз. Ушундай таасирленүү бизди алсыз кылат да, ачуу тамырдын пайда болушуна шарт түзөт. Негизи, биз азгырык менен таарынычка дуушар болууга даяр болушубуз керек, анткени өз реакциябыз менен келечегибизди аныктап коёбуз.

## АЗГЫРЫКТУУ ТУЗАК

Лукадан Жакшы Кабар 17:1деги "азгырык" деген гректин сөзү скандалон деген сөз кыргыздын "азгырык" деген сөзүнө ылайык келет. Алгач башында бул сөз тузактын азгырыктуу, кызыктыруучу нерсени коюп койгон жагын түшүндүрчү. Ал эми, биз карап жаткан сөз кимдир бирөөнүн жолуна койгон

тузак дегенди түшүндүрөт. Жаңы Келишимде бул сөз көбүнчө душман кантип адамдарды өз тузагына илгендигин сүрөттөйт. Таарыныч (же азгырык) – бул душмандын куралы. Анын жардамы менен ал адамдарды жолдон тайдырат. Пабыл жаш Тиметейди үйрөтүп жатып мындай деген:

> Теңирдин кулуна урушуп-талашууга болбойт, тескерисинче, ал бардыгына кичи пейилдик менен мамиле кылуусу, үйрөтүүгө жөндөмдүү жана сабырдуу болуусу зарыл. Каршы чыккандарга момундук менен насаат айтышы керек. Чындыкты таанып билиши үчүн, Кудай аларды тобо кылдырар, алар өзүнүн эркине баш ийдирүү үчүн туткундап алган шайтандын торунан бошонушар (2 Тиметей 2:24-26).

Урушкан жана каршылашкан адамдар тузакка түшүп калышат да шайтандын туткунунда болуп, анын эркин аткара башташат. Баарынан да коркунучтуусу бул адамдар шайтандын туткунуна түшүп калышкандыгын баамдашпайт дагы! Адашкан уулга окшоп, алар өзүлөрүнө келип, ойгонуп, өзүлөрүнүн кандай абалда экендигин моюндарына алуулары керек. Адам азгырыкта жүргөн кезде ал өзү туура эмес абалда турса да, тескерисинче туурамын деп ойлой берет.

Кандай болгондугуна карабастан, бардык таарынган адамдарды эки категорияга бөлсө болот:

1. Ким менен адилетсиз мамиледе болушса, мына ошолор.
2. Ким өзүнө карата туура эмес мамиле кылышты деп эсептегендер.

Экинчи категорияга тиешелүү адамдар бүткүл жүрөгү менен аларга жаман мамиле кылды деп ишенип алгандар. Көбүнчө алар такталбаган маалыматтарга таянышып чечим чыгарышат. Бирок, маалымат так болсо дагы, алардын чечими туура эмес болуп калат. Кандай болгон күндө да алар таарынып калышкан жана алардын кырдаалды түшүнүүсү бузулган, туура

эмес абалда. Алар уккан сөздөрүнө, сырткы көрүнүшкө жана божомолдорго таянып соттошот.

## ЖҮРӨКТҮН ЧЫНЫГЫ АБАЛЫ

Душмандын адамды таарынган абалда кармап туруусуна жардам берген ыкмалардын бири, таарыныч текебердиктин артында жашырынып тургандыгында. Текебердик силердин чыныгы абалыңарды моюнга алууңарга жол бербейт.

Бир жолу бир нече кызматкерлер мага катуу жараат алып келишти. Анан кээ бир адамдар мындай деп айтышты: “Алар сени менен ушундай кылышканына ишене албай турам. Сага оор болуп атабы? Анан мен токтоосуз минтип жооп бердим: “Жок, менде баары жакшы. Мен эч кимге таарынган жокмун”. Мага таарынуу мүмкүн эместигин билчүмүн, ошондуктан, мен ар кандай таарынычтарды четке кагып жана тебеледим. Мен чынында эле таарынган болсом дагы, мен таарынган жокмун деп өзүмдү ишендирдим. Текебердик менин жүрөгүмдүн чыныгы абалын көрүүгө мага тоскоолдук кылып жатты.

Текеберчилик силерди чындыктан алыстатып салат да, чындыкка тике караганга мүмкүнчүлүк бербейт. Ал силердин көрө билүүңөрдү бузат. Эгерде силер баары өз ордунда деп ойлой берсеңер, силер эч качан өзгөрбөйсүңөр. Текебердик жүрөктөрдү катуулантып жана акылды тумандатып салат. Ал силерди шайтандын тузагынан бошото турган тобо кылуудан кармап, жүрөгүңөрдүн өзгөрүшүнө жол бербейт (2 Тим 2:24-26ны карагыла). Текебердик силерди өзүңөрдү курмандык катары караганга түртүп турат. Анан силердин мамилеңер: “Мени абдан жаман кылышты, мени баалай алышкан жок, ошондуктан ушундай кылууга менин толук акым бар” дегендей болуп калат.

Силер өзүңөрдү күнөөсүз деп эсептегендиктен, кечирүүгө жөндөмсүз болуп каласыңар. Силердин жүрөгүңөрдүн чыныгы абалы силерге жашыруун, бирок, Кудайдан жашыруун эмес.

Силерге акыйкатсыз мамиле кылып коюшту деп эле, таарынычты көтөрүп жүрө бергенге эч кандай акыңар жок. Туура эместик, туура эместикке көбөйгөндө, туура нерсени бербейт!

## ДАРЫЛОО

Аян Китебинде Ыйса Лаодикеялык жыйынга кайрылып, алар өзүлөрүн бай, эч кандай муктаждыгы жок катары эсептешкендигин айтат, андан кийин алардын чыныгы абалын ачып көргөзөт: "...Сен бактысызсың, байкушсуң, жардысың, сокурсуң жана жылаңачсың..." (Аян 3:14-20). Алар адашып жүргөндүктөн, каржылык жактан жетишкендикти рухий жетишкендик катары карашкан. Текебердик алардын чыныгы абалын жашырып койгон.

Көптөгөн адамдар бүгүн так эле ошондой абалда жүрүшөт. Мен тигил кызматчыларга катуу таарынган абалда кандай болсом, алар да өзүлөрүнүн чыныгы абалдарын билбей жүрүшөт. Мен алардан жараат алган жокмун деп өзүмдү ишендиргем. Ыйса лаодикеялыктарга азгырыктан алар кантип кутулушу керектигин ачып берген: Кудайдын алтынын сатып алып жана өзүлөрүнүн чыныгы абалын көрүштөрү керек.

## КУДАЙДЫН АЛТЫНЫН САТЫП АЛУУ

Азгырыктан кантип кутулуу керектиги тууралуу Ыйсанын биринчи насааты төмөндөгүдөй болгон: "'... Мен сага мындай кеңеш берем: Менден отко тазаланган алтын сатып алгын..." (Аян 3:18).

Тазаланган алтын жумшак жана ийилчээк болот, анда дат басуу, башка заттардын кошулмасынан улам бузулуу жана ар кандай аралашмалар жок. Качан алтын башка металлдар (жез, никел темир) менен аралашып кеткенде ал катуу болуп, ийилбей жана заттардын кошулмасынан улам бузулууга ыңгайлуу болуп калат. Металлдардын ушундай аралашмасын кошулмалар деп

атайт. Башка металлдар канчалык көп болсо, алтын ошончолук катуу болот. Ал эми, башка аралашмалар канчалык аз болсо, алтын ошончолук жумшак жана ийилчээк болот.

Биз дароо эле параллелди көрө алабыз: таза жүрөк таза алтынга окшош – ал жумшак, назик жана ийкемдүү. Эврейлерге жазылган Катта (3:13) эгерде күнөөлөргө азгырыла турган болсо, адамдардын жүрөгү катууланып кетери тууралуу айтылат! Эгерде биз таарынычты жакшылап карап көрбөсөк, анда ал дагы да көбүрөөк ачуу-ыза, каар, каршылык деген сыяктуу күнөөнүн жемиштерин берет. Мына ушул жат кошулмалар биздин жүрөгүбүздү катуулантат да анан так эле ушул алтын сыяктуу катуу кылып коёт. Алар бизди назиктиктен, жумшактыктан ажыратып, сезимсиз кылып коёт. Биздин Кудайдын үнүн угуу жөндөмдүүлүгүбүздү жана баарын так көрүү жөндөмдүүлүгүбүздү начарлатат. Бул болсо, азгырык үчүн эң сонун шарт түзүп берет.

Алтынды тазалоонун биринчи кадамы аны порошок менен аралаштыруу жана флюс деп аталган зат менен аралаштырат.

Анан ошол аралашманы мешке салып жана жогорку температурада эритет. Аралашма, кошулмалардын баарысы флюска жармашат дагы, жогору калкып чыгат. Алтын аларга караганда оорураак болгондуктан, астында калып калат. Аралашмалар жана артыкча туздар (жез, темир, цинк, флюс менен аралашкандар) алынып салынат дагы, анан силерде чыныгы металл калат.

Эми Кудай эмне дегендигине карап көрөлү:

> “Мына, Мен сени эриттим, бирок күмүштү эриткендей эмес, сени кыйынчылыктардын отуна (б.а. мешке) салып сынадым” (Ышайа 48:10).

Анан кайрадан:

> “Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен кубангыла. Анткени сыналган ишенимиңер от менен

> тазаланса да, жок болуп кетчү алтындан баалуу. Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат” (1 Петр 1:6, 7)

Кудай адамды азаптар, сыноолор жана кайгылар, от менен тазалап, аларды Кудайдын мүнөзүнөн алыстаткан аралашмалардан – кечирбестиктен, жаңжалдан, ачуу-ызадан, каардан, ич күйдүлүктөн жана башка нерселерден арылтат.

Күнөө куйкалаган ысык, сыноо жана азап болбогон жерде оной эле жашынып алат. Ийгиликтүү болуп турган маалда ал тургай, ачуулуу, мыйзамсыз адам дагы кең пейил, жоомарт көрүнүп калат. Анткен менен, катуу азаптар мезгилинде бардык ыпластыктар менен аралашмалар үстүнө калкып чыгат.

Менин жашоомдо мурда эч качан болуп көрбөгөндөй, ушундай бир катуу азаптар болгон кездер болгон. Мен өз жакындарыма орой жана кескин түрдө мамиле кылып калгам. Менин үй-бүлөм жана досторум менден качып калышкан.

Мен Теңирге жалбарып: “Мендеги мындай каардануулар кайдан келген? Бул мурда эч качан болгон эмес эле го!”- дедим.

Анан Теңир мага мындай деп жооп берди: “Уулум Менин, качан алтын отто эриген учурда гана ыпластыктар менен аралашмалар үстүнө калкып чыгат”.

Андан кийин Ал мага жашоомду өзгөрткөн суроону берди: “Сен алтын отто ээригенге чейин алтындагы аралашмаларды көрө аласыңбы?”

“Жок” – деп жооп бердим мен.

“Бул алар ал жакта жок дегенди түшүндүрбөйт да, - деди Ал. – Жөн гана сен качан сыноолордун отунда калганыңда, ал аралашмалар үстүнө калкып чыкты. Алар сенден жашыруун болчу, бирок, Мага дайыма эле көрүнүп турган. Ошондуктан, азыр сенин алдыңда тандоо турат, сенин келечегиң ал тандооңдон көз каранды. Сен каардануунү улантып, аялыңды, досторуңду, кайтаруучуңду жана чогуу иштеген адамдарды

күнөөлөөнү уланта берсең болот же болбосо, ошол күнөөнүн кошулмалары эмнелер болуп жаткандыгын мойнуңа алып, тобо кылып, кечиримди кабыл ала турган болсоң, анда Мен ошол эритип жаткан Өзүмдүн идишимди колума алып, сенин жашооңдон ошол кошулмаларды алып салам".

Азгырыктан бошонуунун дагы бир ачкычы - баарын чыныгы жарыкта көрө билүүгө болгон жөндөмдүүлүктүн болушу, өзүңөрдүн чыныгы абалыңарга карап көргүлө деп айткан Ыйса. Көбүнчө таарынган кезде биз өзүбүздү курмандык катары көрөбүз да, бизди таарынткан адамдарды айыптай баштайбыз. Биз өзүбүздүн ачуу-ыза, кечирбестик, каар, ич күйдүлүк жана жаалдануулрыбыз калкып сыртка чыкканда, өзүбүздү актай баштайбыз. Кээде бизди таарынткандарды эсибизге салган адамдарга да ачууланабыз. Ушул себептен улам, Ыйса минтип айткан: "...көзүң көрүш үчүн, Менден көздүн майын сатып алып, көзүңө сыйпа" (Аян 3:18). Эмнени көрүш керек? Өзүбүздүн чыныгы абалды! Ыйса буюргандай, ушундай кылуу менен гана биз "кызгаанчаак болуп жана тобо кылабыз", бул жалгыз гана жол. Силер башкаларды күнөөлөөнү токтоткондо гана тобо кыла аласыңар.

Качан биз кимдир бирөөнү айыптап, өз позициябызды актаган учурубузда, сокурдайбыз. Биз өзүбүздүн көзүбүздө бүтүндөй бир чоң дөңгөч турганда, бир тууганыбыздын көзүндөгү чөптү алууга аракеттене беребиз,. Чындык жөнүндөгү ачылыш гана бизге боштондук берет. Кудайдын Руху бизге күнөөлөрүбүздү көргөзгөн кезде, Ал дайыма биздин күнөө менен өзүбүздү ажырата көрө ала тургандай кылат. Бул айыптоо эмес эле, ашкерелөөнү алып келет.

Ылайым силер ушул китепти окуп жатканда Кудайдын Сөзү силердин акылыңардын көзүн ачып, өзүңөрдүн чыныгы абалыңарды көрүп жана ар кандай таарынычтардан бошонгула деп сыйынам. Силердин туура көрүүңөргө жана тобо кылууңарга текебердиктин жолтоо болушуна жол бербегиле.

Таарынган машайакчы – бул өзүнө өмүрдү кабыл алып, бирок, коркунучтун айынан аны бөлүшүүгө жөндөмсүз болгон адам.

# 2

# МАССАЛЫК ТААРЫНЫЧ

***Ошондо көптөр азгырылышат, бири-бирине чыккынчылык кылышат, бири-бирин жек көрүшөт. Көптөгөн жалган пайгамбарлар чыгып, көптөрдү адаштырат. Тартипсиздиктин көбөйүү себебинен көбүндө сүйүүнүн ысыгы кайтат. Акырына чейин чыдаган адам куткарылат.***

**– Матай 24:10-13**

Матайдан Жакшы Кабардын ушул бөлүмүндө Ыйса замандын акырындагы белгилер тууралуу айтат. Шакирттер Андан: “Сенин келишиңдин белгилери кандай болот?” деп сурашкан.

Көпчүлүгү Ыйса кайра келе турган мезгилде жашап жатабыз

деген менен макулдашышат. Анын кайрылып келишинин так датасын аныктоонун деле кереги жок. Муну Ата гана билет. Бирок, Ыйса Ал кайсы мезгилде келерин биз билерибиз жөнүндө айткан, анан ошол мезгил келип да калды! Биз мурда эч качан Ысрайылда жана бүткүл дүйнөдө библиялык пайгамбарчылыктардын мынчалык көп аткарылышын көргөн да эмеспиз. Ошондуктан, биз Ыйса Матайдан Жакшы Кабарда 24-бөлүмдө сүрөттөгөн мезгилде жашап жатабыз деп ишенимдүүлүк менен эле айтсак болот.

Ыйсанын келиши тууралуу айтылган пайгамбарчылыктардын бирөөсүнө көңүл буралы: «Көпчүлүгү азгырылышат (б. а. таарынышат) …».

Бир нече адамдар эмес, бир топ адамдар эмес, көптөгөн адамдар.

Биринчиден, биз бул суроолорду беришибиз керек: “Бул азгырылгандар жана таарынгандар кимдер?” Алар машайакчыларбы же бүтүндөй коомбу? Биз жоопту бул жактан табабыз. “...мыйзамсыздыктардын көбөйүшүнүн айынан көпчүлүгүндө сүйүү муздап калган”. Бул аяттагы “сүйүү” деген сөз гректердеги *“агапе”* деген сөздөн которулган. Биздин Жаңы Келишимде “сүйүү” деп которулган гректин бир нече сөздөрү бар, бирок, алардын ичинен экөөсү көбүрөөк таралган – алар агапе жана филео деген сөздөр.

Филео - достор арасындагы сүйүү. Мындай сүйүү белгилүү бир шартта аракеттене турган достук байланыштар болуп эсептелет. Филео мындай дейт: “Мен сенин артыңды тырмап берем, сен меникин” же “Мени менен аяр мамиледе бол, ошондо мен да сени менен так ошондой мамиледе болом” деп айтат.

Башка жагынан алып караганда, агапе – бул Кудай Өзүнүн балдарынын жүрөгүнө төккөн сүйүү. Бул бизге Ыйса кайтарымсыз берген сүйүү. Бул шартсыз берген сүйүү. Ал иштерге же өз ара мамилелерге карабайт. Бул ал тургай, аны четке кагып жатканда деле дайыма “берип турган” сүйүү.

Кудайсыз биз өзүмчүлдүк сүйүү менен гана сүйө алабыз.

Мындай сүйүү өзүнө жараша мамилени таппаганда же сүйүү албаганда аракетин токтотуп коёт. Анткен менен, агапе эч нерсеге карабастан сүйөт. Агапе сүйүүсү - Ыйса айкаш жыгачта өлүп баратып да, баарын кечирип турган, сүйүү. Ошентип, Ыйса айтып жаткан бул “көпчүлүк”, агапени муздаткан машайакчылар болуп эсептелет.

Менин жашоомдо бир адамга өз сүйүүмдү көрсөтүү үчүн мүмкүн болгон нерсенин баарын кылган учурларым болгон. Бирок, ар дайым мен ага сүйүүмдү сунган сайын, ал адам менин дарегиме сын жана орой мамиле кылуу менен жооп берген. Мындай нерселер айлап-айлап уланып жүрдү. Анан бир күнү менин чыдамым түгөнүп кетти. Мен Кудайга арыздана баштадым: “Жетишет, менден. Эми бул тууралуу Сени менен сүйлөшүүгө туура келет. Ар дайым мен бул адамга Сенин сүйүүңдү көрсөтөйүн десем эле, андан одоно жоопторду угам!”

Теңир мага минтип айтты: “Джон, сен Кудайдын сүйүүсү тууралуу ишениминди өстүрүшүң керек!”

“Сен эмнени айткың келип жатат?” – дедим мен.

> “Себеби өзүнүн күнөөкөр табиятына сепкен адам күнөөкөр табиятынан чирий турган нерсени алат, - деп түшүндүрдү Ал, - ал эми Рухка сепкен адам Рухтан түбөлүк өмүрдү алат. Жакшылык кылып жатып кейибейли, анткени алсырап калбасак, өз учурунда жыйнап алабыз” (Галаттыктарга 6:8, 9).

Силер бир нерсени билип алышыңар керек: качан силер Кудайдын сүйүүсүн сепкениңерде, Кудайдын сүйүүсүн жыйнап аласыңар. Силер балким, түшүмдү сепкен талааңардан жыйнабай каласыңар да, же болбосо, силер каалаган мезгилиңерде жыйнап ала албай калсаңар да, өзүнүн ишенимин өстүрүү, бул рухий мыйзам.

Теңир улантып айтып жатты: “Мен ушунчалык улуу муктаждыкта болуп турган кезимде, Мени эң жакын досторум калтырып кетишкен. Жүйүт мага чыккынчылык кылды,

Петр Менден баш тартты, ал эми калгандарынын баары өз жандарын ойлоп качып кетишти. Бир гана Жакан алыстан карап турду. Мен алар жөнүндө үч жыл бою кам көрүп, азыктандырып жана аларды үйрөттүм. Антсе дагы, дүйнөнүн күнөөсү үчүн өлүп бара жатып да, Мен баарын кечирдим. Мен алардын баарын – Менин досторумдан баштап Мени айкашка кадаган римдик жоокерлерге чейин бошоттум. Алар Менден кечирим сурашкан жок, бирок, мен аларга кечирим бердим. Менде Атанын ишеними жана сүйүүсү бар эле. Мен сүйүү сээп жана Падышачылыкта көптөгөн уул-кыздардан сүйүү жыйнап алаарымды билгем. Сүйүүнү күбөлөндүргөн Менин курмандыгым боюнча, алар Мени сүйүшөт.

> Мен минтип айттым: "...душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле. Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла. Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла. Ошондо силер асмандагы Атаңардын уулдары болосуңар. Анткени Ал Өз күнүн жаманга да, жакшыга да тийгизип, жамгырын адилеттүүгө да, адилетсизге да жаадырат. Силерди жакшы көргөндөрдү гана жакшы көрсөңөр, силерге кайдагы сыйлык? Салык жыйноочулар деле ошентишет эмеспи. Эгерде бир туугандарыңар менен гана саламдашсаңар, анда эмне өзгөчөлүгүңөр бар? Бутпарастар деле ошентишет эмеспи" (Матай 5:44-47).

## УЛУУ КҮТҮҮ

Мен көрсөткөн сүйүү Рухка себилип, акырында мен ал сүйүү үрөндөрүнүн түшүмүн жыйнап алам. Кайдан келерин билбесем да, бирок, сөзсүз түрдө түшүм келерин билчүмүн. Мен эми өзүм сүйгөн адамдан өзүмө жараша жооп ала албай калсам, аны жолу болбостук деп эсептебей калдым. Бул мени ошол адамга дагы да көбүрөөк сүйүү берүүгө жөндөмдүү кылып, бошотту.

Эгерде көптөгөн машайакчылар ушуну моюнга ала турган болушса, алар багынып жана азгырылышмак эмес. Адатта биз мындай сүйүү көргөзө албайбыз. Биз күткөн нерсебиз ишке ашпай калган учурда оңой эле көңүл калып кала турган өзүмчүлдүк сүйүү менен сүйөбүз. Эгерде мен адамдардан бирдеме күтө турган болсом, анда ал адамдар менин көңүлүмдү калтырып коюулары мүмкүн. Алар менин күткөнүмдү аткарышпаган деңгээлде көңүл чөгөрүп коюулары мүмкүн. Бирок, мен адамдардан эч нерсе күтпөсөм, анда мен алардан алгандарымдын баарысын, милдеттүү түрдөгү бирдемедей эмес, күтүлбөгөн бата сыяктуу кабыл алам.

Биз жаныбыздагы адамдардан белгилүү бир жүрүм-турумду талап кылуубуз менен, азгырык менен таарынычка өзүбүздү ачып койгон болобуз. Биз башкалардан канчалык көп күткөн сайын, таарыныч менен азгырыкка мүмкүнчүлүгүбүз ошончолук көбүрөөк ачылат.

## КОРГОНУУ ДУБАЛДАРЫБЫ?

> Ачууланган бир тууган бекем шаардан да катуу жана уруш-жаңжалдар кайтарган кулпуга окшош (Накыл сөздөр 18:19).

Таарынып калган бир тууганды жеңип алуу бекемделген шаарды алуудан да кыйыныраак. Байыркы шаарлар дубалдар менен курчалып турчу, алар шаардын коопсуздугун жана коргонуусун камсыз кылчу. Чакырылбаган конокторго жана баскынчыларга кирүгө жол берчү эмес. Шаардын ар бир дарбазасы, абдан бекем кайтарууда болгон. Ким салыкты төлөбөсө, аларды шаарга киргизбей да коюшчу. Шаардын жыргалчылыгына жана коопсуздугуна коркунуч туудурган ар кандай адам шаарга киргизилчү эмес.

Качан биз таарынган кезибизде, дубалдар менен курчалып алабыз, жүрөгүбүздү дагы да башка жарааттарды алып калуудан сактангандай болобуз. Биз дагы жаңы жараат алып калбайын

деп ойлогон адамдарды киргизбейбиз. Ошону натыйжасында, биз коргонуп калабыз. Ким бизге бир нерсе менен милдеттүү болсо, ошолорду тандап алуу үчүн, биз адамдарды иргеп калабыз. Биз ал адамдар бизге өз карыздарын толук төлөп бүтмөйүнчө, дарбазаларды жаап салабыз. Биз өз жашообузду биз менен бир тарапта деп эсептегендерге гана ачабыз. Аткен менен, ошол "өз" болгон адамдар да көбүнчө эле таарынгандар жана азгырылгандар болуп калышат. Ошентүү менен, биз адамдарга жардам берүүнүн ордуна, жөн гана өз дубалыбызга кошумча ташты кынап койгондой болобуз. Биз мунун качан пайда болгондугун моюнга албасак да, бир учурда анан ушул биз коргонгон дубалдарыбыз түрмөгө айланып калат. Ушул этапта биздин чебибизге ким кирип келерине карата абдан кылдаттык менен сергектикти көргөзүп калабыз, бирок, коркунучка чырмалып калгандыктан, андан өзүбүз чыгып да кете албайбыз.

Кордолуп калган машайакчылар, өзүн анализдөө менен, бүт көңүлдүн борборун өзүлөрүнө бурушат. Биз өз укуктарыбыз жана жеке мамилелерибизди абдан дыкаттык менен күзөтүп калабыз. Биз өзүбүздө болгон күчүбүздүн баарын жаңы жарааттарды алып калбайын деп сактоого жумшап калат экенбиз. Бирок, кайрадан жараат алууга тобокел кылбай туруп, эч кандай Кудайдын шартсыз сүйүүсүн көргөзө албайбыз. Бул эч кандай шартка карабай туруп сүйгөн сүйүү, башкаларга силерди жаралантууга жол берип коёт.

Сүйүү өзүнүкүн издебейт. Ал эми, таарынган адамдар улам барган сайын кыянатчыл жана түнт болуп кете беришет. Мындай атмосферада Кудайдын сүйүүсү муздай баштайт. Мунун табийгый мисалы катары Ыйык жердеги эки деңиз саналат.

Галилей деңизи сууну жөн гана кабыл алат да кайра берет, б.а. суулар ага да куюлат жана андан да суулар агып чыгат. Анда абдан көп сандаган балыктар жана өсүмдүктөр жашайт. Галилеядагы деңиз суулары Иордан дарыясы аркылуу Өлүк деңизге түшөт. Өлүк деңиз сууларды кабыл алат, бирок, андан кайра суу агып чыкпайт. Анда балыктар да, өсүмдүктөр

да жашабайт. Галилеянын тирүү суулары туруп турган Өлүк дениздин суусуна кошулганда өлүп калып жатат. Эгерде аны башкаларга бербесе, анда жашоо сакталбай калат.

Ошентип, таарынган машайакчы – бул жашоону кабыл алып, бирок, коркунучтун айынан аны менен бөлүшүүгө жөндөмдүү болбогон машайакчы. Мунун натыйжасында, ага эптеп кирген жашоо дагы түрмөнүн дубалдарынын ичинде кыймылсыз болуп туруп калат. Жаңы Келишим бул дубалдарды катуулуктар деп атап коёт.

> Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар. Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз (2 Корунттуктарга 10:4, 5).

Бул катуулуктар, ой жүгүртүүнүн белгилүү бир моделин түзүп алышат, анын ичине кабыл алынган маалыматтардын жыйындысын бут чогултуп алат. Алар алгач коргоону камсыз кылуу үчүн курулган болгону менен, эми алар азаптын жана бузулуунун булагы болуп калышат, анткени билимге же Кудайды таанууга каршы күрөшүп жатат.

Качан биз бүт баарын өзүбүздүн таарынычыбыз, четке кагылуубуз жана тынчсызданыуубуз аркылуу өткөрүп жатканыбызда, Кудайга ишенүү такыр эле мүмкүн эместей сезип кетебиз. Биз Кудай эмнени айткысы келип жана эмнени айтып жатканына ишенбей кетебиз. Биз башка адамдар орноткон стандарт боюнча Аны карайбыз да, анан Анын жакшылыгы менен ишенимдүүлүгүнө шектенип кетебиз. Бирок, Кудай адам эмес! Ал калп айта албайт (Сандар 23:19). Анын жолдору - биздин жолдорубуз эмес. Анын ойлору - биздин ойлорбуз эмес (Ышайа 55:8,9).

Таарынган адамдар Жазуудан өзүлөрүнүн позициясын

бекемдей турган аяттарды табышат, бирок, бул Кудайдын Сөзүнө карата болгон туура эмес мамиле. Сүйүү жок болуп туруп, Кудайдын Сөзүн билүү талкалоочу күчкө ээ, анткени ал адамды мыйзамчыл кылып, бой көтөргүч кылып салат (1 Корунттуктарга 8:1-3). Бул бизди өзүбүздүн кечирбестигибиз үчүн тобо кылуунун ордуна, актанууга түртөт. Бул биздин азгырыкка түшүп калышыбызга өбөлгө болот, анткени, Кудайдын сүйүүсү болмоюнча, билим адамды адашууга алып барат.

“Көпчүлүгү таарынышат” деп айтуу менен, Ыйса дароо эле жалган пайгамбарлар жөнүндө эскертет: “Көптөгөн жалган пайгамбарлар чыгып, көптөрдү адаштырат” (Матай 24:11). Бул азгырган көпчүлүк деген кимдер? Жооп: бул таарынган жана азгырыкка кабылган адамдар, алардын сүйүүсү муздап калган (Матай 24:12ни карагыла).

## ЖАЛГАН ПАЙГАМБАРЛАР

Ыйса жалган пайгамбарларды кой терисин жамынган карышкырлар деп атайт (Матай 7:15ти карагыла). Булар өзүнүкүн гана издеген, кыянатчыл адамдар. Алар сыртынан караганда машайакчыларга окшошот (койдун териси), бирок, карышкырдын табияты бар.

Карышкырлар койлордун алдында айланчыктаганды жакшы көрүшөт. Алар машайакчылык коомдун мүчөлөрү катары болушу да мүмкүн, ошондой эле кафедрада да туруп калышы мүмкүн. Мындай адамдар машайакчылардын катарында ийилип турушуп жана азгырып кетиши мүмкүн. Алардын окутуусу көбүнчө туурадай болуп көрүнөт, ошол эле мезгилде алардын жашоосу жана кызматы андай эмес. Кызматчы же машайакчы анын кантип насаат сөз айтканы менен эмес, кантип жашагандыгы менен аныкталат.

Карышкырлар дайыма тың, күчтүү койлорду эмес, жаш жана жараланган койлорду издешет. Ал карышкырлар адамдарга аларга керектүүнү айтышпастан, алар каалаганды айтышат.

Мындай адамдар туура окутууну уккулары келбейт – алар кошоматтанган сөздөрдү уккусу келет. Келгиле, Пабыл акыркы күндөр тууралуу эмне дегенин карап көрөлү:

> “Акыркы убакта оор күндөрдүн келерин бил. Анткени адамдар өзүн өзү сүйүүчү, акчаны сүйүүчү, бой көтөргөн, менменсинген, заар тилдүү, ата-энесине баш ийбес, жакшылыкты билбеген, кудайсыз, таш боор, элдешпес, ушакчы, өзүн өзү кармай албаган, кара мүртөз, жакшы нерсени жек көргөн, чыккынчы, кара өзгөй, көөдөнүн көтөргөн, Кудайга караганда ыракатты сүйгөн, такыбаа болуп көрүнгөн, бирок такыбаалыктын күчүнөн баш тарткан адамдар болушат. Ошондойлордон алыс бол. Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет. Чындыкты уккулары келбей, тамсилдерге кулак төшөп калышат” (2 Тиметей 3:1-5; 4:3, 4).

Байкасаңар, алардын кебетеси такыбаа адамдай көрүнөт, алар машайакчылардай эле болушат, бирок, машайакчынын күчүнөн баш тартышат. Алар такыбаалыктын күчүнөн кантип баш тартышат? Машайакчылык алардын кечирбестиктерин кечиримдүүлүккө айлантып коёрун моюнга алышпайт. Алар Ыйсанын жолун жолдоочубуз деп айтышат да, анан өзүлөрүнүн жогорудан төрөлгөндөрү жөнүндө тынчсызданып жатышкандыгын айтышат. Бирок, алар өз жүрөктөрүнө кирип жана анда Машайактын мүнөзүн калыптандырган нерсе менен мактанууга жол бербейт.

## МААЛЫМАТТАЛГАН МУУН

Пабыл бул алданган адамдар билимге карата кызганычка ээ экендигин, бирок, өзгөрүлбөгөн бойдон калаарын пайгамбарчылыкта көргөн, анткени алар эч качан бул билимди өзүлөрүнө карата колдонушпайт. Ал ошондойлорду мына минтип сүрөттөгөн:

> “...дайыма үйрөнгөнү менен, эч качан чындыкты таанып биле албаган... адамдар” (2 Тиметей 3:7ни карагыла).

Эгерде Пабыл азыркы мезгилде жашап жаткан болсо, анда өзү алдын ала айткандарынын чын эле иш жүзүндө болуп жатканын көрүп, абдан көңүлү чөкмөк. Ал көптөгөн аял-эркектердин конференцияга, семинарларга, жыйындагы кызматтарга барып, Ыйык Жазуудагы билимди топтошконун көрмөк. Ал алардын дагы да “жетишкендиктеги” жашоодо жашаш үчүн кантип “жаңы аяндарды” кууп жүрүшкөндүгүн көрмөк. Ал машайакчы кызматчылар адилет себептер менен актанышып, кантип бири-бирин сотко берип жатышкандыгын көрмөк.

Ал машайакчылык прессаларда кантип Кудайдагы эркек, аялдарга чабуул болуп жатканын көрмөк. Алар харизматтардын таарынычтан качып, бир жыйындан экинчи жыйыга чуркап жүрүшкөнүн көрмөк. Алардын баары Ыйсанын бийлигин таанышат, бирок, ошол эле учурда кечире алышпайт. Пабыл катуу үн менен минтип кыйкырмак: “Силер эки жүздүү жана кыянаттыкты сүйгөн тукумсунар! Тобо кылгыла жана өзүңөр чырмалган азгырыктан чыккыла!”

Бул жерде силер семинарларда жана өзүңөр окуган библиялык мектептерде алган жаны аян-ачылыштар менен канчалык тааныш экендигиңер, канча китеп окуганыңар же канча саат Библияны окууда жана сыйынууда болгонуңар мааниге ээ эмес. Эгерде силер таарынып атсаңар, ушул күнөө үчүн тобо кылуудан баш тартып жатсаңар, анда силер чындыкты таанууга жете элексиңер. Силер азгырыкта жүрөсүңөр жана башкаларды да өзүңөрдүн эки жүздүү жашооңор менен түйшөлтүп жатасыңар. Силерде кандай аян-ачылыштар болсо да, бул өзү үчүн өзүнүн айткан жемиштери. Силер чындыкты эмес, алдамчылык менен азгырыкты алып келген, ачуу сууларды агызып чыгарган булак болуп каласыңар.

## ЧЫККЫНЧЫЛЫК

> Ошондо көптөр азгырылышат, бири-бирине чыккынчылык кылышат, бири-бирин жек көрүшөт (Матай 24:10).

Келгиле, ушул бекемдөөнү изилдеп көрөбүз. Эгерде биз ага көңүлдү жакшылап бөлүп карап көрө турган болсок, андан ээрчигендикти көрөбүз. Таарыныч чыккынчылыкка алып барат, ал эми чыккынчылык болсо – жек көрүү.

Мурда айтылып кеткендей, таарынган адам өз айланасын дубалдар менен тосуп алат. Биздин максатыбыз өзүн-өзү коргоо болуп калат. Биз кандай жол менен болсо да, өзүбүздү коопсуздандырып жана коргоп калабыз. Бул бизди чыккынчылыкка жөндөмдүү кылып салат. Качан биз бирөөнү сатып жиберген кезибизде өзүбүздү коргоого умтулабыз же башкалардын эсебинен пайда көргүбүз келет жана адатта бул пайданы өзүбүзгө эң жакын болгон адамдардан алгыбыз келет.

Ошентип, Кудайдын Падышачылыгындагы чыккынчылык башка ишенген адамдын эсебинен пайда же коргоо издегенде болот. Өз ара мамилелер канчалык жакын болсо, чыккынчылык да ошончолук коркунучтуу болот. Чыккынчылык олуттуу түрдө келишимди бузуу болуп эсептелет. Чыккынчылык болуп жаткан кезде, чыныгы тобо кылуу болмоюнча, өз ара мамилелер калыбына келбейт.

Чыккынчылык жек көрүүгө алып келет. Библияда бул тууралуу ачык-айкын эле айтылган: “Бир тууганын жек көргөн адам – киши өлтүрүүчү. Киши өлтүрүүчү адам өзүндө бар болуп турган түбөлүк өмүргө ээ эмес экендигин силер билесиңер” (1 Жакан 3:15).

Тилекке каршы, биз бүгүнкү күндө да ишенгендердин ичинде эле таарынычтарды, чыккынчылыктарды жана жек көрүүчүлүктөрдү кезиктирип жүрөбүз. Бул биздин үйлөбүздө да, жыйында да ушунчалык көбөйүп кеткен, нормадагы эле нерсе

болуп кала жаздагандай. Биз азыр бир кызматчы бир кызматчыны сотко берип жатса, таң калбай деле калдык. Бизди сотто бири-бирине карата доо арыздарын жазып, ишенгендер никени ажыраштырууга барып жаткандары деле таң калтырбай калды.

Жыйындардын бөлүнүшү өтө кеңири жайылып жана кадимки эле көрүнүшкө айланып кетти. Көптөгөн кызматчылар аркылуу иштелип чыккан саясат да аракетте. Ал өзүнө "эң жогорку кызыкчылык" болгон Жыйын же Асман Падышачылыгы деген беткапты кийип алган.

Алардын абалын башкалар өз пайдасына колдонуп кетпестигине жана алар менен туура эмес мамиледе болбостуктарына көзү жетмейинче, "Машайакчылар" өз укуктарын коргошот. Кантип эле ушул Жаңы Келишимде айтылган акыл-насаат болсун?

Бир туугандардын ортосунда араздашуу бар дегендин өзү эле силер үчүн уят. Андан көрө бириңер бириңерден жеңилип калбайсыңарбы! Андан көрө колуңардагыны тарттырып жибербейсиңерби! (1 Корунттуктарга 6:7).

Кантип эле биз Ыйсанын сөзүн унутуп койдук?

> Ал эми Мен силерге мындай демекчимин: душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле. Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла. Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла (Матай 5:44).

Кантип эле биз Кудайдын осуятын унутуп калабыз?

> Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла (Филиппиликтерге 2:3).

Эмне үчүн биз ушул сүйүүнүн мыйзамы менен жашабайбыз? Эмне үчүн биз алданып калбаганга тобокел кылып туруп, өз

жашообузду бири-бирибизге арноонун ордуна, чыккынчылык кылганга абдан ыктуу болобуз? Мунун себеби мындай: биз өзүбүздү коопсуздандырып жана коргоого аракеттенүүнү улантуунун натыйжасында сүйүүбүз муздап калган. Биз өзүбүз жөнүндө кам көрүүнү Кудайдын колуна тапшыра албай жатабыз жана ошондуктан да, өзүбүзгө өзүбүз кам көрө беребиз.

Качан Ыйсага жамандык кылышканда, Ал жамандык менен жооп берген эмес, Өз жанын Кудайга, Адилеттүү Сотко тапшырган. Жазуу бизди Анын жолу менен баруугa чакырат.

> Анткени силер ушуга чакырылгансыңар. Себеби Машайак да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү калтырып кеткен: Ал эч кандай күнөө кылган эмес, Анын оозунан бир да кошомат сөз чыккан эмес. Кордошкондо, Ал кордоо менен жооп берген эмес. Азап тартканда, эч кимди коркуткан эмес, бирок адилет Сотко тапшырган (1 Петр 2:21-23).

## МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРҮҮЧҮ

Биз денебизге таянбастан, Кудайга таянуу дегенге келишибиз керек. Көпчүлүгү Аны өз өмүрүнүн булагы катары эсептейт, бирок, жетим сыяктуу болуп жашайт. Алар өз оозулары менен: “Ыйса – менин Теңирим жана Кудайым” деп айтуу менен, өз өмүрлөрүн өз колдоруна кармап алышкан.

Мына силер көрүп жатасыңарбы, бул таарыныч деген күнөө канчалык олуттуу экендигин. Эгерде силер аны биротоло жок кылбасаңар, акыр-аягында ал өлүмгө алып келет. Качан силер таарынычтын азгырыгына каршы тура турган болсоңор, Кудай улуу жеңишти берет.

Эгерде шайтан бизди ар кайсы мүнөттө жок кыла ала турган болсо, анда ал муну эчак эле кылмак.

# 3

# КАНТИП УШУЛ МЕНИ МЕНЕН БОЛУП ӨТҮШҮ МҮМКҮН?

***Анан Жусуп мындай деп айтты: "Силер мага жамандык ойлодуңар эле, Кудай аны жакшылыкка айлантты...***"

**– Башталыш 50:20**

Биринчи бөлүмдө биз бардык таарынган адамдарды эки категорияга бөлгөнбүз:

1) Чынында эле, алар менен жаман, туура эмес мамиледе болушкандар. 2) Чынында, андай болбосо деле, аны менен адамдар жаман, туура эмес мамиледе болушкан деп эсептегендер. Бул бөлүмдө мен биринчи категорияга тиешелүү болгондорго кайрылгым келип турат.

Келгиле анда, биринчи суроодон баштайлы: эгерде силер менен чынында эле туура эмес мамиледе болушкан болсо,

анда силер таарынганга чын эле акыңар барбы? Жооп алыш үчүн Жакыптын сүйүктүү уулу Жусуптун жашоосуна карап көрөлү (Башталыш 37-48).

## ТҮШ ТИРИ УКМУШКА АЙЛАНАТ

Жусуп Жакыптын он биринчи уулу болот. Аны өзүнөн улуу агалары жек көрүшөт. Анткени атасы ага өзгөчө мамиле кылат, аны башкалардан айырмалап, ага ар түрдүү түстөгү кооз, кымбат чапандарды белек кылат. Кудай Жусупка эки аяндуу түш берет. Биринчи түшүндө ал талаада байланып турган боолорду көрөт. Анын боосу туруп, түп-түз болуп калат, ошол мезгилде агаларынын боолору ага табынышат. Экинчи түшүндө ал күндү, айды жана ага табынып жаткан он бир жылдызды көрөт (алар ата-энесин жана бир туугандарын түшүндүрөт). Ал ушул түшүн өзүнүн бир туугандарына айткан кезде, албетте алар Жусуптун кубанычын бөлүшүшкөн жок. Тескерисинче, дагы да көбүрөөк аны жаман көрүп калышты.

Ушундан көп өтпөй эле он агасы атасынын короосу менен жайыт издеп жөнөштү. Жакып Жусупту алардан кабар алып келүүгө жөнөтөт. Улуу агалары ага жакындап келе жаткан Жусупту көрүштү да: “Тигине, түш көргүч келе жатат. Келгиле, аны өлтүрүп салалы! Анан анын түштөрү менен эмне болорун көрөбүз! Ал биздин үстүбүздөн падышачылык кылчудай сүйлөп жатпады беле. Мейли, ал өлгөндөн кийин биздин үстүбүздөн падышачылык кылууга аракеттенип көрсүн!” – дешти. Алар анын өлө турганына көзү жеткендей кылып, терең чуңкурга ыргытып салышты. Бир туугандары анын кийимдерин сыйрып алышып, ага өлгөн жаныбардын канынан сүртүп, аталарын аны жапайы жырткычтар жеп кетиптир деп ишендиргилери келди.

Жусупту агалары чуңкурга ыргытып жибергенден кийин, алар измайылдыктардын Мисирге бараткан кербенин көрүп калышты. Ошондо Жүйүт минтип айтты: “Эй балдар, коё тургула. Эгерде, биз ага бул чуңкурда өлүүгө жол берип коё

турган болсок, андан бизге эч кандай пайда болбойт. Келгиле, аны кулчулукка сатып жиберебиз дагы, анын аркасынан кандайдыр бир акча таап алабыз. Ал баары бир биз үчүн өлгөн болуп эсептелет жана эч качан бизди мындан ары тажатпай калат, ал эми биз болсо ал олжону өз ара бөлүшүп алабыз".

Алар аны жыйырма шекел күмүшкө сатып жиберишти. Алар ага таарынып калышкан, ошондуктан, үй-бүлөнүн мурасынан ажыратышып, аны сатып жиберишти. Мунун баары анын каны бир туугандары аркылуу кылынганын, алардын атасы бир – бир кан, бир дене экендиктерин унутпагыла.

Бизге – тап-такыр башка маданиятта өсүп калган адамдарга бул адамдардын кылган иштери түшүнүксүз болот. Мындан жаман нерсе өлтүрүп коюу гана болушу мүмкүн. Ошол мезгилде эркек балдары болгон абдан маанилүү болчу. Уулдар атасынын атын алып жүрүшкөн жана атасында эмне болсо, ошонун баарына ээ болушкан. Жусуптун бир туугандары аны атасынын атын алуудан да, атасынын мурастарына ээ болуудан да ажыратып коюшкан. Алар анын атын да таптакыр өчүрүп, үй-бүлө менен болгон бардык байланыштан ажыратышкан. Адамды башка өлкөгө кулчулукка саткан кезде, ал ошол жакта өлгөнгө чейин кул болуп кала берген. Ал кайсы аялга үйлөнсө, ошол аял дагы, алардын балдары дагы кулга айланышкан! Жусупка өз үй-бүлөсүндө эмне кымбат болсо, ошонун баары жоголгон.

Негизи эле төрөлгөндөн эле кул болуп төрөлүү да кыйын, бирок чоң байлыктын мураскору болуп жана улуу келечек үчүн туулуп туруп, анан аны жоготуп коюу андан да кыйын. Жусуп өзүн тирүү өлүк деп эсептеп калышы да мүмкүн эле. Ал кулчулукка сатылгандан көрө, агалары тараптан өлүп калганы деле жакшы болмок деген азгырыкка берилип кеткендир дегенге ишенип турам. Мунун баарынын аягы: Жусуптун агаларынын кылгандары – бул кылмыш.

## ӨТКӨНДӨГҮ КӨЗ КАРАШ

Азыр силер менин жазгандарым боюнча Жусуптун таржымалын окуп жатасыңар, анан анын аягында кандай болорун да билсеңер керек. Эгерде анын аягы эмне болуп бүтөрүн биле турган болсок, анда бул абдан жандандыра турган таржымал. Бирок, Жусуп бул жөнүндө билген эмес. Баарысы: ал эми эч качан өз атасын көрбөчүдөй, ага Кудай берген түштүн аткарылышын да көрбөчүдөй сезилип жаткан. Ал бөтөн өлкөдө кул болуп жүргөн. Ал Мисирди калтыра албайт болчу. Ал өмүр бою башка адамдын менчиги болуп калган эле.

Жусупту Потифар деген кишиге сатышкан. Ал фараондун ишенимдүү адамы, аны күзөткөндөрдүн жетекчиси болгон. Жусуп ага он жылдай кызмат кылган. Жусуп үй-бүлөсү тууралуу эч кандай кабар алган эмес, анан атасы албетте аны өлдү деп ойлоп жатса керектигин түшүнгөн. Үй-бүлөнүн жашоосу ансыз уланып жатты. Жусупта аны бир кезде атасы куткарып алар деген үмүт да болгон эмес.

Убакыттын өтүшү менен Жусуп өз кожоюнунан ырайым таап, ал ага жакшы мамиле жасай баштаган. Потифар Жусупту өзүнүн үйүнүн жана бүткүл мүлкүнүн үстүнөн жоопттуу кылып койгон. Бирок, Жусуптун жашоо-шарты бир топ жакшыраак болуп баштагандан кийин, Потифардын аялынын жүрөгүндө бир жаман ой пайда болду. Ал Жусупка өзүнүн кумарлуу көздөрүн тигип жана Жусуп менен бузуктук ишке баргысы келди. Күн сайын аял аны азгырууга аракеттенди, бирок, Жусуп андан баш тартты. Бир жолу аны менен жалгыз калганда ал Жусупту бурчка камап, аны менен жатууга мажбурлады. Ал аялдын каалоосун аткаруудан баш тартып жана качып кетти, бирок, шашып атып анын кийими аялдын колунда калып кетти. Ал ушундай кылганда аял өзүн басынтылгандай сезип жана Жусупту өзүн зордуктоого аракеттенди деп кыйкырды. Потифар Жусупту фараондун түрмөсүнө салдырып койду.

Бул жерде айтып кете турган нерсе, фараондун түрмөсү

Америкадагы түрмөдөй эмес эле. Мен бир нече жолу түрмөлөрдө насаат айтып жүргөндүктөн, билгеним боюнча, алар канчалык жагымсыз болгону менен, фараондун зынданына салыштырып караганда, Американын түрмөлөрү шаар четиндеги дачалардай эле көрүнөт. Ал жакта күндүн жарыгы да, камеранын дубалдары да болгон эме. Болгону, жарык менен жылуулук болбогон терең чуңкур гана болгон. Шарт абдан оор жана адам чыдагыс болгон. Туткундагыларга суу жана нан гана берип, алар акырындык менен ошол жакта өлө берсин деген максатта салышкан (1 Падышачылык 22:27). Аларга тамакты эптеп эле алар тирүү болуп, азап чегүүнү уланта бериши үчүн беришкен. Забур 104:18ге ылайык, Жусуптун буттары ага салынган кишендерден улам ооруган жана анын денесин тытып кете турган темирде жаткан. Ал өлүшү керек болчу.

Эгерде ал мисирлик адам болгондо дагы, кутулууга кандайдыр бир мүмкүнчүлүгү болсо керектир эле. Бирок, зордуктоого аракет кылган деп айыпталып жаткан бөтөн жердик кулда, кутулууга эч кандай үмүт жок болчу. Аны менен боло турган эң жаман нерселердин баары болгон. Андан жаманы өлүм гана болушу мүмкүн эле.

Ал ошол караңгы зынданда эмнелер тууралуу ойлогонун түшүнө аласыңарбы? “Он жыл бою берилип, чынчылдык менен өз мырзама кызмат кылдым. Мен анын аялына караганда бир топ көбүрөөк ишенимдүүмүн. Мен Кудайга жана өз мырзама берилген адам элем. Анан ал үчүн мага кандай сыйлык болду? Зындан!

Мен канчалык туура кылууга аракеттенсем да, ошончолук жаман боло берет экен да! Кантип Кудай ушуга жол берди? Кантип эле менин бир туугандарыма Кудайдын мендеги баталарын да уурдап алганга мүмкүн болду? Эмне үчүн кудуреттүү Кудай мен туш болгон бул кырдаалдан сууруп чыгууга кийлигишпей койду? Сүйгөн, ишенимдүү Кудай Өзүнүн кызматчыларына ушундай кам көрөбү? Мен эмнеге жазаланып жатам? Мен эмне кылдым? Мен болгону Кудайдан уккан нерселерге ишендим”.

Ал ушундай ойлор менен күрөшкөнүнө ишенип турам.

Анын боштондугу бул учурда абдан эле чектелип турган, бирок анда, тандоо укугу бар болчу, ал өзү менен болуп жаткандарга кандайча таасирленет? Ал өзүнүн бир туугандарына, анан акыры барып Кудайга таарынып жана ачууланабы? Ал өзүнө берилген убадалардын аткарылышына болгон үмүттөн баш тартабы, муну менен өзүндө болгон аны жашоого үмүттөндүргөн акыркы үмүттөн баш тартабы?

Баары эле Кудайдын колундабы?

Кудай аны башкаруучу болууга даярдап жаткандыгы ушул сыноолордун акырына чейин эле Жусуптун башына такыр эле келбеген чыгаар деп ойлойм. Ал өзүнүн келечектеги бийлигин аны сатып жиберген бир туугандарынын үстүнөн кантип жүргүзөт? Жусуп азаптар аркылуу тил алчаактыкка үйрөнгөн. Анын бир туугандары Кудайдын колундагы куралдар болушкан. Жусуп убадаланганды кармап кала алабы, убадаланган нерсеге жетиш үчүн ал Кудайды издейби?

Жусупка ошол түштөр кирген маалда, ал аларды ошол мезгилде өзү башынан өткөрүп жүргөн жакшы нерселердин далили катары кабыл алгандыр. Бийлик адамды башкалардан бөлүп көрсөтүү үчүн эмес, кызмат кылуу үчүн берилерин ал кезде Жусуп али түшүнүп-биле элек болчу. Көбүнчө ушундай кырдаалдарга туш келгенде биз абалдын чыдай алгыс экендигине көп көңүл бурабыз дагы, Кудайдын улуулугуна көңүл бурууну унутуп коёбуз. Мунун натыйжасында, биз бардык кырсыктарга күнөөлөй турган адамды издөөгө аракеттенүү менен азап тартабыз. Биз фактылар менен бетме-бет келгенибизде, ушунун баарын Кудай жакшыга айландырып койсо болот эле жана ушул жамандыктын баарын баштан кечирүүбүзгө жол бербесе болот эле деп ойлонобуз. Бирок, мунун баарын Ал кылган жок – биз көбүнчө Аны күнөөлөйбүз.

Жусуптун акылында мындай ойлор жаңырыусун улантып жаткандыр: “Мага Кудай жөнүңдө эмне белгилүү болсо, ошого

жараша жашадым. Мен Анын токтомдорун бузган жокмун жана Ага каршы чыккан жокмун. Мен болгону Кудай Өзү мага берген түштү айтып койдум. Анын натыйжасы эмне боду? Бир туугандарым мени сатып жиберишти, мен кулчулукка сатылдым! Атам мени өлдү деп ойлоп жатат жана эч качан мени издеп Мисирге келбейт." Ал үчүн негизги күнөөкөрлөр бир тууган агалары болчу. Эгерде Кудай Жусуп түшүндө көргөн бийлик менен даражаны ага берген болгондо, бардыгы башкачараак болот беле деп ойлонгондур. Эгерде агалары анын келечегин уурдап алышпаганда, баары башкачараак болмок.

Биздин бир туугандар да башкаларды айыптоо менен ошол кайырмакка түшүп калышкандыгын көп эле жолу угуп жүрөбүз. Мисалы:

> "Эгерде аялым болбосо, мен эчак эле кызматта болмокмун. Ал мага тоскоолдук кылып, мен кыялданып жүргөн көп нерселерди кыйратып салды".
>
> "Эгерде менин ата-энем ушинтпегенде, менин жашоомдо баары жакшы болмок. Менин азыркы абалыма алар күнөөлүү. Эмне үчүн башка адамдардын ата-энелери бир жакшынакай, меники андай эмес? Эгерде атам менен апам ажырашып кетпегенде, менин никем эң сонун абалда болмок".
>
> "Эгерде мендеги жөндөмдүүлүктү басып-өчүрүп турган кайтаруучум болбогондо, мен эркин болмокмун жана мага эч нерсе тоскоолдук кылмак эмес. Ал мага кызматта өз максатымды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербеди. Ал жыйындагы адамдарды мага карата каршы багыттап койду".
>
> "Эгерде менин мурдакы күйөөм болбогондо, менде жана менин балдарымда каржы маселеси болмок эмес".
>
> "Эгерде жыйында ушул аял болбогондо, анда менин

> лидерлер менен болгон мамилем азыркыга чейин жакшы болмок. Өзүнүн ушактары менен ал менин урматтуу болсом деген бардык кыялдарымды талкалап салды".

Бул тизме түбөлүккө чейин эле улана бериши мүмкүн. Өз көйгөйлөрүндө баарын айыптай берүүгө болот, эгерде ошол адамдар эле болбогондо, баары башкача болмок деп. Силер бардык көңүл калуу жана жамандыктарыңарда алар күнөөлүү деп эсептейсиңер.

Мен төмөнкү учурду белгилеп кетким келет: силерди Кудайдын эркинен эч кандай эркек, аял, бала же шайтан жулуп кете албайт! Силердин тагдырыңар бир гана Кудайдын колунда! Жусуптун бир туугандары ага Кудай берген аян - ачылышты жок кылууга абдан аракеттенишкен. Алар Жусуптун түшү бүттү деп ойлошкон. Алардын оозунан: "Жүргүлө, азыр барып, аны өлтүрүп, чуңкурга таштап салалы, аны жырткыч айбан жеп кетти деп айтып коёбуз. Ошондо анын түштөрү эмне болорун көрөбүз», – дешти" (Башталыш 37:20) деген сөздөр чыккан. Алар аны жок кылгылары келишкен. А кокустук болгон эмес. Бул билип туруп эле кылынган аракет болгон! Алар Жусуптун ийгиликке жетишине эч кандай мүмкүнчүлүк калтырышкан эмес.

Кантип ойлойсуңар, кантип эле аны кулчулукка сатып жиберишкенде, Кудай Өз Уулуна жана Ыйык Рухка асмандан караап туруп, анан: "Биз эми эмне кылабыз? Карасаңар, анын агалары эмне кылып салышты. Алар Биздин Жусупка карата болгон планыбызды бузуп салышты. Биз эми эртерээк бирдеме ойлоп табышыбыз керек! Бизде запастагы вариант барбы?" дебесе керектир эле.

Көптөгөн машайакчылар кризистик кырдаалдарга ушундай бир таасирленишет, тим эле асманда да ушундай болуп аткандай сезишет. Силер Ата Ыйсага минтип айтып жатканын элестете аласыңарбы: "Ыйса, Джимди жумуштан бошотуп жиберишиптир, анткени анын ишенген коллегасы ал тууралуу

калп айтып коюптур. Биз эмне кылсак болот эми? Сенде жер үстүндө кандайдыр бир бош жумушчу оруну барбы?” Же: “Ыйса, Салли 34 жашка чыгып калды, Жер жүзүндө сенде кандайдыр бир үйлөнө элек эркек барбы ага ылайык? Анткени, Мен ага даярдап койгон эркек Саллини ушактап койгон жана андан жүрөгүн буруп кеткен жакын курбусуна үйлөнүп алды”. Кызыктай угулат, бирок, реакцияларыбыз Кудайды так ушинтип кабыл алгандай болуп көрүнүүдө.

Келгиле, карап көрөлү, Жусуп бүгүн биздин жыйындарда таарынткандар менен кандай мамиледе болоор эле. Эгерде ал биздин көпчүлүгүбүз кандай болсок, ошондой болгондо барбы, анда эмне болор эле? Ал анда өч алуунун пландарын иштеп чыкмак. Ал мындай ойлор менен өзүн сооротмок: “Мен аларга жетип алган кезде, баарын өлтүрөм! Алар мага кылган иштери үчүн, мен аларды өлтүрөм. Алар бул үчүн мага толугу менен төлөшөт”.

Бирок, Жусуптун агаларына карата болгон мамилеси ушундай боло турган болсо, анда Кудай аны ошол зынданда андан ары чирип жата берүүгө калтырып коймок! Анткени, ал эгерде ушундай ниет менен түрмөдөн чыга турган болсо, анда келечектеги Ысрайылдын он уруу башчысын өлтүрүп коймок. Ал уруулардын катарына келечекте Ыйса туула турган Жүйүт да кирмек.

Ооба, Жусуп менен ушундай аёосуз мамиледе болгон адамдар Ысрайылдын аталары болушкан! Ал эми, Кудай Ыбрайымга андан бүткүл эл жаралат деп убада берген. Алар аркылуу акыр аягында Ыйса өзү келмек! Жусуп таарынычтын жүрөгүнө кирип кетишине жол берген эмес, ошондуктан, ага жана анын бир туугандарына карата Кудайдын пландары ишке ашкан.

## МЫНДАН ДА ЖАМАН БОЛУШУ МҮМКҮН БЕЛЕ?

Түрмө Жусуп үчүн убактылуу анализдер жана убактылуу жаңы мүмкүнчүлүктөр гана болгон. Жусуп менен бирге зынданга эки

туткун да кошо салынган эле: ал экөөнө тең тынчыздандырган түш кирген. Жусуп ал экөөнүн тең түштөрүн таң каларлык тактык менен жоруп берген эле. Жорулган түш боюнча, туткундардын бирөө өз милдетине кайра турушу керек болчу, ошол эле мезгилде экинчиси өлтүрүлүшү керек болчу. Жусуп мына-мына боштондукка чыкканы жаткан туткунга, ал фараондон ырайым тапканда, аны эстешин суранган. Ал адам кайрадан фараонго кызмат кылууга дайындалды, бирок, эки жыл бою Жусуп тууралуу бир сөз дагы айтып койгон жок. Бул Жусуп үчүн таарына турган, көңүл кала турган дагы бир шарт эле.

***Кудайдын эрки ишке ашты***

Фараонго анын абдан тынчтыгын алган түш киргенде, убакыт да жетти. Анын акылмандарынын жана даанышмандарынын ичинен эч ким анын түшүн жоруп бере алган жок. Так ошол учурда кайрадан ишке орношкон кызматкери Жусупту эстеди. Ал өзү көргөн түш жана дагы бир туткун көргөн түштөрдү Жусуп кантип жоруганын айтып берди. Жусупту фараонго алып келишти жана ал мисирлик падышага түшүн жоруп берди. Ал түш ачарчылыктын жакындап келе жаткандыгын билдирерин жана ал кайгылуу учурга кантип даярдануу керектигин да айтып берди.

Фараон токтоосуз түрдө Жусупту жогору көтөрүп, Мисирде өзүнөн эле кийинки башкаруучу кылып койду. Жусуп Кудайдан ага берилген акылмандык менен өлкөнү жакындап келе жаткан ачарчылык мезгилдерге даярдай баштады. Кийинчерээк, дүйнөдөгү бардык белгилүү элдерди ачарчылык каптаган кезде, Жусуптун агалары да Мисирге жардам сурап жөнөшөт. Эгерде Жусуптун жүрөгүндө агаларына каршы бир нерсе боло турган болсо, алардан өч алууга абдан ыңгайлуу шарт түзүлүп турган. Ал агаларын өмүр бою чыкпай турган түрмөгө салып, кыйнап же ал тургай, өлтүрүп да коюшу мүмкүн эле. Ал үчүн аны эч ким күнөөлөй алмак эмес, анткени, ал Мисирде фараондон кийинки эле экинчи адам болгон. Анын агалары фараон үчүн эч кандай баалуулукка ээ болушкан эмес.

Бирок, Жусуп бир туугандарына нанды бекер берген. Андан кийин анын үй-бүлөсүнө Мисирдин эң жакшы жагынан жер бөлүнүп берилген, бул жердин майынан жешкен алар. Башкача айтканда, аларга Мисирдин эң жакшы жеринен менчик жерлер бөлүнүп берилген. Жусуп аны каргагандарга батасын берген, аны жек көргөндөргө жакшылык кылган (Матай 5:44). Бир туугандары Жусупка ушундай кылышаарын ага ошол түштү бергенге чейин эле же алардын кимдир бирөөсү төрөлгөнгө чейин эле Кудай билген.

Кийинки кадамды жасоо үчүн Жусуп өз агаларын кайрадан көргөндө эмне дегенин карап көргүлө: "Бирок азыр кайгырбагыла, мени бул жакка сатып жибергениңерге өкүнбөгүлө, анткени Кудай силердин өмүрүңөрдү сактап калыш үчүн, мени бул жакка силерден мурун жиберди. Анткени жер үстүндө ачарчылык башталганына эки эле жыл болду, дагы беш жыл жер да айдалбайт, эгин да орулбайт. Силерди жер үстүндө калтырыш үчүн жана улуу куткаруу иши менен өмүрүңөрдү сактап калуу үчүн, Кудай мени силерден мурун жиберди. Ошондуктан мени бул жакка силер эмес, Кудай жиберди... (Башталыш 45:5-8). Забур 104:16,17ни карап көргүлө: "Жерге ачарчылык чакырган, бардык эгинди жок кылган. Алардын алдына бир адамды жиберген: Жусуп кулдукка сатылган."

Жусупту ким жиберди эле? Анын бир туугандарыбы же Кудайбы? Аны эки күбөнүн оозунан угуп жатабыз, аны Кудай жиберген. Жусуп өз агаларына ачык эле айткан: "Бул жакка мени силер жиберген жоксуңар". Рух эмне дегенин уккула!

Мен жогоруда айтып кеткендей, эч кандай киши өлтүргүч, эч кандай шайтан жашооңордогу Кудайдын пландарын өзгөртө албайт. Анткен менен, силерди Кудайдын эркинен чыгарып кете турган бир киши бар – ал силердин өзүңөр!

Ысрайыл эли тууралуу ойлоп көргүлө. Кудай аларга Мисирдеги кулчулуктан аларды чыгарып кетүү үчүн жана баталуу жерге алып баруу үчүн, Мусаны жиберди. Чөлдө жылдар өтүп, Ысрайылдын жол башчылары убадаланган жерге

чалгынчыларды жөнөтүштү. Кайрылып келген чалгынчылар наалый башташты. Аларды ошол жердеги ысрайылдыктарга караганда, бойлору бир топ узунураак жана аскер иштеринде аларга караганда бир топ чеберирээк болгон ал жактын адамдары чоочутуп койду.

Халев менен Нундун уулу Жашыядан башкасы ошол чалгынчылардын айткандары менен макулдашышты. Адамдарга Кудай аларды ушул жакка өлтүрүш үчүн алып келгендей сезилди. Алар Муса менен Кудайга таарынышты. Алар ушндай абалда бир жылдан ашык болушту. Алардын таарынгандыктары Мисирден чыккан муундардын баталуу жерди эч качан көрбөй калышына алып келди.

***Көптөгөн адамдар Теңирге абдан кызуу***

кызмат кылышкан. Бирок, башка адамдар аларга жаман мамиле кылышкандыгы жана мыйзамсыздыктар болгондугу үчүн жашоодогу кыйын кырдаалдарга түшүп калышкан. Чындыктын баары мына мында: ооба, аларга чынында эле адилетсиз мамиле кылышкан. Бирок, таарынуу деген – бул душмандын ойлорун орундатуу, анын максаты аларды Кудайдын эркинен чыгарып кетүүдөн турат.

Таарынычты кабыл алуудан баш тартуу аркылуу, силер Кудайдын эркинде кала бересиңер. Эгерде таарына турган болсоңор анда, душман силерди жеңип алат да, өз эркин, өз ниетин аткартууга мажбурлайт. Чечкиле, эмнени каалайсыңар? Таарынбай койгон пайдалуураак го.

Биз бир нерсени эсибизде сакташыбыз керек, Теңир алдын ала билбеген эч нерсе бизге каршы болбойт. Эгерде шайтан качан кааласа, ошондо бизди өлтүрө бере турган болсо, анда эчак эле ал бизди жанчып жок кылмак, аткени, ал бизди ушунчалык жек көрөт. Бул акыл-насаатты ар дайым эсиңерде сактагыла:

> Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал

> силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, (англисче текстте: "кутулуу үчүн так мүмкүнчүлүк") сыноо учурунда чыгуу жолун да берет" (1 Корунттуктарга 10:13).

Бул жерде эмне деп айтылып тургандыгын байкагыла: "кутулуу үчүн так мүмкүнчүлүк" деп турат, "кутулуу үчүн мүмкүнчүлүк" деп эле турган жок. Биз келечекте кандай гана жагымсыз кырдаалдарга кабылышыбызды Кудай билет, алар кандай чоң болгондугуна карабай, Ал алардан кантип кутулуу керектигин тактап алдын ала караштырып койгон. Эгерде биз Кудайга тил алчаак бойдон жана да таарынбай кала турган болсок, анда биз үчүн үзгүлтүккө учурагандай болгон Кудайдын ойлору, анын аткарылышына бараткан жол болуп калат. Ошондуктан, эсиңерде болсун: таарынычты кабыл алгандан баш тартып, Кудайга тил алчаак бойдон калгыла: "Ошондуктан Кудайга моюн сунгула. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат" (Жакып 4:7). Биз таарынычты жүрөгүбүзгө киргизбөө аркылуу шайтанга каршы турабыз. Түш же аян анын биз күткөндөй, каалагандай аткарылышы болуп саналбайт, бирок, Анын Сөзү жана Анын убадалары кылымдарга ишенимдүү бойдон кала берет – алар эч качан бизди уятка калтырбайт. Алар биз Кудайга тил албаган учурда гана аткарылбай калуу коркунучунда болуп калат.

## ЧЫККЫНЧЫЛЫКТЫН БАШКА ТҮРҮ

Адамдардын көбү Жусупка окшоп бир туугандарынын тири-укмуш мамилесине кабылган жок. Эгерде аны менен душмандары ушинтсе, ага анчалык катуу тиймек эмес. Бирок, булар анын бир туугандары, бир кан, бир дене болушчу. Алар аны шыктандыра турган, колдой турган, коргой турган жана ага кам көрө турган адамдар болчу. Жусуп башынан өткөргөндөн жаман көрүнүштү элестетүүгө болот беле?

Агасынын же эжесинин кабыл албастыгы менен жамандыгын кабыл алуу бир нерсе, ал эми атасы тараптан четке кагылуу – таптакыр башка нерсе.

# 4

# АТАМ МЕНИН, АТАМ МЕНИН!

***Ата! Менин колумдагыны кара, кийимиңдин этегинен кесип алдым, бирок сени өлтүргөн жокмун. Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин, сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң.***

**– 1 Шемуел 24:12**

Өткөн бөлүмдөрдө биз Жусуптун бир туугандары кантип аны жок кылууга аракеттенгендиктери тууралуу айтылды. Алардын чыккынчылыгынын айынан ал кандай гана азаптарды баштан өткөргөндүгүн биз көрдүк. Балким, силер ошого окшош кырдаалда жүргөндүрсүңөр. Силерге ким жакыныраак болсо, ошого берилген болгондурсуңар. Алардан

силер сүйүү жана шыктануу күткөндүрсүңөр.

Бул бөлүмдө мен бир туугандын чыккынчылыгынан да катуураак жараат алып келген кырдаалды карагым келип турат. Бир туугандын жамандыгы менен четке кагуусун баштан өткөрүү бир нерсе, ал эми атанын четке кагуусун баштан кечирүү – бул тап-такыр башкача нерсе. Качан мен аталар тууралуу айтып жатканымда биологиялык жактан атаны гана айткан жерим жок, бирок, Кудай биздин үстүбүздөн койгон ар кандай лидерди айтып жатам. Бул адамдар бизди сүйүп, бизге акыл-насаат айтып жана бизди азыктандырып, биз үчүн кам көрүшү керек болгон адамдар.

## СҮЙҮҮДӨГҮ ЖАНА ЖЕК КӨРҮҮДӨГҮ ӨЗ АРА МАМИЛЕ

Ата чыккынчы болгон мисалды кароо үчүн биз падыша Шабыл менен Дөөттүн ортосундагы өз ара мамилелерди карап, изилдеп көрөлү (1 Шемуел 16-31). Алардын жашоосу алар жолукканга чейин эле, Кудайдын пайгамбары Шемуел Дөөттү Ысрайылдын үстүнөн падыша кылууга майлаганда эле чырмалышкан болчу. Дөөт таң калып калган, таң кала минтип ойлогон: «Бул Шабылды майлаган адам да. Демек, мен чынында эле падыша болом!" Шабыл Кудайга тил алчаак болбогондуктан, жаман жиндерден кыйналып жүргөн. Качан кимдир бирөө гуслиде ойногондо гана ага жеңилденүү келчү. Шабылдын кызматчылары ал үчүн гуслиде ойноп бере турган жаш жигитти издеп жүрүшүп, Жышайдын уулу Дөөттү табышат. Шабыл падыша Дөөткө киши жиберип, аны өзүнө кызмат кылдырыш үчүн падыша сарайына алдырат. Дөөт минтип ойлошу мүмкүн болчу: "Кудай Шемуел пайгамбар аркылуу берген Өзүнүн убадасын аткара баштады. Мен тиешелүү болгон падышачылыкка жетеримен шектенбейм. Бул менин падышачылыкка таштаган алгачкы кадамым болуп калат".

Бир жолу Дөөткө атасы ага филистимдиктер менен

салгылашууда жүргөн агаларына тамак-аш жеткирип бер деп калды. Ал жерге келгенде Дөөт филистимдиктердин жекече күрөшкө чакырган жоокери Голиафты көрдү. Ал Кудайдын аскерлерине кырк күн бою чакырык таштап турган. Дөөт ошондой эле, ким ошол дөөдөй болгон душмандын жоокерин жеңе турган болсо, анда падыша өз кызын ага күйөөгө берери тууралуу убада бергенин да билди.

Дөөт падышага келип, андан Голиаф менен беттешүүгө чыгууга уруксат берүүсүн сурады. Ал Голиафты өлтүрүп жана Шабылдын кызын алды. Ошол маалда ал Шабылдан ырайым таап, аны менен катарлаш жашоо үчүн падыша сарайына келген болчу. Шабылдын улуу баласы Жонатан Дөөт менен түбөлүк дос болууга антташты. Шабыл Дөөткө эмне буюрса, ал ошондой болуп жатты, анткени, Кудайдын колу анын үстүндө болчу. Падыша Дөөттү дагы анын өз уулдары менен кошо бир дасторкондон тамак жесин деп буюрду.

Дөөт таң калып жатты. Ал падыша сарайында жашап, падышанын дасторконунан тамак жеп, падышанын кызына үйлөнүп, Жонатан менен достошуп жана аскердик чөйрөдө бар тарабынан ийгиликтүү болгон. Ал ысрайыл элинин сүйүүсү менен жакшылыгына курчалып турду. Ал Шемуелдин пайгамбарчылыгы кантип аткарылып жаткандыгын көрүп жатты. Шабыл Дөөттү башка бардык кызматчыларынан өйдөрөөк көргөн. Ал ага атасындай эле болгон. Дөөт Шабыл аны тарбиялап, үйрөтүп жана бир кезде аны улуу ишке дайындап такка отургузат деп ишенген. Дөөт Кудайдын ишенимдүүлүгүнө жана жакшылыгына кубанып жүрдү. Бирок, капысынан эле баары өзгөрүп кетти.

Качан Шабыл жана Дөөт салгылашуудан кайтып келе жатышканда, Ысрайылдын бардык шаарларынан аялдар чыгып, алардын алдында бийлешип: “Шабыл миңди өлтүрдү, Дөөт болсо он минди өлтүрдү” деп жатышты. Бул Шабылдын ачуусун келтирди жана ошол күндөн баштап ал Дөөттү жек көрүп калды. Дөөт ага гусли ойноп берип жатканда, ал эки жолу аны өлтүрүүгө аракеттенген.

Библияда болсо, Шабыл Кудайдын аны менен эмес, Дөөт менен болгондугун көргөндүктөн, аны жек көргөн деп айтат. Дөөт сактанууга мажбур болуп, чөлгө качып кетет. “Эмне болуп жатат? – деп ойлоду Дөөт. – Менин тарбиячым болгон адам, эми мени өлтүргөнү жатат. Мен эмне кылышым керек? Шабыл – Кудайдын майлаган кызматчысы. Эгерде ал мага каршы болсо, анда менде ийгиликке карата кандай мүмкүнчүлүктөр калат? Ал падыша, Кудайдын элин башкарган, Кудайдын адамы. Эмне үчүн Кудай буга жол берип койду?”

Шабыл ысрайылдын үч миң мыкты жоокерлери менен кошо Дөөттү бир чөлдөн экинчи чөлгө, бир үңкүрдөн экинчи үңкүргө кууп жүрдү. Алардын бир гана максаты бар болчу: Дөөттү өлтүрүү.

Бул учурда падышачылык жөнүндөгү убаданын көлөкөсү гана калган. Дөөт эми падыша сарайында жашабай калган жана падышанын дасторконунан да тамактанбай калган. Ал сыз үңкүрлөрдө жашап, чөлдү мекендеген жырткычтардан калган тамактын калдыктары менен азыктанган. Ал эми падышанын жанында отурбай калган, бирок, бир кезде аны менен ийин тийиштире катарлаш жүргөн адамдардын издөөсүндө болуп калган. Анын эми жылуу төшөктөрү жана кызматчылары жок болчу, ал эми сарайдагылардан шыктандырган сөздөрдү укпай калган. Анын аялын башка бирөөгө берип коюшкан. Ал мекени жок, тентип калуу эмне экендигин сезип жатты.

Байкасаңар, Дөөттү Шабылдын колуна шайтан эмес, Кудай бербеди беле кам көрсүн үчүн. Эмне үчүн Кудай ушул болуп жаткан нерселерге жөн гана жол берип койбостон, алардын баарын пландаштырып да койгон? Эмне үчүн Дөөткө жакшылык берилип туруп, кайра күтүүсүздөн алып коюу үчүн берилди беле? Дөөт үчүн азгырыктын учуру келген эле, ал Шабылга эле эмес, Кудайга да наалып жана таарына тургандай болгон учур келген. Кыйнаган суроолор азгырыкты күчөтүп, Кудайдын ойлору менен Кудайдын акылмандыгына карата шек санай тургандай абалга кептеп жатты. Шабыл кандай

кылып болсо да, бул жаш жигитти өлтүргүсү келип жатты жана анын бул акылсыздыгы күчөй берди. Дөөттүн көңүлү чөгүп калды.

Ноп шаарынын ыйыктоочулары аны падышанынын кызматчысы деп, Дөөттү турак жай жана тамак-аш менен камсыз кылышып жана ага Голиафтын кылычын беришти. Алар Дөөттүн Шабылдан качып жүргөнүн билишкен эмес. Теңирден Дөөт жөнүндө сурашкандан кийин, өзүлөрүнө падышанын каарын чакырып албайлы деп, аны кетирип жиберишкен. Бул тууралуу билген Шабыл ачууланган. Ал Теңирдин сексен беш күнөөсүз ыйыктоочуларын өлтүрүп жана бүт шаарды – эркектерди, аялдарды, жаштарды жана балдарды, малдарды, койлорду, эшектерди, баарын кылычтаганга буюрган. Ал амалыктыктардын үстүнөн сот жүргүзүүнүн ордуна күнөөсүз адамдардын жана жаныбарлардын үстүнөн сот жүргүзгөн. Ал киши өлтүргүч болуп калды. Кантип Кудай ушундай адамды качандыр бир кезде Өзүнүн Руху менен майлады экен? Бир жолу Шабыл Дөөттүн Эйин-Геди деген чөлдө экендигин билип калгандан кийин, өзү менен кошо үч миң жоокерди алып, анын артынан кууп барат. Кууп бара жаткан жолдо ал бир үңкүрдүн оозуна эс алганы токтойт, бирок, Дөөт ошол жерде анын так артында экендигин билбейт. Ошол жерде жатканда Шабыл өзүнүн падышачылык чапанын чечип, жанына коюп коёт. Дөөт байкатпай туруп, жашынган жеринен чыгып, Шабылдын чапанынын этегинен кесип алып, анан кайра байкатпай жашынып калат. Шабыл үңкүрдөн чыккандан кийин Дөөт ага таазим кылып туруп, анан минтип айтат: “Ата! Менин колумдагыны кара, кийимиңдин этегинен кесип алдым, бирок сени өлтүргөн жокмун. Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин, сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң” (1 Шемуел 24:12).

Дөөт Шабылга жалбарып жатты: “Атам менин! Атам менин!” Силерге түшүнүктүүрөөк болсун үчүн, ал кыйкырып

жатты: "Карачы, менин жүрөгүм кандай! Мага ата болчу. Мен жетекчиге муктажмын!» Дөөттүн жүрөгү үмүт менен жашап жатты.

## АТАЛАР КАЙДА?

Машайактын Денесиндеги сандаган эркек жана аялдардын жүрөктөрүнөн ушундай кыйкырыктарды угам. Алардын көпчүлүгү бир максаты бар жаш адамдар. Алар ата жөнүндө – үйрөтүп, сүйүп, колдоп жана аларды шыктандыра турган атаны каалап жалбарышат. Мына ошондуктан да Кудай "аталардын (лидерлердин) жүрөгүн балдарга (Кудайдын элине) жана балдардын жүрөгүн аталарга бурам" деген. "Мен келип, жер жүзүн каргыш менен жок кылбашым үчүн, ал аталарынын жүрөгүн уулдарына, уулдарынын жүрөгүн агаларына бурат" (Малахия 4:6).

Биздин өлкөбүз 1940-1950-жылдары өзүнүн аталарынан (ата-энесинен, лидерлеринен же кызматчыларынан) ажырап калгандай, бүгүнкү күндө да абал начарлап кетти. Шабылга окшоп, бүгүнкү күндө да үйлөбүздө, корпорациларда жана жыйындарда көптөгөн лидерлер жаш муундардын жашоосун жолго коюунун ордуна, өзүлөрүнүн жеке максаттары менен алек.

Алар өзүлөрүнүн лидерликтерин Кудайдын элине кызмат кылуудагы каражат катары колдонбостон, Кудайдын элин өзүлөрүнүн жеке лидерлигин ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөй колдонуп жатышат. Адамдардын жараланган жүрөктөрүн жана азаптуу жашоолорун жетишкен ийгиликтери катары ченеп жатышат. Ийгиликке жетүү үчүн мындай лидерлер адилеттикти, боорукердикти, чындыкты жана сүйүүнү курмандыкка чалып, өзүлөрүнүн абийирлери менен компромисске барып жатышат. Алардын чечимдери акчага, сандарга жана жетишкендиктерге негизделип жатат. Бул адамдарды Дөөт башынан өткөргөндөй мамилелерге түртүп жатат. Анткени акыры, Шабылда эң сонун актануу-шылтоо бар эле да: ага өзүнүн падышачылыгын коргоо керек эле.

Максатыбыз Жакшы Кабарды таратуу деген менен шылтоолоп, көптөгөн лидерлер адамдарга ушундай ыкмалар менен кайрылышат.

Көптөгөн лидерлер өзүлөрүнүн шектенүүлөрүнүн айынан тарапташтарын жоготуп алышабы? Эмнеге бул лидерлер мынчалык шектенишет? Анткени, алар Кудайга эмес эле, өзүлөрүнүн ийгиликтерине кызмат кылышат. Шабылга окшоп, алар өзүлөрүнүн эмнеге чакырылгандыктарына ишенимдүү эмес, ошондуктан, бул нерсе алардын жүрөктөрүнө кызганыч менен текебердикти алып келет. Алар башка адамдарда жакшылык кылууга жөндөмдүүлүктөр бар экендигин моюнга алышат да, анан өзүлөрүнө пайдасы тийип турганда ошондой адамдарды пайдалангылары келет. Шабыл да, Дөөттүн өзүнө коркунуч туудураарын билгичекти, анын ийгиликтери менен ырахаттанган. Андан кийин эле аны өлтүрүү үчүн Шабыл көптөгөн күч жумшайт.

Мен ишенүүгө боло турган адамды издеген көптөгөн жаш жигиттер менен кыздарды көргөм. Алар үйрөнүүнү, угууну, алардын атасы боло турган кимдир бүрөөнү издешкен. Бирок, Кудай аларга четке калууга, жалгыздыкты башынан өткөрүүгө жол берип койгон. Мындай болгондугунун себеби, Кудай аларда Дөөттөгүдөй нерсенин болушун каалагандыгы. Рух эмне деп айтып жаткандыгын жакшылап уккула.

Дөөттү Шабылдын аны жаман жана козголоңчул деп эсептегени капалантты. Ал өзүнүн жүрөгүн изилдеши керек болчу: “Мен эмнени туура эмес кылдым? Эмне үчүн Шабылдын жүрөгү мынчалык тез мага каршы бурулуп калды?” Дөөт эгерде өзүнүн ага болгон сүйүүсүн көрсөтө ала турган болсо, анда падыша да ага карата жакшы ниетин кайтарат да, ошондо Шемуелдин айткан пайгамбарчылыгы аткарылат деп ойлогон. Мына ошондуктан, ал толкундана минтип айткан: “Бүгүн Теңир сени үңкүрдүн ичинде менин колума салып бергенин өз көзүң менен көрдүң. Мага сени өлтүр деп айтышты, бирок мен сени аядым: “Мен өз мырзама кол көтөрбөйм, анткени ал –

Теңирдин майланган адамы", – деп айттым" (1 Шемуел 24:11).

Атанын же лидердин четке кагуусун башынан өткөргөн адамдар өзүлөрүн өзүлөрү күнөөлөгөнгө ийкемдүү келишет. Алар кыйналуу менен минтип ойлошот: "Мен эмне кылдым? Эмне, менин жүрөгүм, таза эмес беле? Лидердин жүрөгүн ким мага каршы кылып койду?" Анан кайра кабыл алынуулары үчүн, алар дайыма өзүлөрүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө аракеттене беришет. Бирок, канчалык кайгылуу болгондугуна карабай, алар канчалык күчөп буга аракет кылган сайын, ошончолук өзүлөрүн четке кагылгандай сезе беришет.

## МЕН ҮЧҮН КИМ ӨЧ АЛАТ?

Дөөт аны өлтүрсө боло турган учурда, өлтүрбөй койгонун билгенден кийин, Шабыл Дөөттүн жакшы ниетин моюнга алат. Ошондуктан, ал жана анын адамдары кетип калышты. Дөөт балким, минтип ойлогондур: "Эми падыша мени ордума коёт. Эми пайгамбарчылык ишке ашат. Албетте, ал менин жүрөгүмдү көрөт дагы, анан мага карата болгон өз мамилесин өзгөртөт".

Анчалык тез эмес, Дөөт! Бир нече күн өткөндөн кийин Шабылга Дөөт Хахил дөбөсүндө жашырынып жаткандыгын айтып келишет. Шабыл кайрадан ошол эле үч миң аскерин алып, анын артынан кууп жөнөйт. Бул Дөөттүн көңүлүн чөгөргөнүнө ишенип турам. Ал эми Шабыл аны билип туруп эле, өлтүрүүнү максат кылып койгондугун түшүнүп калат. Ал кандай гана четке кагылууну баштан өткөрөт! Шабыл Дөөттүн жүрөгүн билген, бирок, ошентсе да, ага каршы чыга берген. Абышай менен бирге Дөөт Шабылдын лагерине барды. Күзөтчүлөрдүн эч кимиси аны көрбөй калышты, анткени Кудай аларга терең уйку берди. Эки адам бүт лагерди аралап, Шабыл уктап жаткан жерге чейин жетип келишти.

«Ошондо Абышай Дөөткө: «Кудай бүгүн душманыңды колуңа салып берди. Эми мага уруксат бер, аны найза менен

жерге кадайын, мен бир эле саям, кайталабайм», – деди» (1 Шемуел 26:8). Абышай Дөөт ага Шабылды кылмышкер сыяктуу өлтүрүүгө уруксат берет деп ойлогон. Биринчиден, Шабыл сексен беш күнөөсүз ыйыктоочуну, алардын бүт үй-бүлөсү менен бирге өлтүртүп салган! Экинчиден, Шабыл үч миң аскери менен Дөөттү жана анын жанында жүргөндөрдү өлтүрүү үчүн чыккан. "Эгерде сен душманыңды биринчи болуп өлтүрбөсөң, - деп айткан Абышай, - ал албетте сени өлтүрөт. Бул өзүн өзү коргоо. Муну ар кандай сот актап чыгат!" Үчүнчүдөн, Кудай Шемуел аркылуу Дөөттү Ысрайылдын башчылыгына шайлаган. Эгерде Шемуелдин пайгамбарчылыгынын ишке ашкандыгын көргүсү келсе, Дөөт өз мурасына умтулуп жетиши керек. Төртүнчүдөн, Абышай менен Дөөт түз эле Шабылдын уктап жаткан жерине баруусу үчүн, Кудай бүт аскерлерди терең уйкуга салып койду. Мунун баарын Кудай эмне үчүн кылды? Абышай бул адилеттүүлүктү орнотуунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү деп ойлоду. Бул себептер менен ойлордун баары ынанарлык эле. Эгерде Дөөт Шабылга кичине эле таарынган болгондо, ал өзүн акыйкат сезип, Абышайга найза менен Шабылды жерге кадап койгонго уруксат бермек.

Дөөттүн жообун угуп көргүлө: «...Аны өлтүрбө, анткени Теңирдин майланганына кол көтөргөн адам жазаланбай калмак беле! Теңир тирүү! Аны Теңир Өзү өлтүрсүн, же анын өлөр күнү келет, же согушта ажал табат! Теңир Өзүнүн майланганына кол көтөрүүмө жол бербесин" (1 Шемуел 26:9, 10).

Шабыл канчалаган күнөөсүз адамдарды өлтүрсө да, Дөөттүн өлүмүн издесе да, Дөөт Шабылга кол көтөргөн жок. Дөөт өзү үчүн өч алган жок, бирок, Кудайдын сотуна берди.

Ушунун баарын ошондо бүтүрүп салганда Дөөткө да, Ысрайыл элине да жакшы болмок. Элдер койчусу жок койлордой болуп турганын Дөөт билген. Ал карышкыр өзүнүн кызыкчылыгы үчүн аларды жара тартып кетерин билген. Ага өзүн коргобой коюу акылсыздык болмок, өзү сүйгөн элди акылсыз падышадан коргобой коюу, андан да акылсыздык

болмок. Шабыл аны өлтүрмөйүнчө тынчый албастыгын сезсе деле, Дөөт бул чечимди кабыл алды.

Ал биринчи жолу Шабылды аяп койгондо, өзүнүн жүрөгүнүн таза экендигин көргөзгөн. Ал тургай, Дөөттө аны өлтүрүүгө экинчи жолу мүмкүнчүлүк болгондо да, ал ага тийген эмес. Шабыл Теңирдин майланганы болгон, ошондуктан Дөөт аны Кудайдын колуна сотко тапшырган.

Көптөгөн адамдардын жүрөгү да Дөөткө окшошпу? Биз азыркы учурда физикалык кылыч менен өлтүрбөйбүз, бирок, бири-бирибизди башка кылыч менен – тилибиз менен өлтүрөбүз. “Өмүр да, өлүм да тилдин бийлигинде...” (Насаатчы 18:21). Жаман, таарынычтан айтылган, кыжырданып жана ачууланып айтылган сөздөрдүн натыйжасында, жыйындар бөлүнүп жатат, үй-бүлөлөр талкаланып жатат, үмүттөр өчүп, сүйүүлөр өлүп жатат. Досторубузга, үй-бүлөбүзгө жана лидерлерибизге таарынып, биз аларды өзүбүздүн курч, ачуу жана кыжырданууга толгон сөздөрүбүз менен мээлейбиз. Балким, биз бөлүшүп жаткан маалымат туурадыр, тактыр, бирок, аны айтып жаткан адам ыплас ниет менен айтып жаткандыр.

Накыл сөздөрдө (6:16-19) атылгандай, бөлүнүп-жарылууну себүү – Кудай алдында жийиркеничтүү. Качан биз адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерди бузуш үчүн же кимдир бирөөнүн кадыр-баркын кетирүү үчүн чындыкты айтып жаткан болсок, баары бир Кудайды шылдыңдаган болобуз.

## КУДАЙ МЕНИ МЕНИН ЛИДЕРИМДИН КҮНӨӨСҮН АШКЕРЕЛӨӨ ҮЧҮН КОЛДОНОБУ?

Мага жана менин аялыма азыркы кызматты ачып бергенге чейин мен жети жыл бою жардам берүүчү кызматта кызмат кылгам жана жаштардын кайтаруучусу болгом. Ошол мезгилде биздин жыйында мен дагы, менин насааттарым дагы жакпаган бир адам бар болчу. Адатта, мындай нерселер менин тынчымды

алчу эмес, бирок, ал адамдын жыйында таасири бар болчу.

Мага Кудай жаштарга Кудайдын тазалык жана жигердүүлүк жөнүндөгү сөздөрүн айтууну буюрганына ишенер элем. Ал лидердин уулу менин группамда болчу. Ошол бала өз жүрөгүндө улам барган сайын ашкерелөөнү сезе бериптир. Бир жолу ал бизге көз жаш төгө келди. Ал абдан кайгырып алыптыр, анткени анын үйүндө жашаган жашоо образы мен аны жана башка жаштарды ээрчүүгө чакырган чакырыкка дал келбей атыптыр.

Үйдөгү карама-каршылыктар анын атасынын менден кутулуу керек деп бекем чечим алышына түртүп жатыптыр. Ал өзүнүн калп айыптоолору менен мага ачуусун келтирүү үчүн, улуу кайтаруучуга барыптыр. Андан кийин ал мага келип, улуу кайтаруучу мага каршы ойдо экендигин, бирок, ал мени колдогондугун айтты. Мени кыйыр түрдө көрсөткөн сындаган эскертүүлөр белгилүү болуп калды. Ал адам мага жылмайып карап турганы менен, мени жок кылгысы келген ниетте турду. Жаштар жыйынынын бир нече мүчөсү мени бошоткону жатышыптыр деген сөздөрдү угуп калышыптыр. Бул сөздөрдү тигил кызматчынын баласы айткан, бирок, ал бул сөздү жаман ою менен тараткан жок, үйдөн эмнени укса, ошону кайталып жатты. Бул мени ачуулантып, бир аз кийлигишүүгө түрттү. Мен ошол адамга бардым жана ал мунун баарын улуу кайтаруучу айткандыктан гана айткандыгын мойнуна алды.

Айлар өтүп жатты, кырдаалды өзгөртүүгө мүмкүн эмес. Ал мени менен улуу кайтаруучунун жолугушуусуна жол бербөө аркылуу, экөөбүздүн ортобуздагы бардык байланышты үзүп салды. Бул мага эле эмес, анын каарына калган кайтаручулардын баарынын башына келип жатты. Менин үй-бүлөм дагы биз бул жыйында каларыбызды же кууларыбызды билбей, ар дайым басымдын астында калышты. Биз үй сатып алганбыз, аялымдын боюнда бар болчу жана барар жерибиз да жок болчу. Бул жыйынга мени Кудай алып келгендигине ишенгем жана кетким келген эмес.

Менин аялым абдан тынчы кетип жатты: «Кымбаттуум, алар сени бошоткону жаткандыгын билем. Ал тууралуу мага баары айтып жатат».

«Мени алар жалдап алышкан эмес жана Кудайдын макулдугу болмоюнча, бошото алышпайт», - дедим ага. Ал мени кырдаалга сергек кароодон баш тартып жатат деп ойлоп жана эсиме келишимди суранып жатты.

Акыр-аягында мени бошотуу тууралуу чечим чыкканын билдим. Улуу кайтаруучу жыйында жаштардын группасында өзгөрүү болот деп кулактандырды. Ошентип, мен тигил лидер менен болгон келишпестикти алиге чейин да ага айта элекмин. Мага улуу кайтаруучу жана мени жактырбаган кайтаруучу менен эртең жолугаарымды айтышты. Кудай коргонушумдун кереги жоктугу тууралуу мени эскертти.

Эртеси күнү мен өз кайтаруучум менен жолукканымда таң калдым, анткени ал жалгыз отуруптур. Ал мага карап турду да, анан минтип айтты: “Джон, сени бул жыйынга Кудай жөнөткөн. Анан мен дагы сенин бул жактан кетишиңе жол бербейм”, - деди. Мен жеңилдене түштүм. Эң акыркы учурда Кудай мени коргоду.

“Эмне үчүн тигил адам сага ушунчалык каршы болду? - деп сурады менден кайтаруучу. – Суранам, ага баргын да, мамилеңерди калыбына келтирип алгыла”, - деди.

Көп өтпөй, ошол жолугушуудан кийин менин кызматыма карата тигил лидердин чечим кабыл алгандыгынын жазуу түрүндөгү далилин алдым. Ушул кагаз анын чыныгы ниетин ачыкка чыгарып койду.

Мен аны улуу кайтаруучуга алып барууга даяр элем. Ошол күнү ыгайсыздыкты жеңүү үчүн 45 мүнөттөй сыйындым. Мен: “Кудай, бул адам чынчыл эмес жана мыйзамсыз. Аны ашкерелөө керек. Ал бул кызматта кыйраткыч күчкө ээ. Мен кайтаруучуга ал чын-чынында ким экендигин айтышым керек!” Мен аны ашкерелөө керек деген ишенимге улам ынанып бара жаттым: “Мен далилдей турган нерселердин баары жөн

гана эмоция эмес, документтер менен фактылар. Эгерде муну токтотпосо, жыйынга мыйзамсыздык сиңип кетет".

Акыры, көңүлүм чөгүп, жерге кулададым: "Кудайым, Сен менин аны ашкерелешимди каалабайсыңбы, мен Сени туура түшүндүмбү?" Мен таң алдым – Кудай мен бирдемедир кылышымды каалаган жок, ошон үчүн мен ал далилдерди ыргытып жибердим. Кийинчерээк мен кырдаалга дагы да тереңдеп карап көргөндө, мен бул жыйындагы кимдир бирөөнү коргоону эмес эле, өзүм үчүн өч алууну ойлоптурмун. Көрсө, чынында мен ал кезде ошону каалаптырмын. Ал кезде менин ниетим өзүмчүл эмес деп ынанып жүргөм. Мен билдирейин деп аткан маалыматтар так бар болчу, бирок, менин ниетим таза эмес болчу.

Убакыттар өттү, анан бир күнү мен жумушка кирер алдында сыйынып турсам, менден арылгысы келген адам келип калды. Мага Кудай ага келип, элдешүүмдү каалады. Мен ошол маалда коргоно баштадым: "Жок, Теңир, ал мага келиши керек. Баарына ал күнөөлүү". Мен сыйынууну уланта бердим. Бирок, Теңир менин токтоосуз түрдө анын жанына келип, элдешүүмдү айтты. Мен муну Кудай айтып жаткандыгын билдим. Өз офисимен ал адамга чалып алгандан кийин, ага бараттым. Бирок, кантип айтканым, эмнени айтканым мени менен Кудай сүйлөшкөнгө чейинки айтканыман таптакыр башкача эле.

Мен чын жүрөгүмдөн андан кечирим сурадым. "Мен сизди сындап жана айыптагам", - деп мойнуна алды ал. Ал дароо жумшара түштү жана экөөбүз бир саат бою маектештик. Аны менен башка кайтаруучулардын ортосундагы көйгөйлөр калгандыгына карабастан, ошол күндөн баштап анын мага болгон чабуулу токтоду.

Мен Америкадан тышкары кызмат кылып жүргөн кезимден алты ай өткөндөн кийин, бул адам кылган бардык жамандыктар ачыкка чыгып, ал улуу кайтаруучуга жетиптир. Анын кээ бир кылган иштери мен билгенден да жаманыраак экен. Ал токтоосуз түрдө бошотулуптур. Анын мага кылам деген нерсеси, өзүнө келип жетти. Бирок, анын башына бул

күн түшкөндө мен бактылуу боло албадым. Ал жана анын үй-бүлөсү үчүн жаным ачып турду. Мен анын абалын түшүнүп турдум. Анткени, мен өзүм аны башыман өткөргөм. Мен аны алты ай мурда эле кечирип койгондугуман улам, эми ага жамандык каалабай, сүйүп турдум. Эгерде бир жыл мурда, мен ага кыжырданып турган маалымда аны бошотушкан болсо, балким, мен кубанмакмын. Бирок, ошол маалда мен ага таптакыр таарынычым жок экендигин билдим. Баш ийүү жана өзүм үчүн өч алуудан баш тартуу, мени "таарыныч" деп аталган түрмөмдөн бошотуп койду.

Бир жылдан кийин мен аны аэропорттон кезиктирдим. Кудайдын сүйүүсүнө толуп-ташып турганмын. Мен чуркап барып, аны кучактап калдым. Качан ал эми баары жакшы экендигин айтканда, мен чын жүрөгүм менен бактылуу болдум. Эгерде мен мурда ага барып жана анын офисинде аны менен элдешип албаган болсом, анда аэропортто кездешкенде анын көзүнө карай алмак эмесмин. Андан бери бир нече жыл өттү, бирок, мен аны чын эле сүйөм жана анын Кудайдын эркинде болгондугун көргүм келет.

Дөөт ага Кудайдын болушуусуна жана сот болуусуна жол берүү менен, акылмандыкты көрсөткөн экен. Силер сурашыңар мүмкүн: "Кудай Өзүнүн кызматчысы Шабылды соттоодо кимди колдонгон?" деп. Филистимдиктерди. Шабыл уулдары менен кошо филистимдиктер менен согушуп жүргөн талаада өлдү. Качан бул маалымат Дөөткө жеткенде, ал кубанган жок. Ал ыйлады.

Бир киши Дөөткө Шабылды өлтүргөндүгүн айтып мактанып келет, муну менен ал Дөөт тарабынан колдоого жетип, жакшы орунду ээлейм деп ойлосо керек. Бирок, жаңылык тескери натыйжасын берди. "Канттип сен Кудайдын майлаганына кол көтөрүүдөн корккон жоксуң?" – деп сурайт Дөөт. Анан ал ошол адамды өлтүрүп салууга буйрук берет (2 Шемуел 2:14,15).

«Дөөт Шабулду жана анын уулу Жонатанды жоктоп ыйлады» (2 Шемуел 1:17). Анан элдерге Ысрайылдын душмандары

салтанат курбаштары үчүн, филистимдиктердин шаарларында "...күчтүүлөр кулаганын" айтпоого, ал тууралуу сүйлөшпөгөнгө буйрук кылды. Ал Шабыл өлгөн жерде жаан да болбосун жана түшүм да алынбасын деп жарыялап, бүт Ысрайылды Шабыл тууралуу ыйлаганга чакырды. Бул таарынган адамдын жүрөгүнө окшошпойт. Таарынган адам минтип айтмак: "Ал өзүнө тиешелүүсүн алды!". Дөөт Шабылдын үй-бүлөсүнүн калгандарын жок кылган жок. Анын ордуна ал аларга кайрымдуулук кылды. Ал аларга жер жана тамак берди жана анын тукумунун бирөөсүнө падышанын тактысына отурууну сунуш кылды. Бул таарынган адамдын кылганына окшошпойт да, туурабы?

Дөөт ага ата катары мамиле кыла турган адамдардан четке кагылып калган, бирок, ал Шабылга ал өлгөндөн кийин да ишенимдүү бойдон кала берген. Сени сүйгөн, лидерге же атага ишенимдүү болгон жеңил, бирок, сени өлтүргүсү келип жүргөн адамга ишенимдүү болуу оңойбу? Силер Кудайдын жүрөгүнө жаккан эркек же аял болууну каалайсыңарбы же өзүңөр үчүн өч алууга аракеттенесиңерби?

Кудай Өз кулдары үчүн өч
алса адилеттүүлүк, бирок,
Кудайдын кулдары өзүлөрү
үчүн өзүлөрү өч алгандыгы
адилеттүүлүккө жатпайт.

**5**

# РУХИЙ ТЕНТИМИШТЕР КАНТИП ПАЙДА БОЛОТ?

... ***«Теңир мага өз мырзама, Теңирдин майланганына, кол салууга жол бербесин, анткени ал – Теңирдин майланган адамы», – деди. Ошентип, Дөөт ушул сөздөрү менен өз кишилерин токтотуп калды, алардын Шабулга каршы көтөрүлүүсүнө жол берген жок***.”

**– 1 Шемуел 24:7, 8**

Өткөн бөлүмдөрдө биз Дөөткө ал аталык мамилени күткөн адам кандай жаман мамиле жасагандыгын карап чыкканбыз. Дөөт дайыма эмнеден туура эмес кылып алганын түшүнүүгө аракеттенген. Ага карата Шабылдын жүрөгүн мынчалык каршы буруп койгон эмне жана анын жүрөгүнө кантип кайрадан жайгашуу керек? Дөөт болсо, падыша өзү

Дөөттүн өмүрүн алууну аңдып жүргөндүгүнө карабастан, Шабылга болгон ишенимдүүлүгүн сактады.

Дөөт жерге чейин таазим эте Шабылга: “Менин колумда жамандык, кыянаттык жок экендигин билип, көзүң жетсинчи, мен сага карата күнөө кылган жокмун” деди.

Дөөт өз лидерине ишенимдүүлүгүн далилдегенде женилденип калды. Кийинчерээк ага ого бетер майыштыра турган жаңылык жетти:

Шабыл мурдагыдай эле аны өлтүргөнү жүрдү. Бирок, Дөөт анын өлүмүн каалап жүргөн адамга кол көтөрбөдү. Ал тургай, Кудай Шабылга терең уйку берип жана Дөөттөн Шабылды жерге житире саюуну өтүнгөн адамга да андай кылууга жол берген жок. Бирок, Дөөт кандайдыр бир түрдө бул уктап жаткан аскерлер башка максатта кызмат кылып жатканын – анын жеке жүрөгүн сыноо үчүн кызмат кылып жатканын сезди.

Кудай Дөөттүн өз падышачылыгын орнотуп жана бекемдөө үчүн Шабылга окшоп өлтүрүүгө бараар-барбастыгын же болбосо, ал Кудайга адилеттүүлүктү орнотуп, анын тактысын кылымдарга бекемдешине жол берер бекен деп, ошону билгиси келип жатты.

> Өч албагыла, сүйүктүүлөрүм, бирок, Кудайдын каарына жол бергиле. Аткени, жазылып турат: “...“Теңир мындай дейт: Өч Меники, Мен тиешесин берем”, – деп жазылган” (Римдиктерге 12:19).

Качан Өз кулдары үчүн Кудай өч алганда адилеттүүлүккө жатат. Бирок, качан Кудайдын кулдары өзүлөрү үчүн өзүлөрү өч алганда адилеттүү болбой калат. Шабыл өзү үчүн өч алган адам болгон. Ал чынчыл адамды, Дөөттү он төрт жыл бою аңдып жүргөн, ыйыктоочуларды жана алардын үй-бүлөсүн өлүмгө берген.

Дөөт уктап жаткан Шабылдын үстүндө турганда, абдан маанилүү сыноого туш келген. Ал Дөөттүн жүрөгүндө эмне барын ачыш керек болчу: баштапкы жоомарт койчубу же чынчыл эмес, жаман ойлуу “экинчи” Шабылдын жүрөгүбү? Ал Кудайдын

жүрөгүнө жаккандай эркек болуп калабы же кандай? Кудайдын адилеттүүлүгү качан көрүнөр экен деп күтүп отура бергенден көрө, баарын өзүнүн колуна алган бир топ жеңилирээк.

Кудай Өз кызматчыларын тил алчаактыкта сынап көрөт. Ал бизди атайын ушундай – диндин жана коомдун нормалары бизди актап коё тургандай кырдаалдарга дуушар кылат. Ал башкаларды, өзгөчө бизге жакын болгон адамдарды, бизди өзүбүздү коргоого чакыртып коёт. Бирок, бул Кудайдын жолу эмес. Бул дүйнөлүк, жерлик жана денелик акылмандык.

Мен дагы өзүм баш ийген лидерди ашкерелөө керек деп ойлогонумда, "эгерде аны ачыкка чыгарбай турган болсо, ал башкаларга да зыян алып келет" деген ой менен кандай гана күрөшкөндүгүм эсимде. Мени мындай ой таштабай койгон: "Мен болгону чындыкты айтам. Эгерде мен муну унчукпай коё турган болсом, бул кишинин жаманчылыгы качан токтойт?" Башка адамдар да аны ашкерелөө керек деген менин оюмду колдоп жатышты.

Ошентсе да, мен азыр билип турам, Кудай ал кезде ошол каттарды мага бир гана себеп менен бериптир: мени сыноо үчүн гана. Мен дагы мени жок кылгысы келген адамдай болуп каламынбы же жокпу? Же мен эгерде ал адам тобо кыла турган болсо, Кудайдын сотуна же кайрымдуулугуна орун береминби?

## ТУУРА ЭМЕС КЫЛГАН ЛИДЕРЛЕРДИ КАНТИП КОЛДОНУУ КЕРЕК

Көптөгөн адамдар минтип сурашат: "Эмне үчүн Кудай олуттуу каталыктарды жасаган, кээде таптакыр эле мыйзамсыздыктарды жасаган адамдарды жетекчиликке коёт?"

Шемуелдин бала чагын карап көргүлө (1 Шемуел 2-5). Кудай (шайтан эмес) бул адамды туура эмес жүргөн Эйли деген ыйыктоочунун жана анын эки уулу –Хопни жана Пинехастын жетекчилиги астына койгон, анын балдары да ыйыктоочулар болушкан. Алар митайымдык жана күч менен курмандык акчаларды өзүлөрүнө алып алышкан жана чогулуш боло турган жердин кире

бериш жеринде аялдар менен ойноштук иштерди жасашкан.

Элестетип көрө аласыңарбы, силер баш ийген кызматчы ушундай жашоо образын баштан кечирип жүргөндүгүн? Ыйык Рухка ушунчалык сергек болуш керек болгон кызматчы сыйынып жаткан аялды айырмалай албай, аны "ичип алгансыңбы" деп айыптап жаткандыгын! Өз уулдарынын так эле жыйында ойноштук кылып жатандыгын токтото албай жаткандыгын.

Көптөгөн машайакчылар бүгүнкү күндө ушундай болсо, өзүлөрүн кордолгондой сезип жана башка жыйын издешмек. Өзүлөрүнүн мурдагы кайтаруучу жана лидерлери тууралуу, анын жашоо образы тууралуу элдин баарына айтып чыкмакпыз. Мага ошондой ыпластыктын арасындагы жаш Шемуелдин жашоосу жаккан: "Өспүрүм Шемуел Эйлинин жанында Теңирге кызмат кылган..." (1 Шемуел 3:1).

Бирок, ыпластык өзүнүн чокусуна жетти: "...Ал күндөрү Теңир сөзү сейрек болду, көрүнүштөр да көп болгон жок" (1 Шемуел 3:1). Кудай бардык эврей элинен алыстай болуп сезилген. Теңирдин үйүндөгү шам мына-мына өчүп калыш керек болчу. Бирок, Шемуел табына турган башка жер тапканга аракеттендиби? Ал Эйлинин жана анын балдарынын мыйзамсыздыктарын ачам деп улуу жетекчилерге бардыбы? Ал Эйлини жана анын балдарын кайтаруучулуктан алып коюу максатында комитетти чогулттубу? Жок, ал Теңирге кызмат кылган!

Кудай ал жакка Шемуелди койгон жана Шемуел Эйлинин жана анын балдарынын жүрүм-турумуна жоопкерчиликтүү эмес болчу. Ал аны алардын жетекчилигинин астына аларды соттосун деп койгон эмес, аларга кызмат кылсын деп койгон. Ал Эйлинин Кудайдын кулу экендигин билген жана Кудай Өзүнүн кызматчылары менен эмне кылганды билет.

Балдар аталарын оңдобойт. Өз балдарын үйрөтүп жана оңдоп-түздөө жоопкерчилиги аталарда жатат. Бизге Кудай бизди үйрөтсүн деп койгон адамдар менен иш алып барышыбыз керек. Биздин жоопкерчилигибиз, биздин милдетибиз. Биздин деңгээлибиздеги адамдарга болсо, биз бир тууган катары

акыл-насаат айтып, аларды шыктандырышыбыз керек. Бирок, бул бөлүмдө да өткөндөгүлөрдөй эле, биз биздин үстүбүзгө коюлган жетекчилердин иштерине карайбыз.

Шемуел өзүнүн үстүнөн коюлган Кудайдын кызматчысына аны соттобостон же оңдоюн деген ниетте эмес, колунан келишинче кызмат кылган. Бир гана жолу - Шемуел ага өткөн түнү Кудай ага кандай пайгамбарчылык бергенин айтып бер дегенде гана соттун сөзүн айткан. Ал тургай, ушул маалда да бул Шемуелден эмес, Кудайдын ондогон сөзү болчу. Эгерде көптөгөн адамдар ушул чындыкты кабыл алышкан болгондо, анда биздин жыйын таптакыр башкача болуп калмак.

## ЖЫЙЫНДАР - БУЛ КАФЕТЕРИЙ ЭМЕС

Көбүнчө адамдар жетекчилердин кандайдыр бир кемтик жагын көрүшсө эле, жыйынды таштап кетишет. Балким, алар кайтаруучу кантип курмандык акчаларды чогултканына, же акчаны кантип коротконуна нараазыдыр. Же болбосо, аларга кайтаруучунун кантип насаат айтканы жакпайттыр. Бул тизменин аягы көрүнбөйт. Кыйынчылыктарга дуушар болгондо үмүттү сактоонун ордуна, алар эч кандай келишпестиктер жок болгондой сезилген жактарга чуркай беришет.

Келгиле, жалгыз гана жеткилең кайтаруучу Ыйса экендиги менен макулдашалы. Анда эмне үчүн биз кыйынчылыктар болсо эле кача беребиз, антпей эле, тескерисинче аларга бетме-бет келип, аларды ордуна койсок болбойбу? Адатта келишпестиктерди жеңе албай калган учурда, биз таарынабыз. Кээде биздин пайгамбарчылык кызматыбыз кабыл алынган жок деп айтабыз. Андан кийин жыйындан жыйынга, кемчилдиксиз жетекчи издеп жүрө беребиз.

Мен өз өмүрүмдө ар кандай штаттагы эки гана жыйындын мүчөсү болдум (он төрт жыл ичинде. Мага өзүмдүн жетекчилериме таарынууга экиден ашыгыраак (чынында өтө эле көп) жолу мүмкүнчүлүктөр болду (алардын көпчүлүгү

менин жеке күнөөмдүн жана жеткилең эместигимдин айынан болгон). Менде өз жетекчилигиме карата сынаакы болууга мүмкүнчүлүктөр болгон. Бирок, жыйындан кетип калуу көйгөйдү чечпейт эле. Бир жолу менде кыйын абал болгон кезде, Теңир мага Библиядагы аят боюнча сүйлөгөн:

> Эгерде сен жыйынды калтыра турган болсоң, анда Мен ушундай кылышыңды каалар элем: "Ошентип, силер кубаныч менен чыгасыңар, силерди тынчтык менен узатышат...." (Ышайа 55:12).

Көптөгөн машайакчылар жыйындан минтип кетишпейт. Алар жыйынды кафетерийден эч нерсеси менен айырмаланбайт, ошондуктан өзүңө жаккан, табитиңе дал келген жыйынды тандап алсаң болот деп ойлошот. Алар жыйында көйгөйлөр пайда болгончокту жүрүүгө толук акысы бар деп ойлошот. Бирок, бул таптакыр Библия үйрөтүп жаткан нерсе эмес. Кандай жыйынга барууңарды силер чечпейсиңер. Аны Кудай чечет! Библияда минтип айтылган эмес: " Кудай дене мүчөлөрдү аларга денеде кандай жайгашуу жакса, ошондой болуп жайгаша бергиле" деп айткан эмес. Бирок, анда мындай деп айтылган: "Кудай ар бир мүчөнү денеге Өзү каалаганындай кылып жайгаштырган" (1 Корунттуктарга 12:18).

Эсиңерде болсун, эгерде силер Кудай силерди көргүсү келип жаткан жерде турсаңар деле, келишпестиктер аркылуу шайтан силерди ал жактан кууп чыгып койгусу келет. Эгерде анын колунан бул иш келе турган болсо, анда ал жеңишти майрамдайт. Эгерде силер Кудай берген орундан катуу келишпестиктер болгон кезде деле жылбай турган болсоңор, анда шайтандын планын бузасыңар.

## АЙЫПТОО АЗГЫРЫГЫ

Мен бир жыйында канча жылдан беримин. Биздин кайтаруучу Америкадагы эң жакшы кайтаруучулардын бири

болчу. Бул жыйынга биричи жолу келе баштаганымда анын оозунан чыккан библиялык окутуудан ырахаттанып, оозум ачылган бойдон отургам. Убакыттын өтүшү менен мен кайтаруучуга кызмат кыла баштадым да, аны абдан жакындан биле баштадым, албетте алсыздыктарын жана кемчиликтерин да көрө баштадым. Анын кызматка карата болгон чечиминин тууралыгына шектене баштадым. Мен аны сындап жана айыптай баштадым жана таарыныч мени кыйнай баштады. Ал насаат айтып жатты, мен болсо эч кандай эргүүнү же майлоону сезген жокмун. Анын насааттары эми менин жүрөгүмө тийбей калды жана мага жардам да бербей калды.

Биз дос болуп жүргөн дагы бир жубайлар да штаттагы кызматчылардан болчу, алар да көрсө, мен байкаганды байкашкандай. Кудай аларды жыйындан алып чыгып, алар өзүнчө кызмат башташты. Бир жолу бизди конокко чакырышты. Биздин бардык абалыбызды билгендиктен, алар жашообузда бизди Кудай эмнеге чакырып алган болсо, ошондой кылууга чакырышты. Алар кайтаруучу, анын аялы жана жыйын жетекчилери кылган бардык туура эмес нерселер тууралуу айтып өтүштү. Анан биз өзүбүздү үмүтсүз абалда, тузакка түшкөндөй болуп сезип калдык.

Ал жубайлар биздин жыргалчылыгыбыз үчүн чындап кам көрүп жаткандай сезилген. Бирок, бул талкуулоолор болгону биздин нараазычылыгыбыз менен таарынычыбызды гана күчөтүп, отко май куюп жаткандай болду. Накыл сөздөрдө (26:20) айтылгандай: “Отун жок жерде от өчөт, ушакчы жок жерде чатак басылат”. Алар айтып жаткан нерселердин баары эле чындык болчу, бирок, Кудайдын көз алдында туура эмес болчу, анткени алар отко отун ыргытып жаткан болчу.

“Сенин Кудай тандап алган эркек экендигиңди билебиз, - деп айтышты алар. – Анан эмнеге жыйында сенде бул көйгөйлөр болуп жатат?” Алардын сөздөрү ушунчалык жагымдуу болуп жатты.

Аялым экөөбүз бири-бирибизге минтип айттык: “Жетишет. Биз абдан оор абалда калдык. Биз бул жыйындан кетишибиз

керек. Биздин досторубуз бизди сүйүшөт. Алар бизге жакшы рухийнасаатчылар болуп беришет. Алардын жыйынындагы адамдарда бизди кабыл алышат жана ал кызматты бизге Кудай берген”.

Биз жыйындан кеттик да, ошол жубайлар жетектеген жыйынга бардык, бирок, бул бир нече айларга гана созулду. Биз көйгөйлөрдөн кеттик деп эсептеген менен, ички кыйналуубуз улана берди. Биз рухтагы кубанычты сезбей жаттык. Биз кандай болсок, ошол бойдон эле кала тургандай коркунучка чырмалдык. Биз кылган нерселердин баары эле аргасыздан кылгандай сезилип, табийгый эместей көрүнүп жатты. Биз Рухтун ыргагына кире албай жаттык. Эми жаңы кайтаруучу жана анын аялы менен болгон мамилебиз да абдан чыңалып баштады.

Акыр аягында мен, өзүбүздүн мурдагы жыйынга кетишибиз керектигин сездим. Сыртынан караганда биз башка жерде көбүрөөк кабыл алынып жана сүйүктүүлөрдөй болчудай болгон менен, ушундай кылгандан кийин гана дароо эле эми Кудайдын эркинде тургандыгыбызды сездим.

Андан кийин Кудай: “Джон, Мен эч качан сага бул жыйындан кет деп айткан эмесмин. Сен ал жерден өзүңдүн таарынычың үчүн кеттиң!”- деди.

Келишпестиктерде башка кайтаруучу жана анын аялы эмес, бирок, биз өзүбүз күнөөлүүбүз. Алар бизди түшүнүштү жана ошол эле суроону өз жүрөктөрүндө да чечүүгө аракеттенип жатышты. Силер Кудайдын эркинде болбогон кезиңерде, бата боло албайсыңар же бир да жыйынга жардам бере албайсыңар. Кудайдын эркинде болбогон кезиңерде, ал тургай эң жакшы мамилелер да узаак жана чыңалгандай боло берет. Биз аялым экөөбүз ошол кезде Кудайдын эркинен чыгып кеткен экенбиз.

Таарынган адамдар кырдаалдарга сырттан гана туура болгондой таасирленишет, бирок, Кудай дем бербеген. Биз жеке эмоцияларыбызда кайнаш үчүн эмес, аракеттениш үчүн жаралганбыз.

Эгерде биз Кудайга тил алчаак болсок жана Аны издеп жатсак, Ал бизге сүйлөбөй жатса, жооптун кандай экендигин билесиңерби? Ал бизге мындай деп жаткан болушу мүмкүн: “Сен азыр кайсыл жерде болсоң, ошол жерде кал. Эч нерсе өзгөртпө”. Көбүнчө биз басымдын астында турганда, жеңилденишибиз үчүн, Кудайдын Сөзүн издейбиз. Бирок, Кудай бизди жок кылыш үчүн эмес, биздин тазаланып, бекемделип жана жеткилең болуп калышыбыз үчүн, ошол эле жерде калтыра берет.

Бир айдын ичинде мага биринчи жыйынымдын кайтаруучусу менен жолугууга туура келди. Мен өзүмдүн сындагандыгым жана козголоңум үчүн тобо кылдым. Ал мени кең пейилдик менен кечирди. Ал экөөбүздүн мамилелерибиз бекемделди жана менин жүрөгүмө кубаныч кайтып келди. Мен кайрадан кайтаруучунун насааттарынан акыл-насаат ала баштадым жана узак убакытка чейин ушул жыйында калдым.

## ОТУРГУЗУЛГАНДАР ГҮЛДӨЙТ

Библия Забурда (91:14) минтип айтат: “Теңирдин үйүнө отургузулгандар Кудайыбыздын короосунда гүлдөшөт”. Байкасаңар, Теңирдин үйүндө “отургузулгандар” гүлдөйт. Көчөттү ар бир үч жумада эле көчүрө берсе эмне болот? Көпчүлүгү эле билгендей, анын тамырлары ооруп калат да, кичирейип, анан жакшы өсө албай калат. Эгерде көчөттү дагы да көчүрүп отургуза берсеңер, анда өлүп калат!

Көптөгөн адамдар өзүлөрүнүн кызматын жеткилеңдикке жеткирүү үчүн жыйындан-жыйынга, бир кызматтан экинчи кызматка өтө беришет. Эгерде Кудай аларды кабыл албаган жана шыктандырбаган жакка коюп коё турган болсо, анда алар таарынып калышат. Эгерде алар бир нерсе менен макул болушпаса, анда кетип калышат. Алар өзүлөрүнүн жеке мүнөзүндөгү кемчилдиктерди көрүшпөйт, аларды Кудай ошол баштан кечирип жаткан басымдар аркылуу тазалап жана жеткилеңдикке жетелеп жаткандыгын моюнга алышпайт.

Келгиле, Кудай бизге көчөттөр жана дарактар аркылуу көрсөтүп жаткан мисалдардан үйрөнөлү. Мөмө байлай турган дарактар жерге отургузулганда, ал жаанга, бороонго, куйкалаган күнгө жана шамалга дуушар болот.

Эгерде жаш дарактар сүйлөй ала турган болсо, анда алар минтип айтышса керектир эле: "Мени бул жактан алып салгылачы, суранам! Мени бул ысык аптап, шамал, бороондоор болбогон жерге отургузуп койгулачы!"

Эгерде багбан дарактын тилин алганда, ал чынында эле ага зыян келтирип коймок. Дарактар ысык күндү же катуу шамалды көрө турган болсо, ошондо ал тамырын терең жаят. Алар кабылган кыйынчылыктардын баарысы, акыр аягында алар үчүн чоң туруктуулук болуп калат. Айланадагылардын жана жаратылыштын катуулугу аларды башка булактарды издөөгө мажбурлайт. Ушундай күндөр келет анан, эң бир катуу добул-шамалдар да алардын мөмө алып келүү жөндөмдүүлүгүнө тоскоолдук кыла албай калат.

Мен цитрустук борбор болгон Флоридада жашайм. Флорида жашагандардын көпчүлүгү кыш канчалык суук болсо, апельсиндер ошончолук таттуураак болоорун билишет. Эгерде биз рухий карама-каршылыктардан тездик менен качууга аракеттенбеген болсок, биздин тамырларыбыз да күчтүү болуп жана тереңирээк өсүүгө мүмкүнчүлүк болмок жана биздин мөмөлөрүбүз да Кудайдын көз алдында мол жана жагымдуу болуп, ошондой эле Анын эли үчүн да бир топ татымдуу, даамдуу болмок! Биз мөмөсү жоктугунан четке кагылган даракка окшобой, Теңир тамшанган жана жеткилең дарактар болмокпуз (Лука 13:6-9ду карагыла). Биз Теңир атайын биздин руханий жактан жетилишибиз үчүн жиберип жаткан нерселерге каршылык кылбашыбыз керек.

Ыйык Рух менен дем берилген, забурчу Дөөт таарыныч менен Кудайдын мыйзамынын жана биздин рухий өсүшүбүздүн ортосунда канчалык күчтүү байланыш бар экендигин көргөздү. Ал биринчи Забурда минтип жазган:

> “Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында отурбаган адам бактылуу. Ал Кудайдын мыйзамынан кубаныч алат, Анын мыйзамы тууралуу күнү-түнү ойлонот (Забур. 1:1, 2)

Андан кийин Забурда (118:165) ал Кудайдын мыйзамдарын сүйгөн адамдар жөнүндө дагы бир аян-ачылышты берди:

Сенин мыйзамыңды сүйгөндөрдүн тынчтыгы зор, аларга бөгөт жок.*

Биринчи Забурдун үчүнчү аятында ошондой адамдын тагдыры тууралуу сүрөттөлөт:

> “Ошондо ал суу боюна отургузулган, мөмөсүн өз маалында берген, жалбырагы соолубаган дарактай болот. Ал эмне иш кылбасын, бардык ишинде ийгиликке жетишет” (Забур 1:3).

Башкача айтканда, кыйынчылыкка дуушар болгон ишенгендер Кудайдын Сөзүнөн ырахат алышат, ар кандай таарынычтан жана аларды чалынта турган нерседен качышат. Бул адам тамырларын терең жайган дарактай болот, ал жакка Рух күч жана азык берип турат. Ал өз рухунун тереңине Кудайдын булагынан сузуп алат. Бул аны бекемдейт жана ал ушундай бир жеткилеңдикке жетип, жемиш алып келе баштайт. Аллилуя!

Эми себүүчү жөнүндөгү үлгү-насаат аңгеменин маңызына Ыйса менен бирге тереңдеп көрөлү.

> Кээ бир адамдар таштак жерге түшкөн үрөнгө окшош: алар сөздү угар замат кубанып кабыл алышат. Бирок терең тамырлай албагандыктан, туруксуз болушат. Сөз үчүн кысымга алып, куугунтукташканда, дароо баш тартып кетишет (Марк 4:16, 17).

Силерге Кудай тарабынан тандалып берилген орунду

* Аларды эч ким таарынтып же азгыра албайт – Англ. котормо.

таштап кетериңер менен, силердин тамырыңардагы система өсүүнү токтотот. Эмки жолу силер үчүн жагымсыздыктан качуу дагы да жеңилирээк болот, анткени силер өз тамырыңарды жерге терең киргизбөөгө абдан аркеттендиңер. Акыр-аягында силер ушундай бир абалга келесиңер, кайгы менен куугунтукту баштан кечиргенге силерде такыр күчүңөр калбай калат.

Анан силер коркунучтун айынан, бир оруңдан бир орунга улам көчө берген, башкалар да силер менен жаман мамиледе болуп койбосун деген шектенүү менен рухий тентимиш болуп каласыңар. Силер анда өзүңөрдүн өзүмчүл жашооңорго чырмалып аласыңар, башка машайакчылардын түшүмдөрүнөн калган нерселер менен гана азыктанган, чыныгы рухий түшүм алып келе албаган жөндөмсүзгө айланып каласыңар.

Адамдын биринчи уулдары Кабыл менен Абылга карап көргүлө. Кабыл Теңирге өз колдорунун эммгегинин түшүмдөрү болгон жердин жемишинен алып келген. Бул түшүм көптөгөн эмгек менен өстүрүлгөн. Ага жерди таштардан, отоо чөптөрдөн жана тикенектерден тазалоого туура келген. Жерди чаап жана. жумшартууга туура келген. Отургузуп-сээп, сугарып, өз түшүмдөрүн коргоп, семирткичтер менен камсыз кылган. Ал Кудайга кызмат кылуу менен, толтура күч сарптаган. Бирок, мунун баары Кудайдын эркине тил алчаак болуу эмес, курмандык жөнүндөгү анын жеке түшүнүгү болгон. Бул - Кудайга Анын ырайымы менен эмес, өзүнүн күчү жана жөндөмдүүлүктөрү менен кызмат кылуу дегенге жатат.

Абыл болсо тескерисинче, тил алчаактык менен курмандык алып келген: ал өзүнүн короосундагы төлдөн тандалганын алып келген. Ал бул козуну өстүрүүгө Кабыл сыяктуу эмгектеген жок, бирок, бул жаныбар ал үчүн кымбат болчу. Эки бир тууган тең атасынан да, апасынан да, алар бир кезде өзүлөрүнүн жылаңачтыгын жабыш үчүн болбогон жалбырактарды тагынышканын угушкан эле, бул өзүлөрүнүн жеке иштери менен күнөөлөрүн жабуунун аракети болгон. Бирок, Кудай Адам менен Обонун жылаңачтыгын күнөөсүз жаныбардын

териси менен жапкан болчу. Буга чейин Адам менен Обо өз күнөөлөрүн кантип жабууну билишкен эмесэле. Аларга Кудайдын жолу көргөзүлгөндөн кийин, эми күнөөнү жапканга Ким жөндөмдүү экендигин түшүнүп калышкан. Алардын балдарына да ушул тиешелүү болчу.

Кабыл Кудайдын корсөтмөлөрүн карманбай туруп эле, Кудайдын алкоосуна ээ болгусу келген. Кудай ким Ага Анын ырайымынын негизинде келсе (Абылдын курмандыгы), ошону кабыл алаарын жана «жакшылык менен жамандыкты билдире турган» негизде келгендерди (Кабылдын динчил иштери) кабыл албай тургандыгын көргөздү. Анан кийин Кабылга түшүндүрдү, эгерде ал жакшылык кыла турган болсо - ал кабыл алынат, бирок жамандыкты тандап ала турган болсо – анда күнөө аны жок кылат.

Кабыл Теңирге таарынды. Тобо кылып, өз жашоосун өзгөртүүнүн ордуна, ал Абылга ачууланып жана таарынды. Алары Кудайга багытталган эле жана Абылды өлтүрүп койду. Кудай Кабылды каргады:

> “Ошондуктан эми сага бир тууганыңдын канын сенин колуңдан кабыл алууга оозун ачкан жердин каргышы тиет. Мындан ары жер иштеткениңде, ал сага өз күчүн бербейт. Жер бетинде куулуп, тентип жүргөн адам болосуң»” (Башталыш 4:11, 12).

Кудайдан четке кагылуу... Кабыл баарынан көбүрөөк корккон нерсе, анын өзүнүн күнөөсүнүн айынан ишке ашты. Кудайдын колдоосуна ээ боло турган Кудайдын жери эми каргышка калды. Эми жер ага мындан ары өз күчүн бербеши керек болчу. Эми түшүм зор күч жумшоонун гана айынан келет.

Таарынган машайакчылар да ушинтип өзүлөрүнүн түшүм алып келүүгө болгон жеке жөндөмдүүлүктөрүн жоготуп алышат. Себүүчү жөнүндөгү үлгүлүү аңгемеде Ыйса жүрөктү топуракка салыштырат. Кабылдын жери кантип түшүмсүз болуп калган болсо, таарынган жүрөк да ачуу-ыза менен ууланып,

түшүмсүз болуп калат. Таарынган адамдар да мурдагыдай эле жашоосунда кереметтерди, пайгамбарчылыкты, күчтүү насааттарды жана айыгууларды баштан өткөрө берет. Бирок, мунун баары түшүм болуп эсептелбейт, Рухтун белектери гана болуп эсептелет. Биз жөндөмдүүлүктөр боюнча эмес, түшүмдөрүбүз боюнча соттолобуз. Жөндөмдүүлүк берилет, ал эми түшүмболсо айдалат жана өсүп чыгат.

Байкасанар, Кудай Кабыл өзүнүн аракеттеринин натыйжасында куулган адам болуп калат деген. Бүгүнкү күндө биздин жыйындарда көптөгөн руханий качкындар, куулгандар жана тентимиштер бар. Алардын ырдоо, насаат кылуу, пайгамбарчылык кылуу жана башка жөндөмдүүлүктөрү мурдагы жыйындын лидерлери тарабынан кабыл алынган эмес, ошондуктан алар ал жактан кетип калышкан. Бул адамдар максатсыз эле тентиреп жүрүшөт, өзүлөрүнө таарынычты катып алып, алардын жөндөмдүүлүктөрүн кабыл ала турган, жарааттарын айыктыра турган, жеткилең жыйын издеп жүрүшөт.

Алар өзүлөрүн жараланган жана куугунтукталган деп сезишет. Алар азыркы күндүн Жеремияларыбыз деп ойлошот. “Алар жана Кудай” гана бар, калгандарынын баары алардын жок болушун гана каалашат деп түшүнүшөт. Алар үйрөнгөнгө жөндөмсүз болуп калышат. Аларда мен айткандай, “аңдуу комплекси” пайда болот: бардык адамдар мени аңдып жүрүшөт деп сезишет. Алар ыйыкмын же Кудайдын пайгамбарымын, бардык адамдар мени куугунтуктап жатышат деп өзүлөрүн сооротушат. Ар бир адамга алар шектенүү менен карашат. Бул Кабыл менен болуп өткөн нерсе. Анын эмне дегенин карап көрсөңөр:

> Мен эми Сенин жүзүңдөн жашынып, жер бетинде куулуп, тентип жүргөн адам болом, мага ким жолукса да, ал мени өлтүрөт (Башталыш 4:14).

Көрдүңөрбү, Кабылда “аңдуунун комплекси” болгон: аны баардык адамдар эле куугунтуктап жаткандай сезилген. Бүгүнкү күндө да ошондой эле болуп жатат. Таарынган адамдар

баары эле алардын артынан аңдып жүрүшөт деп ойлошот. Алар ушундай абалда туруп алышкадыктан, өз жашоосунда өзгөрүлө турган нерселерди көрүүдө кыйналып жатышат. Алар жабылып алышат дагы, анан айланадагылардын ага жаман мамиле кылышына өзүлөрү себепчи болушат.

> Өз дегенин бербеген адам өз каалаганын кылгысы келет, бардык туура нерсеге каршы чыгат (Накыл сөздөр 18:1).

Кудай бизди башкалардан көз каранды болбостон, толугу менен өзүнчө бөлүнүп жашоо үчүн жараткан эмес. Ага качан Анын балдары бири-бирине кам көрүп, ынтымак болуп турганда жагат. Качан биз тултуюп, ачууланып, өзүбүздү өзүбүз аяп, биздин бактысыз болушубузга башкалардын баары күнөөкөр дегенибизде, Теңирдин көңүлү ооруйт. Ал бизди Анын үй-бүлөсүнүн активдүү мүчөлөрү болушубузду каалайт. Биз өмүрүбүздү Андан сузуп алышыбызды каалайт. Бирок, башкача адам болууну каалабаган адамдар, өзүнүн каалоосун издейт, эч кимдин кеңешин уккусу келбейт жана азгырыкка ачык болуп калат.

Мен качан Кудай адамды эс алуу үчүн жана Сөздө бекемделүү үчүн өзүнчө бөлүнүүгө чакырган мезгил тууралуу айткан жокмун. Мен өзүн өзү түрмөгө салып алган адамдар тууралуу айтып жатам. Алар өз дүйнөлөрүнө камалып алып, улам бир мамилелерди бузуп, жыйындан жыйынга тентип жүрүшөт. Алар өзү менен макулдаша албаган адамдардын баарын туура эмес деп эсептешет дагы, аларга каршы көз караштa туруп алышат. Алар ошентип бөлүнүп алуу менен гана өзүлөрүн коопсуздуктабыз деп сезишет да, айланадагыларды контролдой беришет. Өзүлөрүнүн мүнөзүндөгү кемчилдиктерди карап, талдап көргүлөрү келбейт. Кыйынчылыктар менен бетме-бет келип, аларды жеңип чыкмайынча, тескерисинче алар сыноолордон качышат. Мүнөздөрү келишпестик кырдаалдарда гана өсүп, ал таарынычтын жаңы циклы башталганда гана токтойт.

Адатта күнөө
башка бирөөлөргө
жүктөлгөндүктөн,
таарыныч жеке мүнөздөгү
кемчилдиктерди көрүүгө
жол бербейт.

# 6

# ЧЫНДЫКТАН ЖАШЫРЫНУУ МЕНЕН

*... дайыма үйрөнгөнү менен, эч качан чындыкты таанып биле албаган аялдарды азгырган адамдар кирет.*

**– 2 Тиметей 3:7**

Менден көбүнчө минтип сурашат: "Качан мен жыйынды же кызматты ташташым керек? Мен ошону жасоом үчүн канчалык жаман болушу керек?"

Мен минтип жооп берем: «А азыр барып жаткан жыйынга силерди ким жиберди эле?»

Мага негизинен минтип жооп кайтарышат: «Кудай». Ошондо мен: «Эгерде силерди Кудай жиберген болсо, анда Кудай ошондой кылууну буйрумайынча, кетпегиле» дейм. Эгерде Кудай эч нерсе дебей жаткан болсо, анда Ал Өзүнүн унчукпоосу

менен силерге: «Эч нерсени өзгөртпө. Кетпе. Мен сени кайсыл жерге койгон болсом, ошол жерде кала бер!» деп жаткан болот. Эгерде жыйындан кетүүнү силерге Кудай буйруп жаткан болсо, анда ал кандай жыйын болгондугуна карабастан, силер ал жактан тынчтык менен кетесиңер.

Ошентип, силер ал жактан кубанып, узатылып чыгасыңар... (Ышайа 55:12).

Ошондой болгондо силердин жыйындан чыгышыңар аракеттерге же болбосо, башка бирөөлөрдүн иштерине негизделбестен, Ыйык Рухтун жетекчилигинин алдында болгон болот. Мурдагы кызматты калтыруу силердин сезимдериңерге негизделбеши керек.

Ишенгендер жыйынды таарынычтын же айыптоонун натыйжасында калтыруусу, бул Кудайдын эрки эмес. Эгерде ошондой кыла турган болсок, анда Анын жетекчилигинин астында эмес, кырдаалдын таасиринин астында иш кылып жаткан болобуз. Римдиктерге жазылган Катта (8:14) минтип жазылат: “Анткени, Кудайдын Рухунун жетеги менен жүргөндөрдүн баары – Кудайдын балдары”. Байкагыла, бул жерде: «Анткени, кыйын кырдаалдарга таасирленгендер Кудайдын балдары» деп жаткан жок.

Жаңы Келишимдеги колдонулуп жүргөн “уул” деген сөз дээрлик бардык эле учурда гректик эки сөзгө ылайык келет: текнон жана хьюос деген. Текнон деген сөзгө мындай аныктама берүүгө болот: туулгандыгы тууралуу чындап эле уулу болгон.

Менин биринчи уулум Эдисон төрөлгөн кезде, ал менден жана менин аялымдан келип чыккандыгы үчүн гана Джон Бивердин баласы болуп калган. Ал төрөт үйүндө башка наристелердин арасында жатканда, силер аны менин уулум катары айырмалай алмак эмессиңер. Менин досторум жана туугандарым да төрөт үйүнө келгенде, анын керебетине бекитилген бирканы көрмөйүнчө, аны көп наристенин ичинен тааный алышмак эмес. Башкалардан аны айырмалаган анда эч

нерсеси жок болчу. Эдисон мындай учурда Джон менен Лиза Биверлердин текнону болчу.

Текнон деген сөз Римдиктерде (8:15,16да) колдонулганын биз көрүп турабыз. Ал жерде биз бала кылып алуу рухун кабыл алгандан кийин, "Ошол Рух биздин рухубузга, биз – Кудайдын балдары *(текнон)* экендигибизди айтып турат. Качан адам Ыйса Машайакты Теңири катары кабыл алганда, ал жаңы төрөлгөн, жогорудан төрөлгөн далил боюнча Кудайдын баласы болуп калат (Жакан 1:12ни карагыла).

Жаңы Келишимдеги "уул" деп которулган экинчи сөз – бул хьюос. Ал Жаңы Келишимде бала катары тааный турган адамды сүрөттөө үчүн көп жолу колдонулат, анткени ал өзүнүн ата-энесинин мүнөздөрүн чагылдырып турат.

Менин уулум Эдисон чоңойду, ал өзүн атасына окшош катары алып жүрө баштады. Качан уулум алты жашка чыкканда, биз аны ата-энебизге калтырып, аялым экөөбүз иштер менен бир жакка кеттик. Анан менин апам аялыма – Эдисон атасынын эле өзү деп айтыптыр. Мүнөзү боюнча ал менин ошол курактагы кезиме абдан окшош болчу. Ал чоңойгон кезде, атасына ого бетер окшош болуп калды. Эми аны бир гана төрөлгөндөгү далил үчүн гана Джон Бивердин баласы дебестен, мүнөз, жүрүм-турумуна карап да, Джон Бивердин баласы деп тааный алышат.

Жөнөкөйлөштүрүп айта турган болсок, анда текнон деген грек сөзү наристени түшүндүрөт, же жетиле элек балдар дегенди түшүндүрөт, хьюос деген жетилген уулдарды сүрөттөөдө колдонулат.

Келгиле, Римдиктерде эмне деп айтылганын дагы бир жолу карап көрөлү (8:14): "Анткени Кудайдын Рухунун жетеги менен жүргөндөрдүн баары – Кудайдын балдары". Биз так ошол жетилген уулдар Кудайдын Рухунун жетегинде жүргөндүгүн ачык көрсөк болот. Жетиле элек машайакчылар Кудайдын Рухун толугу менен ээрчий алышпайт. Көпчүлүк учурда алар эмоционалдык

жана интеллектуалдык жактан, дуушар болгон кырдаалга жараша таасирленишет. Алар азырынча бир гана Кудайдын Рухунун жетекчилиги менен аракеттенгенге көнүшө элек.

Чоңойгон сайын, Эдисондун мүнөзү да өсүп-өнүгө баштайт. Ал улам жетилген сайын, мен ага чоңураак жоопкерчиликтерди жүктөй баштайм. Эгерде ал жетилбеген бойдон калса, абдан жаман болот. Кудайдын эрки - биздин наристе бойдон калышыбыз эмес.

Менин уулум Эдисондун мүнөзүнүн өсүп-калыптанышынын бир жолу – анын кыйынчылык кырдаалдарга туш келүүсү менен түшүндүрүлөт. Ал мектепке бара баштаганда бир нече «кордогучтарга" кезигип калды. Мен бул орой балдар менин балама бир нерсе кылып же бир нерсе дешкенин угуп калдым, анан аларга барып сүйлөшкүм келди. Бирок, мен бул туура эмес болот деп ойлодум, менин кийлигишүүм Эдисондун өсүшүнө тоскоолдук кылмак. Ошондуктан, биз аялым экөөбүз ага үйдөн кеңеш берип, аны мектептеги куугунтукка даярдап жаттык. Анын мүнөзү биздин кеңешибизге жана азаптарга байланыштуу бекемделе баштады.

Бул Кудай биз менен кылгандай. Библия минтип айтат: "Ал (Ыйса) Кудайдын Уулу (хьюос), болгонуна карабастан, азап чегүү аркылуу моюн сунууга үйрөндү" (Эврейлерге 5:8).

Физикалык маселелер – бул убакыттын маселеси. Бир дагы эки жашар баланын боюнун узундугу 180 см болбойт. Интеллектуалдык өсүү болсо окуп-үйрөнүүнүн процессинде болот. Бирок, руханий маселе убакыттын же окуп-үйрөнүүнүн маселеси болуп эсептелбейт, бул – моюн сунуунун маселеси. Эми болсо, Петр эмне дегенине көңүл буруп көргүлө:

> Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт (1 Петр 4:1).

Күнөө кылганды токтоткон адам, Кудайдын тил алчаак

баласы болуп эсептелет. Бул жетилген адам. Ал өзүнүн эмес, Кудайдын жолун тандайт. Ыйса да башынан өткөргөн азаптары аркылуу моюн сунгандай, биз дагы оор кырдаалдар аркылуу тил алчаак болууга үйрөнөбүз. Биз Кудайдын Сөзүнө баш ие турган болсок, анда келишпестиктер жана азаптар келген маалда өсөбүз жана жеткилеңдикке ээ болобуз. Жазууну билип коюу рухий өсүүнүн ачкычы болуп эсептелбейт. Ачкыч – бул тил алчаактык.

Эми биз жыйында кээ бир адамдар эмне үчүн ондогон жылдар бою машайакчы болуп жүрүшүп деле, Библиядан аяттарды, ал тургай бүтүндөй бир бөлүмдү жатка айта алса деле, миңдеген насааттарды угуп жана көптөгөн китептерди окуп чыкса деле, бирок, баягыдай эле рухий жалаякта жүрүшкөнүн түшүнөбүз. Ар дайым алар кыйынчылык кырдаалдарга дуушар болгон сайын, Кудайдын Рухунун жетекчилигинде жүргөндүн ордуна, өзүлөрүн өз аракеттери менен коргогулары келишет. Алар дайыма окуй беришет, бирок, чындыкты таанып-билүүгө жетишпейт (2 Тиметей 3:7). Алар чындыкты таанып-билүүгө келе алышпагандыгы, анткени, алган билимдерин өз жашоолорунда колдоно алышпайт. Эгерде силер өскүңөр келсе жана жетилген куракка жеткиңер келсе, анда жашооңордо чындыкка толук эркиндик бергиле. Ага акылыңарда макул болуп коюу эле жетишпейт, ага тил алчаак болуу керек. Эгерде биз окууну канчалык уланта турган болсок дагы, ага тил алчаак болбосок, эч качан жеткилең боло албайбыз.

## ӨЗҮН САКТОО

Адатта, тил албастык аркылуу ишке ашкан өзүн өзү актоо таарынычтын айынан ишке ашат. Таарынычты сиңирүү – демек, өзүн өзү коргоонун калп сезими. Ал өзүңөрдүн жеке мүнөзүңөрдөгү жетишпестиктериңерди көрүүгө жол бербейт, анткени ал силерди айыпты башка бирөөгө жүктөөгө мажбурлап турат. Андайда силерге өзүңөрдүн жүрүм-турумуңарга, жетиле

электигиңерге же күнөөңөргө карап кереги жок, анткени силер өзүңөрдү таарынткан адамыңардын кемчилдигин гана көрүп турасыңар. Кудайдын келишпестикти жок кылып, силердин мүнөзүңөрдү өстүрөйүн, оңдоп-түздөйүн деген аракети силер тараптан талкаланып калат. Таарынган адам таарынычтын булагынан качат жана акыр-аягында рухий качкын-тентимиш болуп калат.

Жакында эле бир аял өзүнүн жыйындан кетип калып, башка жыйынга бара баштаган бир курбусу тууралуу айтып берди. Ал жаңы кайтаруучуну өзүнө түштөнүүгө чакырыптыр. Маектешүү учурунда кайтаруучу андан эмнеге жыйындан кетип калганы тууралуу сураптыр. Аял ага мурдагы жыйында болгон бардык көйгөйлөр тууралуу айтып бериптир.

Кайтаруучу аны угуп жана сооротууга аракеттениптир. Мен өз тажрыйбамдан билгендей, ал кайтаруучу аялды Кудайдын Сөздөрүн колдонуу аркылуу өз айыптолорун жана таарынычытарын карап чыгууга чакырса болмок. Балким, кайтаруучу ага мурдакы жыйынына эле барып, аны Кудай тынчтык менен жибермейинче кетпеши тууралуу кеңеш берсе болмок.

Качан Кудай силерди тынчтык менен алып чыгып кеткенде, силер өзүңөрдүн кетүүңөрдү актап убара болбойсуңар. Ошондо силерди мурдакы жыйында болгон көйгөйлөрдү сындап жана айыптоого эч нерсе мажбурлабай калат, силер андай басымдын алдында болбой каласыңар. Бул аял бир нече убакыт өткөндөн кийин бул кайтаруучуну да мурдагы жетекчиликтей эле кабыл алып каларын билем. Жүрөгүбүзгө таарынчты сактап алып, биз баарын ал аркылуу өткөрө баштайбыз.

Бир эски үлгүлүү аңгеме бар. Мурда көчмөндөр Түндүк Американын батыш тарабына жылып бара жаткан кездерде, бир акылман жаңы шаарлардын биринин кире бериш жериндеги дөбөдө туруп калат. Чыгыш тараптан да көчмөндөр келе башташканда, шаарга кирер алдында алар көргөн биринчи адам ушул акылман болгон экен. Алар бул шаарда кандай

адамдар жашайт деп сурай башташат.

Алардын суроосуна акылман өз суроосу менен жооп берет: “Силер азыр эле чыгып кеткен шаарда кандай адамдар жашашчу эле?”

Келгендер минтип жооп беришти: “Биз кетип калган шаар, тири-укмуш шаар болчу. Анда жашаган адамдар – абдан ушакчылар, айыпсыз адамга кыянаттык менен мамиле жасагандар болчу. Ал шаар жөн гана уурулар менен калпычыларга толуп калган”.

Акылман минтип айтат: “Бул шаар дагы так эле силер чыгып кеткен шаарга окшош”.

Алар аларды эми эле кутулган азаптары сыяктуу жамандыктан куткарганы үчүн ага ыраазычылыктарын билдиришип, андан ары батышты карай жолун улашат.

Анан келгиндердин дагы башка тобу келишет да, ошол эле суроону беришет: “Бул шаара кандай адамдар жашашат?”

Акылман кайрадан минтип сурайт: “Силер азыр эле чыгып кеткен шаарда кандай адамдар жашашчу эле?”

Адамдардын тобу минтип жооп беришет: “Ал керемет шаар болчу! Ал жакта кереметтүү адамдар бар! Ал жакта жакын досторубуз калган. Ар бир адам башкаларга жардам бергенге шашылып турушчу. Эч ким, эч нерсеге муктаж болчу эмес, аткени баары бири-бирине кам көрүп турушчу. Эгерде кимдир бирөөдө кыйынчылыктар туулуп кала турган болсо, бүткүл коом жардам беришчү. Бизге ал жакты таштап кетүү кыйынга турду, бирок, пионер болуп келүү менен биз, келечек муундарга жол даярдагыбыз келди”.

Карыя акылман буларга да тигил топко айткандай эле жоопту айтат: “Бул шаар дагы так эле силер чыгып кеткен шаарга окшош”. Ал адамдар кубанып кетишти да: “Келгиле, ушул шаарга жайгашалы!” дешти.

Алар өзүлөрүнүн мурдакы мамилелерине кандай карашкан болсо, келечектеги мамилелерине деле ошондой карашат.

Жыйындан кантип кеткениңер, силердин кийинки жыйынга кантип кирериңерди аныктайт. Кандай мамилелер менен ажырашкан болсоңор, ошондой эле мамиле менен киресиңер. Ыйса Жакандан Жакшы Кабарда (20:23) айткандай: “Кимдин күнөөлөрүн кечирсеңер, ал кечирилет, ал эми кимдин күнөөлөрүн кечирбесеңер, ал кечирилбейт” .

Өзүбүзгө кечирбестик менен таарынычты сактап жүргөн кезибизде, биз күнөөнү башка адамдарга калтырабыз. Эгерде биз жыйын менен же кандайдыр бир адамдар менен таарыныч жана ачуу-ыза менен мамилелерибизди үзө турган болсок, анда башка жыйын жана башка адамдар менен деле ошол эле абалда мамилеге киребиз. Анан кайрадан көйгөйлөр чыкканда, биз мамилелерибизди оңой эле үзүп коёбуз. Биз жаңы мамилелердин натыйжасында пайда болгон жарааттар менен эле кездешпестен, бирок, мурдагы мамилелер менен да байланышта болобуз.

Статистикага ылайык, 60 – 65 пайыз адамдар өзүлөрүнүн экинчи никесинен да кайра эле ажырашат (бул маалымат Америкадагы үй-бүлө маселеси боюнча борбордон, Рокфорд Институтунан алынды, Иллинойс штаты). Адам өзүнүн биринчи никесинен кантип чыкса, экинчисине деле ошентип кирет. Анын өзүнүн биринчи жубайына карата болгон кечирбестиктери, экинчи жубайына карата деле сакталып калат. Башкаларды айыптаган адам бул келишпестиктеги өзүнүн ролуна сокур катары карайт, өз кемчилдиктерин көрбөйт. Баарынан да жаманы эми алардагы коркунучтун эки эсе көбөйүп кеткени.

Бул принцип бир гана нике менен ажырашууга тиешелүү эмес. Ал бардык мамилелерде эле боло турган нерсе. Биздин кызматка бир кызматчы келди, ал мурда башка кызматчы менен кызмат кылып, анан ага таарынып калган экен. Бирок, убакыт өтүп, аны Теңир биздин кызматта иштешүүгө чакырууну каалап жатканын түшүндүм. Мен ал өз таарынычынан кутулуу жолунда экендигине ишенип турдум.

Мен анын мурдагы башчысына чалып, аны өз штатыма

жумушка чакырып жатканым тууралуу айттым. Ал бул жакшы иш экендигин айтып, мени колдоду. Ал тигил адам биз менен иштей баштаганда толугу менен айыгат деп ишенди. Мен ал экөөнө тең алардын ортосундагы мамилелер айыксын деп сыйынаарымды айттым.

Ал адам биздин командага кошулаар менен дароо эле, көйгөйлөр башталды. Мен анын маселелерин талкууладым, бирок, ага убактылуу гана жеңилденүү алып келгендей болду. Ал өзүнүн мурдагы мамилелеринин чегинен чыга албагандай көрүнүп жатты. Алар анын артынан изине түшүп аңдып жүргөндөй болду. Ал ал тургай мени да, мурдагы лидердин эле кылганын кылып жатасың деп айыптай баштады. Мен тынчсыздана баштадым. Анткени, бул адамдын жыргалчылыгы мага анын жумушта жумушчу катары кылып берген нерселеринен да жогорураак турат эле. Мен мурда бир да жумушчума кылбаган жеңилдиктерди ал үчүн кылып берип жаттым – аткени, анын айыкканын көргүм келген.

Болгону эки гана ай өткөндөн кийин ал бошонуу тууралуу арыз жазды. Ал өзүн мурдагыдай эле абалда калгандай сезди. Кетип жатканда ал минтип айтты: “Джон, мен мындан ары эч качан кандайдыр бир машайакчылык кызматта иштебейм”.

Мен батамды берип жана анын кантип кетип жатканына карап турдум. Биз аны жана анын аялын сүйөбүз. Ал өзү эмнеге жаралган болсо, ошол нерсени таштап кетип жаткандыгы ушунчалык аянычтуу болгону менен, бул анын дагы башка жерде да ийгиликке жете албайт дегенди түшүндүрбөйт эле.

Мен ал кеткенден кийин тынчсызданууну сездим, ошондуктан Теңирди издей баштадым: “Биз экөөбүз тең бул жумуш анын туура, ылайык орду деп атканыбызда, эмне үчүн ал ушунчалык тез кетип калды?”

Бир нече жума өткөндөн кийин менин досумдун бир акылдуу кайтаруучусу аркылуу Теңир бул суроого жооп берди. “Эгерде алар өз жүрөгүндө келишпестиктерден качкысы келсе,

Кудай аларга Анын эрки боюнча, бир нече жолу келишпестик кырдаалдардан качууга мүмкүнчүлүк берет.”

Андан кийин ал Иезабелден качкан Илиясты мисалга келтирди (1 Падышачылык 18,19). Илияс ыплас өлкөгө бурканга табынуучулукту алып келген жана Иезабелдин дасторконунан тамактанган пайгамбарлар Билам менен Астартаны эми эле өлтүргөн болчу. Алардын өлүмү тууралуу уккан Иезабел бир сутканын ичинде Илиясты өлтүрөм деп коркуткан эле.

Кудай ага Илияс каршы турушун каалады, ал болсо андай кылууун ордуна качып кетти. Ал ушунчалык кейиште болгондуктан, өзүнө өлүм чакырды. Ал абдан коркунучта болгондуктан, Кудайдын тапшырмасын аткара алган жок. Кудай периштеге аны эки нан менен тоюндуруп жана ага кырк күн жана кырк түн Хорив тоолоруна качып кетүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Ал ошол жакка барганда Кудай баарынан мурда андан минтип сурады: “Сен бул жерде эмне кылып жатасың, Илияс?”

Кызыктай суроо! Теңир “Сен бул жерде эмне кылып жатасың?” деш үчүн гана жол азыгы менен Өзү аны камсыз кылды. Илияс оор кырдаалдан качып кетүүнү чечкенин Кудай билген. Башта муну ойлобогондугу менен, Ал ага качып кетүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Андан кийин Ал Илияска минтип айтты: “... «Кайра чөл аркылуу өз жолуң менен Дамаскка бар. Барганыңда, Сирияга Хазаелди падыша кылып майла. Ал эми Нимши уулу Жейуну Ысрайылга падыша кылып майла. Абел-Мекелалык Шапат уулу Элишаны болсо өзүңдүн ордуңа пайгамбар кылып майла (1 Падышачылык 19:15,16).

Элишанын жана Иоилдин кызматынын натыйжасында, Иезабел жана анын кылгандары жок кылынды (2 Падышачылык 9,10). Бул тапшрма Илияс аркылуу эмес, Кудай өзүнүн ордуна майлоого уруксат берген анын мураскорлору аркылуу аягына чыгарылган.

Тигил кайтаруучу мага минтип айткан эле: “Эгерде биз өз

жүрөктөрүбүздө кыйын кырдаалдардан өткүбүз келбесе дагы, бул Анын жеткилең эрки болбогонуна карабай, Кудай чынында эле бизди алардан бошотот”.

Кийинчерээк мен Сандар Китебинин 22-бөлүмүндөгү кырдаалды эстедим, ал жакта да ошол эле маани көрсөтүлөт. Билам ага сунушталган чоң сыйлык үчүн Ысрайылды каргашы керек болчу.

Ал биринчи жолу Теңирден ага барууга болобу деп сурап кайрылган болчу, анан Кудай Биламга алар менен барбастыгы Анын эрки экендигин көрсөткөн болчу. Мааптык төрөлөр ага дагы да көбүрөөк акча жана урмат менен келишкенде, Билам кайрадан Кудайга кайрылып сурайт. Эми Биламга көбүрөөк акча жана урмат көрсөтүүнү сунушташкандан кийин Кудай чечимдерин өзгөртсө керек деп ойлоонун өзү кандай гана акылсыздык! Бирок, бул жолу Кудай ага алар менен бара бер деп айтты.

Эмне үчүн Кудай Өзүнүн чечимин өзгөрттү?

Жооп мындай: Кудай эч качан Өз чечимин өзгөрткөн жок. Жөн гана Билам ушунчалык дегдеп алгандыктан, Кудай ага жол берип койду. Ал маап төрөлөрү менен акыры жөнөгөн кезде, Анын Биламга ачуусу келгендигининин себеби мына ушунда.

Биз кээде Ал бизге Өзүнүн эркин так ачып берсе дагы, Теңирди тажата беребиз. Акыры Ал бизге Анын эркине каршы келгендигине карабастан, ал биздин кызыкчылыгыбызга туура келбегендигине карабастан, биз каалаган нерсени кылууга уруксат берип коёт.

Көбүнчө Кудайдын ойлору бизди кордолгон жана бизге жакпаган мамилелерге дуушар болууга түртөт. Бирок, чын чынына келгенде бизди бекемдей турган нерселерден качабыз. Кордоолорду талкуулап чыгуулар бизди көйгөйдүн өзүнөн бошотпойт. Ал бизге убактылуу гана жеңилденүү берет. Ал эми, көйгөйдүн тамыры солкулдаган бойдон кала берет.

Менин өзүм жумушка алган адам менен болгон жеке тажрыйбам да мага сабак болду. Мурдагы мамилелерин ачуу-

ыза жана таарыныч менен үзгөн адам менен жакшы мамилени бекемдөө мүмкүн эмес. Айыгуу болуп өтүшү керек.

Ал жаш жигит мага дайыма өзүнүн мурдакы жетекчисин кечирдим деп аткан, бирок, чынында андай болгон эмес.

Сүйүү келечекке болгон үмүттү сактоо үчүн, бардык кордуктар менен таарынычтарды унутат.

Бир акылман досум мага кийинчерээк минтип айткан: "Бир байыркы макал бар: "Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет". Бүгүнкү күндө канчалаган адамдар аларды сергиленте турган муздак айрандан күйүп калабыз деп коркуп жүрүшөт, анткени алар сүткө ооздорун күйгүзүп алышкан, анан ошону кечире албай жүрүшөбү?"

Ыйса биздин жарааттарыбызды айыктыргысы келет. Бирок, көбүнчө бул жолдун кыйындыгынан улам, биз Ага жол бербейбиз. Бул рухий жеткилеңдикке жана айыгууга алып бара турган өзүнөн баш тарткан жана момундукту талап кылган жол. Биз ал адам бизге көп кайгыларды алып келгендигине карабастан, башка бирөөнүн жыргалчылыгын өзүбүздүкүнөн жогору койгонго чечим кабыл алышыбыз керек.

Текеберлер бул жол менен бара алышпайт, бирок, четке кагылууга тобокел кылып, тынчтыкты каалагандар гана ал жол менен жүрө алышат. Бул момундукка үйрөткөн сыноо. Бул өмүргө алып баруучу жол.

Кудайдын курчоосунда болгондо үйрөнгөн нерсебизди биз эмнеге адамдардын курчоосунда үйрөнө албайбыз.

# 7

# ИШЕНИМДҮҮ НЕГИЗ

***Ошондуктан Жаратуучу, Кудуреттүү Теңир минтип айткан: Теңир мындай дейт: «Мына, Мен негиз кылып Сионго таш коём, ал таш – сыналган, бурчка коюлуучу, кымбат баалуу, бекем орнотулган таш: ага ишенген адам уятка калбай».***

**– Ышайа 28:16.**

"Ага ишенгендердин көңүлү калбайт." Көңүлү калган адам туруксуз, анткени, анда керектүү негиздер жок. Мындай адам оңой эле олку-солку болуп жана аңдуунун, куугунтуктун жана каардуу сыноолордун шамалына учуп кетет. Келгиле, Шымон Петр менен эмне болгонун карап көрөлү.

Ыйса Филлипиялык Кейсария областына келди жана Өзүнүн

шакирттеринен сурады: “...Адамдар Мени, Адам Уулун, ким деп эсептешет?» - деп сурады” (Матай 16:13).

Бир нече шакирттер энтузиазм менен Машайак жөнүндөгү элдин оюн айткан. Ыйса алар бүткөнчө карап турду, анан аларга карап туруп, түз эле минтип сурады: “...А силер Мени ким деп ойлойсуңар?” (15-аят).

Жооп тууралуу ойлошкондо шакирттердин көпчүлүгүндө дүрбөлөң болуп, чоочушуп кеткендиктерине ишенип турам. Алар оозуларын ачып, унчукпай турушту. Башкалардын ойлорун кызуулук менен айтып жаткан адамдар, эми унчукпай калышты. Балким, алар эч качан бул суроого олуттуу жооп издеп көрүшпөгөндүр. Кандай болгон күндө да, алар азыр жооп бере албастыктарын моюнга алып турушту.

Ыйса эмнени кылса да, жакшы кылат! Анын суроосу шакирттерди толкундантты. Ал шакирттерин алар чындап билген жана билбеген нерсени моюнга алууга алып келди. Шакирттер Ыйсанын чындыгында эле ким экендиги тууралуу өз жүрөктөрү эмне дегенине карабай, башкалардын ойлоруна негизденип жашашкан. Алар ушул суроону өзүлөрүнө берип көргөн эмес.

Бул суроого жооп бере алган шакирт, жалгыз гана Ыйса Петр деп атаган Шымон болду. Ал: “...Сен – Тирүү Кудайдын Уулу Машайаксың” деп айтты (Матай 16:16). Ошондо Ыйса ага мындай деп жооп берди: “Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Бактылуусуң сен, Жунус уулу Шымон! Муну сага адам эмес, Асмандагы Атам ачып берди” (17-аят).

Ыйса Шымон Петрге анын аянынын булагын ачып берди. Ал бул билимди башка адамдардан алган жок, өзүнчө ойлонгон жок, бирок, ага Кудай Өзү ачып берди.

Шымон Петрдин Кудайдыкына болгон суусоосу эбегейсиз. Так ошол шакирт Ыйсага көптөгөн суроолорду берген. Калган он бир шакирт анын аракеттерине карап гана турган кезде, так ошол шакирт суу үстүндө баскан. Ал башка бирөөнүн ою менен жашагысы келбеген адам болгон! Ага бүт баарын Кудайдын Өзүнүн оозунан уккан жаккан.

Бул ачылыш Ыйсаны таанууда ага сезүү органдары аркылуу берилген эмес, ал ага Ыйык Рух менен ачылды. Ал анын жүрөгүндөгү рухий суусоону жарык кылгандай болду. Көпчүлүгү эле Шымон Петр көргөндү көргөн, бирок, алардын жүрөгүндө Кудайды таанууга болгон мындай суусоо жок болчу.

Жакандын биринчи катында (2:27) минтип айтылат: "Дегинкиси, Андан алган Рух силердин ичиңерде жашап жатат, ошондуктан силер кимдир бирөөнүн үйрөтүүсүнө муктаж эмессиңер. Силерге баарын үйрөтүп жаткан ал Рух – жалган эмес, чындык. Ал силерге эмнени үйрөтсө, ошону сактап жашагыла".

Бул майлоо Шымон Петрди үйрөткөн. Ал айланадагылардын баары эмне деп айткандыгын бүт угуп көрдү дагы, анан өзүнүн жүрөгүнө үңүлүп, ага Кудай эмне деп ачып жаткандыгына карады. Качан Кудайдын Өзү тарабынан ачылган билимге ээ болгонуңарда, силерди эч ким солкулдата албайт. Качан Кудай силерге бир нерсе дегенде, бүткүл дүйнөнүн эмне деп жатканы мааниге ээ болбой калат. Силердин жүрөгүңөрдү эч нерсе өзгөртө албайт.

Андан кийин Ыйса Шымон Петрге жана башка шакирттерине минтип айтты: "Мен да сага айтып коёюн, сен Петирсиң. Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө курам (б.а. Кудайдын Өзү берген аяндын үстүнө), аны өлүм да жеңе албайт" (Матай 16:18). Биз Ыйык Рухта ачылган Кудайдын Сөзүндө үмүттүү негиз бар экендигин ачык эле көрүп турабыз (мына ушул ачык-айкын кырдаалда, Петрге Ыйса – Кудайдын Уулу экендиги жөнүндөгү түшүнүк келген).

## СӨЗ АГАРТАТ, БИЛИМ БЕРЕТ

Мен насаат айткан кезимде көбүнчө бүткүл жыйынды жана кээ бир өзүнчө адамдарды мен аркылуу жаңырган Кудайдын үнүн угууга чакырам. Адатта, биз насаатты конспекти кылып

жатып, насаатчы айткан нерселерди гана жазып алабыз. Ушунун натыйжасында, биз Жазууну интеллектуалдык билим катары акылыбыз менен гана талкуулап калабыз.

Эгерде бир эле интеллектуалдык билимге ээ болсок, анда биз: - же апыртууга же эмоцияга тартылып кетебиз; - өзүбүздү өзүбүздүн интеллектибиз менен туткундап алабыз.

Бирок, бул эки вариант тең Ыйса Өзүнүн жыйынына куруп жаткан үмүттүү негиз болуп эсептелбейт. Ыйса Жыйын Библиядан жаттап алган аяттарга эмес, Ыйык Рухтагы аяндарга негизделет деп айткан.

Майланган кызматчынын насаатын угуп жатып же китепти окуп жатып, биз дайыма рухубузду жалындата турган бир сөздү издейбиз. Бул Кудайдын бизге ачып берген сөзү. Алар жарык жана рухий акыл-эс берет. Забурчу айткандай, “Сенин сөздөрүңдөн алган ачылыш көздү ачат, жөнөкөйлөргө акыл берет” (Забур 118:130). Анын сөзү биздин акылыбызга гана кирбей, аяндын жардамы аркылуу жүрөгүбүзгө кирген кезде гана, ал бизди агартат жана бизге айкындык берет.

Көбүнчө кызматчы бир темага карата сүйлөйт, ошол эле кезде Кудай менин жүрөгүмдө таптакыр башка нерсени көрсөтөт. Анткен менен, так ошол кызматчы айта турган сөздү менин жүрөгүмдөн да Кудай сүйлөтүп коюшу мүмкүн. Кудай ар кандай ыкмалар менен мага Рухтун аяндарын берет. Кудай бизди “жөнөкөйдөн” (акылмандыкка ээ эмес), рухий жеткилеңдерге (акыл-эске толгон) айлантат. Бул биздин жүрөгүбүздөгү жарык берген сөз Ыйса айткандай, Анын Жыйынын куруудагы негиз болот.

Ыйса Кудайдын аянын ташка окшоштурду. Таш деген туруктуулукту жана чепти түшүндүрөт. Ыйсанын эки үй тууралуу үлгүлүү аңгемесин эстегиле, анын бирөөсү таштын үстүнө, бирөөсү болсо кумдун үстүнө курулган болчу. Куугунтук, кайгы, азаптардын маалы келгенде, таштын үстүнө курулган үй кебелген эмес, ал эми кумдун үстүнө курулган үй кулап калган.

Кээде биз Кудайдан уга турган нерсебизди Библиядан таба

албайбыз. Мисалы, биз мындай суролорго Библиядан жооп таба албайбыз: так кимге үйлөнүү керек; биз кайсы жерде иштешибиз керек; биз кайсы жыйында болушубуз керек? Мындай суроолор өтө көп. Бул суроолор боюнча чечим кабыл алуу үчүн, биз Ыйык Рухтан болгон аяндарга ээ болушубуз керек. Кудайдан мындай сөз болмоюнча, биздин чечимдерибиз кумдун үстүнө курулгандай болот. Кудай бизге Ыйык Руху менен ачып берген нерсе, бизден эч качан алынбайт. Бул биз кылган бардык нерсенин негизи болууга тийиш. Мындай болбосо, биз катуу сыноолор жана кайгыруулар келгенде, жеңил эле азгырылып кетебиз.

Эстеп көрсөңөр, угуп жана кубаныч менен кабыл алынып, бирок, жүрөктө тамырлабаган сөз жөнүндө Ыйса эмне дегенин. Ал тамшануу жана эмоционалдк түрдө болгону акылда гана кабыл алынган.

> Кээ бир адамдар таштак жерге түшкөн үрөнгө окшош: алар сөздү угар замат кубанып кабыл алышат. Бирок терең тамырлай албагандыктан, туруксуз болушат. Сөз үчүн кысымга алып, куугунтукташканда, дароо баш тартып кетишет (Марк 4:16, 17).

Биз “тамыр” жана “негиз” деген сөздөрдү оңой эле алмаштырып коёбуз, анткени, алар экөө тең өсүмдүк же курулуш үчүн туруктуулукту жана бекемдикти түшүндүрөт. Туруктуу эмес адам, Кудайдан болгон аяндарга негизделбеген адам олку-солку болуп, азгырыктардын шамалына жана таарынычка туруштук бере албайт дагы, жашоонун толкунунда чайпалып жүрө берет. Көптөгөн адамдар дагы Ыйса Өзүнүн суроосун берген шакирттерге окшоп эле жүрүшөт. Алар башкалардан уккан күбөлүктөрүнө же башкалардан уккан насааттарына негизденип эле жүрүшөт. Башкалардын көз карашы жана ойлору алар тарабынан чындык сыяктуу кабыл алынат. Анан алар Ыйык Рухтун кеңешин жана жетекчилигин издешпейт. Биз Кудай жеке бизге гана ачып берген нерсени жарыялашыбыз

керек. Мына, Ыйса ушунун үстүнө Өз Жыйынын курат.

Бир кезде мени менен чогуу күйөөсү жок бир катчы кыз иштеген, ал бир жаш жигит менен жолугушуп жүрчү. Ал да биздин жыйында иштечү. Күн өткөн сайын алардын мамилеси уламдан улам жакын боло берди. Алардын мамилеси сөзсүз түрдө никеге алып келерин баары көрүп турду. Алар да бул маселени олуттуу түрдө талкуулап калышкан.

Бир жолу жекшемби күнү кечинде улуу кайтаруучу аларды чакырып алды да, минтип айтты: "Теңир ушунда дейт: силер экөөңөр үйлөнөсүңөр."

Кийинки күнү эрте менен менин катчым офиске ушунчалык кубангандыктан, жаркырап кирди. Ал менден аларга нике окуй аласызбы деп суранды, мен болсо, бул мен үчүн урмат экендигин билдирдим. Мен алдын ала алар менен маектешүү өткөрүшүм үчүн, бир убакытты белгиледим.

Бирок, жүрөгүмдө кандайдыр бир оордукту сезип турдум. Алар офиске кирген кезде менин рухум тынчсызданып жатты. Мен өзүмдүн секретарыма карап туруп, Кудай ага тандап көрсөтүп берген адам так ушулбу деп сурадым. Ал ушунчалык толкундануу жана ишеним менен: "Ооба!" деди.

Андан кийин мен ал жигитке карадым да: "Сен так ушул кызга үйлөнүшүң керектиги Кудайдын эрки экендигине ишенесиңби?" деп сурадым. Ал мага бир аз оозун ачып карап турду да, анан башын жерге салып жана андан кийин баш чайкай, бүткүл турпаты менен: "Жок, мен ишене албайм" дегенди билдирди.

Мен аларга карап турдум да жана жаш жигитке кайрылдым: "Мен силерди бириктире албайм. Силерге ким кандай пайгамбарчылык кылды жана эмне деп айтты, мага баары бир. Силерге канча адам: "Силер бири-бириңерге абдан дал келесиңер" деп айтканы да баары бир. Эгерде сенин жүрөгүңө Кудай Өз эркин ачып бербеген болсо, сен бул никеге турууга укугуң жок". Анан мен сөзүмдү минтип уланттым: "Эгерде

сен бул Кудайдын жеткилең эрки экендиги тууралуу аянга ээ болбой туруп үйлөнө турган болсоң, анда сага чабуулдар келет, алар албетте келет, ошондо анан сенде шек саноо менен суроолор пайда болот: “Эгерде мен башка кызга үйлөнсөм, кандай болоор эле? Балким, мындай көйгөйлөр болмок эмес? Мен бул үйлөнүү Кудайдын эрки экендигине бекем ишенишим керек болчу. Мен өзүмдү тузакка түшүп калгандай сезип жатам” деген сыяктуу.

Андайда сен өзүңдү ишенимсиз сезесиң да, никеңди талкалоочу көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга каршы тура албайсын. Сен өзүңүн бардык жолдоруңда бекем боло албаган эки ойлуу адам болуп каласың”.

Мен аларды жиберип ийдим да, кайра жолугуунун мааниси жок дедим. Ал жеңилденип калды. Кыз абдан кейиди. Кийинки жуманын ичинде биздин офистеги атмосфера абдан башкача болду. Бул ал кыз үчүн сыноо убактысы болду. Эгерде ага чын эле Кудай ошол жигит сенин күйөөң болот деген болсо, анда Ал ага да ачып берет. Теңирге ишенип, мага же Кудайга таарынып калбашы керек. Мен кызга андан бөлүнүп, ал жигитттин да жекече Кудайдан жооп алышына мүмкүнчүлүк бериши керектигин айттым. Ал кыз так ошодой кылды.

Үч жума өттү жана алар дагы бир жолугушууну белгилөөнү сураныштьı. Мен ичимден дароо эле кубанычты сездим. Бул жолу алар офиске кирген кездеринде ал жигит мага ушундай бир жаркыраган көз караш менен карап: “Мен кичине да шектенбестен, ушул кыз Кудай мага берген болочок аялым деп айта алам!” деди. Алар жети айдан кийин үйлөнүштү.

Качан силерге тигил же бул мамилени же белгилүү бир жыйынды Кудай бергенде, ал жактан силерди сууруп кетүү душманга бир топ кыйын болот. Силер Кудайдан болгон аянга таянасыңар жана бардык келишпестиктер аркылуу, мүмкүн эмес болгон нерсени жасап өтүп кетесиңер.

## ЭЧ КАНДАЙ БАШКА ВАРИАНТ ЖОК

Жубайлык жашоодогу алгачкы беш жыл мага да, менин аяым үчүн да укмуш болду. Биз бири-бирибизге ушунчалык жарааттарды жана кордоолорду алып келип жаттык, бизде бир кезде болгон назик мамилелер менен сүйүү да аны сактай албай тургандай эле.

Бизди кармап турган бир гана нерсе бар эле, биздин никебеизди Кудай кургандыгын экөөбүз тең билет элек. Ошондуктан, биз ажырашууну көйгөйлөрдү чечүүнүн бир жолу катары эч качан эсептеген эмеспиз. Биздин бир гана чечимибиз - Ал бизди өзгөртөт жана айыктырат деп ишенүү эле. Бизге канчалык оор болсо да, экөөбүз тең өзүбүздү ошого арнаганбыз.

Кээде колду түшүрүүгө жана багынууга мажбур болгон кезимде, Кудай менин никеме карата мага берген жообун эстейм. Мен Кудайдын биздин союзга карата кургандарын жана максаттарын талкалап салгым келген жок.

Мага берилген Кудайдын убадалырынын бири, биз аялым экөөбүздүн биргеликте кызмат кылышыбыз эле. Мага Кудай ушул убаданы бергенде, минтип ойлогом: “Муну мага элестетүү абдан жеңил, анткени биз экөөбүздүн тең үстүбүздө кызматтагы иштер үчүн Анын колу болот”.

Мен экөөбүздүн жубайлык жашообуздагы бороон-чапкын болуп турган кездерде да, бул убаданы даана көрө албай турган кездерде да, андан баш тартууну чечкен жокмун. Табийгый үмүт болсо, биздин никебизге кирген уруш-жаңжалдын, текебердиктин айынан жоголуп кетти.

Ошентсе да, менин жүрөгүмдө табияттан тышкары болгон өмүр үрөнү кала берген болчу. Бул убада мага якорь же болбосо, оор учурдагы фундамент болуп калган.

Мунун баары Кудайдын бир гана биздин өз ара мамилелерибизди айыктырышы менен эле эмес, анын

мурдагыга караганда да бекемирээк болуп калышы менен бүттү. Бул келишпестик учурларда биз өстүк, бирибизди бирибиз кечирүү менен ал нерселерден сабак алдык. Эми биз экөөбүз биргеликте Теңирге кызмат кылып жатабыз. Мен өз аялымды өзүмдүн сүйүктүүм, досум деп гана эсептебейм, ошондой эле, мен башкаларга караганда да ишене ала турган кызматчы катары эсептейм.

Жубайлык жашообуздун алгачкы кездериндеги беш жыл ичиндеги кыйынчылыктарды эстеп, мен буларды мойнума алдым, көрсө: Кудай ар бирибиздин кемчилдиктерибизди моюнга алып, биздин өз ара мамилелерде аны жөн гана сыртка алып чыккан экен.

Мен бизди аял-күйөө кылып кошуусунан Кудайдын акылмандыгын көрдүм. Мен Лизаны көргөнгө чейин, абдан көңүлдөнүп, бир кезде өзүм үйлөнө турган кыз үчүн абдан сыйынчумун. Жакшы Кабар уккандан кийинки эле экинчи маанилүү нерсе мен үчүн ошол болчу. Мен жубайыма карата сыйынып жана аны мага Кудайдын гана тандап берүүсүн күтүп жаткан соң, менде башкаларда болуп жаткан көйгөйлөр болбойт деп ойлогом. О, анда кандай гана мен адашкан экем!

Кудай менин жүрөгүмө жага турган аялды тандап берген. Бирок, ал менде жетишерлик түрдө болгон, жетилбеген өзүмчүлдүктү ачып чыкты! Келишпестиктен ажырашуунун натыйжасында кутулуунун ордуна, же айыпты аялыма жүктөөнүн ордуна, мен өзүмдүн жеткилең эмес, өзүмчүлдүгүмдү “таарыныч” деген коргоонун астына жашырып жүрө бериптирмин. Биздин никебизге карата болгон Кудайдын ааны мени ушундай качанактыктан сактап калды.

Азыр мен бул бөлүмдөгү негизги ойдон бир аз алыстайын. Бул саптарды окуп жаткан кээ бир адамдар, балким, минтип ойлоп жаткандыр: “Мен үйлөнгөн кезде куткарыла элек болчумун” деп. Силерге Кудай айтып жатат”.

Ал эми үй-бүлө кургандарга мен эмес, Теңир мындай буйрук кылат: «Аял күйөөсү менен ажырашпасын. Эгерде ажыраша

турган болсо, кайра күйөөгө тийбесин, же күйөөсү менен жарашсын. Ал эми эркек аялын кетирбесин. ...Бир туугандар, ким кандай абалында чакырылса, Кудай алдында ошол абалында калсын (1 Корунттуктарга 7:10, 11, 24).

Ылайым никеге байланыштуу ушул сөздөр силердин жүрөгүңөрдө орноп калсын, силер таарыныч деген тузактын айынан олку-солку болбой, бирок, бекем бойдон калышыңар керек. Андан кийин никеңер үчүн Андан аян алыш үчүн Теңирди издегиле.

Силердин кээ бирлериңер, ал тургай ишенген болуп туруп деле, Кудайдын эрки боюнча үйлөнгөн эмессиңер. Кудай силердин никеңердеги батага кириш үчүн, силер никеге турганга чейин Анын кеңешине маани бербегениңер үчүн кечирим сурагыла, анан Ал силерди кечирет. Силер тараптан кылына турган экинчи каталык – ажырашуу – силерди адилеттикке алып келбестигине жүрөгүңөрдө ишенгиле. Таарынычтын айынан нике келишимин бузуу, көйгөйлөрдү чечүүгө карата жооп эмес. Ошондуктан да, никеңер үчүн Теңирдин Сөзүн издегиле.

## АСКА

Ыйык Рухтун аяндары аркылуу бизге берилген Кудайдын Сөзү биздин жашоо-турмушубузду куруу үчүн жана кызматтарыбыз үчүн аска сыяктуу болот. Көптөгөн жыйындар менен кызматтардагы адамдар кыска мөөнөттө алар мүчө болгон жерлери тууралуу мага көп айтып беришкен. Кудайдын балдары Кудайдын буйругунун жетегинде эмес, кыйынчылыктардын жетегинде жүргөндүктөрүн көргөндө, мен кыйналам. Алар аларга кандай гана жаман болгондугун жана алар менен кандай гана туура эмес кылышкандыгын тим эле апыртып сүрөттөшөт да, алардын ишеничи канчалык акталбагандыгын айтышат. Бирок, алардын ой жүгүртүүсү азгырык болуп эсептелет да, өзүлөрүнүн жеке кемчилдиктерин көрүүгө жол бербейт.

Алар өзүлөрүнүн кызматтагы же жыйындагы азыркы

абалдарын ”убактылуу” же “ мени Кудай азырынча койгон жер” деп айтышат. Ал тургай, бир кызматчынын минтип айтканын да уккам: “Мен бул жыйынга барымтага берилгем” деп. Алардын минтип айткандарынын себеби, эгерде кандайдыр бир кыйынчылык туулса эле, дароо качып кетиш үчүн калтырылган жылчык сыяктуу сезилет. Алар бир жерде тура алышпайт, аларда башка бекемирээк пайдубал да жок: шамалдар аларды кийинки портко оңой эле жеткирип коёт.

## БИЗ КАЙДА БАРЫШЫБЫЗ КЕРЕК?

Өзүнүн шакирттеринен Аны ким деп эсептешери тууралуу Ыйса сурагандыгы тууралуу мисалга кайтып келүү менен, биз Кудайдын эрки ага ачылып берилип жатканда, Шымон Петрде кантип бекемдик өсүп жаткандыгын көрө алабыз.

Шымон Петрге Ата ачып берген чындыктан кийин Ыйса минтип айткан: “Мен да сага айтып коёюн, сен Петирсиң. Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө курам, аны өлүм да жеңе албайт” (Матай 16:18).

Ыйса Шымонго жаңы ысым берди - Петр деген. Бул өтө маанилүү, ошондуктан Шымон деген ат “угуу” дегенди түшүндүрөт. “Петр деген ат (гректин петрос деген сөзү) “таш” дегенди түшүндүрөт. Ал Кудайдын Сөзүн уккан жана ошондуктан, ишенимде бекемделген. Аскага таштан салынган үй, ар кандай бороон-чапкынга туруштук берет.

Бул аяттагы “аска” деген сөз гректин таш петр деген сөзүнөн келип чыгып, “чоң – эбегейсиз таш” дегенди түшүндүрөт. Ыйса Шымон Петрге: эми Шымон үйдүн негизине коюла турган аскадай бекем деп айткан.

Кийинчерээк Петр өз Каттарында минтип жазган: “Өзүңөр да тирүү таштар катары өзүңөрдөн рухий үй тургузгула...” (1 Петр 2:5). Таш деген – бул чоң асканын кичинекей гана бөлүкчөсү. Кудайдын ачылышында ал чеп, бекемдик, күч дегенди өз ичине камтыйт жана аны кабыл алган адам түшүм алып келет. Бул адам Ким

Кудайдын Тирүү Сөздүн чеби болсо, Ошонун – Ыйса Машайактын чеби болуп калды.

Элчи Пабыл Корунттуктарга жазылган Биринчи Катта (3:11) жазып жаткандай: “Себеби эч ким салынган пайдубалдан бөлөк пайдубал сала албайт, ал пайдубал – Ыйса Машайак Өзү”. Качан биз Аны издеп жатканыбызда, Ал бизге ачылып берилет да, биз ишенимде бекемделебиз.

Ыйсанын жерде болгон акыркы күндөрүндө шакирттердин абалы татаалдашып кеткен. Динчил адамдар менен жүйүттөр Аны өлтүрүү ниетинде аңдып жүрүштү (Жакан 5616). Аны ээрчип жүргөн адамдарга ылайыктуудай болуп көрүнгөн кырдаал туулганда, алар Ыйсаны күч менен падыша кылууну каалашкан, ошондо Ал баш тартып, кетип калган (Жакан 6:15ти карагыла).

“Эмнеге Ал мындай кылды? –шакирттер ойлоно алышкан жок. – Бул Ал үчүн да, биз үчүн да реалдуу мүмкүнчүлүк болчу”. Аларды тынчсызданyу ээлеп алды. Абал опурталдуу болуп калган.

“Биз баарын курмандык кылып, ушул Кишинин артынан ээрчүү үчүн үйүбүздү, жумушубузду калтырдык. Биз Анын келе турган Мессия экендигиние ишенебиз. Муну Жакан Чөмүлдүрүүчү айткан, Шымон Петр да муну Филиппиядагы Кейсарияда күбөлөндүргөн. Бизде эки күбө бар. Бирок, эмне үчүн Ал азыркы жетекчилерди кыжырдандырып жатат? Эмне үчүн Ал Өзүнө Өзү ор казып жатат? Эмне үчүн бизге, шакирттерге ушундай сөздөрдү: “О, ишенимсиз муун! Качанга чейин силер менен болом?” деп айтып жатат?

Машайактын артынан ээрчийбиз деп бардыгын калтырган адамдардын жүрөгүндөгү таарыныч көтөрүлүп чыкты. Андан кийин андан да жаман болду. Ыйса аларга насаат айтканы, ачык эле ересь (Кудайгакаршы) сыяктуу сезилди: “«Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Адам Уулунун Денесин жеп, Канын ичпесеңер, өмүргө ээ болбойсуңар...” (Жакан 6:53).

“Ал эмнени насааттап жатат? – деп ойлошту алар. – Бул жагы абдан эле ашып кетти го!” Бул дагы баары эмес! Ал мунун баарын Капернаумдагы синагога жетекчисинин алдында айтты!

Бул алардын түшүнүгүнө жетпейт болчу.

> Анын көптөгөн шакирттери мунуугуп: "Шакирттеринин бир тобу муну укканда: «Катуу айтылган сөздөр экен, муну ким угуп тура алат? » – дешти" (Жакан 6:60).

Ыйсанын жообу укмуш:

> "Шакирттеринин ушул тууралуу наразылык билдиргенин билген Ыйса аларга мындай деди: «Ушул сөз силердин кыжырыңарды келтирип жатабы?" (Жакан 6:61).

Бул Анын шакирттери болгон! Анын шакирттеринин кээ бирлери өз жашоолорунун негиздерин бекем эмес пайдубалга курушкан. Алардын жүрөгүндөгү чындыктын тереңдигин көрүүгө мүмкүнчүлүк берүү менен, алардын ошол негизин ашкерелеп көргөзөт. Бирок, баары эле Шымон Петр же башка шакирттер сыяктуу чындыкка суусап турушкан эмес. Алардын реакцияларына карап көргүлө:

> Ушул сөздөрдөн кийин шакирттеринин көбү Ыйсадан четтеп, Аны ээрчибей калышты (Жакан 6:66).

Көңүл буруп көрсөңөр, бул алардын "көпчүлүгү" болгон. Албетте, алардын арасында Филиппиядагы Кейсарияда Ыйсанын Аны алар ким катары эсептери тууралуу суроосуна тездик менен жооп бергендер да бар эле: «Бирөөлөр: «Чөмүлдүрүүчү Жакан», - деп, бирөөлөр: «Илияс», - деп, дагы бирөөлөр: «Жеремия же пайгамбарлардын бири», - деп эсептешет», - деп жооп беришти" (Матай 16:14). Алардын негизи Кудайдын аяны болгон эмес.

> Таарыныч аларды бүгүнкү күндө көпчүлүгү кылып жүргөн нерсеге – аларды алдап жатат деп четтеп кетүүгө алып келген. Алар чындыкты көрө алышкан эмес, анткени, алар жеке өзүмчүлдүк каалоолоруна гана көңүл бурушкан.

Эми Ыйса он эки шакиртти ашкерелеп жаткандагы Шымон Петрге карап көргүлө:

> Ошондо Ыйса он эки шакиртинен: «Силердин да кеткиңер келген жокпу?» – деп сурады. Шымон Петир мындай деп жооп берди: «Теңир, биз кимге бармак элек? Түбөлүк өмүр берүүчү сөздөр Сенде. Биз Сенин Кудайдын Ыйыгы – Машайак экениңди билип, Сага ишенип калдык» (Жакан 6:67-69).

Ыйса бул адамдарга жалынган эмес: "Суранам, Менден кетпегилечи. Мен жаңы эле көптөгөн кызматташтарымды жоготуп койдум. Мен силерсиз эмне кылам?" деген жок. Жок, Ал алардан: "Силер дагы четтегиңер келген жокпу?" – деп сурады.

Байкасаңар, ал да башкалардай эле таарынса боло турган абалда турганы менен, Шымон Петр эмне деп жооп берген. "Теңир! Биз кимге баралы?"

Анын уккан нерселери да аны дүрбөлөңгө салыш керек болчу, бирок, анда башкаларда болбогон билим болгон. Филиппиядагы Кейсарияда Петр Ыйса чынында эле ким болуп саналары тууралуу – "Тирүү Кудайдын Уулу" экендиги тууралуу аян алган (Матай 16:16).

Эми ал сыноо отуна түшкөндө, анын жүрөгүндө тамырлаган нерсени айтты: "Биз Сенин – Машайак, Тирүү Кудайдын Уулу экендигинди таанып-билдик" деди. Бул Филиппиядагы Кейсарияда айтылган сөздүн жазма түрү. Ал Тирүү Кудайдын Сөзүнүн аскасында бекемделген таш болгон. Петр Ыйсадан таарынып же азгырылып кетип калган эмес.

## БАСЫМДЫН АСТЫНДАГЫ РЕАКЦИЯ

Мен көпчүлүк эле мезгилде айтып жүргөндөй, катуу сыноолор адамдын чыныгы жүзүн аныктап көргөзөт. Б. а. алар силер кандай руханий мамиледе экендигиңерди көргөзөт. Алар силердин жүрөгүңөрдүн чыныгы абалын көргөзөт. Басым

алдында силер кантип таасирленериңер, силердин чыныгы табиятыңарды көргөзөт.

Бизде беш кабаттуу мыкты үйүбүз болуп, ал сонун жасалгаланып, жакшы сүрөттөр менен кооздолгон болушу мүмкүн, бирок, ал кумга курулган дейли. Күн ачык болуп турган кездерде ал күч менен улуулуктун көрүнүшүндөй болуп тура бериши мүмкүн.

Бул заңкайган үйдүн катарында жөнөкөй гана бир кабаттуу үй турган болушу мүмкүн. Ал жанында турган имаратка салыштырганда анчалык деле кооз көрүнбөй, эч кимди өзүнө тартпай эле турат. Бирок, ал силер көрө албаган кандайдыр бир катуу таштын үстүнө курулган.

Жаан-чачын болгонго чейин, беш кабаттуу үй өзүнө тартып турат. ...Бирок, ага бороон-чапкын тийгенде ал талкаланып, кыйрап калат. Ал бир нече шамалдарга туруштук берип тура бериши мүмкүн, бирок, катуу бороонго эмес. Ал эми, жөнөкөй бир кабат үй тура берет. Имарат канчалык бийик болсо, анын кулашы да ошончалык жаман болот.

Жыйындагы кээ бир адамдар да, Филиппиядагы Кейсарияда суроого тездик менен жооп берген шакирттерге окшош. Алар кийин ашкереленишкен. Алар өзүлөрүн күчтүү, бекем, туруктуу жана сулуу көргөзгөн беш кабаттуу үйгө окшош. Алар бир нече анчалык чоң эмес шамалдарды баштан кечирүүлөрү мүмкүн. Бирок, качан добул болгондо гана, алардын абалы так көрүнө баштайт.

Силер өз жашооңорду элдердин айткан сөздөрүнө эмес, Кудайдын Сөзүнө карата алган аяныңарга негиздегендигиңерге көзүңөр жетсин. Теңирди издегенди уланта бергиле жана өз жүрөгүңөрдү укканды үйрөнгүлө. Башкалар кылып же айтып жаткандыгы үчүн эле, бирдеме кылбагыла. Кудайды издегиле жана жеке силердин жүрөгүңөрдө эмне бекемделген болсо, ошого бекемделгиле!

Душман жок кылыш үчүн
солкулдатат.
Кудайдын максаты,
башкача.

# 8

# ЭМНЕ СОЛКУЛДАШ КЕРЕК БОЛСО, СОЛКУЛДАЙТ

***… Ошол убакта Анын үнү жерди солкулдаткан. Азыр болсо Ал: «Жерди гана эмес, асманды да дагы бир жолу солкулдатам», – деп убада берди. Солкулдабаган нерселер калышы үчүн, «дагы бир жолу» деген сөз солкулдаган, башкача айтканда, жаратылган нерселер өзгөрөрүн билдирет.***

**– Эврейлерге 12:26, 27**

Өткөн бөлүмдө биз Кудайдын Сөзү Ыйса Өзүнүн Жыйынын кура турган негиз болоорун аныктаганбыз. Биз башкалар таарынып жана азгырылып кетип калышса да, Шымон Петр Анын алдында калгандыгын көрдүк. Ыйса Шымон Петрге кетүүгө мүмкүнчүлүк берген кезде да, ал өз жүрөгүнө бекемделен сөз менен жооп берген.

Келгиле эми, Ыйса чыккынчылык менен кармалган кездеги түндө Шымон Петр туш болгон экинчи сыноону карап көрөбүз.

Ыйса Өзүнүн он эки элчиси менен кечки тамак учурунда отурганда, Кудайга ыраазычылык келтирип, таң каларлык нерсени айтты: “Бирок мына, Мага чыккынчылык кыла турган адам Мени менен бирге дасторконго кол узатып жатат. Анткени Адам Уулу алдын ала белгиленген жол менен бара жатат. Бирок Ал ким аркылуу кармалып берилсе, ошол адамга кайгы» (Лука 22:21,22). Ушундай билдирүү! Бүгүн биз Ыйса ушинтип айтуу менен “бомба ыргытты” демекпиз.

Ыйса чыккынчылык менен кармалып берилери тууралуу мурда эле билген, бирок, шакирттер биринчи жолу угушкан. Ал мурда Аны менен болгон, Анын жакын бир шакирти, Аны чыккынчылык менен кармап берет дегенде шакирттердин кандай дүрбөлөңгө түшүшкөнүн элестете аласыңарбы?

> Алар дүрбөлөңгө түшүшүп “...Биздин арабыздан ким чыккынчылык кылат болду экен?» – деп, бири-биринен сурай башташты” (Лука 22:23).

Алар өзүлөрүнүн арасынан бирөөсү чыккынчылыкка жөндөмдүү болоорун укканда таң калышкан. Бирок, муну тактоого карата болгон каалоолору таза ниеттен болгон эмес. Биз муну алардын сүйлөшүүсү эмне менен бүткөнүнөн билебиз. Алар ким чыккынчы болсо, ал текебердиктен жана өзүмчүлдүктөн болот деп түшүндүрүшкөн. Библиядагы төмөнкү аятты карап көргүлө:

> Алардын арасынан ким чоң болушу керек деген да талаш-тартыштар да болгон (Лука 22:24).

Муну элестетип көрсөңөр: Ыйса аларга Аны мына-мына өлүмгө өкүм кылуу үчүн, Аны сабап жана кыйнап өлтүрүү үчүн римдиктердин колуна салып берет деп айтып жатат. Анан ошону кыла турган Аны менен чогуу дасторкондо отурган бирөө деп жатат.

Шакирттер бул ким деп талаша башташкан жана алардын талашынын акыры ким чоң болушу керек деген суроо менен бүттү. Бул абдан жагымсыз болуп, мурас жөнүндө талашып жаткан балдардай болушкан. Алар Ыйсанын эмне болоору менен жумуштары деле болбостон, акырындык менен даражага жана бийликке умтулушкан. Кандай гана акылга сыйгыс өзүмчүлдүк!

Эгерде мен Ыйсанын ордунда болгонумда, балким, алардан мен айтканды уктуңарбы деги, силер ошол нерсе тууралуу кичине ойлойсуңарбы деп сурасам керектир эле. Бул жерден биз Устат Өз шакирттерине кандай гана сүйүү жана чыдамкайлык менен мамиле кылгандыгы тууралуу окуйбуз. Биздин көпчүлүгүбүз эле Ыйсанын ордунда болгонубузда минтип айтмакпыз: “Баарыңар кана, бул жерден жоголгулачы! Бул мен үчүн сыналуунун улуу сааты, а силер болсо, бир гана өзүңөр тууралуу ойлойсуңар!” Кандай гана таарынганга ылайыктуу шарт!

Биз муну шакирттердин арасынан ким баштагандыгын билсек болот – Шымон Петр, анткени, ал топтогу салмагы бар адам болгондуктан, ал биринчи сүйлөй алган. Балким, ал көп мезгилде башкаларга суу үстүндө баскан жалгыз гана менмин деп эскертип да жүргөндүр. Балким, ал Ыйсанын кудайлыгы тууралуу биринчи аян алган адам болгондугун да эскертип тургандыр. Ал ошондой эле тоодогу Кайра Жаңырууну кантип баштан кечиргендигин, Ыйса, Муса жана Илияс жөнүндө айтып берүү менен бөлүшкөндүр.

Петр ошол он экисинин ичинен өйдөрөөк экендигин негизсиз эле билип тургандыр. Бирок, бул ишенимдүүлүк сүйүүгө негизделген эмес. Анын негизи текебердик болчу.

Ыйса аларга карап туруп, алар өзүлөрүн Падышачылыктын балдарындай эмес, кадимки эле адамдардай алып жүргөндүгүн айткан:

...Элдерге падышалар үстөмдүк кылышат, элдердин үстүнөн бийлик жүргүзүүчүлөр “Жакшылык кылуучулар” деп аталышат.

Силер болсо андай болбогула. Тескерисинче, араңарда ким улуу болсо, ал кичүүдөй болсун; ким башчы болсо, ал кызматчыдай болсун. Анткени кимиси чоң: дасторкондо отурган адамбы же кызмат кылган адамбы? Албетте, дасторкондо отурган адам чоң. Мен болсо силердин араңарда кызмат кылган адам сыяктуумун (Лука 22:25-27).

## ИРГӨӨНҮН МАКСАТЫ

Шымон Петр Ыйсанын Ким экендиги тууралуу аянчылышка ээ болсо дагы, анда али Машайактык момундукка ээ эмес болчу. Ал өз жашоосун жана кызматын мурдагы жеңиш жана текебердик деген курулуш материалдарына негизденип курган. Пабыл бизди Ыйса Машайакка коюлган негизде курууга чакырат (1 Корунттуктарга 3:10).

> Шымон Петр Кудайдын Падышачылыгына зарыл болгон атайын материалдарды колдонгон эмес, бирок, күчтүү эрк жана өзүнө ишенгендик деген материалдарды колдонгон. Анын мүнөзү Кудай Падышачылыгы үчүн кайрадан өзгөрүшү керек болчу. Ал азырынча “турмуштагы текеберчиликке” таянып турган (1 Жакан 2:16).

Текеберчилик ага өзүнүн Машайактагы максатын аткарууга мүмкүнчүлүк берген жок. Эгерде текеберчилик басылбаганда, ал акыр-аягында аны жок кылып салмак. Текебердик – Кудайдын майланган херувими, Люцифер чалынган жана акыры жүрүп отуруп аны кулоого алып келген нерсе (Жезекиел 28:11-19ду карагыла). Эми Ыйса Шымон Петрге эмне дегенин карап көргүлө:

> Анан Ыйса Теңир Петирге: «Шымон, Шымон! Шайтан силерди калбырдан буудай сыяктуу өткөрүүнү сuranды” (Лука 22:31).

Текеберчилик келип Шымон Петрди “иргөөгө” душманга эшик ачып койду. “Себүү” деген, грек тилиндеги синиазо деген сөз. Ал «ал электе иргөө, электен силкип-элеп өткөрүү», дегенди түшүндүрөт, башкача мааниде айтканда, ички солкулдоонун натыйжасында кимдир – бирөөнүн ишенимин кулоого чейин сынаган дегенди түшүндүрөт.

Эгерде Ыйса башка жыйындардагы көптөгөн адамдардай ойлогондо, Ал минтип айтмак: “Келгиле, достор, шайтандын бул чабуулун байлайлы. Биз шайтанга биздин сүйүктүү Шымон менен мындай кылуусуна жол бербейли!” Бирок, Ал чынында эмне дегенин карап көрөлү:

...Мен сен үчүн сыйындым. Кайра кайрылганыңдан кийин, бир туугандарыңдын ишенимин бекемде (Лука 22:32).

Ыйса Шымон Петр аягында кулоого алып келе турган солкулдоодон качсын деп сыйынган жок. Ал ушул сыйынуулардын процессинде Петр ишенимде алсырабасын деп сыйынды. Ыйса ушунун айынан Шымон Петр муктаж болгон жаңы мүнөз жараларын билген, ал мүнөз өзүнүн максатын аткарып жана бир туугандарын да бекемдемек.

Шайтан Шымон Петрди ал өз ишенимин жоготуп коё тургандай кылып, ушунчалык катуу солкулдатты. Душмандын ниети эбегейсиз потенциалы бар ушул адамды жок кылуу болчу. Бирок, Кудай бул солкулдатуунун натыйжасы кандай болоорун билген, ошондуктан, Кудай адаттагыдай эле шайтандан ашып түштү. Ал шайтанга Шымон Петрде эмне солкулдашы керек болгон болсо, ошонун баарын солкулдатууга мүмкүнчүлүк берди.

Кудай менин аялым Лизага ишенген адамдар эмне үчүн ушул силкинүүлөрдү, солкуудоолорду башынан өткөрүшү керектигинин беш максатын ачып бериптир:

1. Аны негизге бекемдөө.
2. Өлүк нерселерди алып таштоо.
3. Бышкан түшүмдөрдүн баарын жыйнап алуу.

4. Ойготуу.

5. Бөлүнүп-жарылган нерселерди бириктирүү, жармаштыруу.

Текебердик жана өзүмчүлдүккө негизделген ар кандай ой жүгүртүү же мамилелер тазалануу аркылуу өтөт. Ушул катуу силкинүүнүн натыйжасында Шымон Петрдеги бардык өзүнө ишенүүчүлүктөр жоголуп, Кудайдагы ишенимдүү негиз гана калат. Ал өзүнүн чыныгы абалын моюнга алат, өлүк нерсенин баары жок болот да, Кудайдагы ишенимдүү негиздер гана калат. Ал эми, мындан кийин өзүнө жаккандай аракеттенбейт, бирок, толугу менен Теңирге ишенет.

Петр жигерденүү менен Ыйсанын сөзүнө каршы чыккан: "Теңир, мен Сени менен зынданга да, өлүмгө да барганга макулмун". Бул бекемдөө Рухтан эмес, бирок, өзүнө ишенүчүлүктөн улам айтылган. Ал өзүндөгү кемчилдикти көргөн эмес.

## ЖҮЙҮТТҮ ШЫМОН МЕНЕН САЛЫШТЫРУУ

Кээ бирөөлөр Петр абдан көп сүйлөгөн жана коркок киши болгон деп айтышат. Бирок, Гефсиман багында күзөтчүлөр келген кезде ал алардын кылычын тартып алып, ыйыктоочунун оң кулагын шылый чапкан (Жакан 18:10ду карагыла). Көптөгөн коркоктор күчтүүрөөк болуп бара жаткан каршылаштарга кылыч көтөрүүгө батынбайт. Петр абдан күчтүү адам болгон, бирок, бул анын жекече өз күчү болгон, анткени али иргөө-элөө баштала элек болчу.

Ыйса мурда эмне деп айткан болсо, так ошондой болду. Ошол толтура жоокерлердин арасында, Ыйса үчүн өлүүгө даяр болгон, эр жүрөк Шымон Петр кичинекей малай - кыз менен кездешип калды. Ал коркуп кетти да, ал тургай, Ыйсаны тааныгандыгынан да баш тартты.

Көпчүлүгү адамдарды негизинен чоң кыйынчылыктар чалындырат деп айтышат. Бирок, көбүнчө байкалбаган тоскоолдуктар адамды жолдон чыгарат жана ошондо

кемчилдиктер менен өзүнө ишенген начар жактар көрүнөт.

Андан кийин Петр Ыйсадан эки жолу баш тартты. Короз чакырганда Петр Машайактын айтканын эстеп, ыйлады. Анын өзүнө ишенгендиги солкулдап кетти жана эми ал качандыр бир кезде тура аларына шектенди.

Шымон Петр жана Жүйүт Искариот көп жагынан бири-бирине окшош. Экөө тең Анын эң бир кайгылуу кезинде Ыйсадан баш тартып кетишти. Ошентсе да, бул эки адамдын ортосунда байкала турган айырмачылык бар эле.

Жүйүт эч качан Шымон сыяктуу Ыйсаны билүүгө суусаган эмес. Жүйүт Аны өзүнүн негизи кылган эмес. Ал Ыйсаны дайыма ээрчип, Анын коомунда саякаттап ал тургай, куугунтуктун кыйын кырдаалдарында да Аны менен кошо калгандыгынан улам, Аны сүйгөндөй болуп көрүнгөн. Ал дагы жиндерди кууп, ооруларды айыктырып жана Жакшы Кабарды насааттаган. (Ыйса ооруларды айыктырып, жиндерди кууп жана насаат айтуу үчүн он бир эмес, он эки шакиртти жөнөткөнүн эске алгыла). Бирок, ал мунун баарын Ыйсаны сүйгөндүктөн жана Ал ким болсо, ошого аян алуу үчүн кылган эмес.

Жүйүттүн башынан баштап эле өзүнүн максаттары жана планы болгон. Ал өзүнүн туура эмес ниеттери үчүн эч качан тобо кылып, өкүнгөн эмес. Анын мүнөзү төмөнкү айткандардан көрүнүп турат: “Аны колуңарга салып берсем, мага эмне бересиңер...” (Матай 26:25ти карагыла). Ал калп айтып жана өзүнүн пайдасы үчүн эле сүйлөй берген (Матай 26:15ти карагыла). Жүйүт өзүнүн жеке кызыкчылыгы деп, Ыйсанын кызматы үчүн сарпталыш керек болгон акчаны алып алган (Жакан 12:4-6ны карагыла). Бул тизмени уланта берсек болот. Ал Анын жанында үч жарым жыл жүрсө да, эч качан Теңирди билген эмес.

Петр да, Жүйүт да кылган иштери үчүн өкүнүшкөн. Бирок, Жүйүттө Петрде болгондой негиз болгон эмес. Ошондуктан дагы, анда эч качан Ыйсаны таанып-билүүгө карата суусоо болгон эмес, Теңир ага эч нерсе ачып берген эмес. Эгерде Жүйүт Ыйса тууралуу

аян-ачылыш алганда, анда ал эч качан Аны сатып кетмек эмес. Анын жашоосуна катуу чабуул келгенде, бүт баары солкулдап жана талкаланып калмак! Карап көрсөңөр эмне болгонун:

> Ыйсага чыккынчылык кылган Жүйүт Анын айыпталганын көргөндө өкүнүп, отуз күмүш тыйынды башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга кайта алып келди да: «Күнөөсүз кандын төгүлүшүнө себепкер болуп, күнөө кетирдим», - деди. Алар: «Биздин ишибиз эмне! Өзүң бил», - деп коюшту. Жүйүт күмүш тыйындарды ийбадатканага ыргытып жиберип, ал жерден чыкты да, барып, асынып өлдү (Матай 27:3-5).

Ал күнөө кетирди жана бул тууралуу өкүндү. Бирок, ал Машайакты билген эмес. Ал Кимди сатып жатканын такыр түшүнгөн эмес. Ал болгону минтип айтты: “Мен күнөөсүздүн Канын саттым”. Эгерде ал Машайакты Шымон Петрдей болуп билген болсо, анда ал Ага кайрылып келип, Теңирдин жакшылыгын билмек. Солкулдатуулар ачып койгондой, Жүйүттө ал тургай, үч жыл бою Устаттын артынан жүргөндөн кийин деле эч кандай негиз болгон эмес.

Машайакчылыкка кайрылган сансыз адамдар, “күнөөкөрдүн сыйынуусу” менен сыйынышкан, жыйынга барышкан, анын активдүү мүчөлөрү болушкан жана Библияны окуп-үйрөнүшкөн. Канткен менен, мунун баары Ыйсаны өз оозулары менен айтышканы менен, чынында Анын Ким экендиги тууралуу аян-ачылыш албай туруп эле болгон болчу. Качан гана алардын башына катуу сыноо түшкөндө алар азгырылып, Кудайга таарынып жана мындан ары Аны менен эч кандай жалпы эч нерсеге ээ болгусу келген эмес.

Ушундай адамдар кантип сүйлөшкөнүн өз кулагым менен уккам: “Кудай мен үчүн эч нерсе кылган жок! Мен машайакчы болууга аракеттендим, бирок, андан менин жашоом ого бетер жаман болду”. Же: “Мен Кудайга сыйынып жана Кудайдан

муну-муну-муну сурадым, бирок, Ал муну кылып бербеди!” Алар эч качан өз жашоолорун Ыйсанын алдына алып келишкен эмес, бирок, жеке кызыкчылыктары үчүн Анын союздаштары болушкан. Алар Анын оңой гана бере ала турган нерсеси үчүн эле, оңой азгырылышкан. Жөн гана Ага таарынышкан. Ыйса аларды минтип сүрөттөйт:

> ...алар сөздү угар замат кубанып кабыл алышат. Бирок терең тамырлай албагандыктан, туруксуз болушат. Сөз үчүн кысымга алып, куугунтукташканда, дароо баш тартып кетишет (Марк 4:16, 17).

Байкасаңар, Ал алардын эч кандай негизге ээ болбогондугунун натыйжасында, ошол замат эле азгырылып кетишкенин айтты. Биз эмнеге тамырланышыбыз керек? Биз бул суроого жоопту Эфестиктерге жазылган Каттан (3:16-18) табабыз: биз сүйүүгө тамырлап жана бекемделишибиз керек. Кудайга болгон сүйүү биздин пайдубалыбыз болушу керек.

Ыйса минтип айткан: “Өз достору үчүн жанын берип коюудан ашкан сүйүү жок” (Жакан 15:13). Биз ишенбеген адам үчүн жаныбызды бере албайбыз. Биз Кудайды жакшы билбесек, Ага толук ишене албасак, өз жаныбызды Кудай үчүн да берип коё албайбыз. Биз Кудайдын табиятын жана мүнөзүн билүүгө тийишпиз. Биз Ал бизге зыян келтирүү үчүн эч нерсе кылбастыгын билишибиз керек.

Теңир дайыма биздин пайдабызга боло турган нерсени издейт. Эгерде биз ишенимди жоготпой турган болсок, бизге жеңилип калгандай болгон нерселерди Ал дайыма жакшылыкка айландырып берет. Кудай деген сүйүү, Анда эч кандай өзүмчүлдүк же жамандык жок. Шайтан гана бизди жок кылгысы клет.

Биз көбүнчө өзүбүз кездешкен кырдаалдарга азыркы призма аркылуу карайбыз дагы, анан чыныгы көрүнүштү бузуп алабыз. Кудай болсо, биздин сыноолорду түбөлүктүн жарыгында карайт. Эгерде биз кырдаалга карай турган болсок, анда эки нерсе болуп өтөт.

Биринчиден – Кудайдын тазалоосунан өтүп жатып биз Кудайга, же болбосо Анын кызматчыларынын бирине оңой эле таарынып калышыбыз мүмкүн. Экинчиден – биз мындайда душманга оңой эле алданып калабыз. Шайтан бизди ушул учурда баарын туурадай көргөнгө түртөт, бирок, анын акыркы планы – ал баарын биздин кулап калышыбыз же өлүмүбүз үчүн колдонот. Качан биз Кудайга таянсак, анда Анын камкордугунан ажырабайбыз. Биз өзүбүзгө өзүбүз кам көрүшүбүз керек деген азгырыкка багынбайбыз.

## КУДАЙДЫН МҮНӨЗҮНӨ ИШЕНИШИБИЗ КЕРЕК

Душман биздин Кудайдын мүнөзүн түшүнүүбүздү жана кабыл алуубузду бузат. Ал муну Эдем багында Ободон сураганда кылган: ... «Кудай чын эле: “Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле”, – деп айтты беле (Башталыш 3:1). Ал Кудайдын парызын Кудайдын мүнөзүн бузуп көрсөтүү үчүн өзгөртүп айткан.

Кудай минтип айткан: «Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың» (Башталыш 2:16,17).

Чынында жылан Обого: “Кудай силерден бардык жакшы нерселерди жашырып жатат” деп айткан.

Кудай мына буга басым жасаган: “Сен баарын жесең болот, бир гана...”. Кудай адамзатка ырахаттануу үчүн бардык бакты берген жана бир гана жемиштен башка баарын жегенге уруксат берген.

Жылан Обонун Кудай жөнүндөгү аян-ачылышын мындай сөздөрдү айтып бузгандыр: “Кудай чынында силерге кам көрбөйт. Карап көрсөңөр, Ал силерден кандай гана сонун нерсени жашырып койгон! Ал силерди силер ойлогончолук сүйбөйт болуш керек. Ал анчалык деле жакшы Кудай болбосо керек!” Обо алданып калды жана Кудайдын мүнөзү жөнүндөгү калпка ишенди. Ушундан

кийин күнөө кылууга карата каалоо келди, анткени Кудайдын сөзү эми ал үчүн жашоо эмес, мыйзам болуп калды. Ал эми "... күнөөнүн күчү – мыйзам" (1 Корунттуктарга 15:56).

Бүгүнкү күндө да душман ушул сыяктуу эле аракеттенип жатат. Ал Кудай Атанын мүнөзүн Анын балдарынын алдында эле өзгөртүп көрсөтүп жатат. Биз баарыбыз эле аталардын, мугалимдердин, жетекчилердин же директорлордун жүзүндөгү бийлик астында жашайбыз. Алардын кээ бирлери өзүмчүл, ачуулуу же бизди сүйбөйт. Бул адамдар бийлик ээси болушкандыктан, биз алар менен Кудайдын ортосундагы жогорку бийликти оңой эле салыштырып карай алабыз. Душман биздин жердеги аталарыбыздын образын бузуу менен Атанын мүнөзүн да чеберчилик менен бузат. Кудай Ыйса кайрылып келер алдында аталардын жүрөгү балдарына бурулары тууралуу айткан (Малахия 4:6ны карагыла). Кудайдын мүнөзү жана табияты Анын лидерлеринен көрүнөт жана бул айыгуунун башталышын күбөлөндүрөт.

Качан Кудай силерге зыян келтирүү үчүн же кандайдыр бир жараат алып келүү үчүн эч нерсе кылбастыгын, ошондой эле силердин жашооңордогу бардык нерсени силердин эң жогорку жыргалчылыгыңар үчүн гана кыларына көзүңөр жеткенде, өзүңөрдү Ага жеңил эле тапшырып коё аласыңар. Силер өз жанын Теңирге кубаныч менен гана тапшырып койгон адам болуп каласыңар.

Эгерде силер толугу менен Ыйсага өзүңөрдү берген болсоңор жана Анын камкордугу астында турган болсоңор, азгырылып жана таарына албайсыңар, анткени силер өзсүңөр. Таарынган жана азгырылган адамдар – булар Ыйсага Анын Ким экендиги үчүн келген эмес, Анын бир нерсе кылып бериши үчүн келген адамдар.

Ушундай мамилелерде биздин оңой эле көңүлбүз калып калат. Өзүнө көңүл бура берүү биздин колубузду кыскартып коёт. Ушунун айынан биз учурдагы кырдаалга ишенимдин

көзү менен карай албайбыз. Качан биздин жашообуз чындап эле Ыйсага жашырылган болгондо, биз Анын мүнөзүн билебиз жана Анын кубанычын бөлүшөбүз. Ошондо биз олку-солку болуп же кыйроого учурабайбыз.

Эгерде кырдаалга карата талдай турган болсок, оңой эле таарынып калууга болот. Бул Рухтун көз карашы менен аянычылыш алганга жатпайт. Көбүнчө Кудай биз күткөндөй мүнөздө жооп бербей калат же жооп абдан зарыл болуп жаткан учурда берилбей калат. Бирок, кийин жашоомдогу ар бир кырдаалга карап көргөндө, мен баарынан Кудайдын колун көрөм.

Кээде биздин балдар биздин тарбиянын логикасын жана ыкмаларын түшүндүрөт. Чоңураак балдарыбызга биз алардын гана пайдасына белгилүү бир образда кам көрүп жатабыз деп түшүндүрүүгө аракеттенебиз. Кээде алар бизди түшүнүшпөйт же өзүлөрүнүн жетиле электиктеринин айынан биз менен макул болушпайт, бирок, убакыт өткөндөн кийин аны түшүнүшөт. Мындай болгондугунун себеби кээде биз алардын тил алчаактыгын, сүйүүсүн жана жетилгендигин текшергибиз келет. Биздин Асмандагы Атабыз менен да ошондой эле. Ушундай учурда ишеним мындай дейт: “Мен Сенин ниетиңди түшүнбөсөм да, Сага ишенем”.

Эврейлерге жазылган Катта (11:35-39) биз аларга берилген Кудайдын убадаларынын аткарылышын күтпөй, бирок, баары бир ишенимде кала бергендиктери тууралуу сүрөттөөлөрдү табабыз: “...Кээ бирөөлөр кордук көрүшкөн, таяк жешкен, кишенделишкен, түрмөгө камалышкан. Кээ бирөөлөрдү ишенгендиги үчүн таш бараңга алышкан, араалашкан, кыйнашкан, кылычтап өлтүрүшкөн; кээ бирөөлөр кой-эчкинин терисин жамынып, тентип күн өткөрүшкөн, жокчулуктун каарын тартышкан, кысымга алынышкан, азап тартышкан. Алар бул дүйнөнүн бүт адамдарынан жогору эле. Бирок алар чөлдөрдө, тоолордо, үңкүрлөрдө, капчыгайларда каңгып жүрүшкөн. Ишенимдери жөнүндө жакшы күбөлөндүрүүгө ээ

болгон алардын баары убадаланганды алышкан эмес".

Аларга кандай баа төлөш керек болсо дагы, алар үчүн керек болгон нерсе – бул Кудай деп, чечим кылышкан. Алар Кудайдын убадасынын аткарылышын көрбөй, өлүп бара жаткан чакта да алар Ага ишенишкен. Алар таарынып, азыгырылып кетишкен жок!

Эгерде бизде дагы Кудайга болгон ушундай күчтүү сүйүү жана ишеним боло турган болсо, анда биз дагы тамырлаган жана бекемделген болот элек. Ошондой болгондо кандай гана катуу чабуул болгондугуна карабастан, эч качан биз солкулдамак эмеспиз. Бул жөндөмдүүлүк жеке инсандын бекем эркинен улам келип чыкпайт. Бул жөндөмдүүлүк ар кандай өзүнө таянуучулуктан толугу менен баш тарткан, бардык нерседе Кудайга гана таянуудан келген ырайым. Бирок, Кудайга толугу менен таянуу үчүн, силер силердин өмүрүңөрдү өз колунда кармап Турганды билишиңер керек.

## ЫРАЙЫМ МОМУНДАРГА БЕРИЛЕТ

Шымон Петр эми өзүнүн улуулугу менен мындан ары мактана албайт. Ал өзүнө мүнөздүү болгон өзүнө ишенүүчүлүктөн ажырап калды. Ал өз эрки менен кылган нерселердин канчалык туура эмес болорун абдан ачык көрдү. Кудай Өз ырайымын момундарга берет. Ошону менен бирге эле момундук бул зарыл болгон шарт болуп эсептелет. Бул сабак Петрдин акыл-эсине мөөрлөнүп калгандыгын анын жазган катынан көрөбүз: "...Бардыгыңар бири-бириңерге баш ийип, момун болгула. Анткени Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат" (1 Петр 5:5).

Петр толугу менен көңүлү чөгүп калууга жетип кала жаздаган. Биз муну Теңирдин периштеси Мария Магдалинага мүрзөнүн жанында эмне деп айтканынан билебиз: "Баргыла да, Анын шакирттери менен Петирге: "Ал силерди Галилеядан тосуп алат. Силерге Өзү айткандай, Аны ошол жактан көрөсүңөр", –

деп айткыла” (Марк 16:7). Periштеге Петрди бөлүп көрсөтүш керек болчу. Петр кыйроонун чегинде турган, бирок, ага Кудай тарабынан негиз салынган. Ал солкулдатуудан талкаланган жок, бирок, дагы да бекем болуп калды.

Ыйса Петрди кечирип гана койбостон, бирок, аны калыбына да келтирди. Эми эленгенден кийин ал жыйындагы эң бир борбордук фигуралардын бири болуп калууга даярдалып калды. Петр Машайактын айкашка кадалышына күнөөкөр болгон адамдардын алдында эми түз эле Анын тирилиши тууралуу айтып калды. Эми ал кызматчы аял менен эле эмес, синедрондун эң бир кыйын кызматчылары менен да бетме-бет кездешүүгө даяр болуп калды. Ал эми алардын алдында бийликке, күчкө жана жигердүүлүккө курчалган абалда турду. Тарых Петрдин узак жылдар бою кызмат кылуудан кийин башы жерге карай болгон абалда кадалып өлтүрүлгөндүгү тууралуу айтат. Ал өзүнүн Теңири сыяктуу болуп өлгөнгө татыктуу эмесмин деп, өзү көшөрө сурангандыктан, аны башын ылдый караткан калыбында жыгачка кадашкан. Ал эми коркпой калган. Ал Асканын бекем негизине коюлган таш болуп калган.

Жашоодогу сыноолор силердин жүрөгүңөрдөгү нерселерди ачып көрсөтөт: анда Кудайга же айланадагыларга карата болгон таарынычтар барбы? Сыноолор силерди Кудайга жана жаныңардагы адамдарга карата ого бетер ачууланган адам кылат же болбосо, ого бетер күчтүү жана тереңде бекемделген адамга айлантат. Сыноолорго чыдабастыктын айынан, силер ишенимди жоготуп коё турган таарынычка дуушар болосуңар.

## ТЕҢИР, МЕН САГА КЫЗМАТ КЫЛДЫМ, ЭМНЕ ҮЧҮН АНАН?...

Мен жаштардын кайтаруучусу болуп жүргөнүмдө бир он төрт жаштагы бала бар эле, аны достору да жана жыйындагы лидерлер да урматташчу. Ал ушунчалык ийгиликтүү окуучу болчу. Кудайдын бардык иштерине кызганыч менен караган ал

ыктыярдуулук менен машайакчылык долбоорлордун үстүнөн иш алып барчу. Кээде ал биз менен миссионердик сапарларга чыкчу да, дээрлик жолуккан ар бир адамга күбөлүктөрүн айтчу.

Бир кездерде ал күнүнө төрт сааттан сыйынууларды өткөрчү. Теңирден көптөгөн аяндарды алып жана аны элдер менен бөлүшчү. Ал бөлүшкөн нерселердин баары баталуу болчу. Ал өзүнүн кызматка болгон чакырыгын моюндачу, ал жыйырма жашка толгучакты эле кайтаруучу болгусу келчү, анан да солкулдагыс аскадай болуп сезилчү.

Мен бул жаш жигитти сүйчүмүн, анда Кудайдын майлоосу бар экендигин моюндачумун жана ал үчүн убактымды аячу эмесмин. Мен бул тууралуу ага айткым келди, бирок, али убакыт келе элек болчу. Ал бир топ катуу соккуларга дуушар болду, бирок, бекем тура берди. Ал ушунчалык катуу каарларды баштан кечирип жатканын көрүп туруп, кээде балким, мен ага адилетсиздик менен карап жатамбы деп кетчүмүн.

Бир нече жыл өттү. Ал башка жакка көчүп кетти, мен болсо көп саякаттап жүрдүм. Бирок, биз байланышты үзбөдүк. Мен ал сына тургандай ийилүүлөрдөн өтөрүн сезчүмүн. Бул болуш керек болчу, бирок, ал кандай болооруна акылым жетчү эмес. Мен ал өзүнүн эмне максатта жаралгандыгын ишке ашыруу үчүн азгырыктардан өтүшү керектигин билчүмүн. Бул Шымон Петр башынан өткөрүп жаткандай процесс болушу керек болчу.

Ал бала он сезгиз жашка чыкканда анын атасы айыкпас рак оору менен ооруп калды. Апасы экөө биргеликте сыйынып, орозо кармап атасынын айыгып кетишине ишенип жүрүштү. Алардын сыйынуусуна башка ишенгендер да кошулушту. Анын атасы бир нече айлар гана мурда өз жашоосун Ыйсага арнаган болчу.

Атасынын абалы начарлай берди. Мен Алабаманын бир шаарында кызматта жүргөнүмдө, аялым ошол жигит менен токтоосуз байланышымды суранып чалып калды. Мен ага чалып жана ага кимдир бирөөнүн соороотуусу жана шыктандыруусу кандай гана керек болуп жаткандыгын түшүндүм.

Кызматтан кийин мен түнү бою жол жүрүп келдим дагы, таңкы төрттө анын үйүнө келдим. Анын атасы ушунчалык оор абалда экен, врачтар анын бир нече күндүк гана жашоосу калды деп аныкташыптыр. Ал сүйлөй да албай калыптыр. Жигит болсо, анын атасы айыгып кетет деп ишенип жаткан. Мен абдан каалоо менен бул үй-бүлөгө кызмат кылдым дагы, анан бир нече сааттан кийин кеттим. Кийинки таңда бизге чалышып, атасынын абалы начарлап жатат дешти. Биз Лиза экөөбүз токтооуз сыйына баштадык. Биз сыйынган кезде менин аялым, ал кишинин керебетинин жанында аны Өзүнө асманга алып кетиш үчүн Ыйса турганын көрүптүр. Отуз мүнөттөн кийин ал жигит бизге чалып, атасынын кайтыш болгонун айтты. Ал жигит мурдагыдай эле солкулдагыс бойдон калгандай сезилди. Бирок, бул болгону башталышы эле. Ошол кечте ал өз досторунун бирине атасы өлгөндүгүн айтып чалат. Үйдө трубканы алган кезде жаш жигит ыйлаган үндү угат. Ал таң калат, кантип эле алар атасынын өлгөндүгүн угуп коюшкан? Бирок, ал жакта башка себеп менен ыйлап жатышкан экен: азыр эле анын жакын досторунун бири автокырсыктан улам өлгөн экен. Бир эле күндө ал эки адамды: атасын жана эң жакын досун жоготуп коёт.

Сыноолор башталды. Ал көңүлү ушунчалык чөккөндүктөн, капа болуп, кайсалап калат. Кудай аны таштап кеткендей сезилет.

Бир айдан кийин ал үйүнө бара жатып, кагылышып кеткен эки машинаны көрөт. Ал авария мезгилинде кантип биринчи жардам көрсөтүү керектигин билет экен, ошондуктан, токтоп калат. Эки машинадагы тең кагылышып кеткендер анын жакын достору болот. Ал аларга жардам бергиси келип жатканда, экөө тең анын колунда өлүп калышат.

Менин жаш досум өзүнүн чегине жетет. Ал үч саат бою Теңирди чакырып жана сыйынып, токойдо болот: “Сен кайдасың? Сен менин Сооротуучум болом дебедиң беле, бирок, менде эч кандай сооронуу болбой атат!”

Кудай андан баш тартып кеткендей сезилет. Бирок, чынында жекече күчү биринчи жолу аны уятка калтырды.

Ал Кудайга ачууланды. Эмне үчүн Ал ушунун баарына жол берип койду? Ал кайтаруучусуна, үй-бүлөсүнө же мага ачууланган жок. Ал көңүл чөгүүлөргө жутулуп кетти. Кудай аны терең кайгыруу сааттарына жетеледи.

“Теңир, мен Сага кызмат кылдым жана ал үчүн көп нерселерден баш тарттым, - деп сыйынды ал. – Сен болсо, эми мени таштап кеттиң!” Ал ага кызмат кылуу үчүн баарын таштагандыктан, Кудай ага бирдеме кылууга милдеттүү деп ойлоду.

Көптөгөн адамдар бул сүрөттөөдөгүдөн көбүрөөк же азыраак жарааттар менен көнүл чөгүүлөрдү баштан кечиришти. Көптөрү Теңирге таарынышты. Алар Кудай үчүн алар кылган нерселерди эске алып, Ал бирдеме менен аларга милдеттүү деп эсептешкен.

Алардын Ага кылган кызматтарынын себеби туура эмес болчу. Биз Теңирге Ал бизге бирдеме кылаары үчүн гана кызмат кылбашыбыз керек, Ал бизге буга чейин эле кылып койгон нерсе үчүн жана Анын Ким экендиги үчүн кызмат кылышыбыз керек. Таарынгандар болсо, Анын биздин боштондугубуз үчүн Ал эчак эле кун төлөп койгондугун билбейт. Алар кандай өлүмдөн куткарылышкандыгын билишпейт. Адамдар түбөлүктүүлүктүн көзү менен карагандын ордуна, дүйнөлүк көз караш менен карашат.

Бул жаш жигит жыйынга келбей калды жана адилетсиз адамдар менен достошо баштады, алар менен таза эмес кечелерде бирге болуп, алар сыяктуу күн кечире баштады. Көңүлү калгандыктан, Ал Кудай менен эч кандай жалпы нерсеге ээ болгусу келбей, Аны менен болгон байланыштан кача баштады.

Ал мындай жашоо менен эки жумадан ашык жашай албады. Анткени, жүрөгү ашкереледи. Бирок, ал мурдагыдай эле Теңирге жакындагысы келбей жатты. Бул абал алты айга

созулду. Ошондо, ал тургай, асман да жез сыяктуу көрүндү. Кудай эми анын жанында болбогондой сезилди.

Бир жылга жакын убакыт өткөндө Кудай ага мурдагыдай эле кам көрүп жатканын көрдү. Жигит кайрадан Кудайга жакындай баштады, бирок, эми ал момун болуп келди. Сыноо мезгили аяктагандан кийин, Теңир ага Ал эч качан таштабагандыгын көрсөттү. Анын рухий жашоосу калыбына келгенде, ал өзүнүн жеке чебине эмес, Кудайдын ырайымына таянганды үйрөнө баштады.

Мен мындан ары да аны менен байланышта болдум. Бир жарым жылдан кийин ал мурда эч качан оюна да келбеген нерсени өзүнөн көргөндүгүн айтты. "Мен туруктуу мүнөзгө ээ болбогон адам экендигимди көрдүм, менин кылгандарымдын баары үстүртөдөн гана экен. Атам мени сыртыман өзүмө ишенген жана күчтүү болууга үйрөтүп тарбиялаган. Мен эч ачан Кудай мени көргүсү келгендей образда өсө алмак эмесмин. Мени ошондой абалда калтырып койбогондугу үчүн, Теңирге ыраазымын. Менин жүрөгүмдү абдан кейиткен нерсе, барларга барып, ичип жүргөнүм эмес, Ыйык Рухтан баш тартып кеткеним болду. Мен Аны ушунчалык сүйөм. Менин Аны менен болгон мамилем эч качан азыркыдай укмуштуудай жакшы болгон эмес".

Анын өмүрүндө көптөгөн солкулдатуулар болду. Өзүнө ишенгендик жок кылынды. Бирок, бул жигитте да Петрдегидей эле негиз болгон жана ал дагы талкаланмак эмес. Эми ал өз жашоосун текебердикке кызмат кылуунун үстүнө курбастан, Кудайдын ырайымынын үстүнө курат.

Азгырыктар менен таарынычтар биздин жашообуздагы өтө жука жана алсыз жерлерибизди ачат. Көбүнчө биз өзүбүздү күчтүү деп эсептеген жерлерибиз, биздин жашырынган алсыз жерлерибиз болуп чыгат. Катуу бурганак анын жабуусун сыйрып кетмейинче, ал жашыруун бойдон кала берет. Элчи Пабыл минтип жазган: "... Кудайдын Руху менен кызмат

кылгандарданбыз, Машайак Ыйса менен мактангандарданбыз, денеге таянгандардан эмеспиз” (Филлипиликтерге 3:3).

Өзүбүздүн жекече күчүбүз менен биз түбөлүк баалуулукка ээ болгон нерсени кыла албайбыз. Муну айтып коюу оңой, бирок, биздин табиятыбызда бул чындыкты терең тамырлатуу – таптакыр башка иш.

Адамдар азгырылып
кетпеши үчүн, Ыйса чындык
менен компромисске
барган эмес.

# 9

# АЗГЫРЫК ТАШЫ

***«Мына, Мен Сионго тандалган, кымбат баалуу, негизги таш коём. Ага ишенген адам уятка калбайт», – деп жазылган. Демек, ишенгендер, силер үчүн Ал – кенч. Ал эми ишенбегендер үчүн Ал – куруучулар жаратпай койгон, бирок бурчтун башкы ташы болуп коюлган, ошондой эле мүдүрүлтүүчү, азгыруучу таш. Алар Кудай Сөзүнө баш ийишпегендиктен, ошол ташка мүдүрүлүшөт, анткени аларга ошол нерсе белгиленген.***

**– 1 Петр 2:6-8**

Бүгүнкү күндө "ишенүү" деген сөз өзүнүн чыныгы маанисин жоготуп койду. Көптөгөн адамдар үчүн ал жөн гана белгилүү бир чындыкты моюнга алуу болуп эсептелет.

Көптөрү үчүн “ишенүү” деген сөздүн тил алчаактык менен таптакыр байланышы жоктой сезилет. Бирок, Жазуудагы “ишенүүчү” деген сөздүн синоними – “тил алчаактык” деген болуп эсептелет. “Ал силер, ишенгендер үчүн – кымбат баалуу нерсе, ал эми ишенбегендер үчүн (б. а. тил албастар үчүн)...”

Жазуу минтип үйрөтөт: “Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди” (Жакан 3:16). “Ишенүү” деген сөзгө карата биздин мамилеге карай турган болсок, адамдардан талап кылынганы Ыйса деген болгон жана Ал Голгофада өлгөн дегенге ишенип койсо эле, алар Кудай алдында туура абалда болуп калат дешет. Бирок, эгер талап кылынган нерсе ушул гана боло турган болсо, анда жиндер деле Кудай алдында туура абалда болгон болбойбу. Жазуу айтып жатат: “Сен Кудайдын бирөө экендигине ишенесиң, мунуң жакшы. Бирок жиндер да ишенип, титиреп турушат” (Жакып 2:19). Бирок, жиндер үчүн куткарылуу жок.

“Ишенүү” деген сөз (же ишенип калуу) жөн гана бир нерсенин бар экендигин моюнга алуу же кандайдыр бир чындык менен макулдашуу эмес, Жазууда терең маанини берет. Мурдагы аяттардагы контекстке таянып, ишенүүнүн негизги элементи болуп тил алчаактык эсептелет деп айтсак болот. Биз бул аятты башкача окусак болот: “Ошентип, Ал силер тил алчаактар үчүн кымбат баалуулук; бирок, тил албастар (же баш ийбестер) үчүн – куруучулар жаратпай койгон таш, бирок, чалынткан жана азгырган таш, дубалдын бурчуна коюлган таш.

Силер баш ийип жаткандын мүнөзүн жана жана сүйүүсүн билсеңер, анда тил алчаак болуу кыйын эмес. Сүйүү биздин Машайак менен болгон өз ара мамилебиздин негизи болуп эсептелет. Принциптерге же окутууларга болгон сүйүү эмес, Ыйса Машайактын Өзүнө болгон сүйүү. Эгерде ошол сүйүү бизде орнобогон болсо, анда биз азгырыктарга, таарынычтарга жана чалынтуучу нерселерге бекемделебиз.

Кудай куруучу болуу үчүн чакырган Ысрайылдыктар

Кудайдын бурчка ылайык болгон ташын - Ыйсаны четке кагышты. Алар өзүлөрүнүн Байыркы Осуяттагы окутууларына, өзүлөрүнүн талкуулоолоруна ыраазы болуп гана жүрө бергилери келген, анткени, ошондой кылуу алардын жеке пайдалары үчүн жана башкалардын үстүнөн көзөмөлдүк кылуу үчүн керек болгон. Бирок, Ыйса эврейлер ушунчалык бекем жабышып алган мыйзамчылдыкка каршы болду. Ал минтип айткан: "Силер Ыйык Жазууну изилдеп жатасыңар, анткени ал аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болобуз деп ойлойсуңар. Ыйык Жазуу болсо Мен жөнүндө күбөлөндүрөт" (Жакан 5:39).

Кудайдын башынан эле жакын мамиледе болуу үчүн Анын уул-кыздары болушун каалагандыгы алардын акылына сыйган эмес. Алар бийлик жүргүзүп, башкаргылары келген. Алардын көз алдында мыйзам Кудай менен болгон жеке мамиледен жогору турган. Алар Кудайдан берилген белекти танышкан. Алар муну өздөрү иштеп тапкылары келген. Ошондуктан алардын жашоодогу үмүтү жана куткарылышы болгон Кудайдын, Ыйса Машайактын белеги, алар үчүн "чалынткан нерсе жана азгыра турган таш" болгон.

Шымыён ыйбадатканада наристе Ыйсаны колуна алганда пайгамбарчылык кылган: «Бул Наристе Ысрайыл жеринде көптөрдүн "жыгылуусунун" жана "көптөрдүн жогору көтөрүлүүсүнүн" (Лука 2:34). Карасаңар, "кулоого" жана "көтөрүлүүгө". Жерге тынчтык алып келүү үчүн Келген, акырында Ал кимдер үчүн келген болсо, алардын ортосуна бөлө турган кылычты алып келди (Матай 10:34) жана курулуштун курмандыктары болгондорго (ошол мезгилдин кызматчыларына) өмүр алып келди.

## ЫЙСА ЖАНА АЗГЫРЫКТАР

Жекшембилик мектептерде Ыйсаны жоголгон бир козуну желкесине салып алып, кайрадан короого бараткан көрүнүштө көп тартышат. Же болбосо, Аны кичинекей балдарды кучактап

жана: "Мен сени сүйөм" деп жылмайып турганын тартышат. Мунун баары туура, бирок, бул Анын толук портрети эмес. Ошол эле Ыйса фарисейлерди өзүлөрүн актагандыктары үчүн минтип айыптаган: "Жыландар, жылан тукумдары! Оттуу көлдөн кантип качып кутуласыңар?" (Жакан 2:13-22). Ал ыйбадатканада акча алмаштырып аткандардын үстөлдөрүн аңтарып салып жана өзүлөрүн кууп чыккан (Жакан 2:13-22ни карагыла). Ал атасын көмүп, анан келейин деген адамга баарынан мурда Анын артынан ээрчиши керектигин айткан: "Ыйса башка бирөөгө: «Менин артымдан ээрчи!» – деди. Ал болсо: «Теңир, адегенде атамды көргө коюп келейин, уруксат бер», – деди. Ыйса ага: «Өлгөн адамдарын көмүүнү өлүктөрдүн өзүнө кой. Сен болсо барып, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды тарат», – деди" (Лука 9:59,60). Бул дагы баары эмес. Ыйсанын кызматын көңүл коюп окуган адамга, Өз кызматы учурунда көптөрдү таарынткан жана азгырган Адам катары ачылат. Келгиле, бир нече мисалдарды карап көрөлү.

### *Ыйса Фарисейлерди азгырган*

Көптөгөн кырдаалдарда аларга азгырык болуу менен, Ыйса динчил лидерлер менен конфронтацияга барган. Алар азгырылып жана таарынып калышкандыктан да, жек көрүү менен Аны айкашкан жыгачка жиберишкен.

Бирок, Ыйса аларга сүйүү менен мындай деп айткан: "Эки жүздүүлөр! Ышайа силер жөнүндө туура пайгамбарчылык кылган: «Бул эл Мага оозу менен жакындайт, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс. Алардын Мени урматтаганы - бекер, анткени алардын үйрөткөнү - адамдык эрежелер"(Матай 15:7-9). Ыйсанын минтип айтканы аларды таарынтып койгон. Алар азгырылган.

> Дароо эле ошондон кийин Анын шакирттери эмне деп айтканын байкасаңар: "Ошондо шакирттери келип, Ага: «Билесиңби, фарисейлер бул сөздү укканда кыжырданышты» (Матай 15:12).

Жоопту изилдеп көргүлө:

> “...ар бир өсүмдүк түп-тамыры менен жок кылынат. Аларды жайына койгула. Алар - сокурлардын сокур жол башчылары. Сокурду сокур жетелесе, экөө тең аңга түшөт» (Матай 15:13, 14).

Ыйса азгырыктар Кудай Падышачылыгын Анын Атасы чындап отургузбагандардан тазалаары тууралуу айткан. Кээ бир адамдар жыйынга же кызматка Кудайдан эмес, Кудай жиберген эмес болуп туруп деле аралашып калышат. Чындыкка жооп иретинде пайда болгон таарыныч (азгырык) алардын чыныгы ниетин ачып коёт жана алар кетип калышат.

Жыйынга барганымда мен штаттагы кызматтан же такыр эле жыйындан кетип калган адамдар үчүн кейип жатышкан кайтаруучуларды көрүп калчумун. Көпчүлүк учурда кетип калган адамдадар алардын жашоо образын ашкере кылып койгон насааттар үчүн капа болуп кетишкен. Ушундан кийин алар жыйындагы кызматтын ар бир сферасын сындап жана жыйындан кетип калышкан.

Эгерде кайтаруучулар кандай болгон күндө да, алардын эшигинен кирип-чыккан адамды кармап калууга ар кандай жолдор менен аракеттене бере турган болсо, анда акырында аларга чындык менен компромисске барууга туура келет. Эгерде силер чындыкты насааттай турган болсоңор, анда албетте кээ бир адамдар таарынышып жана кетип калышат. Алар үчүн таарынбагыла, андан көрө, Кудай силерге жибергендерди тарбиялап жана азыктандыргыла.

Кээ бир адамдар адамдарды жоготуп алуудан коркуп, конфротанциядан качышат. Кайтаруучулар негизинен ашкерелөө керек болгон адамдар көп суммадагы акчаны курмандык кылышкандыктан жана алар жыйында, коомдо таасирлүү адамдар болушкандыктан, коркушат. Башкалары болсо, алар менен узак жылдар бою болгондордун сезимин оорутуп алуудан коркушат. Натыйжада, кайтаруучулар аларга

Кудай тарабынан козуларды корго жана азыктандыр деп ишенип берилген бийликтен ажырап калышат.

Качан мен биринчи жолу кайтаруучу болгонумда бир акылман адам мени минтип эскерткен болчу: “Өз бийлигиңде бекем болгун, антпесең, башка бирөө аны алып кетет да, анан өзүңө каршы колдонот”.

Шемуел эч кимдин алдында, ал тургай, падышанын алдында да чындыкка компромисске барбаган Кудайдын кишиси болгон. Шабыл Кудайды укпаган маалда Кудай Шемуелге аны ашкерелөөнү айткан. Ал ошондой кылган. Тилекке каршы, Шабыл Кудайдын Сөзүнө чыныгы тобо кылуу менен таасирленген эмес. Ал башка адамдардын көз алдында кантип көрүнгөнүнө көбүрөөк кам көргөн. Качан Шемуел андан кеткенде Шабыл анын чапанынан айрып калган. Шемуел аны төмөнкү сөздөр менен таң калтырган: «Теңир бүгүн сенден Ысрайыл падышачылыгын тартып алып, аны сенден жакшы жакыныңа берди” (1 Шемуел 15:28).

Шемуел Шабыл үчүн муну каалаган эмес. Ал ал үчүн кейиген. Шемуел Шабылды падышачылыкка майлаган жана аны башкарууга үйрөткөн. Ал Шабылдын досу болгон. Бирок, Шемуелдин Шабыл үчүн кейигенине Кудай кандай көз караште болгонун карап көргүлө:

> “...Шабул үчүн качанкыга чейин кайгырасың? Мүйүзүңдү зайтун майына толтургун да, баргын, Мен сени... жиберем...” (1 Шемуел 16:1).

Кудай Шемуелге жаңы майлоо тууралуу айткан. Кудайдын сүйүүсү жана Кудайдын майлоосу, Кудайдын соту таза жана жеткилең болуп эсептелет. Эгерде Шемуел Шабылга Кудай аны четке каккан маалда келген болсо, анда жаңы елей болмок эмес. Эгерде ал кайгырып, ыйлай турган болсо, анда ал алдыга жыла алмак эмес.

Адамдардын кетип калып жатканы үчүн кайгырып жаткан кайтаруучулар, аларды ашкерелөөдөн баш тартып

жаткан кайтаруучулар аларды ашкерелөөгө каршы чыгып жаткандардын, алар достору болгон үчүн айта албай жаткандардын акыр-аягында елейлери түгөнүп калат. Кээ бир машайакчылык кызматтар өлүп калышат, ал эми калгандары болсо тирүүгө окшошо беришет. Алар өзүлөрү билбей туруп эле адамдар менен болгон мамилелерин Кудай менен болгон мамиледен жогору коюп алышкан.

Библия Ыйса Аны калтыргандарга кандайдыр бир таасирленгени тууралуу күбөлөндүрбөйт. Анын жүрөгү Атанын эркин аткарууга гана умтулган. Ушундай кылуу менен Ал көп сандаган адамдарга пайда келтирген.

Мен бир Ыйык Рухка толгон жыйында насаат айтканымды эч качан унутпайм. Биринчи күнү мен жөн гана тобо кылуу жана өзүнүн биринчи сүйүүсүнө кайтып келүү тууралуу насааттадым. Мен каршылыктарды сезип жаттым, бирок, так ушуну насаатташым керек эле.

Кызматтан кийин кайтаруучу мага келип мындай деди: “Сиз бүгүн насааттаган нерсени эрте менен Кудай мага айткан болчу, бирок, мен менин адамдарым муну угууга даяр эмес деп ойлогом”.

Менин аялым Ыйык Рух аны кайтаруучуга суроо берүүгө түрткөндүгүн айтты: “Бул жыйындын кайтаруучусу ким, сизби же Ыйсабы?”

Кайтаруучу муну угуп алып, башын жерге салды. “Бир айдай мурун Теңир мага так ушуну айткан. Ал мага адамдар эмнени кабылдай алаарын Өзү билерин айткан”. Кайтаруучу бизге алардын жыйынынын үчтөн бир бөлүгү “консерваторлордон” тураарын, алар кызматтын өтүшүндө: музыкада же насааттарда өзгөрүүлөрдү каалабастыктарын айтты. Биз аны шыктандырып, бекем болууну жана бир гана Теңирге таянуусун айттык.

Анын жыйынында биз дагы төрт кызмат өткөрдүк, муну кылуу албетте кыйын болду. Биз ал шаардан кеткенден кийин бир кап туз көтөрүп чыккандай болдум. Эмне экендигин түшүнбөдүм,

өзүмдү жаман сезип жаттым. Адатта, мен жыйындарды таштаган кезимде жүрөгүмдү кубаныч толтуруп турчу эле. Мен эмне туура эмес болуп жатканын билбей жаттым.

Акыры Теңир менен жалгыз калганымда мен Андан минтип сурадым: "Атаке, эмнени мен туура эмес кылдым, менин катам эмнеде? Эмне үчүн менин рухумда бул оор жүк болуп жатат? Балким, мен кайтаруучунун бийлигин басып койдумбу?

Ал жөн гана минтип айтты: "...Бутуңардын чаңын да күүп салгыла" (Лука 9:5).

Мен Андан муну укканда таң калып эле калдым. Мен сыйынууну жана андан суроону уланта бердим, бирок, ошол эле жоопту уктум: "...Бутуңардын чаңын да күүп салгыла". Акыры мен Теңирди уктум. Мен буттарымдагы чаңды күүп салганымда, оордук мени таштап жана жүрөгүмдү кубаныч толтурду. Мен таң калдым: "Бирок, Теңир, муну кылуунун эмне кереги бар болчу, алар акыры мага кол салышып же мени шаардан кууп чыгышкан жок го?"

Ал мага жыйын жетекчилиги жана көптөгөн адамдар Анын сөзүн четке кагышкандыгын көрсөттү.

"Аларга дагы да убакыт берчи, Теңир",- деп айттым мен.

> "Мен аларга дагы элүү жыл берсем дагы, алар өзгөрүшпөйт. Алар өз жүрөктөрүндө бекем чечим кабыл алышкан".

Мен тиги лидер Кудайга баш ийүүнүн ордуна, жүрөгүндө компромисс менен кала берүүнү чечкендигин түшүндүм. Анын мүйүзү жаңы елей менен толтурулган эмес. Анын сырткы көрүнүшү такыбаа болуп көрүнгөнү менен, чынында анда такыбаалык жок болчу. Б. а. анда сыртынан Рухка толгондой көрүнүш болгону менен, Кудай менен биргеликтеги жашоо да, Кудайдын күчү да жок болчу. Кийинчерээк мен ал кайтаруучулукту таштап кеткенин жана ал жыйындан болгону кичинекей гана келип-кеткен адамдардын тобу калгандыгын уктум.

Ыйса башкалардын Өзүн башкаруусуна уруксат бербейт. Ал конфронтацияга жана күчтүү азгырыкка алып келген учурда да чындыкты айткан.

Эгерде силер адамдардын гана жактыруусуна ээ болгонду каала428саңар, анда Кудайдын майлоосу силерге кире албайт. Эгерде силер башкаларды азгырып же таарынтып алууга тобокел кылып жаткан учурда деле, Кудайдын сөзү эмне деп жаткандыгына жана Анын эркин аткарууга көчкүлө.

***Ыйса Өзүнүн жашаган шаарындагыларга азгырык болгон***

Ыйса Өзү өскөн шаарга кызмат кылганы келген. Бирок, Ал башкаларга алып келген эркиндик менен айыктырууну аларга алып келе алган эмес. Карасаңар, алар эмне дегенин:

> “Бул жыгач устанын эле уулу эмеспи? Мунун энесинин ысымы Мариям, бир туугандары болсо Жакып, Жусуп, Шымон жана Жүйүт эмеспи. Карындаштарынын баары биздин арабызда эле жүрүшөт го. Ал мындай акыл менен мындай күчтү кайдан алган?» Ошентип, алар Ыйсаны кабыл алгылары келген жок. Ыйса болсо аларга: «Пайгамбар өз жеринен, өз үйүнөн башка жерде урматталат», - деди (Матай 13:55-57).

Назеретте жашагандар эмне деп атканын уккула: «Ал Өзүн ким деп ойлоп жатат бизди бийлик менен окуткандай? Анын ким экендигин биз билебиз. Ал ушул эле жерде өспөдү беле. Биз Анын жетекчилерибиз. Ал болгону жыгач устанын уулу. Анын ал тургай, билими да жок”.

Канткен күндө да, Ал адамдарга азгырык болбоюн деп, чындык менен компромисске барган жок. Назареттин тургундары Ага абдан каарданышкан, аска менен кагылышып, Аны өлтүргүсү келген (Лука 4:28-30). Анын жашоосу коркунучта болгон кезде да, Ал чындыкты айтууну уланта берген. Мындай адамдарга кандай муктаж болобуз!

Ыйса Өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнө да азгырык болгон

Ал тургай, үй-бүлө мүчөлөрү да Ал тууралуу азгырык болгон. Анын айынан баштан кечирип жаткан басымдар, аларга жаккан эмес. Алардын Ага ишенүүсү кыйын болгон. Келгиле, ал нерсеге карап көрөлү:

> «Ал акылынан айнып калыптыр», – деп айтып жатышканын уккан жакындары Аны алып кеткени келишти... Энеси менен бир туугандары келип, сырттан Ыйсаны чакыртышты. Анын тегерегинде эл отурган эле. Ошондо Ага: «Энең, инилериң, карындаштарың сыртта Сени чакырып жатышат», – дешти. Ыйса аларга: «Менин энем жана бир туугандарым ким?» – деди да, айланасында отургандарды тегерете карап: «Мына, менин энем, мына, Менин бир туугандарым. Анткени ким Кудайдын эркин аткарса, ошол Менин иним, карындашым жана энем!» – деп жооп берди (Марк 3:21, 31-35).

Анын үй-бүлөсү Ал акыл-эсин жоготуп койду деп ойлошту. Жазууда Ыйсанын үй-бүлөсү "Аны кармоо" үчүн келишти деп айтылат. Марк Ыйсанын жакындары – Анын энеси, бир туугандары ошол жакта болушканын жана Аны бир үйдө насаат айтып жаткан жерден табышканын айтат. Жакандан Жакшы Кабарда болсо минтип айтылат. "Анткени бир туугандары Ага ишенишкен эмес" (Жакан 7:5).

Көпчүлүгү Ыйса Өзүнүн жакындары тарабынан четке кагылгандыгын билишпейт. Бирок, Ал үйдөгүлөрүнүн гана кабыл алышын каалаган эмес. Ал Өзүн көзөмөлдөөгө жол берген эмес. Анын каалоосу Аны туугандары колдойбу же жокпу, ага карабастан, Кудайдын планын аткаруу болгон.

Мен үй-бүлө мүчөлөрүн же жубайын таарынтып албайын деген коркунучтан улам, Ыйсаны ээрчүүдөн баш тарткан көптөгөн адамдарды билем. Мунун натыйжасында алар баш тартып кетишкен же болбосо, өзүлөрүнүн жаралгандагы максаттарын аткара албай калышкан.

Мен жогорудан төрөлгөн кезде, үй-бүлөмдүн бардык мүчөлөрү католиктер болушкандыктан, менин кубанычымды бөлүшө алышкан эмес. Айрыкча, апам менин ал мени тарбиялаган жыйындан кетишиме абдан каршы болгон. Католиктер Кудайды сүйгөн адамдар экендиги шексиз, бирок, мени Кудай ал жактан чыгууга чакырды.

Мен үй-бүлөм менен кызматчы болууну чечкендигимди айтканымда, аларга экинчи жолу сокку урулгандай болду. Мен эми эле университеттен механик-инженер деген дипломду алгандыгыма байланыштуу, ата-энемдин мага карата эбегейсиз үмүттөрү бар болчу. Теңир менден эмнени каалап жатканын билчүмүн жана бул менин жакындарымды капалантарын да билчүмүн. Жылдар бою мен ыгайсыздыктарды сезип жүрдүм. Көптөгөн түшүнбөстүктөр болду. Бирок, мен туугандарым мага канчалык ачууланышканына карабай, баары бир Ыйсанын артынан ээрчүүнү чечтим.

Алгач мен аларга Жакшы Кабар менен чабуул койгум келди. Мен алар мессага барып коюу менен эле куткарылбастыктарын айттым. Акылсыздыгыман, мен аларды бир жээкке чыгарып койдум. Андан кийин Кудай мага алардын алдында машайакчыдай болуп жашоону айтты, алар менин жакшы иштеримди көрүшсүн деди. Мен мурдагыдай эле үй-бүлөмө жагууну каалагандыгыман улам, компромисске барган жокмун.

Бүгүнкү күндө ата-энем мени колдошот жана баарынан көп каршы болгон чоң атам сексен тогуз жашында, өлөөрүнө эки жыл калганда куткарылуу алды.

Ыйсанын энеси жана ага-иниси Ал акылын жоготуп койду деп ойлошкон эле. Бирок, Анын Асмандагы Атага ишенимдүү болгондугунан улам, алардын баары куткарылышып, Элүүнчү күнү элчилер менен бирге болушту. Ыйсанын энелеш бир тууганы Жакып Иерусалимдеги жыйындын башкы элчиси болуп калды.

Эгерде үйдөгүлөрүбүзгө жагуу үчүн биз Кудай айткан нерсеге

карата компромисске бара турган болсок, анда жаңы елейден ажырап калабыз жана жакындарыбыздын бошонушуна, куткарылышына жардам бере албайбыз.

Ыйса Өз шакирттерин азгырды

Өткөн бөлүмдөрдө биз Ыйса тарабынан шылдыңга калган шакирттери тууралуу кенири кеп кылганбыз. Келгиле, ушуну кайрадан кайталап көрөлү, бирок эми аларга Ыйсанын көзү менен карап көрөлү.

> Шакирттеринин бир тобу муну укканда: «Катуу айтылган сөздөр экен, муну ким угуп тура алат? » – дешти. Шакирттеринин ушул тууралуу наразылык билдиргенин билген Ыйса аларга мындай деди: «Ушул сөз силердин кыжырыңарды келтирип жатабы? Ушул сөздөрдөн кийин шакирттеринин көбү Ыйсадан четтеп, Аны ээрчибей калышты (Жакан 6:60, 61, 66).

Кырдаал жалындап турган. Диний лидерлер Ыйсаны кантип өлтүрүүнү ойлонуп жатышты. Ал өскөн шаар аны танып койду. Өз үй-бүлөсү Аны акыл-эсин жоготуп койду го дешти. Мунун баарына кошумча болуп, Анын шакирттеринен таарынып кеткендер болду. Бирок, Ыйса баары бир компромисске барган эмес. Ал калгандарга да, алар да кааласалар кете бериштери керектигин айткан.

Ыйса үчүн эң бир маанилүү болгон нерсе – бул Атанын тилегин ишке ашыруу. Ал тургай, ошол жалгыз калган учурда дагы Анын жүрөгүн өзгөрткөн эмес. Ал Өзүнүн Атасын угууга бекем чечим кабыл алган.

***Ыйса Өзүнүн бир нече жакын досторун да таарынткан***

> Эже-сиңди Мариям менен Марта жашаган Бетания деген айылда Лазар деген бир адам ооруп жатты. Ыйсаны жыпар жыттуу май менен майлаган, Анын бутун чачы менен аарчыган ушул Мариям болчу.

> Ооруп жаткан Лазар анын бир тууганы эле. «Теңир, жакшы көргөн адамың ооруп жатат», – деп, эже-сиңди Ыйсага айттырып жиберишти (Жакан 11:1-3).

Ыйса Марфаны, Марияны жана Лазарды жакшы көрчү. Ал алар менен бир нече убакытты өткөргөн. Ага Лазар ооруп калды деп айтышканда, Ыйса кантип таасирленгенине көңүл буруп көрсөңөр:

> Менден шектенбеген адам бактылуу (Жакан 11:6).

Ыйса Лазардын оорусу өлүмгө алып келерин билген. Бирок, Ал ошол жүргөн жеринде дагы эки күнгө чейин кала берген. Ал акыры Бетанияга барган кезде, Лазар өлүп калган болчу.

Марфа да, Мария да Ага: “Теңир, эгерде Сен бул жерде болгонуңда бир тууганыбыз өлбөйт болчу” деп айтышты (Жакан 11:212). Б. а: “Эмне үчүн Сага айтаар менен эле, ошол замат жетип келген жоксуң? Сен аны сактап кала алмаксың да!”

Эже-сиңди экөө тең, Ага бир аз таарынган болуштары керек. Алар бир тууганадарынын ооруп калгандыктары тууралуу жолоочулардан кабар айтышкан болчу, бирок, Ыйса дагы эки күнгө кармалды. Ыйса алар күткөндөй кылган жок. Ал башкача кылды. Ал ага барыш үчүн баарын таштап койгон жок. Анын ордуна Ал Ыйык Рухтун жетекчилигин күттү. Бул баардыгы үчүн эң жакшы болчу. Анткен менен, ошол кезде баарына Ыйсага баары бирдей жана бул ага такыр таасир этпегендей сезилген.

Көбүнчө кызматчылар өзүлөрү кам көрүп жаткандардын көзөмөлдөөсү алдында болушат. Алар адамдар суранган нерселердин баарын кылуулары керек деп ойлошот.

Өзүнүн кайтаруучусунан бөлүнүп калган жыйын кеңешинин бир мүчөсү мага минтип айткан: “Биз биздин талаптарыбызды канааттандырган, жөн гана эрте менен саат сегизде мага кофеге келе турган,... ушундай кайтаручуну каалайбыз”.

Мен минтип ойлоп калдым: “Андай болсо, Ыйык Рух менен жетектелбей эле, силер өзүңөр көзөмөлдөп тура турган, абдан

сөзмөр адамды тандашыңар керек"· Мен кийинчерээк ал жыйын төрт кайтаруучуну алмаштырганын уктум·

Мен жаштардын кайтаруучусу болгонума алты ай болгондо бирөө мага келди. "Менин досум болосуңбу? – деп сурады ал. – Биздин акыркы кайтаруучубуз менин досум болчу".

Менин маектешим абдан сөзмөр жана достукка жакын адам экен. Алар ар кандай кыймылдуу оюндарды ойношуп, ар кандай иштер менен алек болушкан. Мен ал эмнени сурап жатканын түшүндүм. Жыйын кеңеши да өз кайтаруучусунан негизинен ошону гана күткөн эле.

Мен ага Матайдан (10:41) бул сөздөрдү айтып бердим: "Ким пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат· Ким такыбааны такыбаа катары кабыл алса, ал такыбааныкындай сыйлык алат".

- Сенин досторуң көп, ушундайбы? – деп сурадым мен.
- Ооба, - деп жооп берди ал.
- Бирок, сенин кайтаруучуң бирөө эле туурабы?
- Ооба.
- Сен кандай сыйлыкты каалайсың – жаштардын кайтаруучусунунбу же жолдошторуңдунбу? Анткени, Кудайдан эмне алаарың сен мени кандай кабыл алганыңа жараша болот.

Мен эмнени айтып жатканымды ал түшүндү.

- Мен жаштардын кайтаруучусунун сыйлыгын каалайм.

Көптөгөн машайакчы кызматчылар өзүлөрүнүн тобундагылардын күткөндөрүн аткара албай калбасам экен деп, алардын сезимдерин жаралантып албасам экен деп, алардын колдоосун жоготуп албасам экен деп коркушат. Алар башкаларды таарынтып албайын деген тузакка түшүп алышкан. Аларды Кудай эмес эле, адамдар башкарып алышкан. Ушунун натыйжасында, алардын жыйынында же коомдорунда түбөлүк чындыкка негизделген нерселер аз болот.

Ыйса Жакан Чөмүлдүрүүчүгө да азгырык болгон Ал тургай, Жакан чөмүлдүрүүчүгө да Ыйсага таарынуу жана азгырылбоо менен күрөшүүгө туура келген.

> Бул окуялар тууралуу Жакан өзүнүн шакирттеринен кабардар болду. Ошондо ал эки шакиртин чакырып алып, «Келе турган Сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?» – деп суратыш үчүн, Ыйсага жиберди. Алар Ыйсага келишип: «Бизди чөмүлдүрүүчү Жакан жиберди. Ал Сенден: "Келе турган Сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?" – деп сурап жатат», – дешти (Лука 7:18-20).

Бирок, бир мүнөткө! Эмне үчүн Жакан Ыйсадан келе турган Мессия ошолбу же башканы күтүшүбүз керекпи деп сурады? Жакан өзү Анын жол Даярдоочусу болбоду беле жана Анын келиши жөнүндө: "...«Бул – Кудайдын курмандык Козусу, Ал дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алат!" деп айткан (Жакан 1:29). Так ошол Жакан Чөмүлдүрүүчү минтип айткан болчу: "...Ыйык Рухка чөмүлдүрүүчү Ошол" (Жакан 1:33). Так ошол Жакан Чөмүлдүрүүчү айткан болчу: "Ал өсүшү керек, мен болсо кичирейишим керек" (Жакан 3:30). Ошол мезгилде Ыйсанын Ким экендигин билген жалгыз гана адам ошол Жакан Чөмүлдүрүүчү болчу (Шымон Петрге бул али ачыла элек болчу).

Эмне үчүн анда ал: "Келе турган Мессия Сенсинби же башкасын күтөлүбү?" деп сурайт.

Өзүңөрдү Жакандын ордуна коюп көргүлө. Силер Кудай ишке ашыра турган нерсенин авангардында турган адамсыңар. Силер көптөгөн адамдарга кызмат кылдыңар жана ал кызмат бүт өлкөгө белгилүү болду, ал тууралуу баарынан көп сүйлөп жатышты. Силер өзүңөрдөн баш тарткан жашоодо жашадыңар, никеге турган жоксуңар, эмне үчүн жаралгандагы максатыңарды аткаруу үчүн мүмкүн болгондун баарын кылдыңар. Силер чөлдө жашадыңар, чегирткелер менен, жапайы бал менен тамактандыңар жана көп жолу орозо кармадыңар. Силер

фарисейлер менен салгылаштыңар жана жиндерге байланган деген айыптоону башыңардан өткөрдүңөр. Силердин жашооңордун бардыгы келе жаткан Мессияга жол даярдоого багытталды.

Эми силер түрмөдөсүңөр. Силер белгилүү бир убактан бери туткундасыңар. Силерге адамдар да аз келет. Силер даярдаган адамдар эми Назереттик Ыйсага көңүл буруп калышты. Ал тургай, силердин жеке шакирттериңер да эми Ошол Адамга кызмат кылып калышты. Силерге кызмат кылуу үчүн аз гана адамдар калышты. Алар да силерге келгенде Ошол Адам жана Анын шакирттери кантип жашап жаткандыктары тууралуу сүйлөшөт. Алардын жашоосу силердин жашооңордон абдан эле айырмаланып турат. Алар салык жыйноочулар жана күнөөкөрлөр менен кошо тамактанышат. Алар ишембини сакташпайт, ал тургай орозо да кармашпайт.

Анан өзүңөргө айтасыңар: “Мен Ага Кудайдын Руху көгүчкөндүн кебетесинде кантип келип түшкөнүн көрдүм, бирок, Мессия өзүн ушундай алып жүрүшү керекпи?” деп.

Анан түрмөдө канчалык узагыраак болгон сайын, азгырылуу жана таарынуу ошончолук күчтүүрөөк боло берет. “Мен Ага жол даярдоо үчүн дээрлик бүт өмүрүмдү арнаган бул Киши, ал тургай, мени түрмөдө жатканымда келип көрүп коюуга да жарабады! Кантип ушундай болсун? Эгере Ал Мессия болсо, эмне үчүн анда мени бул түрмөдөн чыгарып кетпейт? Мен эч кандай кылмыш кылган жокмун да”.

Ошондуктан, силер өзүңөрдүн ишенген эки шакиртиңерди Ыйсадан минтип сурап келүү үчүн жибересиңер: “Келе турган Сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?” Келгиле, Ыйса Жаканга кантип жооп бергендигин карап көрөлү:

> Ал учурда Ыйса көптөрдү оору-кеселдеринен айыктырып, жиндерден бошотуп, көптөгөн сокурлардын көзүн ачкан эле. Ыйса Жакандын шакирттерине: «Укканыңар менен көргөнүңөрдү

> Жаканга айтып баргыла: сокурлар көрүп, майыптар басып, пес оорулуулар айыгып, дүлөйлөр угуп, өлгөндөр тирилип жатышат, жакырларга Жакшы Кабар таратылып жатат. Менин ким экендигимден шектенбеген адам бактылуу!» деп жооп берген (Лука 7:21-23).

Ыйса Жаканга белгилүү болгон Ышайа пайгамбарды айтып жатат. Ышайа пайгамбардын Китебиндеги 29:18; 35:4-6 жана 61:1 Жакандын шакирттери Ыйсага Жакан сураган суроону берели деп кезек күтүп тургандагы көргөндөрүнө кирет. Бул керемет Аны Мессия катары күбөлөндүрөт. Бирок, Ал муну менен бүтүп калбайт. Ал минтип кошумчалайт: "Мен жөнүндө шектенбеген адамдар бактылуу!"

Ал минтип айткан: "Жакан, сени менен эмнелер болуп жаткандыгынын баарын түшүнбөй жаткандыгыңды Мен билем жана Менин көптөгөн жолдорумду билбейсиң, анткени Мен сен күткөндөй болуп аракеттенбейм". Ал Жаканды Кудайдын жолдорун анын өзүнүн жекече түшүнүгү менен соттоосун каалаган эмес. Бүгүнкү күндөгү биз сыяктуу болуп, Жаканга да Кудайдын ойлорунун баары толук ачык эмес болчу. Ыйса ага минтип айтуу менен аны шыктандырган: "Сен сага айтылган нерсени кылдың. Сенин сыйлыгың улуу болот. Болгону Мен жөнүндө шектенбе!"

## АРТЫНАН КЕЧИРИМ ЭЭРЧИБЕГЕН ТААРЫНЫЧ (АЗГЫРЫЛУУ)

Ал тургай, силер Жакан сыяктуу болуп Кудайдын жолунда үйрөнгөн болсоңор дагы, баары бир Ал жөнүндө шектенгенге жана Ыйсага таарынганга бир себеп табасыңар. Эгерде чындап эле Аны сүйсөңөр жана ага ишенсеңер, анда ар кандай жолдор менен Ага таарынбаганга жана Ал жөнүндө шектенбегенге аракеттенесиңер, анткени ар дайым Анын жолу силердикинен жогору экендигин моюндайсыңар.

Эгерде силер ар дайым Кудайдын Рухуна тил алчаак болгон болсоңор, адамдар силерге таарынышат жана силерден шектенишет. Ыйса Жакандан Жакшы Кабарда (3:8): "Шамал каалаган жеринде согот, анын үнүн угасың, бирок кайдан келип, кайда кетерин билбейсиң. Ыйык Рухтан төрөлгөн адамда да ушундай болот".

Силер Ыйык Рухтун жетекчилиги астында аракеттенген кезиңерде, кээ бирлер силерди түшүнбөй калыштары мүмкүн. Алардын таасирлери, нараазылыктары жана түшүнбөстүктөрү силерди чындыктан алып кетишине жол бербегиле. Адамдардын каалоосун аткарам деп атып, Рухту четке какпагыла. Петр муну баса белгилеген:

> Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт. Эми мындан аркы жашооңорду адамдык кумарлар менен эмес, Кудайдын эрки менен жашагыла (1 Петр 4:1, 2).

Качан силер Кудайдын эрки боюнча жашай баштаганыңарда, адамдардын каалоосун аткарбай каласыңар. Мунун натыйжасында силер денеңер менен кыйналасыңар. Ыйса диний лидерлердин эбегейсиз каршылыктарын башынан өткөргөн. Диний адамдар Кудай алар бекиткен чекте гана аракеттенет деп ойлошот. Алар Кудайга бара ала турган жалгыз гана адамдарбыз деп ишенишет. Эгерде Теңир эки миң жыл мурун Рухтун жетегинде жүргөндө динчил адамдарды таарынтып жана шектенткен болсо, анда Анын артынан ээрчигендер да сөзсүз ошону кылат.

Буга жакшы мисал катары элчи Пабылдын куугунтукталышы кирет. Галатиядагы кээ бир адамдар Пабыл айкаштагы Жакшы Кабарды өзгөртүп, компромисске барыптыр, куткарылыш үчүн сүннөткө отургузулуу зарыл деп айткан диний башчылар менен макулдашыптыр деген имиштерге ишенишкен. Бирок, Пабыл аларга маселенин чыныгы абалына ачык эле түшүнүк

берген. "Мага карагылачы, - деп айткан ал. – Мени бардык жактан диний башчылар аңдып жүрүшөт. Эгерде мен сүннөткө отургузууну насааттаганымда, алар ушинтишмек беле? Айкаштагы чындык болсо – бул куткарылууга карата жалгыз гана жол, ал адамдарды шектентет (таарынтат), бирок, бул чындык жана мен андан башка нерсени насааттайын деген ниетим жок!" (Галаттыктарга 5:11).

Биз өз жүрөгүбүздө ал үчүн кандай баа төлөшүбүз керек болсо да, Кудайдын Рухуна багынам деген чечим кабыл алышыбыз керек. Ошондо бизге адамдардын кысымынын же кырдаалдын кысымынын астында чечим кабыл алганга туура келбейт анткени, бул чечимди биз кабыл алганбыз.

Ыйса Өз Атасына тил
алчаак болуу үчүн, кээ бир
адамдарды таарынткан,
бирок, Ал эч качан Өз
укугун коргоо үчүн азгырык
болгон эмес.

# 10

# БИЗ АЛАРДЫ АЗГЫРЫП АЛБАЙЛЫ

***Ошондуктан бири-бирибизди соттобойлу, андан көрө бир тууганыбыздын жыгылуусуна же азгырылуусуна түрткү болбоо жөнүндө ойлонолу.***

**– Римдиктерге 14:13**

Биз эми эле Ыйса жерде жашап жана кызмат кылып жүргөндө көптөгөн адамдар Ага таарынышканы жөнүндө талкууладык. Бардык жерде эле адамдар Ага таарынып жана шектенип жүргөндөй ойдо каласың. Бул бөлүмдө мен маселенин башка жагын карагым келет.

Ыйса жана Анын шакирттери эми эле Капернаумга кайтып келишти. Алар башка шаарларда кызмат кылышып жана кыска бирок, зарыл болгон эс алуу үчүн келишти. Эгерде кандайдыр

бир жерди Анын кызматынын борбору дей турган болсок, анда бул – Капернаум. Шымон Петрге ушул шаардын салык жыйноого жоопкерчиликтүү болгон расмий бир чиновниги келип, минтип айтат: “...силердин Устатыңар дидрахма бербейт бекен?” (Матай 17:24).

Петр: “Азыр” – деди да, анан бул суроо менен Ыйсага барды.

Ыйса салык жыйноочунун суроосун күтүп жаткан, анткени Шымон Петрден минтип сурап жатты: «...Кандай деп ойлойсуң, Шымон, бул дүйнөдөгү падышалар алык-салыкты кимден алышат: өз уулдарынанбы же бөтөн кишилерденби?» - деп сурады. «Бөтөн кишилерден», - деди Петир. Ыйса ага: «Демек, уулдары салык төлөшпөйт экен да (Матай 17:25, 26).

Ыйса Петрди уулдар салыктан бош деген ойго алып келет. Алардан садагаларды алышпайт. Тескерисинче, алар ушул салыктардан пайдаланышат. Алар ошол салыктардын жана садагалардын эсебинен ак сарайларда жашашат. Уулдар падышанын дасторконунан тамак жешет жана падышалык кийимдерди кийип жүрүшөт жана ошолордун баары ушул салыктар менен садагалардын эсебинен камсыздалат.

Бул салык жыйноочу бизден ыйбадатканага берүү үчүн алды. Бирок, ыйбадаткананын падышасы же ээси ким болчу? Ал ким үчүн курулган? Жооп: Кудай Ата үчүн. Петр эми эле Ыйса “тирүү Кудайдын Уулу, Машайак” экендиги тууралуу Кудайдан ачылыш алды.

Ушунун негизинде Ыйса Петрден сурады: “Эгерде Мен Ошонун Уулу болсом, бул ыйбадаткана Кимге тиешелүү, анда Мен ыйбадатканага ал салыкты төлөөдөн эркин эмесминби?” Албетте, Ал эркин болчу жана садаганы төлөбөй койгонго толук акысы бар болчу. Антсе да, карап көрсөңөр, Ал Петрге эмне дегенин:

> Бирок салык жыйноочулар кыжырланбашы үчүн, көлгө барып, кайырмак сал. Кармаган биринчи балыгыңды тартып алып, оозун ачсаң, статирди көрөсүң. Аны алып, экөөбүз үчүн берип кой» (Матай 17:27).

Ал эми эле эркин экендигин далилдебеди беле. Бирок, тигил адамдарды таарынтып албаш үчүн, Ал Петрге: “Кел, төлөп коёлу!” деди. Анын Петрге барып кайырмакты салып жана биринчи түшкөн балыктын оозунан акчаны алгын дегендигинин өзү да Анын эркиндигинин дагы бир далили болуп турат. Кудай Ата аларды ал тургай, салыкты төлөөдө да камсыздап койду.

Ыйса – бүткүл жер жүзүнүн Теңири. Ал Кудайдын Уулу. Жер жана анда болгон нерсенин баарысы Алар тарабынан жаратылган жана Анын бийлиги астында. Акча ошол балыктын оозунда болоорун да Ал билген. Ага бул акчаны табуу үчүн иштөөнүн кереги жок болчу, анткени Ал Кудайдын Уулу болгон. Ошентсе да, Ал баары бир садага акчаны берип, адамдарды таарынткысы келген эмес.

Бул Ыйса өткөн бөлүмдө адамдарды таарынтып жана эч кандай кечирим сурагысы келбеген эле Ыйсабы? Ал салык төлөөдөн эркин экендигин далилдеди, бирок минтип айтып жатпайбы: “Бирок, биз аларды таарынтып албашыбыз үчүн, бар да, төлөп сал!” деди. Менимче, бул жерде кандайдыр бир түшүнүп ала турган нерсе бар, ушундай эмеспи?

Жоопту биз кийинки аяттан табабыз.

> Ошол мезгилде шакирттер Ыйсанын жанына келип: «Асман Падышачылыгында ким баарынан чоң?» - деп сурашты. Ыйса бир кичинекей баланы чакырып алып, ортого тургузду да, мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, эгерде жаман жолуңардан кайтып, кичинекей балдардай болбосоңор, Асман Падышачылыгына кирбейсиңер. Ошондуктан ким өзүн басынтып, ушул бала сыяктуу болсо, ал Асман Падышачылыгында чоң болот (Матай 18:1-4).

Бул жердеги эң бир орчундуу сөз “ким кичирейсе” деген. Кийинчерээк Ыйса буга толугураак түшүнүк берет:

> ...Араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун... Анткени Адам Уулу да Өзүнө

> кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген» (Матай 20:26-28).

Мына, сага! Кандай гана бекемдөө! Ал Ага кызмат кылышсын деп келген эмес, Өзү кызмат кылыш үчүн келген. Ал Уул болгон. Ал эркин болгон. Ал эч кимге, эч нерсе карыз болгон эмес. Ал адамдардын эч кимисинин бийлиги астында турган эмес, антсе да, Өзүнүн эркиндигин кызмат кылуу үчүн пайдалангысы келген.

## КЫЗМАТ КЫЛУУ ҮЧҮН ЭРКИН

Жаңы Осуятта бизди, Кудайдын балдарын Ыйсага окшошууга жана Анықына окшош жүрөккө ээ болууга насааттташат:

> Бир туугандар, силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла (Галаттыктарга 5:13).

Эркиндикти түшүндүргөн башка дагы нерсе бар – бул артыкчылык. Биз тирүү Кудайдын балдарыбыз, бирок, өзүбүздүн эркиндигибизди же артыкчылыгыбызды өзүбүзгө кызмат кылышыбыз үчүн колдонбошубуз керек. Эркиндик башкаларга кызмат кылышыбыз үчүн колдонулушу керек. Кызмат – бул эркин эмгек. Эмгекке байланып калгандык жана эркин эместик – бул кулчулдук. Кул – бул кызмат кылууга милдеттүү болгон адам, ошол эле мезгилде кызматчы– бул кызмат кылууну каалаган адам. Келгиле, кул менен кызматчынын жумушка карата болгон мамилесиндеги айырмачылыкты карап көрөбүз.

- Кул кызмат кылууга милдеттүү – кызматчы ишке өзү киришет.
- Кул талап кылынгандын эң азын кылат–

кызматчы өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн максимум колдонот.

- Кул бир чакырым (же км) барат – кызматчы эки чакырым барат.
- Кул өзүн тонолгондой сезет – кызматчы өзү берет.
- Кул байлануу – кызматчы эркин.
- Кул өз эркиндиги үчүн күрөшөт – кызматчы өз укуктарынан баш тартат.

Мен жүрөгүндө таарынычы менен кызмат кылган көп эле адамдарды көргөнмүн. Алар салык төлөгөндө да наалып, нараазычылык менен беришет. Алар андан кутулгандыктарына карабасатан, дагы эле мыйзамдын кулдарындай жашап жүрүшөт. Алар өз жүрөктөрүндө кул бойдон кала беришет.

Эң эле кейиштүүсү, бул мыйзамалар тарабынан Жаңы Келишимге негизделип түзүлгөн. Аларда Ыйса кызмат кылгандагыдай мамиле жок. Ошондуктан, алар башкалардын кызыкчылыгы үчүн эмес, өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыктары үчүн күрөшүшөт.

Пабыл мындай мамилелерди римдиктерге жана коркунттуктарга жазган каттарында ашкерелейт. Бул ишенгендердин эркиндигине тамак маселеси аркылуу чакырык ташталган эле. Пабыл аларга мындай акыл айткан сөздөр менен баштайт: “Ишеними алсыз адамды кабыл алгыла, анын көз караштары жөнүндө талашып-тартышпагыла. Бир адам баарын жей берсе болот деп ишенет, ал эми алсыз адам жашылчаларды гана жейт» (Римдиктерге 14:1,2).

Ыйса адамды анын оозунан кирген нерсе эмес, адамдын оозунан чыккан нерсе арам кылаары тууралуу ачык эле айткан. Мунун менен Ал, ишенген адамдар үчүн ар кандай тамак таза болоору тууралуу айткан (Марк 7:18, 19ду окугула).

Пабыл кээ бир ишеними алсыз ишенүүчүлөр буркандарга арналган тамак менен булганып калбайын деп, эт жебегендиги тууралуу айткан. Ыйса кандай кылуу керектигин так түшүндүрүп берип жатса дагы, мындай адамдар баары бир этти тынчтык менен, бейкапар жей алышпайт.

> Буркандарга багышталган тамак-ашты жегенге болор-болбосу жөнүндө сөз кыла турган болсок, биз буркандын бул дүйнөдө эч нерсеге арзыбаган нерсе экенин, жалгыз Кудайдан башка Кудай жок экендигин билебиз... бир гана Кудай Ата бар. Баарын Ал жараткан, биз да Ал үчүн жаратылганбыз. Ошондой эле бир гана Теңир – Ыйса Машайак бар, баары Ал аркылуу жаратылган, биз да Ал аркылуу жаратылганбыз. Бирок баарында эле мындай билим жок. Кээ бирөөлөр азыркыга чейин өздөрүнүн бутпарастык эски адаты боюнча бул тамакты буркандарга багышталган тамак катары жешет. Алардын абийири алсыз болгондуктан булганат (1 Корунттуктарга 8:4, 6, 7).

Римдик жана корунттук жыйындарда ишенимдеги күчтүүрөөк машайакчылар алсызыраак ишенимдегилердин катарында, аларды таарынткан тамактарды жей беришкен. Ишеними алсыздар альтардагы буркан үчүн деген эттин образынан арыла албай жүрүшөт. Ал эми, ишеними күчтүүрөөк ишенүүчүлөр болсо, буркан эч ким эместигин түшүнүшкөн жана эч кандай абийирлери ашкереленбей эле этти жей беришкен.

Бирок, алар бир тууганыма азгырык болбоюн деп ойлогонго караганда, ишенүүчү катары өзүлөрүнүн Жаңы Келишимдеги эркиндиктерине көбүрөөк кам көрүшкөндөй. Ушуну моюнга алышпастан, алар ишенимде алсызыраак болгон бир туугандарына чалынуучу таш болушкан. Кызматчынын жүрөгүндө мындай мамиле болбош керек болчу. Пабыл аларга кандайча кайрылгандыгын карап көрсөңөр:

> Ошондуктан бири-бирибизди соттобойлу, андан көрө бир тууганыбыздын жыгылуусуна же азгырылуусуна түрткү болбоо жөнүндө ойлонолу. Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч (Римдиктерге 14:13, 17).

Ал минтип айтып жатат: “Келгиле, эстеп көрөлү: чындыгында Кудайдын Падышачылыгы деген – бул адилеттик, тынчтык жана Ыйык Рухтагы кубаныч”. Ушул баталардын баары жаңы ишенгендерде жок болчу. Күчтүүрөөк ишенгендер болсо, өз эркиндиктерин кызмат үчүн эмес, өз “укуктарын” моюн сундуруу үчүн колдонушкан. Алар Жаңы Келишимге ылайык, эркиндикке ээ экендиктерин билишкен. Бирок, сүйүүсүз билим талкалайт.

Ыйсанын жүрөгү андай эмес болчу! Ыйса ыйбадаткана үчүн садага берүүдөгү өзүнүн укугун жеке мисалы менен көрсөтүп, башкаларга кызмат кылуу үчүн өз кызыкчылыктарын баш ийдирүү канчалык маанилүү экендигин түшүндүргөн. Ыйса эркиндик өз укуктарыңды чексиз пайдалануунун себеби болуп калышын, башкалардын чалынуусунун жана башкаларды азгыруунун себеби болуп калышын каалаган эмес.

Пабыл Машайакта өз укуктарын билген, бирок, Кудайдын кызматчысындай жүрөккө ээ болбогон адамдарга мындай эскертүү берген:

> Машайак сенин ушул алсыз бир тууганың үчүн да өлгөн, сен болсо өз билимиң менен аны өлүмгө дуушар кылып жатасың. Алсыз бир туугандарыңардын абийирин жаралап, аларга каршы күнөө кылууңар менен силер Машайакка каршы күнөө кылып жатасыңар (1 Корунттуктарга 8:11, 12).

Ишеними аздарды туткундап, буларга “Теңирдин кичинекей балдарынын бири катары” азгырылганга жана чалынганга себепчи болуп, ошону менен биз өз эркиндигибизди күнөө кылыш үчүн колдонгон болобуз.

## ӨЗ УКУКТАРЫНАН БАШ ТАРТУУ

Ыйса ыйбадатканага төлөнө турган садагалардан эркин экендигин далилдеп, бирок, андан кийин шакирттерине момундуктун маанилүү экендигин түшүндүргөн:

> Мага ишенген бул кичинелердин бирин күнөөгө түрткөн адамды мойнуна тегирмен ташын илип, деңиздин түбүнө чөктүрүп жиберсе, ал үчүн жакшы болмок. Бул дүйнө өзүнүн азгырыктары үчүн кайгыга кабылат! Анткени азгырыктар келбей койбойт, бирок ким аркылуу келсе, ошол адам кайгыга кабылат! Эгерде колуң же бутуң сени күнөөгө түртсө, анда аны кесе чаап, ыргытып жибер. Эки колуң, эки бутуң менен түбөлүк отко ыргытылгандан көрө, колуңдан же бутуңдан ажырап, өмүргө ээ болгонуң жакшы. Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, анда аны оюп алып, ыргытып жибер. Эки көзүң менен оттуу көлгө ыргытылгандан көрө, жалгыз көзүң менен өмүргө ээ болгонуң жакшы. Байкагыла, бул кичинелердин бирин да кордобогула. Силерге айтып коёюн, алардын асмандагы периштелери Асмандагы Атамдын жүзүн дайыма көрүп турушат (Матай 18:6-10).

Матайдан Жакшы Кабардагы ушул бөлүмдүн баары азгырыктар тууралуу айтат. Күнөөнүн себепчиси болуп кала турган бардык нерседен бошонушубуз керектигин Ыйса бизге ачык эле көрсөткөн – ал тургай Жаңы Келишимдин адамы катары бул биздин артыкчылыктарыбыздын бири болсо да, андан баш тартышыбыз керек. Эгерде ошол нерсе силердин алсыз бир тууганыңарды күнөөгө алып бара турган болсо, анда андан түз эле анын алдында бошонгула.

Анда эмне үчүн Ыйса көптөгөн адамдарды азгырды экен деп ойлошуңар мүмкүн. Жооп жөнөкөй эле: анткени, Ыйса Өзүнүн Атасына тил алчаак болуп жана башка адамдарга кызмат кылган. Ал муну Өзүнүн укуктарын коргоо үчүн кылган эмес.

Фарисейлер Ал ишемби күнү айыктырганда таарынышкан эле. Анын шакирттери болсо, Ага Ата насаат кыл деген чындыкты угушканда таарынышкан эле. Мария менен Марфа болсо Ал Лазарь ооруп жатканда эки күнгө кечиккендиги үчүн таарынышкан эле. Бирок, бир да бир жерден Ыйса Өзүнө кызмат кылып адамдарды

таарынтып же азгырды деген жерди таба албайсыӊар. Пабыл Корунттуктарга жазган Катта минтип эскертет:

> Бирок сак болгула, силердин ушул эркиндигиӊер алсыздар үчүн азгырык болбосун (8:9).

Эркиндик бизге биз башкаларга кызмат кылып, башкалар үчүн өмүрүбүздү берүүбүз үчүн берилген. Биз талкалабашыбыз керек, курушубуз керек. Биз бул эркиндикке өзүбүз үчүн аракеттенүү үчүн ээ болгон жокпуз. Биз ошол эркиндикти туура эмес пайдалангандыгыбыздын айынан, бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар заманбап машайакчылардын образына азгырылып жүрүшөт.

Бизге Биринчи Корунттуктарда (8:9) эскертилгенди кайрадан угуп көрөлү: “Бирок сак болгула, силердин ушул эркиндигиӊер алсыздар үчүн азгырык болбосун”.

Мен бул парыздын кантип бузулуп жаткандыгы тууралуу мисал келтирейин. Мен Индонезияга экинчи жолку барганымда өзүм менен чогуу Лизаны, балдарымды жана балдарды карашууга бизге жардам берген нянябызды алып алдык. Биз Валидеги курорттук Денпасар аралына келдик.

Биз келип түшкөн жыйын жетекчиси шаардын абдан тынчы жок районундагы карапайым бир мейманкананын ээси болчу. Биз узак аралыкты уктабастан басып өттүк. Албетте, абдан чарчадык. Ошол түнү биз абдан кажы-кужу үндөрдөн, иттердин үргөнүнөн улам ойгонуп жатып, жакшыраак эс ала алган жокпуз.

Эртеси күнү биз Явага жөнөп кеттик жана кийинки эки жума ичинде абдан тыгыз график менен кызмат кылдык. Бизде болгону бир гана күн дем алыш болду, ал да бирок, жол жүрүү менен өттү. 24 саатын ичинде биз отуз миндик жыйындарга беш жолудан кызмат кылып жаттык.

Биз Вали аркылуу артка кайра кетишибиз керек болчу. Кайтаруучу бизге кайрадан жетекчилер үчүн конок үйдө түнөөрүбүздү айтты. Биз мындай жаӊылыкка кубанган жокпуз: анткени, эки жумалык тынбаган кызматтан кийин дагы түнүбүздү уйкусуз өткөргүбүз келбеди.

Эрте менен биз Валидеги Явадан чыгып жөнөгөнү тамактанып жаткан учурубузда бир аял келип, Валидеги эң мыкты курорттун конок үйүндө түнөрүбүз үчүн төлөп берүүнү сунуш кылды. Мен жакшы жерде түнөйт турбайбызбы деп, кубанып кеттим.

Биз ресторандан чыгып буюмдарыбызды жыйнаштырып жатканда, Лиза тигил аялдын сунушу тууралуу таптакыр эле түшүнүксүз сезимде болуп жаткандыгын айтты. Биз котормочу аркылуу аны менен сүйлөшүп, тынчызданбай эле койгула, баары жакшы болот дедик. Анан кайрадан биз Явадан Валиге баратканыбызда Лиза биз туура эмес кылып жатабыз деди.

Мен туура эмес кылдым жана аны укпай койдум. Мен ага бул жыйынга жүк болбогон, жакшы вариант деп айттым. Биз Валга келип жүктөрүбүздү алганга чейин ал кайрадан мени көндүргүсү келди, бирок, мен аны укпай койдум.

Биз жергиликтүү кайтаруучуга жолукканыбызда, мен ага жетекчилер үчүн мейманканага муктаж эмеспиз, анткени бир аял бизге башка бир жакты сунуштады деп айттым. Ал менин сөзүмөн улам тынчсызданып кетти. Анан мен эмне болду деп сурадым. Бактыга жараша, ал мени менен ачык сүйлөшкөн адам эле, анан: “Джон, бул жетекчини жана анын үй-бүлөсүн таарынтып коёт. Алар бул түнгө бардык конок үйлөрүндөгү орундар толуп калган болсо да, силер үчүн бөлмөлөрдү даярдап коюшту” деди.

Мен кайтаруучунун камкордугуна ыраазчылык жана кубанычымды билдирбестен, аны таарынтып алдым көрүнөт. Акыры, мен биз тигил аялдын сунушунан баш тартабыз да, алардын жетекчилиги даярдаган мейманканада түнөйбүз дедим.

Теңир мага эмнеден каталык кетиргенимди түшүндүрүп берди. Мен кайтаруучунун көңүлүн оорутуп койгонумду көрдүм. Мен өз укугумду коргойм деп атып, тигил бир тууганды таарынтып алдым, а бул болсо күнөө. Мен ошондуктан кайрылып барып, андан кечирим сурадым. Ал мени кечирди. Эми мындан ары мындай нерселерди кылбасам керек деп үмүттөнөм.

## АКЫЛГА КЕЛТИРГЕН СЫНОО

Апостол Пабыл Римдиктерге жазган катында Кудайдын азгырыкка карата мамилеси кандай экендигин жыйынтыктайт:

> Машайак өлгөндөрдүн да, тирүүлөрдүн да Теңири болуш үчүн, өлүп кайра тирилген (Римдиктерге 14:19).

Биздин эркиндигибиз башкалардын чалынуусуна жол бербегендей болуп жашашыбыз керек. Биздин кылгандарыбыз балким, Ыйык Китептин тамгаларына ылайык келеттир. Бирок, өзүңөргө суроо берип көргүлө: ошол кылган нерселериңер башкаларды акылмандыкка чакырууга кызмат кылып жатабы, же жалгыз гана өзүңөрдүн пайдаңарга иштеп жатабы?

> Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле ишенимди бекемдебейт. Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун. Ошентип, ичсеңер да, жесеңер да, эмне кылсаңар да, баарын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла. Жүйүткө да, эллинге да, Кудайдын Жыйынына да азгырык болбогула. Мен да өз пайдамды эмес, көптөрдүн пайдасын көздөп, куткарылып калышы үчүн, аларга бардык жагынан жагууга аракеттенип жатам (1 Корунттуктарга 10:23, 24, 31-33).

Мен Ыйык Рух силердин жашооңордун бардык жагына ушул аятты себишине жол бергиле деп чакыргым келет. Ал силердин бардык өзүмчүлдүккө катылган ниетиңер менен каалоолоруңарды жок кылышына жол бергиле. Бул чакырык силердин жашооңордун кайсы жагына тиешелүү болгондугуна карабай, Ыйык Рухтун бардыгына кызмат кылуу керек деген чакырыгын кабыл алгыла.

Өзүңөрдүн Машайактагы эркиндигиңерди өз укугуңарды гана коргоого жумшабастан, башкаларды эркиндикке чыгаруу үчүн пайдалангыла. Бул: “Кызматыбыз сөзгө калбаш үчүн, эч кимге эч нерседе кедерги болбойбуз” (2 Корунттуктарга 6:3) деп жазган Пабылдын кызматтагы шарттарынын бири.

Кечиргиси келбеген
адам, Кудай ага кандай
гана эбегейсиз карызын
кечиргенин унутуп калган.

# 11

# КЕЧИРИМ: БЕРБЕЙСИҢЕР – АЛБАЙСЫҢАР!

***Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет. Кимдир бирөөгө каршы бир нерсеңер бар болсо, сыйынып жатканыңарда, аны кечирип койгула. Ошондо асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип коёт. Эгерде кечирбесеңер, анда асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт.***

**– Марк 11:24-26**

Бул бөлүмдө мен кечирбестиктин калтырган издери жана андан кутулуунун жолдоруна көңүл бургум келет.

Ыйса дайыма айткан сөзүнө маани берген: “Эгерде силер кечирбей турган болсоңор, Асмандагы Атаңар да силердин

күнөөлөрүңөрдү кечирбейт. Биз айткандары башка, ал эми кылгандары башка болгон маданиятта өскөнбүз. Ушунун натыйжасында адамдар бири-биринин сөзүнө олттуу карабай калышкан.

Бул балалыкта башталат. Ата-энелер балдарына: “Эгерде сен дагы ушундай кыла турган болсоң, жазаланасың” дешет. Бала болсо, аны дагы бир жолу эмес, канча жолу кайталайт. Ар бир кылган сайын ал ата-энесинен ошол эле сөздү кайра-кайра угат. Адатта андан кийин дагы эч кандай түзөтүү жазалары колдонулбайт. Эгерде жазалоо болсо дагы, ал бир топ жеңилирээк же ата-энелер абдан кыжырданып калгандыктан, бир топ катуураак жаза болот.

Ата-энелердин балага карата мамилесинде булар жатат: биз эмне деп жатканыбызга анча маани берген жокпуз же биз калп айтып жатабыз. Бала болсо, бийликте турган адамдардын дайыма эле чындыкты айта бербестиги белгилүү болуп үйрөнөт. Ошондуктан, ал чаташып калат да, анан деги эле бийликтегилерге олуттуулук менен ишенсе болобу деп ойлоп калат. Ушундай эле мамиле анын жашоосунун башка жактарына да өтөт. Ал өзүнүн мугалимдерине, досторуна, жетекчилерине да так эле ошондой көз караш менен карай баштайт. Анын сүйлөшүүлөрү жана убадалары да эми ойлобой эле, каалабаган эле нерселерин айтып коюудан туруп калат.

Адаттагы эле сүйлөшүүлөрдөн мисал келтирүүгө уруксаат эткиле. Джим өзүнүн көптөн бери көрө элек Том деген таанышын жолуктуруп калды. Джим шашып жаткандыктан, ичинен минтип ойлоп жатты: “О, бул Том окшойт кыязы. Карачы, менин аны менен сүйлөшкөнгө таптакыр убактым жок да”.

Тааныштар жолугушушат. Джим минте баштайт: “Теңирге алкыш, бир тууганым. Мен сени көргөнүмө кубанычтуумун”. Алар бир аз сүйлөшүшөт. Джим шашып жаткандыктан, минтип сөздү бүтүрөт: “Биз бир күн жолугуп, сүйлөшүп, чогуу түштөнсөк жакшы болот”.

Биринчиден, Джим шашып тургандыктан, таанышын көргөндө кубанып кеткен эмес. Экинчиден, ал ошол мезгилде Теңирди ойлогон да эмес, анан жөн эле: “Теңирге алкыш” деп койду. Үчүнчүдөн, анда Том менен биргеликте түштөнөйүн деген ниети деле жок болчу. Ал өзүнүн сунуштарын аткаргысы деле келген эмес. Ал мунун баарын Том менен эртерээк коштошуу үчүн жана өз абийирин ушундай жол менен тынчтандыруу үчүн гана айтып койгон. Ошентип, Джим өз айткандарынын эч бирине маани берип деле койгон эмес.

Бирок, буга окшогон кырдаалдар жашоодо күн сайын кездешет. Бүгүнкү күндө адамдар, айтып жаткан сөздөрүнүн төрттөн бир бөлүгүн деле актарышпайт. Ошондуктан, бүгүнкү күндө биз адамдардын айткан сөздөрүнүн кайсы бирине ишенерибиз же ишенбешибиз абдан кыйын болуп калгандыгына таң калбай калдык.

Бирок, Ыйса бир нерсени айтып жатканда, биз Анын сөздөрүнө толугу менен олуттуу карашыбызды каалайт. Биз Анын айткандарына адамдардын айткан сөздөрүндөй карабашыбыз керек. Качан Ыйса бир нерсе деп сүйлөсө, Ал Өз сөзүнө жооп берет. Биз ишенимдүү болбогон кезибизде да, Ал ишенимдүү бойдон калат. Ал биздин коомдун маданиятынан жогору турган деңгээлдеги чындыктын, адилеттиктин деңгээлинде жашайт. Ыйса: “Эгерде кечирбесеңер, Асмандагы Атам да силердин кылган күнөөлөрүңөрдү кечирбейт” – Ал так ушуну айткан болчу.

Дагы бир жолу кадам таштап туруп карай турган болсок, Ал бул сөздү Жакшы Кабарда бир нече жолу кайталайт. Ыйса бул эскертүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилеген. Ошолордун кээ бирлерин карап көрөлү.

> Эгерде силер башкалардын күнөөлөрүн кечирсеңер, анда асмандагы Атаңар да силерди кечирет. Эгерде башкалардын күнөөлөрүн кечирбесеңер, анда Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт (Матай 6:14, 15).

> …кечиргиле, кечирилесиңер… (Лука 6:37).

Ошондой эле, “Асмандагы Атабыз” деген сыйынууда:

> … биз башкалардын күнөөлөрүн кечиргенибиздей эле, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр... (Матай 6:12).

Кызык, аларды таарынткандарды алар кечиргендей кылып, канча машайакчы Кудайдын да аларды кечиргенин каалашаар экен? Кантсе да, алар да так ошондой кылынып кечирилет. Биздин жыйындарда кечирбестиктер ушунчалык көп болгондуктан, биз Ыйсанын бул сөзүнө олуттуу түрдө карагыбыз келбейт. Бирок, биздин арабызда кечирбестик канчалык жайылганы менен, чындык өзгөрүүсүз кала берет. Биз жүрөгүбүздө башка адамдарды канчалык кечирип, коё бергенибиз биздин да кечирилишибизге таасир этет.

Мен Филлипиндеги бир кызматчынын адаттан башкача бир күбөлүгүн укккам. Менин аны мурда билген досторум, анын тынчсыздануусу сүрөттөлүп жазылган макаланы көргөзүштү.

Бул адам бизнеси өсүп жаткандыктан, бир нече жыл бою Кудайдын чакыруусун четке кагып жүргөн. Ал абдан көп акча тапкан. Акыры бирок, анын тил албастыгы жетер жерине жетип, жүрөгү ооруп ооруканага жатып калат.

Ал операция столунда өлүп калат жана бейиштин дарбазасын көрөт. Жанында Ыйса туруптур жана анын тил албастыгы тууралуу айтып жатыптыр. Ал адам эгерде өмүрүмдү узарта турган болсоң, анда кызмат кылам деп Ыйсага убада берип атыптыр. Теңир макул болот.

Аны денесине кайра кайрыганга чейин, Тенир ага тозокту көргөзүптүр. Ал адамга тозоктун отунда анын аялынын энеси кантип күйүп жатканын көргөзүптүр.

Ал абдан таң калыптыр. Ал машайакчы болчу, жыйынга барчу, “күнөөкөрдүн күнөөсү үчүн кечирим сурап, сыйынган сыйынуусу менен сыйынган, күнөөлөрүн ачыкка чыгарган адам

болчу. "Эмне үчүн ал тозокто? " - деп сурайт Теңирден?

Теңир ага ал өз туугандарынын бирин кечирүүдөн баш тарткандыктан, өзү да кечиримге ээ боло албагандыгы жөнүндө айтат.

## КЕЧИРИМ ЖАНА РУХИЙ ӨСҮҮ

Биз өз кызматыбызда кечирбестиктин көптөгөн тузактарын көргөнбүз. Мен Индонезияда кызмат кылып жүргөн кезимде, бир бай бизнесмендин үйүндө жашап калдым. Ал жана анын үй-бүлөсү мен кызмат кылган жыйынга барышчу, бирок, алар куткарылышкан эмес эле.

Мен ошол жакта болгон кезимде анын аялы куткарылууга жетти, андан кийин ал өзү жана анын үч баласы куткарылды. Алардын жашоосуна боштондук келди жана үйүндөгү абал өзгөрүлө баштады. Алардын үйүн улуу кубаныч толтурду. Качан алар менин дагы Индонезияга кызматка барарымды билишкенде, алар бизди өзүлөрүнүкүнө жашаганга чакырып, биздин бүткүл үй-бүлөбүз үчүн жана балдарды карашкан няныбызга да самолётко белет алып беришерин айтты.

Биз бардык жана алардын жыйынында он жолу кызмат өткөрдүк. Мен тобо кылуу жана Кудайдын бизди карап тургандыгы тууралуу насаат айттым. Биз кызмат болуп жаткан кезде залда Кудайдын болгонун сездик, ал көз жаш төгө тобо кылуулар менен коштолуп жатты.

Бул үй-бүлө толугу менен кызматка келип жатышты. Ошол шаарда жашаган бизнесмендин апасы да ар бир жыйынга келип жатты. Ал дагы биздин балдарыбыз үчүн авиабелеттерди сатып алууга көп акча кошту.

Жуманын аягында ал аял менин көзүмө карап туруп, анан минтип сурады: "Джон, эмне үчүн мен Кудайдын жаныбызда экендигин бир да жолу сезген жокмун?" Баары кетип калышкан, мен эми эле эрте мененки тамакты жеп бүткөм.

> “Мен ар бир чогулушка келдим, - деп сөзүн улантты ал, - анан да сен эмнени айтсаң, ошонун баарын көңүл коюп угуп жаткам. Мен алдыга чыгып, тобо кылып сыйындым, бирок, бир да жолу Кудайдын болгонун сезе албадым. Мен али бир да жолу Кудайдын болгонун сезе алган жокмун”.

Мен аны менен бир аз сүйлөшүп турдум жана минтип айттым: “Келгиле, силер Кудайдын Рухуна толуп турушуңар үчүн, сыйыналы”. Мен ага колумду коюп туруп, анын Ыйык Рухту кабыл алышы үчүн сыйына баштадым, бирок, эч кандай Кудайдын жообун сезген жокмун.

Андан кийин Кудай менин рухума минтип айтты: “Ал өз күйөөсүн кечирген жок. Ага айтып койсоң, аны кечирсин”.

Мен колумду тартып алдым. Мен анын күйөөсү өлгөндүгүн билет элем, бирок, ага карап: “Теңир мага сиздин күйөөңүзгө карата кечирбестикти сактап жүргөнүңүздү айтып жатат” дедим.

> “Ооба, - деп макул болду ал. – Бирок, мен аны кечириш үчүн колумдан келгендин баарын кылдым”.

Анан ал күйөөсүнүн аны менен кылган тири-укмуш нерселери тууралуу айтып берди. Анан мен ага кечирүүгө канчалык кыйын болгондугун түшүндүм.

Бирок, мен ага айттым: “Сиз Кудайдан бир нерсе алууңуз үчүн, кечиришиңиз керек”, - дедим да, ага кечирим тууралуу Ыйса эмне дегенин түшүндүрүп бердим.

“Силер аны өзүңөрдүн күчүңөр менен кечире албайсыңар. Аны Кудайдын алдына алып келишиңер керек да, Кудай силерди кечиришин суранышыңар керек. Ошондон кийин силер өз күйөөңөрдү кечире аласыңар. Силер өз күйөөңөрдү бошоткуңар келеби?”- деп сурадым мен.

“Ооба”, - деди ал.

Мен аны жөнөкөй сыйынууга алып бардым: “Асмандагы

Атаке, Ыйсанын ысымынан Сенден суранам, күйөөмдү кечире албагандыгым үчүн кечир. Теңир, мен аны өз күчүм менен кечире албастыгымды билем – мен бул жагынан ийгиликке жеткен эмесмин. Бирок, эми азыр мен Сенин алдыңда өз күйөөмдү жүрөгүмдөн бошотом. Мен аны кечирем".

Ал ошол сөздү айткан кезде, жаагынан ылдый жашы куюлуп кетти. "Колуңарды көтөргүлө жана тилдерде сыйынгыла", - деп шыктандырдым аны.

Алгачкы күндөрү ал эң жакшы асман тилдеринде сыйына баштады. Биз Теңирдин болгондугун ушунчалык сезгендигибизге байланыштуу, Анын алдындагы жагымдуулук жана титирөө келди. Ал беш мүнөттөй ыйлап турду. Биз бир аз сүйлөшүп турдук, андан кийин мен ага Теңирдин болушу менен ырахаттангыла деп айттым. Ал Теңирге табына баштады, мен болсо аны жалгыз калтырып, ашканадан чыгып кеттим.

Качан бул жаңылык анын уулу менен келинине жеткен кезде, алар таң калышты. Уулу анын апасы ыйлаганын эч качан көргөн эместигин айтты. Ал өзү да качан акыркы жолу ыйлаганын эстей албайт экен: "Ал тургай, менин күйөөм өлгөн кезде да, көзүмдөн тамчы жаш чыккан эмес".

Ошол күнкү кечки кызматта ал аял суудан чөмүлдүрүлүү алды. Кийинки үч күн ичинде ал абдан жаркырап жүрдү. Мен буга чейин анын күлүп жүргөнүн таптакыр көрбөптүрмүн. Ал кечирбегендиктен, кечирбестиктин түрмөсүндө камалып жүргөн. Бирок, ал өз күйөөсүн кечирип жана бошоткондон кийин гана, чын эле Теңирдин жанында экендигин сезе баштаган.

## КЕЧИРБЕГЕН МАЛАЙ

Матайдан Жакшы Кабар 18-бөлүмдө Ыйса кечирбестик менен таарынычтын айынан кулчулукта жүргөн кандай болорун дагы да ачып көргөзөт. Ал шакирттерине аларды таарынткан бир туугандары менен кантип элдешүү керектиги тууралуу

акыл айткан (биз элдешүү тууралуу да кийинки бөлүмдөрдө сүйлөшөбүз).

Петр минтип сурады: “...Теңир, мага каршы күнөө кылган бир тууганымды канча жолу кечиришим керек? Жети жолубу?» (Матай 18:21). Ал кең пейилдик кылып атам деп эсептеди.

Петр баарын аягына чейин кылууну жакшы көрчү. Бул аны Кайражаралуу тоосунда айткан: “...Сага бирди, Мусага бирди, Илияска бирди ” тургузалы (Матай 17:4). Эми ал өзүнө ушундай бир кең пейил көрүнүп калды: “Мен жети жолу кечирүүгө даяр болуу менен, Устатты таңдандырам” деп ойлогон.

Бирок, ал таң калтырган жоопту укту. Петр кең пейилдик деп эсептеген нерсени Ыйса жокко чыгарды: “...Сага айтып коёюн, жети жолу эмес, жетимиштен жети жол” (Матай 18:22). Башкача айтканда, Кудай кандай кечирген болсо, ошондой дайыма кечирүү керек.

Андан кийин өз оюн баса белгилеш үчүн, Ыйса үлгү насаат аңгеме айтып берген.

> Ошондуктан Асман Падышачылыгын кулдары менен эсептешмекчи болгон падышага салыштырса болот. Эсептеше баштаганда, падышанын алдына он миң талант карыз болгон бир кулду алып келишти... (Матай: 23,24)

Ыйса айтып жаткан сумманын канчалык эбегейсиз экендигин билүү үчүн, биз талант деген эмне экендигин билишибиз керек. Ошол мезгилде талант бирдикти санай турган белги болчу. Ал алтынды (2 Шемуел 12:30 ду карагыла), күмүштү (1 Падышачылык 20:39) жана башка металдарды жана товарларды ченеш үчүн колдонулган. Бул үлгүлүү аңгемеде карыз тууралуу сөз болуп жатат, ошондуктан биз алтын же күмүш дегенде эмнени айтып жаткандыгын тайманбастан эле бекемдей алабыз.

Мисалы, ал алтын болгон дейли.

Адаттагы бир талант 34 кг. ды түзгөн. Бул адам көтөрө ала турган салмак болчу (2 Падышачылык 5:23тү карагыла). Он миң талант 375 тоннадай болот. Ошондуктан, ал малай өз кожоюнуна 375 тонна алтын карыз болгон.

Азыркы кездеги 28, 3 грамм алтындын баасы болжол менен 375 АКШ доллары турат. Азыркы заманбап рынокто болсо бир талант алтындын баасы 450 000 доллар. 10 000 алтын 4,5 миллиард доллар болот. Ал малай өз кожоюнуна 4,5 миллиард доллар карыз болчу!

Ыйса бул жерде ал малай эч качан төлөп бүтпөй турган суммадагы акча карыз экендигин көргөзүп жатат. Биз буларды окуй алабыз:

> Карызынан кутулууга анын эч нерсеси жок болгондуктан, падыша анын өзү, аялы, балдары жана колунда болгону сатылып, карызы төлөнүүсүн буйруду. Ошондо ал кул падышанын алдына жыгылып: «Падышам, күтө тур, бардыгын төлөп берем», - деди. Падыша кулуна ырайым кылып, анын карызын кечирди да, аны бошотуп жиберди (Матай 18:25-27).

Келгиле, эми бул аңгеме бизге таарыныч тууралуу эмне деп жатканын карап көрөлү. Качан таарынычы пайда болгондо, кимдир бирөө карыз болуп калат. Силер мындай деген кепти уктуңар беле: “Ал бул үчүн мага төлөйт (же, ал бул үчүн көргүлүктү көрөт)!”. Ошондуктан, кечирим карыздын жокко чыгарылганы сыяктуу. Падышанын ошол малайга ал эч качан төлөп бүтпөй турган карызын кечиргени, Кудай Атаны түшүндүрөт. Колостуктарга жазылган Каттан (2:13,14) биз муну табабыз: “...өлүк болгон силерди да Кудай Аны менен бирге тирилтти, биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечирди. Ал бизди айыптаган көрсөтмөлөрдөн турган кол жазманы, бизге каршы жазылган кол жазманы, өчүрүп салды. Ал аны алардын арасынан алып, айкаш жыгачка кадоо менен четтетти”.

Бизге кечирилген карызды төлөп бүтүүгө мүмкүн эмес. Биз

ага бере тургандарыбыздын баарын Кудайга кайрып берүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан, Кудай куткарылууну бекер белек катары алып келген. Ыйса биздин карыздарыбызды тизме менен төлөп койгон. Биз малай менен падышанын ортосундагы мамиленин катарында өзүбүз менен Кудайдын ортосундагы мамилени көрө алабыз.

> Ал кул болсо тышка чыгып, өзүнө жүз динарий карыз болгон башка кулду кармап алып: «Карызыңды бер», - деп муунтту (Матай 18:28).

Динарий бир жумушчунун бир күндүк эмгек акы. АКШдагы орточо маяна менен салыштырып эсептегенде жүз динарий 4000долларга барабар болот. Эми андан ары окуп көргүлө:

> Ал кул болсо бутуна жыгылып: «Күтө тур, баарын төлөп берем», - деп жалынды. Бирок ал күткүсү келген жок. Барды да, карызын бергенче, аны түрмөгө каматып салды (Матай 18:29, 30).

Анын жолдошу ага белгилүү бир суммадагы – бир жылдык маянанын үчтөн бир бөлүгүнчөлүк эле акча карыз болчу. Силерге бир жылдык айлыгыңардын үчтөн бирин жоготсоңор жагат беле? Бирок, ал адамга 4,5 миллиард доллар карызы кечирилгенин унутпагыла. Ал бүт өмүрү бою иштесе да, анчалык акчаны иштеп тапмак эмес!

Биздин бири-бирибизге болгон таарынычтарыбыз, Кудайды шылдыңдаганыбызга караганда, 4000 доллар менен 4,5 миллиард доллардай эле болуп калат. Бизге кимдир бирөөлөр абдан жаман мамиле кылып коюулары мүмкүн, бирок, аны биздин Кудайга каршы кылган кылмыштарыбызга салыштырууга болбойт.

Балким, эч качан эч кимге силерге болгондой жаман болбогондой сезилер. Бирок, силер Ыйсага канчалык жаман кылынгандыгын билбейсиңер. Ал күнөөсү жок, кирсиз союлган Козу болду.

Кечире албаган адам өзүнө канчалык көп карыз кечирилгенин унутуп койду. Качан силер Ыйсанын силерди түбөлүк өлүм менен азаптан куткаргандыгын билгениңерде, башкаларды кандайдыр бир шартсыз эле кечире аласыңар (муну кандай кылуу керектиги тууралуу 13-бөлүмдө айтылат). Түбөлүктүүлүктү от күйгөн көлдө өткөрүүдөн өткөн жамандык жок. Ал жакта эч кандай жеңилдик жок, курттар өлбөйт жана от басылбайт. Кудай бизди Өзүнүн Уулу, Ыйса Машайак аркылуу кечире электе бул жай биз үчүн болчу. Аллилуйя! Эгерде силерге кечирүү кыйын болуп жатса, анда тозоктун чындыгы тууралуу жана силерди андан куткарып алган Кудайдын сүйүүсү тууралуу ойлогула.

## ИШЕНГЕНДЕР ҮЧҮН САБАКТАР

Келгиле бул үлгүлүү аңгемени окууну улантабыз:

> Муну көргөн кулдар аябай капа болушту да, падышага келип, болгон окуяны айтып беришти. Ошондо падыша кулун чакыртты да: «Эй, жаман кул! Жалынып-жалбарганыңдан улам, бүт карызыңды кечирдим эле. Мен сага ырайым кылгандай, сен да тиги кулга ырайым кылсаң болбойт беле?» – деди (Матай 18:31-33).

Бул аңгемеде Ыйса ишенгендер тууралуу айтып жатат. Ал падышанын кызматчысы тууралуу айтты. Бул кишиге эбегейсиз өлчөмдөгү карыз кечирилген болчу жана ал “падышанын кулу” деп аталган болчу. Ал эми, ал карызын кечире албаган адам болсо, анын кызматташ жолдошу болчу. Ошондуктан, кечиргиси келбеген ишенүүчүнү кандай тагдыр күтүп тургандыгын биз ушундан көрсөк болот:

> Падыша каарданып, бүт карызын бергенче, аны жазалоочулардын колуна тапшырды. Эгерде ар

> бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге так ушундай мамиле кылат» (Матай 18:34, 35).

Бул аяттарда үч негизги маани бар:

1. Кечирбеген кызматчы жазага берилет.
2. Ал баштапкы 375 тонна алтынды төлөөгө тийиш.
3. Кудай Ата өзүнүн бир тууганын кечире албаган ар бир ишенгенди ушундай кылат.

***1. Кечирбеген кул жазаланууга берилет.***

Вебстердин сөздүгүндө "жазалануу" (же "кыйналуу") деген сөзгө мындай аныктама берилет: "дененин же акылдын чексиз азап тартышы (агония) же садисттик жазалоо же андан ырахат алуу".

Мындай азапты алып келген кыйноочулар - булар жиндер. Кудай биздин ишенүүчү болгонубузга карабай, денебизге, жаныбызга кыйноо алып келиш үчүн, кыйноочуларга жол берип коёт. Мен кызмат учурунда башкаларды чын жүрөгүнөн кечире албагандыктарынын айынан эркиндик, сооронуу жана айыгуу ала албаган адамдар үчүн көп сыйынгам.

Дарыгерлер менен окумуштуулар кечирбестик менен ачуу ыза артрит жана рак оорусуна алып бараарын айтышат. Жан дүйнө оорусунун көптөгөн учурлары ушул кечирбестик менен байланыштуу экен.

Адатта, адамдар башка адамдарды кечиришпейт, бирок кээде алар өзүлөрүн өзүлөрү да кечиришпейт. Эгерде, Кудай силерди кечирген болсо, анда өзүңөрдү өзүңөр кечирбегендей, силер кимсиңер?

***2. Кечирбеген малайга эч качан төлөп берүүгө мүмкүн болбогон баштапкы карызды төлөөгө туура келет. Андан мүмкүн болбогон нерсе талап кылынды. Бул бизден Ыйсанын Голгофадагы төлөгөн кунун төлө деп талап кылууга***

***барабар. Мындай болгондо биз өзүбүздүн куткарылуубузду жоготуп коймокпуз.***

Силер: “Бир мүнөт! Бирок, мен адам күнөөкөрдүн сыйынуусу менен сыйынса эле жана өз жашоосун Ыйсага арнаса эле, өлбөйт деп ойлоптурмун” дээрсиңер.

Эгерде силер ошентип ойлоп жаткан болсоңор, анда Петрдин төмөнкү сөзүн түшүндүрүп көргүлөчү:

> Себеби алар Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин, кайрадан аларга тутулуп, жеңилип калышса, анда алардын кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот. Чындык жолун таанып билип туруп, өздөрүнө берилген ыйык осуяттан баш тарткандан көрө, алар үчүн бул чындык жолун таанып билбей эле койгондо жакшы болмок (2 Петр 2:20, 21).

Петр Ыйса Машайактагы куткарылуу аркылуу күнөөдөн качкан адамдар тууралуу айткан. Анткен менен, алар кайрадан күнөөгө чалынып (күнөөлөрдүн бирөөсү кечирбестик болушу мүмкүн) жана ага жеңилип калышкан. Жеңилип калуу деген – демек, күнөөсү үчүн кечирим сурап Теңирге айтпагандык.

Петр адилеттиктен баш тарткандык, адилеттикти таптакыр билбей калгандан жаманыраак деп айткан. Башкача айтканда, түбөлүктүү жашоонун белегин алып жана андан биротоло баш тартып кеткенден көрө, эч качан куткарылбай эле калганы жакшы деп айтат Кудай.

Элчи Жүйүт да жыйындагы “эки жолу өлгөн” адамдарды сүрөттөгөн (Жүйүт 12,13). Эки жолу өлгөн деген бул, бир кезде Машайаксыз өлүк болгондукту билдирет, анан тирилген, анан Кудайдын жолунан четтеп, кайрадан өлгөн.

Биз Ыйсага көпчүлүгү өзүлөрүн минтип актап келишерин билебиз: “Ошол күнү көп адамдар Мага: «Теңир! Теңир! Биз

Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?» - дешет. Ошондо Мен аларга: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар», - деп айтамын" (Матай 7:22, 23). Алар Аны билишкен. Алар Аны Теңир деп айтышып, көбүнчө Анын атынан кереметтерди кылышкан. Бирок, Ал аларды билген эмес. Анда Ыйса кимдерди билет?

Элчи Пабыл минтип жазган: "Бирок Кудай Өзүн сүйгөн адамга билим берген» (1 Корунттуктарга 8:3.).

Силер: "Мен Кудайды сүйөм. Мен жөн гана мени жабыркаткан бир тууганымды сүйбөйм" дешиңер мүмкүн.

Мындай учурда силер адашып каласыңар, анткени жазылып турат: "Ким: «Мен Кудайды сүйөм», – десе, бирок бир тууганын жек көрсө, ал – жалганчы. Анткени өзү көрүп турган бир тууганын сүйбөсө, көрүнбөгөн Кудайды кантип сүймөк эле?" (1 Жакан 4:20). Азгырык - абдан жаман нерсе, анткени азгырыктын таасиринде калгандар, бүткүл жүрөгү менен өзүлөрүнүкүн туура деп ишенишет. Ал туура эмес болгондо да, туурамын деп ойлойт. Кудайдын Сөзүнө баш ийгиси келбеген адам, өзүнүн жүрөгүн азгырат.

Библиялык эки ойду салыштыруу кызык эмеспи: биринчиси – "көпчүлүгү" асманга барабыз деп үмүттөнүшөт, бирок алар киргизилбейт, экинчиси – көпчүлүгү азгырылышат (же таарынышат) (Матай 24:10ду карагыла).

Кээ бир ишенгендер кечирбестиктен ушунчалык катуу кыйналышат, алар жеңилденүү алып келет деп үмүттөнүп өлүмдү күтүп калышат. Бирок, бул туура эмес! Биз таарынычтар менен азыр эсептешишибиз керек, эмесе, бизден колдон келбес нерсе талап кылынат.

***3. Таарыныч менен кордук канчалык чоң болгондугуна карабастан, чын жүрөктөн кечирүүнү каалабаган ар бир ишенгендер менен Кудай Ата ушундай кылат.***

Ыйса бардык шакирттери Анын үлгүлүү аңгемесин түшүнсүн үчүн өтө так айткан. Эгерде Анын шакирттери сурап кала турган болсо, анда Ыйса ар бир аңгемени чечмелеп айтып берген. Ошентсе да, кечиргиси келбегендер үчүн мындай кырдаалдарда мамилелерде эч кандай түшүнүксүз же шектене турган эч нерсе пайда болбошун каалаган.

Башка көптөгөн учурларда дагы эгерде биз кечирбесек, анда биз да кечирилбестигибиз тууралуу Ыйса өтө эле ачык айткан. Ал бизге окшош эмес экендигин эстегиле, Ал сүйлөп жатканын аткарат.

Мындайларды жыйында көп жолуктура албайсың. Көбүнчө ишенгендер өз ичтеринде алып жүргөн кечирбестиктер үчүн актануу жана кечирим табышат. Кечирбестикти бачабаздыкка, ойноштукка, уурулукка, аракечтикке ж. б. күнөөлөргө салыштырмалуу кичинекей күнөө деп эсептешет. Бирок, кечирүүнү каалабагандар ошол чоң күнөөлөр менен булгангандар сыяктуу эле, Кудай Падышачылыгын мурасташпайт.

Кээ бирөөлөр бул абдан катуу насаат деп ойлошу мүмкүн. Бирок, мен ага каардуу сот катары эмес, кайрымдуулуктун кабары жана эскертүү катары караар элем. Силер кайсыны артык көрөр элеңер: бүгүнкү күндө Ыйык Рух тарабынан ашкереленип жана акылга келип, чыныгы тобо кылууну жана кечиримди алуунубу же өтө эле кеч болуп калганда Теңирдин силерге: “Менден алыс кеткин!” дегенинби?

Өзүбүз үчүн өч алууга
болгон каалоо бизге
ушунчалык жат нерсе
болуш керек, ал тургай,
биз мындай ойдон дагы
качышыбыз керек.

# 12

# ӨЧ АЛУУ – БУЛ ТУЗАК

***Жамандыкка жамандык менен жооп бербегиле, тескерисинче, бардык адамдардын алдында жакшылык кылууга аракеттенгиле.***

**– Римдиктерге 12:17**

Биз ачык эле көргөндөй, кечирбестик менен жүрүү – бул кимдир бирөөнү өзүнө карыз деп эсептөө. Качан кимдир бирөө менен туура эмес кылышса, таарынтып койгон адам эми ага карыз болуп калды деп ойлошот. Ал кандайдыр бир төлөмдү: акчалай же моралдык төлөмдү күтөт.

Биздин сот системабыз жабыр тарткан жактын таламын коргоо үчүн кызмат кылат. Соттогу доолордун пайда болушу адамдар өз карыздарын жабууга аракеттенгендиктен улам

пайда болот. Качан бир адам башка бир адамды таарынтып койгон кезде, адамдык адилеттик минтип айтат: "Алар сот алдына келгенде, күнөөлөрү аныкталса, кылган иштери үчүн жооп беришет же төлөшөт".

Кечирбеген малай анын жолдошу ага төлөп берүүсүн талап кылды, ошондуктан аны сотко берди. Бул адилеттиктин жолу эмес.

> Сүйүктүүлөр, өзүңөр үчүн өч албагыла, тескерисинче, Кудайдын каарына орун бергиле. Анткени Ыйык Жазууда: «Теңир мындай дейт: Өч Меники, Мен тиешесин берем», – деп жазылган (Римдиктерге 12:19).

Кудайдын балдары өзүлөрү үчүн өч ала албайт. Бирок, качан биз кечиргибиз келбегенде так ушуга умтулуп жаткандай болобуз. Биз өч алгыбыз келип, ошол тууралуу ойлоп жана аны ишке ашыргыбыз келет. Биз карыздарын толук төлөмөйүнчө кечирбей туруп алабыз, бул компенсациянын өлчөмүн биз гана аныктагыбыз келет. Биз өзүбүзгө келген зыянды өзүбүз компенсировать этүүгө аракеттенгенибизде, анда биз соттун абалында болуп алабыз. Бирок, биз төмөнкүнү билебиз:

> Мыйзам чыгаруучу да, Соттоочу да бирөө. Ал куткара да, жок кыла да алат. Жакыныңды соттогудай сен кимсиң? Бир туугандар, соттолбош үчүн, бири-бириңердин үстүңөрдөн арызданбагыла. Соттоочу босогодо турат (Жакып 4:12, 5:9).

Кудай – адилет Сот. Ал адилеттүү соттойт. Эгер кимдир-бирөө күнөө кылып, анан чын жүрөктөн тобо кыла турган болсо, анда Ыйсанын Голгофада төгүлгөн Каны ал карызды өчүрүп салат.

Силер балким: "Ыйсага эмес, мага жамандык кылышты да!" деп айтышыңар мүмкүн.

Ооба, бирок, силер Ыйсага кандай гана жамандык кылгандыгыңарды билесиңерби? Силердин ар бириңер күнөө кылып жана өлүм жазасына татыктуу болуп турганыңарда,

Ал эч кандай күнөө кылбаган, кирсиз, таксыз, күнөөсүз курмандык болгон. Ар бирибиз мамлекеттик мыйзамдан да жогоруураак турган Кудайдын мыйзамдарын бузганбыз. Эгерде адилеттүүлүк менен жасай турган болсо, анда ар бирибиз ааламдык эң жогорку соттук чечим менен өлүм жазасына өкүм кылынмакпыз.

Балким, силер башка адамды силерге жамандык кылууга түртө турган эч нерсе кылбагандырсыңар. Бирок, силерге кылган жамандык менен, силерге кечирилген күнөөлөрүңөрдү салыштырып көрө турган болсоңор, анда аны эч кандай салыштырууга да мүмкүн эместигин билесиңер. Мындан силердин Кудай алдындагы карызыңар бир граммга да азайып калбайт! Эгерде силер өзүңөрдү алдангандай сезип жаткан болсоңор, анда силерге кандай гана ырайым кылынгандыгын унутпагыла.

## НААРААЗЫЧЫЛЫКТЫН ЖАНА КҮҢКҮЛДӨӨНҮН КҮҢҮРТ ЖАКТАРЫ

Эгерде силер Байыркы Осуят мезгилинде мага каршы күнөө кылган болсоңор, анда менде да ошончолук өлчөмдө жазалоону талап кылганга мыйзамдуу түрдө укугум болмок. Ошондо жамандыкка жамандык кылуу менен, карызды жок кылууну талап кылууга болмок (Лебилер 24:19; Чыгуу 21:23-25ти карагыла). Мыйзам жогорку сот болгон. Ыйса мыйзам астындагыларды бошотуу үчүн али өлө элек болчу.

Карасаңар, Ал Жаңы Осуяттын ишенүүчүлөрүнө кантип кайрылганын:

> Силер: «Көзгө көз, тишке тиш», - деп айтылганын уккансыңар. Мен болсо силерге мындай деп айтамын: жамандык кылган адам менен каршылашпа; оң жаагыңа чапкан адамга сол жаагыңды тосуп бер. Сени менен соттошуп, көйнөгүңдү алгысы келген

> адамга сырт кийимиңди да бер. Сени өзү менен бирге бир чакырым жол жүрүүгө мажбурлаган адам менен эки чакырым жол жүр. Сураганга бер, карыз сураган адамга тескери караба (Матай 5:38-42).

Ыйса нараазычылык болгон ар кандай караңгы жерлерди жок кылат. Ал биз башка адамдарга кызмат кылышыбыз үчүн, биздин мамилелер өч алуудан абдан алыс турушу керек деген.

Качан бизге жамандык кылган адамдар менен өзүбүз эсептешебиз дегенибизде, соттун ордуна туруп алган болобуз. Матайдан Жакшы Кабар18-бөлүмдөгү өз жолдошун кечире албаган кул, өз жолдошун кечире албай койгондо ушундай кылган. Анан кезеги келгенде ал кул карызды толук төлөмөйүнчө кыйноого берилип, үй-бүлөсү бүт бойдон сатылган.

Биз адилет Соттун ордун бошотушубуз керек. Ал чындыгына жараша берет. Бир гана Анын соту адилет.

Бир жолу мен Флорида штатындагы Тамптагы жыйында таарыныч тууралуу насаат айтып калдым. Насааттан кийин мага бир аял келди. Ал мурдагы күйөөсүн бүт таарынткандары үчүн кечиргенин айтты. Бирок, ал менин насаатымды уккандан кийин өзүн абдан ыңгайсыз сезип жана мурдагыдай эле ичинде тынчтыктын жоктугун моюнга алды.

"Демек, силер аны дагы эле кечире элексиңерби?", - дедим мен ага жумшак гана.

"Жок, кечирдим, - деди ал. – Мен кечиримдин жаштарын төктүм".

"Силер ыйлаганыңар менен, бирок, аны коё бербеген болушуңар мүмкүн". Ал аны кечирдим деп ишендирип жатты: "Мага андан эч нерсенин кереги жок. Мен аны коё бердим".

"Айтсаңар мага, ал силерге эмне кылды эле?", - деп сурадым.

"Менин күйөөм жыйында кайтаруучу болчу. Ал мени жана үч балабызды таштап, жыйындагы бир кызматчы аял менен кетип калды. – Анын көздөрүндө жаштар пайда болду. – Ал

мага Кудайдын эрки боюнча эмес үйлөнүп калгандыгын айтты, анан кийин өзү менен чогуу качып кеткен аялга үйлөнүүсү Кудайдын эрки менен болду деди. Күйөөм ошондой эле, мага ал аял анын кызматы үчүн баа жеткис салым кошконун, анткени мага караганда да ал көбүрөөк жардам көргөзгөндүгүн айтты. Ошондой эле, мен аны сындаганымды, ага тоскоол болгонумду айтты. Биздин никебиздин кыйрашындагы бардык күнөөнү ал мага жүктөп койду. Ал мында анын да күнөөсү бар экендигин моюнга алган жок"- деди.

Ал адам азгырыктын туткунунда болуп, аялы жана балдары менен таң каларлык мамиледе болгонунда шек жок. Анын аялы андан чарчап жана ал өз милдеттерин аткарышын канчалык күткөн. Бул милдет алимент менен жана балдарды материалдык колдоо менен жыйынтыкталган эмес, анткени анын жаңы күйөөсү алар менен камсыздап турган. Күйөөсүнүн милдетине эмнелер кирген: күйөөсү өзүн күнөөкөр, ал эми аны адилет деп сезишин каалаган.

"Сиз аны ал келип, бардыгы үчүн сиз эмес, ал күнөөлүү экендигин айтып, анан сизден кечирим сурамайынча кечирбейсизби? Ошол төлөнбөгөн карыз силерди кулчулукта кармап турат", - дедим мен.

Эгерде Ыйса биз Ага келип: "Биз туура эмес кылыптырбыз, Сен акыйкатсың. Бизди кечирип койчу", - дегенибизче күтө бере турган болсо, анда Ал айкашта бизди кечирмек эмес да. Айкашта азап тартып жатып, Ал минтип катуу кыйкырган: "Атаке, аларды кечир, анткени алар эмне кылып жатышканын билишпейт" (Лука 23:34). Ал бизди биз Ага келип, күнөөлөрүбүздү айтканга чейин эле кечирген. Элчи Пабыл бизди минтип эскертет: "Көтөрүмдүү болгула, бири-бириңерди кечиргиле, эгерде бири-бириңерге нааразычылыгыңар бар болсо, Машайак силерди кечиргендей, силер да кечиргиле" жана "Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле" (Эфестиктерге 4:32).

Мен ал аялга: "Сиз аны ал келип, бардыгы үчүн: "Мен

күнөөлүүмүн, сен болсо адилет болчусуң" дешин күтүп жатасызбы дегенимде, анын жаагы ылдый жаштар кулады. Анын каалаган нерсеси күйөөсүнүн ага жана балдарына алып келген жараатка салыштырганда күкүм эле болуп калат. Бирок, ал адамдык соттоонун кулчулугунда болчу. Ал өзүн сот кылып алып, өз укугун коргоп, карызды өндүрүп алгысы келет. Ошол таарыныч аны жаңы күйөөсү менен жакшы мамиледе болуусуна да тоскоол болду. Бул ошондой эле, анын бийлик ээси болгон бардык эркектерге карата мамилесине да таасир этти, анткени анын мурдагы күйөөсү кайтаруучу болчу.

Ыйса көбүнчө биздин жүрөгүбүздүн абалын топурактын абалына салыштырган. Бизге Кудайдын сүйүүсүндө тамырлап жана бекемделүүгө буйрук кылынган. Ошондо Кудайдын сөзү биздин жүрөгүбүзгө үрөн катары түшкөндө, ал өсөт дагы, акыр-аягында чындыктын түшүмдөрүн берет. Ал түшүмдөр болуп: сүйүү, тынчтык, кубаныч, көпкө чыдамдуулук, жакшылык, момундук, ишеним, кайрымдуулук жана өзгөрүлүүлөр эсептелет (Галаттыктарга 5:22, 23тү карагыла).

Топурак ага эмне себилсе, ошону өстүрүп чыгарат. Эгерде биз Кудайдын сүйүүсүнүн ордуна карыздын, кечирбестиктин жана таарынычтын үрөндөрүн себе турган болсок, отоо чөптөр өсөт. Алар ачуу тамырлар деп аталат (же ачуу-ызанын тамырлары). Ачуу-ыза тууралуу Френсис Френжипейн эң жакшы аныктама берген: "Ачуу-ыза – бул ишке ашырылбаган кек". Качан өч алуу өз чегине жетпей калганда, ачуу-ыза пайда болот. Бул тууралуу Эврейлерге жазылган каттын автору ачык эле минтип жазган:

> Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт. Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн сак болгула (Эврейлерге 12:14, 15).

“Ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн” деген сөзгө көңүл бурсаңар. Ошол “көптөрү” Ыйса Матайдан Жакшы Кабарда айткан акыркы күндөрдө “көптөрү” азгырылышат (же таарынышат) деген адамдар болушу мүмкүнбү?

Ачуу-ыза - бул тамыр. Эгерде тамырды карап – сугарып, коргоп, азыктандыра турган болсок, анда ал бекемделип жана тереңдей берет. Эгерде тамырды дароо карабай турган болсок, кийинчерээк аны жулуп салуу өтө кыйын болот. Таарыныч күн сайын өсө берет. Ошондуктан, Пабыл бизге мындай сөздөр менен акыл-насаат айтат: “Ачууланганыңарда күнөө кетирбегиле: күн батканча, ачууңарды баскыла” (Эфестиктерге 4:26). Андай болбосо, биз адилеттиктин түшүмдөрүнүн ордуна каардын, таарнычтын, наалуунун, көрө албастыктын, жек көрүүнүн, ажаандыктын жана пикир келишпестиктин түшүмдөрүн көрөбүз. Ыйса мунун баарын жаман түшүмдөр деп атаган (Матай 7: 19,20).

Библия минтип айтат: таарынычты калтырып, тынчтыкка умтулбаган адам акыры жүрүп отуруп булганып калат. Анан кымбат баалуу нерселер да акырында булганган кечирбестиктин ызасы болуп калат.

## ПОТЕНЦИАЛДУУ ПАДЫШАНЫН БУЛГАНЫШЫ

Биз силер менен бул китепте ал тургай, Шабыл ишенимге ылайык эмес иштерди жасаган кезде да, Дөөт канчалык ишенимдүү болуп калгандыгы тууралуу карап чыктык. Дөөткө эки жолу ыңгайлуу шарт түзүлүп турган кезде деле өзү үчүн өч алууга аракеттенген жок. Ал Кудайдын жүрөгүнө жаккан эркек деп аталган жана өзүн да Шабылды да Кудайдын таразасына койгон. Качан Шабылга Кудайдын соту келген кезде, Дөөт буга кубанган эмес. Ал Шабыл үчүн кайгырган, анткени анын жүрөгүндө Шабылга карата эч кандай ачуу-ыза болгон эмес.

Шабыл өлгөндөн кийин Дөөт тактыга отурган. Ал өлкөнү

чыңдап, каржылык жана аскердик жактан ийгиликтерге жетишкен, тактыга бекем орношкон. Дөөт бир нече аял алган, алар ага балдарды төрөп беришкен, анын ичинде анын тунгучу Амнон жана үчүнчү уулу Абышалом да бар болчу.

Дөөттүн Амнон деген уулу өзүнүн аталаш карындашы, Абышаломдун бир тууган карындашы Тамарды азгырган. Ал калп эле оорумуш болуп, атасынан карындашы Тамарды ага тамак жасап берүү үчүн жиберүүсүн суранган. Ал тамактарын жасап, берип бүткөндөн кийин, ал кызматчылардын баарын бөлмөдөн кууп чыгып, карындашын зордуктап салган. Ошондон кийин ал карындашын абдан жек көрүп калган да, көзүнө көрүнбөй жоголуусун талап кылган. Ал падышанын таптаза кызын булгап жана аны уятсыздык менен жаап салган (2 Шемуел 13тү карагыла).

Өз агасына бир да сөз айтпай, Абышалом карындашын үйүнө алып кетет да, Тамарды булгагандыгы үчүн Амнонду жек көрүп калат.

Абышалом анын атасы кандайдыр бир жол менен агасын жазалайт деп ойлогон. Дөөт падыша Амнондун кылган кылыгын укканда абдан ачууланган, бирок, буга эч кандай чара көргөн эмес. Абышалом атасынын буга эч кандай чара көрбөгөнүнө абдан капа болуп калат.

Бир кезде Тамар падышанын таза кызы катары көрктүү кийинип жүргөн болсо, эми ал уят менен шылдыңга оролуп калды. Ал абдан сулуу болгондуктан, эл арасында абдан жакшы урмат-сыйга ээ болгон. Эми ал күйөөгө чыгууга акысы жок, жалгыз гана жашап калган, анткени кыз эмес болуп калган.

Бул адилетсиздик болгон. Анткени, ал падышанын көрсөтмөсү менен Амнонду тейлеп жаткан учурда, аны булгашкан. Анын бакыты талкаланган, ошол эле мезгилде ушуну кылган адам эч нерсе болбогондой болуп жашап жатты. Ушул оор кайгынын бүткүл салмагын ал жалгыз гана көтөрдү.

Абышалом күн өткөн сайын кайгырган карындашына көз

салып жүрдү. Ханышанын бактылуу күндөрү тири-укмушка айланды. Абышалом атасынын бул окуяга карата чара көрүшүн жыл бою күттү. Бирок, Дөөт эч кандай чара көргөн жок. Абышалом өз атасына таарынып калды жана ыплас Амнонду да абдан жек көрүп калды.

Эки жыл бою Амнонду жек көрүп жүрүү, анда өлтүрүүнүн планынын жаралышына алып келди. “Атам кыла турган ишти мен кылып, өз карындашым үчүн өч алам” деди ал өз оюнда.

Ал падышанын бардык балдары үчүн той жасады. Амнон дагы эч нерседен бейкапар бойдон тойго келди, анан аны Абышалом өлтүрүп койду. Ушундай жол менен өз кегин алган Абышалом Гессурга качып кетти. Бирок, атасына деген таарыныч улам күчөй берди, айрыкча ал падыша сарайынан алыс жүргөн кезде күчөдү.

Абышаломдун ойлору ачуу-ызага муунду. Ал Дөөттүн кемчилдиктерин сындай баштады. Анткен менен, атасы аны чакыруусун каалады. Бирок, Дөөт андай кылган жок. Бул дагы Абышаломдун таарыныч отуна май куйду.

Балким, анда мындай ойлор болгон чыгаар: “Элдер атама тамшанышат, бирок, алар жөн гана сокурлар, анткени атамдын чыныгы табиятын билишпейт. Ал болгону, Кудай менен шырма сыяктуу жамынып алган, өзүнүкүн издеген кыянатчыл киши. Ооба, ал Шабыл падышадан да төмөнүрөөк! Шабыл амалыктыктардын падышасын жана семиз койлор менен ноопаздарды жок кылбай койгондугу үчүн тактыдан ажыраган. Менин атам болсо, ага берилип кызмат кылган жоокерлеринин биринин аялы менен ойноштук кылды. Анан ал кишини өлтүрүү менен өз күнөөсүн жапты. Ал өзү да киши өлтүргүч жана ойноштук кылган бузуку киши, ошондуктан да ал Амнонду жазалаган жок! Анан ал дагы өзүнүн Кудай Теңирге табынуусу менен жашырынат”.

Абышалом Гессурда үч жыл бою кала берген. Үч жыл өтүп, Дөөт сооронуп, уулу Амнон үчүн кайгырбай калды. Жойап падышаны

Абышаломду үйгө чакырууга көндүрдү. Бирок, Дөөт мурдагыдай эле Абышалом менен жолугуудан баш тартты. Дагы эки жыл өттү, анан Дөөт акыры ага өзүнүн ырайымын төгүп, ага бардык даражасын кайрып берди. Бирок, Абышаломдун жүрөгүндөгү таарыныч мурда кандай болсо, ошол бойдон кала берди.

Абышалом чеберчилик менен кубула алат эле: "Абышалом Амнон менен жаман-жакшы айтышкан жок, бирок карындашы Тамардын абийирин булгагандыктан, Амнонду жек көрүп калды" (2 Шемуел 13:22). Көптөгөн адамдар Абышаломго окшоп, өзүлөрүндөгү таарыныч менен жек көрүүнү билгизбей жашыра алышат.

Ушундай таарынган абалда, баарына сыноо менен мамиле кылган абалда болуу менен, Абышалом ким падышага нараазы болсо, аларга көңүл буруп, убакыт бөлүп, ар бир адамдын арыз-армандарын уга баштады. Ал ыйлап туруп, эгерде ал падыша болгондо баары башкача болмок экендигин айтты. Падышанын буга убактысы жоктой болгондугунан улам, ал ысрайылдыктардын бардык иштерин талдап, карап чыгып жатты.

Балким, Абышалом өзү дагы алардын иштерин карап, аларга көңүл бурганынын себеби, ал өзүнүн ишин дагы адилеттүүлүк менен карабагандыктарынан улам ошенткендир. Ал эл үчүн кам көргөндөй болуп көрүнүп жаткан. Библия Абышалом өз атасы Дөөттөн ысрайылдыктардын жүрөгүн уурдаган деп айтат. Чынында эмне болду эле? Ал чынында эле эл үчүн кам көрдү беле же аны таарынткан Дөөттү сындыргысы келди беле?

## БӨТӨНДӨРДҮН КАТАСЫНЫН ЭКСПЕРТТЕРИ

Абышалом Ысрайылды өз тарабына буруп алып жана Дөөткө каршы көтөрүлүш чыгарат. Дөөт падышага өз өмүрүн сакташ үчүн Иерусалимден качып кетүүгө туура келет. Баардыгы Абышалом өз падышачылыгын орнотчудай болуп жаткан. Ошентсе да, Дөөт аны тирүү калтыргыла деп буйрук бергенине

карабай, Абышалом өлтүрүлөт.

Абышаломду өзүнүн жеке таарынычы жана ачуу-ызасы өлтүрдү. Ушундай потенциалы жана мүмкүнчүлүгү бар, тактынын мураскору, күч-кубаты ашып-ташып турган маалда, өзүнө карыз деп эсептеген атасын кечире албагандыктан, каза болду. Ушунун натыйжасында ал булганды.

Лидерлердин жардамчылары лидерлерге таарынышат. Көп өтпөй алар өзүлөрүнүн бардык лидерлеринин же лидерлер дайындаган адамдардын каталарын караган эксперттер болуп алышат. Алардын аяндары бузула баштайт. Алар эми такыр эле Кудай карагандай карабай калышат.

Аларайланадагыадилетсизлидерлерденайланадагылардын баарын бошотууну өзүлөрүнүн миссиясы деп эсептешет да, капа болгондорду, нараазы болгон адамдарды өзүлөрүнө топтой башташат. Алар муну моюнга алгычакты, Абышаломдо кандай болгон болсо, так эле ошондой болуп, жыйында же кызматта бөлүнүү пайда болот.

Кээде алардын байкоолору туура жана так болот. Балким, Дөөт Амнонду бирдеме кылышы керектир эле. Балким, лидердин ката кетирип койгон жактары бардыр. Бирок, ким сот – силерби же Теңирби? Эсиңерде болсун, эгерде силер каршылашууну сепсеңер, ошону кайра жыйнап аласыңар.

Абышалом болгон нерсе жана азыркы күндөгү кызматтарда болуп жаткан нерселер – бул белгилүү бир убакытты талап кылган процесс. Биз көбүнчө жүрөгүбүзгө таарыныч киргенин байкабай калабыз. Ачуу тамыр өзүнүн өсүп баштаган учурунда анчалык байкалбайт. Бирок, качан аны азыктандыра баштаганда, ал өсүп жана бекем боло баштайт.

Эврейлерге жазылган каттын автору бизге акыл айткандай, биз: “кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн” сак болушубуз керек (Эврейлерге 12:15).

Ал бизди оңдошу үчүн, биз өз жүрөгүбүздү изилдеп жана

өзүбүздү Теңирге ачышыбыз керек анткени, Анын Сөзү гана биздин ойлорубузду, жүрөгүбүздүн ниетин билип жана соттой алат (Эврейлерге 4:12). Ыйык Рух адамдын абийирине айтуу аркылуу ашкерелейт. Биз Анын ашкерелерине маани бербей же Аны өчүрүп койбошубуз керек. Эгерде кимдир бирөөңөр ушундай кылган болсоңор, тобо кылып жана Ыйык Рух үчүн өз жүрөктөрүңөрдү ачкыла.

Бир кезде бир кызматчы мени менен өз иши тууралуу кеңешип калды. Ал бир шаардагы кайтаруучунун жардамчысы болчу жана аны кайтаруучу бошотуп жиберген болчу. Кыязы кайтаруучу бул жаш адамга көз артып жана Кудайдын колу анын үстүндө экендигинен корккон.

Бир жыл өткөндөн кийин ошол бошотуп жиберген кызматчы шаардын башка районунда жаңы жыйын ачууну чечет. Ал ошондой кылат, анан мурдагы жыйындан да кээ бир адамдар ага кошулушат. Ал буга тынчсызданат, анткени, Абышаломдой кылгысы келбейт. Бирок, ал өзүнөн мурдагы кайтаруучусуна карата эч кандай таарынычты таба албайт. Ал Теңирдин буйругу менен жаңы жыйын ачат; бул анын артыкчылыгын мурдагы жыйында баалашпай койгондугуна карата реакция болот.

Мен ага Абышалом менен Дөөттүн ортосундагы айырмачылыкты көргөзүп бердим. Абышалом өз лидерине таарынгандыктан улам, өз жүрөгүндө башка адамдарды жашырып алган. Дөөт болсо, Шабылдын аны аңдып жүргөндүгүнө карабай, башкаларды Шабылга ишенимдүү бойдон калууга чакырган. Абышалом адамдарды өзүнө тарткан, Дөөт болсо, жалгыз калган.

“Силер жыйыныңарды өзүңөр калтырдыңар беле? – деп сурадым андан. – Силер адамдарды өзүңөргө чакырып же аларды силерди колдоого, силер менен чогуу кетүүгө үндөдүңөрбү?”

“Мен өзүм гана кеттим жана адамдарды өзүмө тартуу үчүн эч нерсе кылган жокмун”, - деп айтты ал.

“Бул жакшы. Силер Дөөттөй кылыпсыңар. Силерге келип жаткан адамдар мурдагы кайтаруучусуна таарынычта эмес бекен, карагыла. Эгерде алар ага таарынычта болушса, анда аларды айыгууга жана бошонууга алып келгиле”.

Ал адам баштаган жыйын азыр өсүп-өнүгүүдө. Андагы мага жаккан дагы бир нерсе, ал өз жүрөгүн изилдөөдөн корккон эмес. Ал жүрөгүн изилдөөдөн коркмок тургай, жакшы кеңештерге баш ийген. Ал үчүн өз “акыйкаттыгын” далилдөөгө караганда, Кудайдын жолунда баш ийүү маанилүүрөөк болгон.

Силердеги кечирбестик менен ачуу-ызаны ачышына Ыйык Рухка жол берүүдөн коркпогула. Аларды силер канчалык каткан сайын, алар ого бетер күчтүүрөөк боло берет жана жүрөгүңөр ого бетер катуулай берет. Жүрөгүңөрдү катуулантпагыла! Аны кандай кылуу керек?

> Кыжырдан, ачуудан, каардан, кыйкырыктан, заар тилден жана бардык жаман нерселерден арылгыла. Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле (Эфестиктерге 4:31, 32).

Таарыныч канчалык чоң болсо, аны жок кылуу менен силер ошончолук өсөсүңөр.

13

# КАПКАНДАН КАНТИП КАЧУУ КЕРЕК

***Ошондуктан, Кудай алдында да, адамдар алдында да абийирим таза болушу үчүн, ар дайым аракет кылам (б. а. машыгам).***

**– Элчилердин иштери 24:16**

Ар кандай таарынычтан бошонуу үчүн, күч-аракет талап кылынат. Пабыл муну машыгуу менен салыштырат. Эгерде биз машыга турган болсок, биздин денебиз ооруга анчалык багынбайт. Бир жолу Гавай аралдарында сүрөткө түшүү үчүн дубалга чыгууга аракеттендим. Натыйжада, тиземди оорутуп алып, анан төрт күн бою баса албай жаттым.

Мен кайрадан баса баштаганымда башка бир адис минтип кеңеш берди: "Силер тизеңердин булчуңдарын керектүү абалга

келтирүү үчүн белгилүү бир көнүгүүлөрдү жасашыңар керек”. Менин тизем кадимки абалына келүүсү үчүн бир нече айлар талап кылынды.

Элчилердин иштериндеги (24:16) “аракет кылам” деген сөз гректин аскео деген сөзүнө ылайык келет. Вайндын сөздүгү боюнча “аракет кылам” деген сөзгө мындай аныктама берилет: “ооруунуу көтөрүү, күч-аракет жумшоо, чыдоо, тартипти сактоодо же машыгууда көнүгүү”.

Кээде бизди таарынткан адамдарды кечирүү кыйын деле эмес. Биз жүрөгүбүздү машыктыргандыктан, ал эч кандай жараатсыз жана талкалаган, кыйраткан издерди калтырбай эле таарынычты көтөрө ала турган абалда болуп калат.

Көптөгөн адамдар Гавайдын дубалдарынын аркы бетине чейин өтүп келишсе да, эч жерин оорутуп алышпайт анткени, алар жакшы формада. Ошол сыяктуу кээ бир ишенгендер алардын жүрөктөрү машыккандыгына байланыштуу Кудай менен тиешелүү абалга алып келинген. Биздин рухий деңгээлибиз, таарынычты канчалык оорубай көтөргөнүбүзгө жараша болот.

Кээ бир таарынычтар биз даярданып алганга караганда бир топ олуттуураак болушу мүмкүн. Мындай оордуктар бизге жараат алып келиши же зыян алып келиши мүмкүн, андан кийин биз толугу менен айыгып жана бошонмоюнча, рухий жактан көнүгүшүбүзгө туура келет. Бирок, натыйжа жумшаган күч-аракетке байланыштуу болот. Бул бөлүмдө мен капысынан келген таарынычтар тууралуу кеп кылмакчымын, аларды жеңүү үчүн көп күч талап кылынат.

Мен бир кызматчыга таарынып калгам. Ал мени кордогон болчу жана андай нерселер жарым жыл аралыгында бир гана жолу болуп койгон жок.

Болгон нерсе тууралуу тегеректегилердин баары билген. “Бул сени жаралантып койгон жокпу? – деп сурашкан алар менден. - Сен эмне кылганы жатасың?”

“Кантип эле сен ушинтип эле, эч нерсе кылбай, унчукпай эле жүрө бересиңби?”

“Баары жакшы, - деп сергектендим мен. – Бул мага таасир этпейт. Мен жашоомо карата болгон Кудайдын чакырыгын ээрчий берем”.

Бирок, менин жообум текебердиктен ашык эч нерсе эмес эле. Мен абдан жараланып калгам, бирок, муну ал тургай өзүмдүн алдымда да моюндагым келген эмес. Мен кантип эле ушул мени менен болду деп бир нече сааттар бою түшүнүүгө аракеттенген кездерим болгон. Мен таң калдым, оозумдан сөзүм түшүп, туруп эле калдым. Мен чынында катуу жараат алып, алсырап тургандыгыма карабай, өзүмдү күчтүүдөй көргөздүм.

Айлар өтүп жатты. Баары соолуп калгандай сезилди: менин кызматым жаңы демин жоготту, менин сыйынуучу бөлмөм бош болуп калды, мен өзүм дайыма кыйналууда болуп жаттым. Күн сайын жиндер менен күрөшүп жаттым. Мен ушул каршылыктардын баарынын мага келгендеги себеби мага болгон жашоомдогу чакырыктан улам болду деп ойлодум, бирок, бул чындыгында менин кечире албастыгымдан улам болгон эле. Мени таарынткан адамдын алдында болгон сайын, мен өзүмдү руханий басынтылган абалда сезчүмүн.

Анан мен эч качан унутпай турган күндүн таңы атты. Мен өз үйүмдүн жанындагы бакта стулда отуруп алып сыйынып жаткам. “Теңир, кантип эле мен ошондон жараат алып калдым?” – деп сурадым. Мен ушул сөздү айтаарым менен, рухумдун тереңинде: “Ооба!” дегенди уктум.

Кудай менин мага жараат келтирип койгондугун так билишимди каалаган.

“Кудайым, мага ушул жарааттан жана таарынычтан айыгууга жардам берчи, - деп жалдырадым мен. – Мен муну көтөрө албай жатам”.

Бул деген Теңирдин мени өзүмдүн жеке

мүмкүнчүлүктөрүмдүн кыйрашын көрүүгө алып келгиси келген абал эле. Биз көбүнчө эле өз жаныбыздын күчү менен көп нерселерди кылууга аракеттенебиз. Бирок, мындан биз рухта өспөйбүз. Тескерисинче, биз кулоого ого бетер ыйңгайлашып калабыз.

Бошонууга жана айыгууга карай биринчи кадам бул болуп саналат: силерди таарынтып коюшкандыгын моюнга алгыла. Көбүнчө текебердик биздин жараланып же таарынып калганыбызды моюнга алууга жол бербейт. Мен өзүмдүн чыныгы абалымды билээрим менен Теңирди издеп жана Анын ашкерелөөсү менен оңдоосуна ачык болдум. Теңир менин бир нече күн бою орозодо болушумду каалаганын баамдадым. Орозо мени Ыйык Рухтун үнүнө бир топ сергек кылат:

> Мен тандап алган орозо мындай: калптын кишендерин бошот, эзүүнүн кишендерин чеч, эзилгендерди эркиндикке чыгар, ар кандай моюнтурукту алып сал (Ышайа 58:6).

Мен ар кандай моюнтуруктан бошонуу үчүн, мыйзамсыздыктардын кишендеринин үзүлүшүн каалададым.

Бир нече күндөн кийин мен киши өлгөн жерге келдим. Мени таарынткан адам да ошол жерде экен. Ага алыс жактан карап туруп, мен ыйлай баштадым: “Теңир, мен аны кечирем. Ал мага эмне кылган болсо, ошонун баарынан аны бошотом”. Ошол замат менин жүрөгүмдөн оор жүк түшүп кеткенин байкадым. Мен аны кечирдим. Мени ушунчалык жеңилдик каптады!

Бирок, бул менин калыбыма келишимдин башталышы гана болчу. Мен өз жүрөгүмдө кечирдим, бирок жараатымдын өлчөмүн билген эмесмин. Мен баягыдай эле алсыз бойдон калгандыктан, кайра эле таарынып калышым мүмкүн болчу. Мунун баары физикалык травмадан кийинки айыгууга окшош болчу. Мен дагы кандайдыр бир жарааттардын алдын алышым үчүн, жүрөгүмдү, акылымды, эмоциямды бекемдеп, көнүгүшүм керек болчу.

## КАЙТАЛООЛОРГО КАНДАЙСЫҢАР?

Бир нече айлар өттү. Кээде мага мен кечире электеги ойлор менен күрөшүүгө туура келип жатты. Бул сезимдер мага таарынып калган адамдар арызданып келген кезде же кээде таарынткан адамды көргөндө же анын атын укканда келип жатты. Байкаарым менен мен бул ойлорго каршы туруп жаттым жана аларды өзүмдөн кубалап жаттым (2 Коруnттуктар 10:5ти карагыла). Бул менин эркиндигим үчүн күрөшүү болчу.

Акырында мен Теңирден кантип бул ойлордун кайрадан мени кечирбестикке алып барышына жол бербесем болот деп сурадым. Ал мени эркиндиктин бир топ жогорку деңгээлине алып чыккысы келип жаткандыгын билчүмүн. Мен өзүм дагы калган өмүрүмдү мени аңдыган таарыныч менен күрөшүп өткөргүм келген жок. Теңир мага мени таарынткан адам үчүн сыйынуу керектигин айтты жана Өзүнүн сөзүн эстетти:

> Ал эми Мен силерге мындай демекчимин: душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле· Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла· Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла (Матай 5:44).

Мен сыйына баштадым. Алгач мен кургак, бир кылка үн менен, эч кандай жүрөгүмдө сезим болбогон абалда сыйына баштадым. Милдеттүү болгон сезимден улам, мен минтип айттым: “Теңир, ага батаңды бер. Ага ийгиликтүү күн бер. Анын бардык иштерине жардам бер. Ыйсанын ысымынан. Оомийин”.

Бул бир нече жумага созулду. Бул мени эч нерсеге алып келбечүдөй сезилип жатты. Бир жолу эрте менен Теңир мага 34-Забурду көргөздү. Мен аны эстей албай койдум жана ачып окуй баштадым. Анан орто ченине жеткенде өзүмдү жана өз абалымды көрдүм:

> Жалган күбөлөр мага каршы чыгышты: мен билбегендерди сурап, суракка алышты. Жакшылыгым үчүн алар мага жамандык кылып, жанымды жалгызсыратышты (Забур 34:11, 12).

Мен өзүмдү Дөөт менен салыштырып көрсөм болмок. Менин оюмча, тигил кишиге жана анын кээ бир жардамчыларына окшоп, менин жакшылыгыма жамандык менен жооп беришкен. Менин жан дүйнөм кайгырып турду. Кудай мага бул забурду акыркы бир нече жылдын ичинде болуп жаткан күрөштү көргөзүү үчүн колдонду. Бир жер мени ушунчалык бийик секирүүгө мажбурлагандыктан, башым менен шыпты сүзүп ала жаздадым!

> Мен алар ооруп жатканда, зумбал кийип, өз жанымды орозо кармап кыйнадым, башымды көтөрбөй, кайра-кайра сыйындым. Аларга досумдай, бир тууганымдай мамиле кылдым. Энесине аза күткөн адамдай кайгыга батып, башымды шылкыйтып жүрдүм (Забур 34:13, 14).

Дөөт ал адамдар аны өлтүргүсү келгендигин айтты. Ал аларга эч нерсе кылбагандыгына карабай, алар жамандык менен жооп беришти.

Забурдагы бул аяттар менин көйгөйүмө карата жооптор болчу.

Дөөттүн реакциясы башкалардын эмне кылгандыгына негизделген эмес болчу. Туура аракеттенүүнү чечкендиктен, аларга жакын бир тууганадрындай карап, энесине аза күткөн адамдай кайгыга батып, башын шылкыйтып жүрдү. Кудай мага ал адам үчүн кантип сыйынуу керектигин көргөздү: “Сен өзүң Менден эмнени алгың келсе, ал адам үчүн да ошондой кылып сыйын!” деди. Эми менин сыйынуум толугу менен өзгөрүлдү. Ал сыйынуу эми: “Теңир, ага батаңды бер, ага жакшы күн бер” деген сыйынуу эмес эле.

Ал өмүргө толо болчу. Мен минтип сыйындым: “Теңирим,

ага дагы да көбүрөөк ачылып бер. Аны Өзүңдүн болушуң менен батала. Ылайым, ал Сени дагы да жакыныраак билип калса экен. Ылайым, ал Сага жаккандай болсун жана Сенин атыңды даңктасын”. Мен Кудайдан эмнени алгым келсе, ал үчүн ошону сурадым. Бир ай бою мен ага жигерденүү менен сыйындым жана минтип катуу кыйкырдым: “Мен сага батамды берем! Ыйсанын ысымынан, мен сени сүйөм!” Бул менин рухумдун тереңинен чыккан кыйкырык эле. Мен ага өзүм үчүн сыйынуудан, ага ал үчүн сыйынууга өттүм. Анан мен толук айыгууга жеткенимди түшүндүм.

## БЕТ КЕЛИШҮҮДӨН АЙЫГУУ

Дагы бир нече жума өткөндөн кийин мен аны менен кайрадан кездешип калдым. Менин жүрөгүмдө дале жагымсыз нерсе сезилип жатты.

Мен мурдагыдай эле сынаакы болууга каршы күрөшүп жаттым. – Джон, сен ага барсаң болот, - деп айтты аялым.

– Жоок, эмне кереги бар, - дедим мен. –

Мен ансыз деле айыгып калгам.

Бирок, Ыйык Рух менин сөздөрүмдү колдобой турганын сездим. Ошондуктан, мен Теңирден ага барышым керекпи деп сурадым. Ал: “Ооба” деп жооп берди.

Мен ал киши менен жолугушууну болжоштум дагы, ага белек алып бардым. Мен өзүмдү моюн сундуруп, ага карата туура эмес мамиле кылгандыгымды моюндап жана андан кечирим сурадым. Биз элдештик, менин жүрөгүмө айыгуу жана кечирим келди. Мен анын офисинен айыгып жана бекемделип чыктым. Мага эми жараат менен күрөшүүнүн кереги жок, эми мен аны сындагым деле келбей калды. Ошол учурдан кийин биздин мамилебиз бекемделип, кийин биздин ортобузда көйгөйлөр болгон жок. Айтмакчы, азыр биз бири-бирибизди көп колдойбуз.

“Качан мен биринчи жолу ушул адам менен жолугушканда, - деп айттым Лизага, - ал менин алдымда эч кандай туура эмес нерсе кылган жок. Мен андан эч кандай кемчилдикти көргөн жокмун. Мен аны жеткилең деп ойлогондуктан, сүйөт элем. Бирок, ал мени жаралантып койгондон кийин, аны сүйүү мага кыйын болду. Ал үчүн менде болгон бүткүл ишенимди жумшаш керек болчу. Эми ушул калыбына келүү процессинен өткөндөн кийин, мен аны кемчилдиктерине карабастан, биринчи көргөн кезимдегидей сүйө баштадым. Бул жеткилең сүйүү болчу”.

> Баарынан мурда бири-бириңерди ынталуулук менен сүйгүлө, анткени сүйүү көп күнөөлөрдү жаап коёт (1 Петр 4:8).

Силерге жамандык кылбаган адамдарды сүйүү оңой. Бул бал айындагы сүйүүдөй. Бирок, анын кемчилдиктери көрүнүп калганда жана каталыктар көрүнүп турганда жана эгерде өзүң ошол кемчилдиктин курмандыгы болсоң, ал таптакыр башка нерсе болот экен. Кудайдын сөзү мени жеткилеңдикке жетелеп, жүрөгүмдү бекемдеп жатты.

Ошол мезгилден бери мен андай учурларга бир нече жолу дуушар болдум, бирок, эми мага адамдарды кечирүү жана таарынычты жок кылып салуу эч нерсеге турбай калды. Эмне үчүн: анткени менин жүрөгүм таарынбаганга көнүгүп калган. Мен тигил кишинии офисинен айыгып чыкканга чейин, бир нече ай мурда Кудай мага үйдүн жанында эмне дегени эсимде. Бул машыгуучу даярдануу процесси болгон экен. Ал учурда менде эч бир ийгилик болбостой сезилгени менен, менин жүрөгүм машыгып жана бекемделген экен. Мен мурдагыдан да жаман болуп калган жокмунбу деп ойлогонумду мойнума алам. Бирок, мен калыбына келтирүүчү ишенимдүү жолдо элем. Кудайдын Руху мени кандай жол менен бара алсам, ошол жол менен алып баратты. Бул менин жеткилеңдикке жетүүмдүн процессинин бир бөлүгү болчу. Мен бул нерсени эч нерсеге алмашмак эмесмин жана менин жашоомо алып келген ошол түшүмдөр үчүн ыраазымын.

# КЫЙЫНЧЫЛЫК АРКЫЛУУ ЖЕТКИЛЕҢДИККЕ ЖЕТҮҮ

Биз жеңил учурда эмес, кыйынчылык учурда рухий жактан өсөбүз. Теңир менен бирге бараткан саякатыбызда ар дайым кыйынчылыктарга кездешебиз. Биз алардан качып кете албайбыз, анткени, алар биздин Кудайдагы жеткилеңдикке бараткан процессибизде келет. Эгерде силер андан качып кеткиңер келсе, анда ал силердин өсүүңөргө олуттуу тоскоолдуктарды алып келет.

Ар кандай тоскоолдуктарды жеңүү менен силер бир топ күчтүү жана боорукер боло баштайсыңар. Ыйсаны дагы да көбүрөөк сүйүп каласыңар. Эгерде силер кыйынчылыктан чыксаңар, бирок, Ыйсага карата сүйүүнү сезбей жаткан болсоңор, анда али таарынычтан айыгып жана калыбыңарга келе элексиңер. Айыгуу – бул силердин тандооңор. Кээ бир адамдар жараат алышат да, анан эч качан айыгышпайт. Бул канчалык катуу угулганына карабай, алардын өзүлөрүнүн жеке тандоосу.

Ыйса азап тартуу аркылуу тил алчаактыкка үйрөнгөн. Петр да башынан өткөн азаптар аркылуу тил алчаактыкка үйрөнгөн. Пабыл да башынан өткөн азаптар аркылуу тил алчаактыкка үйрөнгөн. Силерчи? Ушуга үйрөндүңөр беле? Же силер одоно, таш боор, ачуулу, ызага толгон, кечирбеген жана таарынчаак адамсыңарбы? Эгерде ошондой боло турган болсо, анда силер тил алчаактыкка үйрөнө элексиңер.

Ооба, кээ бир таарынычтар бар, алар оңой менен кетпейт. Алардан бошонуу үчүн, силерге бир аз күч үрөп, алардын үстүнөн иш алып барууга туура келет. Бирок, бул процессте силер өсүп жана рухий жактан жеткилең боло баштайсыңар.

Рухий жеткилеңдик оңой менен келе койбойт, эмесе бардык адам эле ага ээ болуп алмак. Кеээ бирөөлөр каршылыктарга жолугуу менен гана мындай деңгээлге жетишет. Биздин коомдун

жашоо образы такыбаа эмес жана өзүмчүл болгондуктан, каршылыктар кездешет. Дүйнөнү абада бийлик кылып жаткан төрө башкарып жатат (Эфестиктерге 2:2ни карагыла). Машайактын жеткилеңдигине кирүү үчүн, өзүмчүлдүктүн агымына каршы туруудан улам келген кыйынчылыкты көтөрүү керек.

Пабыл өзү жыйындарды курган үч шаарда кайрадан болду. Анын максаты шакирттеринин жанын бекемдөө болгон. Анткен менен, ал муну кантип кылганына кароо кызык. Ал шакирттерин шыктандырган:

> ... шакирттерди бекемдеп, ишенимден баш тартпоону насааттап: «Кудайдын Падышачылыгына көптөгөн кыйынчылыктар аркылуу киришибиз керек» (Элчилердин иштери 14:21, 22).

Ал аларга жеңил жашоону убада кылган эмес. Ал дүйнөнүн ченемине ылайык өсүүнү убада кылган эмес. Эгерде алар аларга белгиленген бардык жолду кубаныч менен басып өткүлөрү келсе, анда жолдогу көп тоскоолдуктарга жолугууга туура келет, Пабыл буларды “көптөгөн кайгылар” деп атаган.

Эгерде силер кадимки эле кайык менен дарыянын агымына каршы сүзүп жаткан болсоңор, анда алдыга жылуу үчүн калакты тынымсыз айдашыңар керек болот. Эгерде силер калакты айдоону токтотсоңор жана алсырап кала турган болсоңор, анда акыр-аягында силер да агым менен кошо агып каласыңар. Ошол сыяктуу эле, биз дагы Кудайдын артынан бара жаткан жолдо көптөгөн кыйынчылыктарга кездешебиз. Мына ушул сыноолордун баары негизги суроого силердин жообуңарды ачыкка чыгарат. Силер бул дүйнө кылып жатканды кылып, өзүңөрдүкүн издейсиңерби же өзүңөрдөн баш тарткан жашоодо жашайсыңарбы?

Эсиңерде болсун, эгерде биз Ыйса үчүн жашообузду жогото турган болсок, анда Анын өмүрүн табабыз. Өзүңөрдүн көз карашыңарды күрөш учуруна эмес, акыркы жыйынтыкка

бургула. Петр муну жакшы айткан:

> Сүйүктүү бир туугандар, сыналышыңар үчүн жиберилип жаткан оттуу сыноону жат нерсе катары өгөйлөбөгүлө. Тескерисинче, Машайак тарткан азапка ортоктош болуп жаткандыгыңар үчүн кубангыла, анткени Анын даңкы көрүнгөндө, кубанычка жана шаттыкка бөлөнөсүңөр (1 Петр 4:12, 13).

Байкасаңар, ал азап туртуунун деңгээлин кубанычтын деңгээли менен жанаша коёт. Бул кубанычка кантип жетсе болот? Качан Машайактын даңкы ачылганда, силер да Аны менен кошо даңкталасыңар. Бул, Ыйсанын мүнөзү силерден канчалык деңгээлде чагылганына жараша болот. Ошондуктан, таарынычка карабагыла. Келе турган даңкка карагыла! Аллилуйя!

Өзүнүн тууралыгын далилдегенден көрө, чалынган бир тууганга жардам берип койгон бир топ маанилүүрөөк.

# 14

# БИЗДИН МАКСАТ - ЭЛДЕШҮҮ

***Байыркы мезгилде жашагандарга: «Киши өлтүрбө. Ким киши өлтүрсө, ал жазага тартылат», - деп айтылганын уккансыңар. Мен болсо силерге мындай деп айтамын: бир тууганына жөнү жок ачууланган ар бир адам жоопко тартылат. Бир тууганын «келесоо» деген адам синедрион алдында жоопко тартылат, «акылсыз» деген адам болсо оттуу көлгө түшөт. Ошондуктан сен курмандык чалынуучу жайга курмандыгыңды алып келгениңде, бир тууганыңдын сага каршы бир нерсеси бар экени ошол жерден эсиңе түшсө, анда курмандыгыңды курмандык чалынуучу жайдын алдына таштагын да, барып, адегенде бир тууганың менен элдеш. Ошондон кийин гана курмандыгыңды алып кел.***

– **Матай 5:21-24**

Бул сөз тоодогу насааттан. Ыйса мындай сөздөр менен баштайт: "Силер байыркыда эмне деп айтылганын билесиңер...". Андан кийин Ал минтип айтат: "А Мен силерге

минтип айтам...” Ыйса насааттын бул бөлүгүнүн баарында ушундай салыштырууларды айтат: Ал алгач биздин кыймыл-аракетибизди жөнгө салып турган мыйзамды айтат. Андан кийин Ал мыйзам жүрөккө жазылган кезде кандай аткарылары тууралуу айтат. Кудайдын көз алдында физикалык жактан колу менен бирөөнү өлтүрүп алганда гана киши өлтүрүү болуп эсептелбейт, качан өз бир тууганын жек көргөн учурда да киши өлтүргөн болуп эсептелет. Силер жүрөгүңөрдө кандай болсоңор, чындыгында эле ошондой болуп эсептелесиңер!

Насааттын бул бөлүгүндө Ыйса таарынычтын калтырган издери боюнча ачык эле айтат. Ал ачуу таарыныч жана каардануу үчүн, жазанын катуулугун айтат. Өз бир тууганына жөндөн-жөн каарданган ар бир адам сот жообуна тартылат. Эгерде бул каар түшүм алып келип, өз бир тууганын “акмак” дей турган болсо, ал жогорку сотко берилет.

“Келесоо” деген сөз “көңдөй баш” же “макоо” дегенди түшүндүрөт. Бул Машайактын учурунда да жүйүттөрдүн арасында айтылып жүргөн жалаа жабуучу сөз болгон. Эгерде каардануу адамды бир тууганын “макоо” дегенге жеткире турган болсо, анда ал адамдын алдында тозокко түшүү коркунучу турат. “Макоо” деген сөз “кудайсыз” дегенди түшүндүрөт. “Акылсыз адам “макоо” жүрөгүндө: «Кудай жок», – дейт (Забур 13:1). Ал күндөрү бир тууганын

акылсыз деп айтуу абдан олуттуу айыптоо болгон. Мындай сөздү каары жек көрүүгө айланып кеткен адам гана айта алган. Бул азыркы күндө бир тууганына:”Сен тозокко түшүп кал” дегенге барабар.

Ыйса кыжырданууга маани бербей турган болсок, ал жек көрүүгө айланып кетери тууралуу айткан. Эгерде жек көрүүнү жок кылбай турган болсок, анда ал адамды тозокко түшүп калуу коркунучуна алып келет. Андан кийин Ал, эгерде адамдар бир тууганынын ага каршы бирдемеси бар экендигин эске түшүрсө, анда биринчи барып аны менен элдешүүсү керектиги тууралуу айткан.

Эмне үчүн биз дароо эле элдешүүгө аракеттенишибиз

керек, бир тууганыбыз үчүнбү же өзүбүз үчүнбү? Биз бир тууганыбыздын таарынычтан бошонушу үчүн ага жардам берүү максатында барып элдешүүбүз керек. Эгерде биз ага таарынбасак, анда Кудайдын сүйүүсү ага ачуулуу бойдон калууга жол бербейт, анын калыбына келиши үчүн колун сунат. Балким, биз эч кандай деле жамандык кылбагандырбыз. Бирок, жакшыбы же жаманбы – бул жерде ал маанилүү эмес. Бизге өзүбүздүн чындыгыбызды далилдегендин ордуна, чалынган бир тууганыбызга жардам берүү маанилүүрөөк болушу керек. Таарынууга сан жеткис себептер бар. Балким, таарынган адам, биз ага эч нерсе кылбаганыбызга карабай, ага туура эмес мамиле кылды деп ойлоп жаткандыр. Туура эмес жыйынтык чыгарышы үчүн, балким, ага туура эмес маалыматтар жеткендир.

Башка жагынан алып караганда, ага туура маалымат жетсе деле, ал өзү туура эмес жыйынтык чыгарып алгандыр. Маалымат берүүнүн ар кандай каналдары аркылуу, биздин айткандарыбыз абдан бузулган, туура эмес түрдө барышы мүмкүн. Бизде адамды жаралантуу ниетибиз болбогону менен, биздин сөздөрүбүз менен аракеттерибиз башка нерсени күбөлөндүрүп турат. Көбүнчө биз өзүбүздү өз ниеттерибизге карата, ал эми башкаларды болсо, алардын кылган иштерине карата соттойбуз. Кээде сенин ниетиңди таптакыр туура эмес түшүнүп алышат. Кээде биздин чыныгы ниетибиз биздин өзүбүздөн да чеберчилик менен жашырылып коюлат. Биз анын таза экендигине ишенгибиз келет. Бирок, аларды Кудайдын Сөзү менен чыпкалап көргөнүбүздө, алар таптакыр башкача экендигин көрөбүз.

Акыры, балким биз чын эле ал адамга карата күнөө кылгандырбыз. Биз каарданып же кандайдыр бир басымдын алдында турганда, сокку ага келип тийгендир. Же болбосо, ал адам бизге атайын билип туруп эле каршы чыга бергендиктен, биз да ага өзүнө жараша кылып койгондурбуз.

Таарыныччтын себеби эмне болсо да, таарынган адамдын аң-сезими бүркөлүп калат. Ал өзүнүн көз караштарын

божомолдорго, уккандарына, адамдардын сөздөрүнө жана сырткы көрүнүштөргө буруп жана биздин чыныгы ниетибизди көрө алдым деп ойлоп жаткандыр. Бирок, туура маалымат албай туруп, кантип соттоого болот?

Биз анын бүткүл жүрөгү менен аны менен туура эмес кылышты деп турган далилине, түшүнүү менен мамиле кылышыбыз керек. Себеби, кандай болгондугуна карабай, биз кечирим сураганга жана элдешкенге даяр болушубуз керек.

Ал тургай, адам биздин күнөөбүздүн айынан эмес учурда таарынып калган учурда деле, Ыйса бизди аны менен элдешүүгө чакырат. Момундукта жана ынтымак алып келүүчү болуп жүрүүдө, адамга жеткилеңдик керек. Бирок, көпчүлүк учурда эле таарынып калган адамга биринчи кадамды жасоо кыйынга турат. Ошондуктан да, Ыйса таарынткан адамдын таарынган адамга биринчи барышын айткан.

## ТААРЫНГАН АДАМДАН КАНТИП КЕЧИРИМ СУРОО КЕРЕК

Элчи Пабыл минтип айткан:

> Ошондуктан тынчтыкка жана бири-бирибизди бекемдөөгө умтулалы (Римдиктерге 14:19).

Бул биз таарынткан адамга кантип барышыбызды көргөзүп жатат. Эгерде биз ага кыжырданып же көңүлүбүз калган абалда бара турган болсок, анда эч кандай натыйжа бербейт. Таарынган адамды дагы да оорураак абалга алып келип коёбуз. Биз текебердиктен баш тартуу аркылуу жана момундук аркылуу, жүрөгүбүздө тынчтыкты сактоого аракеттенебиз. Ушундай жол менен гана элдешүүгө жетишүүгө болот.

Кээде мага кыжыры келген же болбосо, мен таарынтып алган адамдарга барууга туура келген, анан алар мага жөн эле атырылышкан. Мага мени өзүмчүл, башкаларга көңүл бурбаган,

текебер, орой, кескин-курч ж. б. деген сөздөрдү айтышкан. Албетте мен: "Жок, андай эмес. Силер жөн гана мени түшүнбөй жатасыңар!" деп айткым келген. Бирок, мен антип коргонгон кезде отко май чачкандай эле болгон, алардын таарынычы ого бетер күчөгөн. Бул тынчтыкка умтулуу болмок эмес. "Өз укугун коргоо" эч качан чыныгы тынчтыкты алып келбейт.

Мунун ордуна мен алар айткысы келгендин баарын айтып алмайынча, тилимди тишимдин артына катканды үйрөнгөм. Эгерде мен алар менен макул боло турган болсом, анда алардын айтканын урматтайм дейм да, өзүмдүн мамилем менен ниетимди текшерип көрөм. Анан аларды таарынтып алганым үчүн өкүнөм деп айтам.

Кээде алар мага чындыкты айтуу менен, мени туура баалашат. Мындай учурда: "Силердики туура. Мен кечирим сурайм" деп айтам.

Элдешүүгө жетүү үчүн, жөн гана моюн сунуу керек. Ошондуктан да, Ыйса төмөнкүдөй айтса керек:

> Жолдо бара жатканыңда эле, каршылашың менен элдешип алганга шаш. Болбосо каршылашың сени сотко берет, сот болсо сакчыга тапшырат, ошентип, сени түрмөгө отургузуп коюшат. Сага чындыкты айтып коёюн, акыркы кодрантыңды бермейинче, ал жерден чыкпайсың (Матай 5:25, 26).

Текебердик коргонот. Момундук макул болот жана минтип айтат: "Силердики туура. Мен так ошондой кылгам. Мени кечирип койгулачы, суранам".

> Ал эми асмандан келген акылмандык баарынан мурун таза, андан кийин тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, боорукер, жакшы жемиштүү, калыс, эки жүздүү эмес (Жакып 3:17).

Кудайдын акылмандуулугу тил алчаак (б.а. жол берүүгө даяр). Ал келишпестикке алып келбейт, көктүк кылбайт жана

жол бербей койбойт. Эгерде чындыктын чегинен чыгып кетпей турган болсо, анда Кудайдын акылмандуулугуна ээ болгон адам жол бергенден жана башка адамдын оюн кабыл алуудан коркпойт.

## СИЛЕРДИ ТААРЫНТКАН АДАМГА КАНТИП БАРУУГА БОЛОТ

Биз таарынткан адамга карата кандай мамиледе болууну карап чыкканыбыздан кийин, келгиле эми, бизди таарынткан адамга карата кандай мамиледе болгонду карап көрөлү:

> Эгерде бир тууганың сага каршы күнөө кылса, баргын да, жекече сүйлөшүп, анын айыбын ач. Эгерде сага кулак салса, бир тууганыңды кайтарып алган болосуң (Матай 18:15).

Көпчүлүгү бул аятты Ыйса айткысы келгендей кылып түшүнүшпөйт. Эгерде аны таарынтышса, алар ага барат да өч алуу же кыжырданган абалда ашкерелей башташат. Алар бул аятты өзүн таарынткан адамды айыптоодогу актоо катары кабыл алышат.

Бирок, алар өзүлөрү соттоп киришет: кандай ниетте бири-бириңерди үйрөткүлө деп айтты эле Ыйса? Биз бири-бирибизге айыптоо үчүн эмес, элдешүү үчүн барышыбыз керек. Биз бир тууганыбызга барып, ал бизге карата кандай гана туура эмес мамиле кылгандыгын айтуубузду каалаган жок. Биз ортобуздагы мамилеге тоскоолдук кылып жаткан нерсени четтетиш үчүн, бири-бирибизге баруубуз керек.

Бул Кудайдын биз менен Өз мамилесин калыбына келтирүүсүнө окшош. Биз Кудайга каршы күнөө кылдык, бирок: "Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди" (Римдиктерге 5:8). Биз бизди таарынткан адам менен элдешүүбүз үчүн, өзүбүздү коргоодон баш тартып, текебердик үчүн өлүүгө

даярбызбы? Биз Кудайдан кечирим сурай элегибизде эле, биринчи болуп бизге Өз сүйүүсүн сунган. Ыйса бизди биз мыйзамсыздыгыбызды түшүнгөнгө чейин эле кечирүүнү чечкен.

Ал бизге Өзүнүн колун сунган, бирок, биз Анын элдештирүүчү сөзүн кабыл алмайынча, Ата менен элдеше алган эмеспиз:

> Мунун баары Кудайдан, Кудай Машайак аркылуу бизди Өзү менен элдештирди жана бизге элдештирүү кызматын берди. Анткени Кудай Машайактын ичинде дүйнөнү Өзү менен элдештирди, адамдардын күнөөлөрүн эске алган жок. Бизге болсо Кудай менен элдешүү жөнүндөгү сөздү жарыялоону тапшырды. Ошентип, биз Машайактын атынан келген элчилербиз, Кудай Өзү биз аркылуу адамдарга кайрылып жатат. Машайактын атынан суранабыз: Кудай менен элдешкиле (2 Корунттуктарга 5:18-20).

"Элдешүү" деген сөз өз башатын бардыгыбызга негиздүү болгон сөздөн: баарыбыз Кудайга каршы күнөө кылдык дегенден алат. Биз Кудайдан бөлүнүп калганыбызды сезмейинче, куткарылууну же элдешүүнү каалабайбыз.

Жаңы Келишимде шакирттер адамдар Кудайга карата күнөө кылышты деп насаат айтышкан. Бирок, адамдарга алар күнөө кылгандыгын айтуунун эмне кереги бар? Аларды айыптоо үчүнбү? Кудай айыптабайт. "Кудай Өз Уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди" (Жакан 3:17). Балким, бул адамдар өзүлөрүнүн кандай абалда экендигин билип, моюнга алыш үчүн, өзүлөрүнүн күнөөлөрү үчүн тобо кылып жана кечирим алыш үчүн керектир?

Адамды тобо кылууга эмне алып келет? Жоопту биз Римдиктерге жазылган Каттан табабыз:

> Же Кудай Өз айкөлдүгү менен сени тобо кылууга

> жетелерин билбей, Анын айкөлдүгүн, сабырдуулугун жана чыдамдуулугун барк албай жатасыңбы? (Римдиктерге 2:4).

Кудайдын жакшылыгы бизди тобо кылууга жетелейт. Анын сүйүүсү бизди, тозокто кыйналууга өкүм кылынгандарды куткарат. Ал Өз сүйүүсүн Өзүнүн жалгыз Уулу Ыйсаны айкашка биз үчүн өлүүгө жиберүү менен далилдеген. Ага каршы биз күнөө кылгандыгыбызга карабастан, Кудай биринчи бизге жолугууга чыккан. Ал Өз колун бизди айыптоо үчүн эмес, бирок, бизди куткарып жана мамилени калыбына келтирүү үчүн сунуп турат.

Кудайга окшоп (Эфестиктерге 5:1ди карагыла), биз дагы бизге каршы күнөө кылган бир тууганга карата биринчи кол сунушубуз керек. Ыйса мындай үлгүнү бекиткен: бир тууганыңа бар, ага айыптоо үчүн эмес, силерди бөлүп жаткан ар кандай тоскоолдукту четтетүү үчүн, элдешүү үчүн жана мамилени калыбына келтирүү үчүн бар деген. Биздин ичибиздеги Кудайдын жакшылыгы бир тууганыбызды тобого алып келет жана биздин өз ара мамилелерибизди калыбына келтирет.

> Ошентип, Теңир үчүн туткун болгон мен силерден өтүнөмүн: Кудай тарабынан чакырылып алынганыңарга ылайык жашагыла, бардык учурда момун, жоош жана чыдамдуу болгула, бири-бириңерге сүйүү менен мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула. Рух биримдигин тынчтык байланышы аркылуу сактоого аракеттенгиле (Эфестиктерге 4:1-3).

Биз бул тынчтык байланышын баш ийген, жакшы, момун жана көпкө чыдаган, бири-бирибиздин алсыздыгыбызды сүйүү менен жапкан мамилени колдоо үчүн кармайбыз. Мына ушундай жолдор аркылуу сүйүүнүн түйүндөрү бекемделет.

Мен таарынтып койгон кээ бир адамдар мага айыптоо менен келишкен. Мунун натыйжасында, мен элдешүүгө болгон ар кандай каалоону жоготуп алгам. Айтмакчы, алар таптакыр элдешүүнү каалашпаган, алар мен алардын канчалык

ачуулангандыктарын билишим үчүн гана келишкен деп ойлоп калгам.

Мен таарынтып алган башка адамдар болсо, мага момундук менен гана келишкен. Андай учурда мен өз оюмду тездик менен өзгөртүп, алардан кечирим сурагам – ал тургай, алар сөзүнүн аягына чыкканга чейин эле кечирим сурагам.

Силерге: "Мен силердин муну билип алышыңарды каалайм, мен силерди мага жакшы дос боло албаганыңар үчүн, мен үчүн муну, муну кыла албаганыңар үчүн кечиргенимди билип алышыңарды каалайм" деп айтып келген адамдар болду беле?

Алар ушулардын баарын силерге айтып-айтып алгандан кийин анан: "Сен менин алдымда кечирим сурашың керек" деген көз караш менен карап калышат.

Силер тынчыңар кетип, түшүнбөй атасыңар, бул силерди жаралантып койду. Алар силер менен элдешүүгө келбей эле, силерди коркутуп коюу үчүн, силерди башкарып алуу үчүн келгендей.

Бизди таарынткан бир тууганыбызды чын жүрөктөн кечирүүгө чечим кабыл алмайынча, ага барбашыбыз керек, анан ошондой жооп алып калбашыбыз да керек. Биз ага жакындаганга чейин, ал адамга карата болгон ар кандай душмандык мамилелерден арылышыбыз керек. Антпесе, биз жаман сезимдерден улам аны айыктырбай эле, жаралантып коёбуз.

Эгерде бизди таарынткан адамды эч кандай шартсыз кечирип жана аны менен элдешүүгө аракеттенип жатсак, бирок, ал бизди укпай жатса, эмне кылышыбыз керек?

> Эгерде сага кулак салбаса, жаныңа бир же эки кишини ээрчитип ал. Айтылган ар бир сөз эки же үч күбөнүн сөзү менен ырасталсын. Эгерде аларга кулак салбаса, Жыйынга билдир. Эгерде Жыйынга да кулак салбай койсо, аны бутпарас жана салык жыйноочу катары эсепте (Матай 18:16, 17).

Ушул тепкичтердин ар биринде жалпы максат бар: элдешүү. Негизинде, Ыйса мындай деп айтат: "Аракеттенүүнү уланта бер". Байкасаңар, таарынткандар процесстин ар бир баскычына тартылып жатат. Бизге каршы күнөө кылган адамга барганга чейин, таарыныч тууралуу башкаларга улам айта бергенден көрө, Ыйса бизге кандай кылууну буйруса, ошондой кылышыбыз керек!

Биз мындай кылуубуздун себеби, өзүбүздүн жүрөгүбүздө эмне бардыгын жакшылап билип албаганыбыздан улам болот. Биз бул таржымал тууралуу өз көз карашыбызды башкаларга айта берүүгө укугубуз бар деп ойлойбуз. Башкалар уккандан кийин, биз менен канчалык жаман кылгандыгын айтып колдоп коё турушкан болсо, анда ал биздин позициябызды бекемдеп жана бизге соороттуу бергендей болот. Бирок бул нерседе, өзүмчүлдүктөн башка эч нерсе жок.

## БААРЫНЫН НЕГИЗИ

Эгерде биз ниетибиз Кудайдын сүйүүсү болушуна көз салсак, анда ийгиликсиз калбайбыз. Сүйүү уятка калтырбайт. Эгерде биз башкаларды Ыйса бизди сүйгөндөй сүйө турган болсок, анда башка адамдар элдешкиси келбесе да, биз эркин болобуз. Ыйык Жазуудагы төмөнкү аятка көңүл коюп карагыла. Ар кандай убакта биз Кудайдын акылмандуулугуна пааналай алабыз. Ал бизге дайыма жакын жана ачык:

> Мүмкүн болушунча, бардык адамдар менен тынчтыкта болгула (Римдиктерге 12:18).

Ал "мүмкүн болушунча..." деп жатат, анткени, башка адамдар биз менен тынчтыкта болуудан баш тарткан учурлар да болуп калат. Же болбосо, адамдар кээде бизге элдешүүнүн ушундай бир жолдорун сунушташат, биз Теңир менен болгон мамиледе компромисске барууга туура келет. Бул кырдаалдардын ар биринде адам менен мамилени калыбына келтирүүгө туура келет.

Кудай эмне деп айтып жатканын байкасаңар: "Эгерде мүмкүн болсо" деп жатат. Биз чындыктан ажырап кала электе, колдон келген бардык нерселерди кылышыбыз керек. Көбүнчө мамилелерди тез эле калыбына келтиргенден баш тартабыз.

Менин бир досум жагымсыз болгон кырдаалдан качпоо керектиги тууралуу кантип кеңеш бергенин эч качан унутпайм: "Джон, билем, сен өзүңдүн кетип жатканыңды Библиядагы аяттар менен кантип актаарыңды. Бирок, муну кылаардан мурда, сен бул көйгөйгө сыйынуу менен каршы турганыңа жана бул кырдаалда тынчтык алып келүү үчүн баарын кылганыңа көзүң жетсин".

Андан кийин ал минтип кошумчалады: "Сен бир кезде артка кылчайып туруп жана өз ара мамилени сактап калуу үчүн баарын кылбаганыңды көрүп, өкүнөсүң. Эгерде сен колдон келгендин баарын кылып, башка жол жок экендигине, ошол эле убакта чындык менен компромисске барбаганыңа көзүң жеткен болсо, жакшы болот".

Мен бул кеңешке абдан ыраазы болуп, бул Кудайдын акылмандуулугу экендигин моюндадым. Ыйсанын сөзүн эстегиле:

> Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар «Кудайдын уулдары» деп аталышат (Матай 5:9).

Ал: "Тынчтыкты сактоочулар бактылуу" деген. Тынчтыкты сактоочулар ар кандай жол менен тирешүүдөн качышат, алар чындык менен компромисске барууга да макул болушат. Бирок, ал сактап калган тынчтык, чыныгы тынчтык болуп эсептелбейт. Бул үстүртөдөн болгон, чыныгы тынчтык эмес, ал узакка созулбайт.

Тынчтык орнотуучу сүйүү менен чындыкты айтып, тирешүүгө да барат, анткени, мунун натыйжасында келе турган чындык кылымдар бою калышы керек. Ал жасалма, үстүртөдөн болгон мамилени сактабайт. Ал чындыкты, чын дилден болгон мамилени жана сүйүүнү каалайт, таарынычын кичипейил

жылмаюунун артына катпайт, тынчтыкты жигерденген сүйүү менен орнотот, ал болсо эч качан уятка калтырбайт.

Кудай дагы адамзат менен ушундай кылат. Ал кимдир-бирөөнүн өлүшүн каалабайт. Бирок, Ал адамдын куткарылышы үчүн чындык менен компромисске барбайт. Ал адамдык үстүртөдөн болгон шартка карабастан, чыныгы арналууга негизделген элдешүүнү издейт. Бул сүйүүнүн ушундай бир түйүндөрүн жаратат, аны эч кандай жамандык үзө албайт. Ал биз үчүн Өзүнүн өмүрүн берген. Биз Ал кандай кылган болсо, ошондой гана кыла алабыз.

Эсиңерде болсун, бардыгынын негизи - Кудайдын сүйүүсү болуп саналат. Ал эч качан токтобойт, адаштырбайт жана түгөнүп калбайт. Ал өзүнүкүн издебейт. Ал кыжырданбайт жана таарынбайт (1 Корунттуктарга 13:5ти карагыла).

Элчи Пабыл сүйүү ар кандай күнөөнү жеңет деп айткан:

> Силердин сүйүүңөр таанып билүү жана ар кандай сезимталдык жагынан өсө бериши үчүн сыйынам. Эң жакшысын ажырата билип, Машайактын күнүндө таза жана кемчиликсиз болушуңар үчүн, Кудай даңкталышы жана мактальшы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу адилдиктин жемишине артыгы менен ээ болушуңар үчүн сыйынам (Филиппиликтерге 1:9-11).

Кудайдын сүйүүсү - таарыныч тузак болгон капкандан бошонуунун ачкычы. Бирок, бул мол сүйүү болушу керек – ал сүйүү ар дайым биздин жүрөктөрдө өсүп жана бекемделиши керек.

Бүгүнкү биздин коомдо канчалаган адамдар үстүртөдөн гана болгон, айтып койгон, бирок, аткарылбаган сүйүүгө алданып жүрүшөт. Бизди чалынуудан сактаган сүйүү, өзүнөн баш тартып, ал тургай, душманы үчүн да өз жанын берет. Эгерде биз так ушул сүйүүдө жүргөн болсок, анда алданбайбыз жана шайтандын тузагына илинбейбиз.

# ЭПИЛОГ

# ПРАКТИКАЛЫК КАДАМДАР

Ушул китепти окуп жатканыңарда Кудайдын Руху силердин эсиңерге өткөндөгү же азыркы күндөгү кимгедир каршы эмненидир жашырып жүргөнүңөрдү эсиңерге салат. Теңир мени силер менен биргеликте боштондукка чыгара турган жөнөкөй сыйынууга жетелеп жаткандыгын сезип жатам.

Бирок, сыйынганга чейин Теңирден сурангыла, Ал Өзүнүн Ыйык Руху менен силер менен бирге силер таарынган адамдарды эстетүүгө алып барсын. Ал силерге ал адамдар кимдер экендигин көргөзүп жатканда, Анын алдында тынчтыкта болгула. Силерге жок нерсеге аңчылык кылуунун кереги жок. Ал силерге ачык жана так кылып ошол адамдарды көргөзүп берет жана силерде эч кандай шектенүү болбойт. Ал ошону жасап жатканда, силер кандай жараатты башыңардан

өткөргөнүңөрдү эстегиле· Коркпогула· Ал сооротуу менен силердин жаңыңарда болот·

Силерге жараат алып келген адамдарды бошоткон сайын, кечиргениңер сайын көз алдыңардан аларды өткөргүлө. Алардын жеке ар бирин кечиргиле. Алардын силерге болгон карыздарын кечиргиле. Анан бул сыйынуу менен сыйынгыла, бирок, ушул сөздөр менен эле чектелип калбагыла. Муну жетекчилик катары колдонгула жана Кудайдын Рухунун силерди жетектешине жол бергиле.

Асмандагы Атаке, Ыйсанын ысымынан мен мойнума аламын, мени таарынткан адамдарды кечирбей, Сага каршы күнөө кылганым үчүн мени кечире көр. Мен бул үчүн тобо кылам жана Сенин мени кечирүүңдү суранам. Мен ошондой эле, Сенсиз аларды кечирүүгө жөндөмсүз экендигимди мойнума алам. Ошондуктан, мен кечирем деп чечим чыгарам. (Алардын атын айтып, ар бирин бирден кечиргиле жана эркиндикке коё бергиле). Алар мага кылган бардык жаман нерселерди Ыйсанын каны менен жууймун. Эми алар мага эч нерсе карыз эмес. Мен алардын мага каршы кылган күнөөлөрүн кечирем.

Асмандагы Атаке, менин Теңирим Ыйса Ага каршы күнөө кылгандарды кечиргендей эле, мен дагы мага каршы күнөө кылгандарга Сенин кечиримиң келсин деп суранам.

Мен аларга батаңды бер жана алар Сени менен дагы да жакыныраак мамиледе болсун деп суранам. Оомийин.

Эми кимди кечирген болсоңор, алардын атын блокнотко жазгыла да, кайсы күнү аларды кечирүүгө чечим кабыл алганыңарды белгилеп койгула.

Балким, силерге таарынычка кармалбаш үчүн машыгуу керек болоттур· (Эгерде бул бекемдөөнү түшүнбөй жаткан болсоңор, 13-бөлүмдү кайрадан окуп чыккыла)· Өзүңөргө кандай сыйынсаңар, аларга да ошондой сыйынууга милдеттенме алгыла· Силердин жазып койгондоруңар, силерге аларды эстөөгө жардам берет· Эгерде ар кандай ойлор

силерди чабуулга ала баштаса, аларга карата Кудайдын Сөзүн каршы койгула жана өзүңөрдүн кечирүүгө алган чечимиңерди жарыялагыла. Силер кечире алышыңар үчүн, Кудайдан Анын ырайымын сурагансыңар. Кайраттуу болгула жана ишенимдин жакшы эрдиги менен курчангыла.

Жүрөгүңөр күчкө толуп жана бекемделгенин билгениңерде, аларга баргыла. Силер өзүңөрдүн жыргалчылыгыңар үчүн эмес, алар үчүн элдешүү максатында барганыңар эсиңерде болсун. Ушундай кылуу менен силер өзүңөргө жеңишти кепилдейсиңер. Силер бир тууганыңарды куткарып каласыңар (Матай 18:15ти карагыла). Бул Кудайга жагат.

> Силерди жыгылуудан сактап жана Өзүнүн кирсиз даңкынын алдына койгон, Жалгыз акылман Кудайга, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучуга, бардык кылымдардан мурда, азыр жана кылымдарга даңк жана улуулук, күч жана бийлик болсун. Оомийин (Жүйүт 24,25).




**“Мессенджер Интернэшнл”** адамдарга, үй-бүлөлөргө, жыйындарга жана элге Кудайдын Сөзүнүн өзгөртүүчү күчүн баштан өткөрүүгө жардам берүү үчүн түзүлгөн. Муну аңдап-билүү менен адамдардын жашоосу күчкө толот, коом өзгөрө баштайт, дүйнөдөгү адилетсиздикке карата катуу жооп айтылат.

---

CLOUD LIBRARY

**Cloud Library** — бул дүйнө жүзүндөгү бардык кызматчылар өз эне тилдеринде бекер сан ариптик каражаттарды ала ала турган онлайн-платформа.

**CloudLibrary.org** сайтынан силер Джон жана Лиза Биверлердин **100дөн** ашык каражаттарын таап жана оңой эле жүктөп ала аласыңар.

**Электрондук китептер, видео жана аудио окутуулар, аудиокитептер, Библиялар...**

Көптү билгиңер келеби? Бул жерден сканер кылып алгыла:
**CloudLibrary.org**

# ДЖОН БИВЕР

**АР БИР ЭЛЕ АДАМ качандыр-бир кезде жаныбарларга капкан койгон болсо, ал капкандын ийгиликтүү иштеши үчүн эки шарт талап кылынарын билет: биринчиден – капкан жаныбар байкабай кала тургандай жашырылып жайгаштырылуу керек жана экинчиден, анда жаныбарды капкандын өлтүрө турган оозуна алып баруучу азгырык болушу керек. Биздин жаныбыздын душманы болгон шайтан өзүнүн эң бир кызыктырган жана өлтүрө турган капканын коюуда ушул эки кайырмакты тең колдонот. Анын капканы жашырылган, билинбей турган болуп турат, бирок, азгырык көрүнүп турат.**

**Бул китепти окуу менен, силер төмөндөгүдөй кыйын суроолорго жооп табасыңар:**

- **Таржымалда "өзүм жакты" айтууга мени эмне мажбурлайт?**
- **Мен ишенбестик жана шектенүү менен кантип күрөшө алам?**
- **Мурдагы жарааттарга кайрыла бербеш үчүн, мен эмне кыла алам?**
- **Мени бирөө катуу таарынткандан кийин, кантип ишенимге ээ болсом болот?**

**Бул китеп душмандын опурталдуу тузагынан качууга жардам берген сыяктуу эле, Кудай менен тоскоолдуксуз өз ара мамиледе болуу аркылуу, шайтандын чабуулдарына каршы турууга да мүмкүнчүлүк берет.**



**Джон Бивер кайраттуулук жана жигердүүлүк менен өзүнүн окуу материалдарында жана алтымыштан ашык тилдерге которулган ("Шайтандын тузагы", "Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер" жана башка) бестселлерлеринде компромисске барбастан, чындыкты ачып берет. Ал дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө насаат айтат жана бүткүл дүйнө боюнча көрсөткөн "Messenger TV" программасынын кош-негиздөөчүсү. Джон өзүнүн аялы Лиза, төрт уулу, келиндери жана неберелери менен чогуу Колорадо Спрингсте жашайт. Анын аялы дагы насаатчы жана белгилүү бестселлерлердин автору.**

Бул жана башка материалдарды **CloudLibrary.org** сайтынан жүктөп алууга болот.

Cloud Library

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп - автордон белек, сатууга болбойт.

Көпту билгиңер келби?
Ада ушул жерден скайнирувать этип алгыла.